**Китаб-ус-салат**

# НАМАЗ КИТЕБИ

**Даярдаган:**

**ХАСАН ЯВАШ**

Төртүнчү басылма

Бишкек 2016

**УДК 29**

**ББК 86.38**

**Намаз китеби / Даярдаган: Хасан Яваш**

**Н 24 Х.Яваш.-Б.: 2007, - 224 б.**

ISBN 978-9967-24-579-2

Намаз китеби бүгүнкү күндөгү калкыбыздын өз динине болгон муктаждыгына жана динибизди кармануунун мааниси ачык көрүнүп турган мезгилибиздин талабына аз да болсо өз салымын кошмокчу. Ушул намаз китебин даярдоодо сүннү мусулмандардын Ханафи мазхабынын улуу аалымдарынын маанилүү китептери пайдаланылды. Чыныгы мусулман адам мамлекетке каршы кылмышка жана Жаратканга каршы күнөөгө барбайт. Момун адам жакшы мүнөзү менен айланасындагыларга дайыма үлгү болот.

Бул китепте ушулар тууралуу тарбиялык мааниси жагынан кеңири маалыматтар берилген. Жалпы мусулман коомуна арналган намаз жана адептүүлүк маалыматтарды өз ичине камтыган бул китептин кыргыз окурмандарынын колуна тийгенгенге чейинки даярдалуу учурунда баалуу убакыттарын жана эмгектерин аябаган досторубуздун бардыгына алкыштарыбызды айтабыз.

Н 0403000000-07 УДК 29

ББК 86.38

ISBN 978-9967-24-579-2
© Хасан Яваш

ЖЧК «Из-Басма» басмаканасында басылды.

**Урматтуу окурман!**

Колуңуздардагы «Намаз китеби» мусулмандарга намазды туура үйрөнүү үчүн которулуп даярдалган. Китепте ар түрдүү кемчиликтерден таза, оңой үйрөнүүгө ылайык так баяндама берилген.

Бул китеп карапайым калкка, башталгыч курстагы окуучуларга, жалпы эле элге арналган.

Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы жумурай журтубузга тынчтык, амандык каалоо менен бул китепте айтылган Ислам негиздерине амал кылууну насип кылуусун Жараткандан тилейт.

Сиздерди урматтоо менен,

**Кыргызстан мусулмандарынын Азрети муфтийи** **Мураталы ажы Жуманов**

# Бисмиллахиррахманиррахим

Ислам динин тааныткан көптөгөн китептер бар. Булардын ичинде эң баалуусу Имам Раббанинин 3 томдук **«Мектубат»** китеби. Мындан кийин Мухаммед Масумдун 3 томдук **«Мектубат»** аттуу китеби эсептелет. Хазрети Мухаммед Масум Мектубаттын 3-чү тому, 16-чы катында мындай дейт: «Ыйман дегенибиз – калимаи таухиддин «Лаа илаха иллаллах» жана «Мухаммадан Расулуллах» деген эки бөлүгүнө тең бирдей ишенүү». Б.а., мусулман болуш үчүн Мухаммед алейхиссаламдын пайгамбар экендигине да ишенүү керек. Аллаху таала Жабраил аттуу периштеси аркылуу Пайгамбарына **Курани каримди** жиберди. **Курани карим** – Аллаху тааланын сөзү. **Курани карим** Мухаммед алейхиссаламдын ойлору, же болбосо философтордун, же болбосо тарыхчылардын сөзү эмес. Мухаммед алейхиссалам Курани каримди тафсирлеген, б.а., маанисин ачып түшүндүргөн. Бул түшүндүрмөлөр **хадиси шариф** деп аталат. Демек, **Курани карим** менен **хадиси шариф** диндин негизин түзөт. Дүйнөнүн миллиондогон Ислам китептери **Курани карим** менен хадиси шарифтердин түшүндүрмөсү. Мухаммед алейхиссаламдан келбеген сөз Ислам китеби боло албайт. Ыйман жана Ислам дегенибиз **- Курани карим** жана **хадиси шарифтерге** ишенүү дегендик. Пайгамбарыбыздын "саллаллаху алейхи ва саллам" сөздөрүнө ишенбеген адам Аллаху тааланын сөздөрүнө да ишенбеген, б.а., ыймансыз болуп эсептелет. Мухаммед алейхиссалам Аллаху тааладан келген кабарлардын бардыгын сахабаларына үйрөткөн. Сахабалары буларды шакирттерине үйрөтүшкөн. Алар болсо бул илимдердин бардыгын китеп кылып жазышкан. Ошол китептерди жазган аалымдар **ахли сүннөт** аалымдары деп аталат. Ахли сүннөт китептерине ишенген адам Аллаху тааланын сөзүнө ыйман келтирген болот, б.а., мусулман болот.

Аллаху таалага шүгүр, биз динибизди дин реформисттеринин, атеисттердин ойдон чыгарып жазган китептеринен эмес, ахли сүннөт вал-жамаат аалымдарынын жазган китептеринен үйрөнүүдөбүз.

Расулуллах: **«Үммөтүмдүн арасында фитна, фасад** (бүлүк) **жайылганда сүннөтүмө жабышкан адамга жүз шейиддин сообу бар», -** деп айткан. Сүннөткө жармашуу ахли сүннөт аалымдарынын китептерин окуу жана аларга жараша амал кылуу менен гана жүзөгө ашат. Мусулмандардын төрт мазхабынын кайсынысынын аалымы болсо да **ахли сүннөт аалымдары** деп аталат. Ахли сүннөт аалымдарынын башчысы - Имам Азам Абу Ханифа Нуман бин Сабит.

# Бисмиллахиррахманиррахим

Адам баласынын үч түрдүү жашоосу бар: дүйнө, кабыр жана акыреттеги жашоо. Дүйнөдө дене менен рух бирге болот. Адамга жашоо, тирүүлүк берген нерсе – бул рух (жан). Жан денеден чыкканда адам өлөт. Дене кабырда чирип, топуракка айланганда же күйүп күлгө айланганда, же болбосо жырткыч жеп жоголгондо рух жок болбойт. Кабыр жашоосу башталат. Кабыр жашоосунда туюм-сезим бар, бирок, кыймыл-аракет жок. Кыяматта бир дене жаратылып, рух менен булл дене бирге Жаннатта (Бейиште) же Жаханнамда (Тозокто) түбөлүк жашайт.

Адам баласынын акырет менен булл дүйнөдө бактылуу болуусу үчүн мусулман болушу керек. Дүйнөдө бактылуу болуу – бул ырахат жашоо. Акыретте бактылуу болуу – бул Жаннатка кирүү. Аллаху таала кулдарына ушунчалык мээримдүүлүк кылгандыктан, аларга пайгамбарлары аркылуу бакыттын жолун билдирген. Себеби, адам баласы бул бакыт жолун өз акылы менен таба албайт. Пайгамбарлардын эч бири өз оюнан чыгарган нерселерди билдиришкен эмес, бардыгы Аллаху таала билдирген нерселерди айтышкан. Пайгамбарлар чакырган бакыт жолу **дин** деп аталат. Мухаммед алейхиссалам билдирген дин **Ислам** деп аталат. Адам алейхиссаламдан бери миңдеген пайгамбарлар келген. Пайгамбарлардын акыркысы – Мухаммед алейхиссалам. Башка пайгамбарлар билдирген диндер мезгил өткөн сайын бузулган. Учурда бакытка жетүү үчүн Исламды үйрөнүүдөн башка чара жок. **Исламият -** бул көңүл менен ишене турган ыйман маалыматтары жана дене менен орундала турган Ислам өкүмдөрүнөн (ибадаттардан) турат. Ыйман менен ибадаттарды жахил[1] адамдардын, бузукулардын китептеринен эмес, **ахли сүннөт** аалымдарынын китептеринен үйрөнүш керек. Хижраттын миң жылынан мурун Ислам өлкөлөрүндө көптөгөн **ахли сүннөт** аалымдары бар эле. Азыр болсо эч калбагандай. Бул аалымдар жазган арапча, фарсча китептер жана алардын котормолору дүйнөнүн ар тарабында китепканаларда бар.

Хакикат китеп үйүнүн бардык китептери мына ушул булактардан алынган. Бакытка жетүү үчүн **Хакикат китеп үйү** басмаканасынын китептерин окуңуз!

---

[1] Кот.: Сабатсыз.

# АЛГЫ СӨЗ

Намаз китебин жазууга «Аузу бисмиллах» окуу менен баштадым. Аллаху таалага хамд болсун. Ал тандап, сүйгөн кулдарына, ошондой эле алардын эң улугу Мухаммед алейхиссаламга салаат жана салам болсун. Ал улуу Пайгамбардын таза ахли бейтине, адил, чынчыл асхабы кирамдын (рыдвануллахи таала алейхим ажмаин) ар бирине кайырлуу дубаларыбыз багышталсын!

Дүйнөдө жакшы, пайдалуу нерселер менен жаман, зыяндуу нерселер аралаш. Бакытка жана рахатка жетүү үчүн ар дайым жакшы, пайдалуу нерселерди кылуу керек. Аллаху таала абдан мээримдүү болгондуктан, жакшы нерсени жамандардан айырган күч жаратты. Бул күч **акыл** деп аталат. Тунук жана бекем болгон акыл жогорудагы ишти туура аткарат, жаңылбайт. Күнөө келтирип, напсини тыңдоо акыл менен жүрөктү сыркоолотот. Жакшыны жамандан айыра албайт. Аллаху таала ырайым кылып, бул ишти Өзү кылууда, пайгамбарлары аркылуу жакшы иштерди билдирген жана аларды аткарууну буюрду. Зыяндуу нерселерди дагы белгилеп, аларга тыюу салган. Бул буйрук жана тыюулар **дин** деп аталат. Мухаммед алейхиссалам билдирген дин – Ислам дини. Күнүбүздө жер жүзүндө өзгөрүүлөргө дуушар болбогон, бузулбаган бир гана дин бар. Ал – **Ислам** дини. Тынчтыкка жетүү үчүн Исламга баш ийип, мусулман болуу керек. Мусулман болуу үчүн эч кандай формалдуулукка, имамга же муфтийге барууга кажет жок. Адегенде чын көңүлдөн ыйман кылып, андан соң Исламдын буйрук жана тыюу салган нерселерин үйрөнүп аткаруу зарыл.

Ыйман келтирүү үчүн калимаи шахадат айтып жана анын маанисин билүү керек. Шахадат калимасынын маанисин туура үйрөнүү үчүн ахли сүннөт аалымдары жазган китептерде белгиленгендей ишенүү керек. Ахли сүннөт аалымдары жазган чыныгы диний китептерге баш ийгендерге жүз шейиттин сообу берилет. Төрт мазхабдын аалымдары **ахли сүннөт аалымдары** деп аталат. Ыймандын шарттары түркчө **«Херкесе Лазым Олан Иман»** («Бардык адамдарга керектүү болгон ыйман») аттуу китепте кеңири баяндалат. Бул китепти окууңуздарды сунуш кылабыз.

Учурда дүйнөдөгү бардык мусулмандар үч топко (фыркага) бөлүнөт. Биринчиси асхабы кирамдын жолунда жүргөн чыныгы

мусулмандар. Булар **ахли сүннөт, сүннү** же **фырка-и нажия** (Тозоктон кутулгандар) деп аталат. Экинчи топтогулар болсо сахабаларга душман болгондор. Алар **шии** же **фырка-и далла** (адашкан топ) деп аталат. Үчүнчүсү Сүннүлөргө да, Шиилерге да душман болгон **ваххаби** же **нажди** тобу. Нажди деп аталышынын себеби, алар алгач Аравиянын Нажди шаарында пайда болушкан. Мындан тышкары алар **Фырка-и малуна** деп да аталышат. Анткени, алардын мусулмандарды мушрик[2] деп аташкандыгы **«Кыямат жана Акырет», «Сеадет-и Эбейдиййе» («Түбөлүк бакыт»)** аттуу китептерибизде жазылган. Мусулмандарды капыр деп атаган адамдарга Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам" лаанат айткан. Мусулмандарды мезгилинде жогорку үч топко бөлгөндөр яхудийлер менен англистер.

Кайсы топко кирсе кирсин напсине баш ийген кара ниеттүүлөр Тозокко түшөт. Ар бир момун напсин тазалоо максатында, б.а., напсинин табиятындагы куфур[3] жана күнөөлөрдөн кутулуу үчүн ар дайым **Лаа илаха иллаллах**, ал эми жүрөктү тазалоо үчүн, б.а., напси, шайтан, жаман достордон жана зыяндуу бузук китептерден келе турган куфурдан жана күнөөлөрдөн кутулуу үчүн **астагфируллахты** окуу керек. Исламга баш ийген адамдардын дубалары сөзсүз кабыл болот. Намаз окубагандар, ачык кийинген аялдар менен тыюу салынган дене мүчөлөрүн карагандар, харам нерселерди жеп-ичкендердин Исламга баш ийбегендиктери малым болот. Алардын дубалары кабыл болбойт.

Ыймандан кийинки эң маанилүү буйрук – бул намаз. Беш маал намаз окуу ар бир мусулманга фарз-ы айн. Намаз окубоо – чоң күнөө. Ал эми Ханбали мазхабында куфур. **«Гайатуттахкик»** рисаласын караңыз! Намазды так жана туура окуу үчүн алгач намаз маалыматтарын үйрөнүү керек. Бул китепте динибизде билдирилген намаз эрежелерин кыска жана нуска түрдө баяндоону туура көрдүк. Көптөгөн Ислам аалымдарынын китептеринен пайдаланылып даярдалган бул намаз китебиндеги маалыматтарды ар бир мусулман сөзсүз үйрөнүп, балдарына да үйрөтүүсү керек.

---

[2] Мушрик - Аллаху таалага шерик кошкон. Аллаху тааланын жаратуучу экендигин билгенине карабастан башка нерселерге дагы сыйынгандар.

[3] Расулуллахтын "саллаллаху алейхи ва саллам" сөздөрүнүн бирөөнө болсо да ишенбөө же жакшы жана туура экендигине шек саноо **«куфур»** деп аталат.

Намазды туура окуу үчүн намазда окула турган сүрө жана дубаларды жаттоо керек. Жок дегенде намаз окуй ала тургандай дуба менен сүрөлөрдү туура билип, так окуган мугалим же тааныган адамынан үйрөнүү шарт.

Курани каримди туура окуу үчүн Курани карим курстарына баруу керек. Муну сөзсүз үйрөнүп, балдарына да үйрөтүү зарыл.

Курани каримдин арапчадан башка тамгалар менен жазылышы мүмкүн эмес. Ошондуктан, нукурасын окуу зарыл. Аны окуу абдан оңой. Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам" бир хадиси шарифинде мындай деген: **«Балдарына Курани карим үйрөткөндөргө же бул максатта сабакка жөнөткөндөргө Курани каримден үйрөнгөн ар бир ариби үчүн он жолу Каабаи муаззамды зыярат кылгандай сооп берилет. Ошондой эле, кыямат күнү башына дөөлөт таажы конот. Бардык адамдар көрүп суктанышат».**

Аллаху таала баарыбызды туура ыйман келтиргенден кийин, намазды так үйрөнгөн жана окуган, жакшы иштерди кылган кулдарынан кылсын!

| Милади | Хижри |
|---|---|
| 2016 | 1437 |

## МАЗМУНУ


Алгы сөз ........................................ 6
Намаз – улуу буйрук ........................................ 15
Муртад........................................ 18, 171


### Биринчи бөлүм


Ыйманыбыз жана намаз ........................................ 20
Ар ким алгач ыйман келтирүүсү керек ........................................ 20
Ыйман туура болуш керек........................................ 21, 170
Ахли сүннөт ишеними........................................ 23
Ахли сүннөт ишениминде болуунун белгилери ........................................ 24
Ыймандын шарттары........................................ 25
1. Аллаху таалага ишенүү ........................................ 26
Сыфат-ы затиййа........................................ 27
Сыфат-ы субутиййа........................................ 27
2. Периштелерге ишенүү ........................................ 28
3. Китептерге ишенүү ........................................ 29
4. Пайгамбарларга ишенүү........................................ 31
5. Акыретке  ишенүү........................................ 38
6. Тагдырга ишенүү........................................ 39


### Экинчи бөлүм


Ибадаттарыбыз жана намаз........................................ 40
Ибадат деген эмне? ........................................ 40
Кимдер намаз окууга милдеттүү. (Мукаллаф ким?)........................................ 41
Мукаллафтын милдеттери (Ислам өкүмдөрү) ........................................ 42
1.Фарз........................................ 42
2.Важиб ........................................ 42
3.Сүннөт........................................ 43
4.Мустахаб........................................ 43
5.Мубах ........................................ 44
6.Харам........................................ 44
7.Макрух ........................................ 45
8.Муфсид........................................ 45
Исламдын шарттары........................................ 46
1.Калимаи шахадат келтирүү ........................................ 46

2.Намаз окуу ........ 47
3.Зекет берүү ........ 47
4.Орозо кармоо ........ 48
5.Ажыга баруу ........ 48

**Үчүнчү бөлүм**

Намаз окуу ........ 49
Намаз окуу кимдерге фарз? ........ 50
Баланы тарбиялоо ........ 51
Намаз окугандардын абалдары ........ 51
Окуя: Түрмөдөн куткарган намаз ........ 51
Окуя: Үйү өрттөнгөндө ........ 53
Окуя: Казандагы суу ........ 53
Окуя: Бутка кадалган жебе ........ 54
Окуя: Эс оодарган дары ........ 54
Окуя: Намаз үчүн жан аябоо ........ 55

**Төртүнчү бөлүм**

Намаздын түрлөрү. Нафил намаздар ........ 56,131,150,154
Беш маал намаз ........ 56
Намаздын фарздары ........ 58
Намаздын шарттары ........ 60
1- Хадастан тазалануу ........ 60
Даарат алуу ........ 60
Даараттын фарздары ........ 61
Даарат кантип алынат (Даарат дубалары) ........ 62
Даараттын сүннөттөрү ........ 65
Даараттын адептери ........ 65
Даарат учурунда тыюу салынган нерселер ........ 67
Мисвак колдонуу ........ 68
Даарат алып жатканда көңүл бурулуусу
керек болгон жагдайлар ........ 69
Дааратты бузган нерселер ........ 69
Дааратты бузбаган нерселер ........ 71
Даарат үчүн жеңилдиктер (Маасы жана жаранын
үстүнө масх тартуу) ........ 71
Оору мезгилинде намаз ........ 73,75,136

Гусул ....................................................................................73
Гусулдун фарздары, гусулдун сүннөттөрү ..........................75
Гусул кантип алынат? .........................................................75
ТҮШҮНДҮРМӨ: (Пломба жана капталган тиши барлар) ..........75
Башка мазхабды таклид кылуу .........................................77
Аялдардын хайз жана нифас абалдары................................77
Таяммум ..............................................................................78
Таяммумдун фарздары .......................................................79
Таяммумдун сүннөттөрү .....................................................79
Таяммумда көңүл буруу керек болгон жагдайлар..................80
Таяммум кантип алынат? ....................................................81
Таяммумду бузган нерселер.................................................82
Даарат, гусул жана таяммумдун пайдалары ........................83
2- Нажасаттан тахарат (Булганычтан тазалануу)...................84
Оор нажасат.........................................................................85
Жеңил нажасат ....................................................................85
Истинжа ..............................................................................86
Истибра ...............................................................................87
3- Сатр-и аврат (Аврат жерлер жана
айымдардын оронуулары) ................................................59,87
4- Истикбал-и кыбла (Кыбыланы кароо) ................................91
5- Намаз убакыттары ...........................................................92
Багымдат намазынын убактысы ..........................................92
Бешим намазынын убактысы................................................92
Аср намазынын убактысы ....................................................92
Шам намазынын убактысы ..................................................93
Куптан жана витр намазынын убактысы ...............................93
Орозо кармоону баштоо убактысы.......................................93
Түшүндүрмө (Уюлдарда намаз жана орозо) ..........................93
Азан жана коомат ................................................................94
Азан менен коомат кайсы учурларда айтылат?......................94
Түшүндүрмө: Азан үн күчөткүч (микрофон)
менен айтылабы?..................................................................96
Азандын окулушу..................................................................97
Азан дубалары......................................................................97
Азандагы сөздөрдүн маанилери ...........................................98

6- Ниет....98
7- Тахрима такбири....99
Намаздын рукундары (Ичиндеги фарздары)....99
1. Кыйам....99
2. Кыраат....100
3. Руку....100
4. Сажда....101
5. Када-и ахира....101
Намаз кантип окулат?....101
Калимаи тахлил....103
Эркектин жалгыз окуган намазы....101
Аялдын жалгыз окуган намазы....104
Намаздын важибдери....104
Сахв (жаңылуу жана унутуу) саждасы:....105
Сахв саждасын кылуу керек болгон жагдайлар....106
Тилават саждасы....106
Шүгүр саждасы....107
Намаздын сүннөттөрү....108, 150
Намаздын мустахабдары....108
Намаздын макрухтары....109
Намаздын сыртында макрух болгон нерселер....111
Намазды бузган нерселер....111
Бардык намаздарды бузууну мубах кылган нерселер....112
Бардык намаздарды бузууну фарз кылган нерселер....112
Жамаат менен намаз....113
Имам болуунун шарттары....113
Имамга уйуунун шарттары....116
Масбуктун намазы....117
Ифтитах такбиринин фазилаттары (артыкчылыктары)....119
Окуя: Ак  сарайда курулган мечит....120
Жума намазы....120
Жума намазынын фарздары....122
1. Ада шарттары....122
2. Вужуб шарттары....122
Жума намазы кантип окулат?....123
Жума күнүнүн сүннөт жана адептери....124

Айт намаздар ........................................................................ 125
Айт намазы кантип окулат?......................................................... 125
Ташрик такбирлери ............................................................ 105, 125
Өлүмгө даярдык ...................................................................... 126
Өлүм деген эмне? ..................................................................... 127
Өлүм акыйкат .......................................................................... 128
Жаназа намазы......................................................................... 128
Жаназа намазынын фарздары ................................................... 129
Жаназа намазынын сүннөттөрү ................................................. 129
Жаназа намазы кантип окулат? ................................................. 129
Таравих намазы ....................................................................... 130

**Бешинчи бөлүм**

Сапардагы адамдын намазы......................................................... 131
Оору учурунда намаз ................................................................ 134
Каза намаздар ......................................................................... 138
Түшүндүрмө: Сүннөттөрдүн ордуна каза окулабы? ....................... 141
Каза намаздар кантип окулат?..................................................... 142

**Алтынчы бөлүм**

Намаз окубагандар .................................................................. 143
Намаз окугандардын пазилеттери ................................................ 145
Намаздын акыйкаты................................................................... 150
Намаздагы артыкчылыктар ........................................................ 152
Намаздын сырлары .................................................................. 155
Намаздан кийин дуба ................................................................ 157
Таждид-и иман дубасы (Ыйманды жаңылоо) ............................... 159
Намаздын хикматтары (Намаз жана ден-соолугубуз) ................... 160

**Жетинчи бөлүм**

Намаз искаты .......................................................................... 161
Өлгөн адамдын карыздарын өтөө................................................. 161
Искат жана давр кандай кылынат? .............................................. 165

**Сегизинчи бөлүм**

Отуз эки жана элүү төрт фарз .................................................... 170
Отуз эки фарз........................................................................... 171

Элүү төрт фарз........................................................................173
Куфур тууралуу .......................................................................175
Чоң күнөөлөр...........................................................................193

**Тогузунчу бөлүм**

Намаз сүрөлөрү жана дубалары ...................................................200
Сүрө жана дубаларды арапчадан башка
тамгалар менен жазууга болобу?..................................................200
Намаз сүрөлөрүнүн маанилери....................................................201
Намаз дубаларынын маанилери....................................................206
Истигфар дубасы.......................................................................223

# НАМАЗ - УЛУУ БУЙРУК

Адам алейхиссаламдын заманынан бери ар бир динде бир маал намаз бар болчу. Бардыгы чогултулуп, Мухаммед алейхиссаламдын үммөтүнө фарз кылынды. Намаз окуу ыймандын шарты эмес, бирок, намаздын фарз экенине ынануу ыймандын шарты.

**Намаз** - диндин тиреги. Намазын үзгүлтүксүз, так жана толук окуган адам динин, Ислам имаратын түптөн тургузган болот, ал эми намаз окубаган адам Ислам имаратын, динин кулаткан болот. Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам" айтты: **«Динибиздин башы – намаз».** Башсыз адам болбогон сыяктуу эле, намазсыз да дин болбойт.

**Намаз** Ислам growing динде ыйман келтирүүдөн кийин фарз кылынган алгачкы буйрук. Аллаху таала пенделеринин өзүнө гана ибадат кылуулары үчүн намазды фарз кылды. Курани каримде жүздөн ашуун аятта «Намаз окугула!» деп айтылат. Ал эми бир хадиси шарифте: **«Аллаху таала күнүгө беш маал намаз окууну фарз кылды. Маани берип, шарттарына ылайык күн сайын беш маал намаз окуган адамды Жаннатка киргизерине Аллаху таала сөз берди», -** деп айтылат.

**Намаз** динибизде аткарылуусу буюрулган бардык ибадаттардын эң баалуусу болуп эсептелинет. Дагы бир хадиси шарифте: «**Намаз окубаган адамдын Исламдан насиби жок!» -** деп белгиленет. Башка бир хадиси шарифте: **«Момун менен капырды айырмалаган өзгөчөлүк - намаз», -** деп билдирилди. Башкача айтканда, мусулман намаз окуйт, мусулман эмес адам окубайт. Мунафыктар[4] кээде окуйт, кээде окушпайт. Мунафыктар Тозокто көп азап тартышат. Расулуллах "саллаллаху алейхи ва саллам" мындай дейт: **«Намаз окубагандар кыямат күнү Аллаху тааланы ачуулуу көрүшөт».**

Намаз окуу - Аллаху тааланын улуктугун ойлоп, Анын алдында өзүнүн төмөндүгүн, алсыздыгын түшүнүү. Муну түшүнүп, акыл-эси жеткен адам дайыма жакшылык жасайт. Эч качан жамандык кылбайт. Күн сайын беш маал Жаратканынын жанында болууга

---

[4] Кот.: Мунафык – Ислам өкүмдөрүнө ишенбейт, бирок, ишенген сыяктуу болуп көрүнгөн адам.

ниет кылган адамдын жүрөгү ыкыласка толот. Намазда аткарылуусу буюрулган ар бир кыймыл-аракет рух менен денеге пайдалуу.

Мечиттерде жамаат менен намаз окуу мусулмандардын көңүлдөрүн бири бирине байлайт. Ортолорунда сүйүү орнойт. Бири бирин бир тууган экендиктерин түшүнүшөт. Улуулар кичүүлөргө боорукер болот. Байлар кембагалдарга, күчтүүлөр алсыздарга жардам беришет. Ден-соолугу чыңдар сыркоологондорду мечитте көрбөй калса, үйүнө барып зыярат кылышат. **«Дин тууганына жардам бергендин колдоочусу Аллаху таала»** деген хадиси шарифтеги сүйүнчүгө ээ болуу үчүн жарышышат.

**Намаз** адамдарды ыплас, жаман жана тыюу салынган нерселерден алыстатат. Күнөөлөрүн тазалайт. Бир хадиси шарифте: **«Беш маал намаз силердин эшигиңердин алдынан аккан дарыяга окшош. Бул дарыяда күн сайын беш маал жуунган адамда кир калбаган сыяктуу беш маал намаз окугандардын да майда күнөөлөрү кечирилет», -** деп айтылат.

Намаз Аллаху таала жана Расулуна ишенгенден кийин бардык амал жана ибадаттардан жогору турган ибадат. Ошондуктан, намаздын фарз, важиб, сүннөт жана мустахабдарына ылайык окулуусу зарыл. Расулуллах "саллаллаху алейхи ва саллам" бир хадиси шарифинде мындай дейт: **«Эй, үммөтүм жана сахабаларым! Толугу менен шартына ылайык окулган намаз Аллаху таала жактырган бардык амалдардын улугу.**

Пайгамбарлардын сүннөтү. Периштелердин сүйгөнү. Марифаттын, жердин жана жети кат асмандын нуру. Дененин күчү. Ырыскынын берекети. Дубалардын кабыл болуусуна себепчи. Өлүм периштесинен шапаатчы. Көрдө жарык, Мункар менен Накирге жооп. Кыямат күнү үстүндөгү көлөкөң. Тозок отуна калкан. Сырат көпүрөсүнөн чагылгандай өткөргөн жардамчы. Жаннаттын ачкычы. Жаннатта башыңа таажы. Аллаху таала момундарга намаздан да маанилүү нерсе берген эмес. Эгер намаздан баалуу, жогору турган ибадат бар болгондо, момундарга эң алгач ошону берер эле. Анткени, периштелердин бири дайыма кыйамда, бири рукуда, бири саждада, ал эми башкасы ташаххудда турат. Булардын баарын бир рекет намазда чогултуп, момундарга белек кылды. Себеби, намаз ыймандын башы, диндин тиреги, Исламдын сөзү жана мусулмандардын Миражы. Көктүн нуру. Тозоктон куткаруучу».

Бир күнү Хазрети Али “радыйаллаху анх ва каррамаллаху важхах” аср намазын өткөрүп жиберет. Өзүн өзү күнөөлөп катуу кайгырып, абдан сыздап ыйлап турган эле. Пайгамбарыбыз Мухаммед Мустафа “саллаллаху алейхи ва саллам” анын бул абалынан кабар алганда сахабалары менен бирге Хазрети Алинин “радыйаллаху анх” жанына барышты. Ахыбалын көрүп, Пайгамбарыбыз да “саллаллаху алейхи ва саллам” ыйлай баштайт. Дуба кылды. Күн кайра жогору көтөрүлдү. Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам”: **«Йа, Али! Башыңды көтөр, күн дале көрүнүп турат», -** деди. Хазрети Али “радыйаллаху анх” муну укканда абдан сүйүндү жана намазын окуду.

Хазрети Абу Бакр Сыддык “радыйаллаху анх” бир жолу түнү бою ибадат кылгандыктан түн соңунда уктап кетет. Витир намазы өттү. Багымдат намазында Пайгамбарыбыздын “саллаллаху алейхи ва саллам” аркасынан мечитке чейин барып, эшигинин астында ыйлайт: «Йа, Расулуллах! Жардам бер! Витир намазымды өткөрүп жибердим», - деп ыйлап жалбарат. Расуллуллах да ыйлай баштаганда Жабраил алейхиссалам келип, **«Йа, Расулуллах! Сыддыкка айт, Аллаху таала аны кечирди»** дейт.

Улуу олуялардын бири Баязыд-ы Бистами “куддиса сиррух” бир жолу таңга маал уйку басып, багымдат намазына ойгоно албай калат. Буга катуу кайгырып, тообо кылып ыйлап жаткан кезинде капысынан бир үн угат: «Эй, Баязыд! Бул кемчилигиңди кечирдим. Бул көз жаштарыңдын берекети менен сага жетимиш миң намаздын сообун бердим». Бир нече ай өткөн соң кайрадан уктап калат. Шайтан келип бутунан тартып ойготот. «Тур намазың өтүп баратат», - дейт. Хазрети Баязыд-и Бистами таң калып: «Эй, лаанаттуу шайтан! Сен кандайча мени ойготтуң. Сен адамдардын баары намаз маалын өткөрүп жиберсе, намаз окубаса экен деп самайсың. Мени эмне үчүн ойготтуң?» - деп сурайт. Шайтан мындай дейт: «Өткөндө багымдат намазын өткөрүп жибергениңде ыйлап-сыздап жетимиш миң намаздын сообун алган элең. Бүгүн ошону ойлоп, бир гана намаздын сообун алсын деп ойготтум!»

Улуу олуя Хазрети Жунайд-и Багдади мындай дейт: «Дүйнөнүн бир сааты кыяматтын миң жылынан да жакшыраак. Анткени, бул

бир саатта көптөгөн жакшы амал кылсаң болот. Ал эми кыяматтагы миң жылда колуңдан эч нерсе келбейт».

Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам”: **«Кимде ким билип туруп, бир намазын кийинки маалдагы намазы менен бирге окуса, сексен хукба Тозокто күйөт», -** дейт. Бир хукба сексен акырет жылына барабар. Акыреттин бир күнү – дүйнөнүн миң жылы.

Андай болсо эй, дин бир тууганым! Убактыңды бош, пайдасыз өткөрбө. Убакыттын баасын бил. Убактыңды жакшы иштер менен өткөр. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам”: **«Кайгынын, балээнин эң чоңу - убакытты пайдасыз нерселер менен өткөрүү», -** дейт. Кыямат күнү өкүнбөй, көп-көп сооп алуу үчүн намаздарыңды маалында оку! Хадиси шарифте: **«Бир намазын маалында окубай, казасын да кылбай көз жумган адамдын көрүндө Тозоктон жетимиш көшөгө ачылып, кыямат күнүнө дейре азап чегет», -** деп билдирилди. Намазын маалында окубаган, башкача айтканда, намаз убактысы өтүп баратканда билип туруп камаарабаган жана кайгырбаган адам динден чыгат же өлүп жатканда дүйнөдөн ыймансыз кетет. Ал эми намаз тууралуу такыр ойлонбой, эстебей, фарз катары көрбөгөн адамдын абалы кандай болот? Намазга маани бербей, аны вазыйпа деп эсептебегендер **муртад**[5] болорун, б.а., ыйманы кете тургандыгын төрт мазхабдын бардык аалымдары бир добуштан билдиришкен. Намазын билип туруп окубай, казасын окууну ойлобогон жана бул себептен азап тартуудан коркпогон адамдын муртад, б.а., ыйманын жогото тургандыгы Хазрети Абдулгани Наблусинин **«Хадикат-ун-надиййа»** аттуу китебинин «Тилдин апааттары» деген бөлүмүндө жазылган.

Хазрет-и Имам Раббани **«Мектубат»** китебинин 1-чи томунун 275-чи катында мындай дейт:

«Силердин бул ниматка жетүүңөрдүн негизги себеби - Ислам динин үйрөтүү жана фикх өкүмдөрүн кенен түшүндүрүүңөр болду. Ал жерлерде жахалат (илимсиздик-караңгылык) орноп, бидаттар[6] жайылган эле. Аллаху таала сүйгөн кулдарынын

---

[5] Мусулман болуп, кийин ыйманы кетип, Ислам дининен чыккан адам.

[6] Пайгамбарыбыздын “саллаллаху алейхи ва саллам” жана Анын төрт халифасынын

сүйүүсүн силерге насип кылды, Ислам динин жайууда силерди себепчи кылды. Ошондуктан, дин маалыматтарын үйрөтүүгө жана фикх өкүмдөрүн жайууга колуңардан келгенче аракет кылгыла. Бул эки нерсе - бардык жакшылыктардын башаты, жогорулоонун каражаты жана кутулуунун себеби. Көп аракет кылгала! Дин адамы катары баргыла! Ал жердегилерге амр-и маруф жана нахй-и мункар кылып (жакшылыкка үндөп, жамандыктан кайтарып) туура жолду көргөзгүлө! «Муззаммил» сүрөсүнүн он тогузунчу аятында: **«Жаратканынын ыраазычылыгына жетүүнү самагандар үчүн бул, албетте, бир насаат», -** деп билдирилет.

***Дат баскан көңүл тазалап, келгиле намаз окуйлу!***
***Аллахка жакын болбойсуң, намаз окумайынча!***

***Кайда намаз окулса, күнөөлөр дайым күбүлөт.***
***Адам камил боло албайт, намаз окумайынча!***

***Хак таала Куранда намазды өтө мактады,***
***Айтты, адам жактырбайм, намаз окумайынча!***

***Бир хадиси шарифте ушундай деп айтылат:***
***«Ыймандуулук байкалбайт, намаз окумайынча!»***

***Бир намазды окубоо чоң күнөө деп саналат,***
***Тообо менен кечирилбейт, казасын окумайынча!***

***Намазга маани бербеген, ыймандан дароо чыгат,***
***Ал мусулман болалбайт, намаз окумайынча!***

***Намаз жүрөк тазалап, жамандыктан коргойт,***
***Салих боло албайсың намаз окумайынча!***

---

(рыдвануллахи таала алейхим ажмаин) мезгилинде жок болуп, бирок, алардан кийин динге киргизилип, ибадат катары аткарылган нерселер.

## Биринчи бөлүм

# ЫЙМАНЫБЫЗ жана НАМАЗ

## Ар ким алгач ыйман келтирүүсү керек

Аллаху таала адамдардын дүйнөдө тынчтыкта жашап, акыретте чексиз бакытка жетүүлөрүн каалайт. Ошондуктан, бакытка себеп боло турган пайдалуу нерселерди аткарууну буюрду. Балээлерге себеп болгон зыяндуу нерселерге тыюу салды. Аллаху тааланын биринчи буйругу – ыйман келтирүү (ишенүү). Ыйман бардык адамдарга зарыл.

**Ыйман** деген сөз сөздүктө кимдир бирөөнү туура, чын сөздүү деп билүү, ага ишенүү дегенди билдирет. Ислам education дининде ыйман Мухаммед алейхиссаламдын Аллаху тааланын пайгамбары, Аллаху таала тарабынан тандалган кабарчы наби, элчиси экенине ишенүү, ошондой эле, Аллаху таала тарабынан кыскача билдирилгендерге кыска, кенен билдирилгендерге кеңири ишенүү менен буга чын дилден дараметинин жеткенинче **(Калимаи шахадатты)** тил менен айтуу. Күчтүү ыйман оттун күйгүзөрүнө, жыландын чагып ууландырганына ишенген сыяктуу эле, бардык дити менен Аллаху тааланы жана Анын сыпаттарын улук билип, ыраазычылыгын табуу үчүн жанталашып, азабынан качып, ыйманды таш бетинде жазылган жазуудай көңүлгө отургузууда жатат.

**Ыйман** – Мухаммед алейхиссаламдын айткандарынын баарын жактырып, чын дилден ишенүү. Ушундай ынанган адамдар **момун** жана **мусулман** деп аталат. Ар бир мусулмандын Мухаммед алейхиссаламга баш ийүүсү, анын жолун жолдоосу керек. Анын жолу – Курани карим көрсөткөн жол. Бул жол **Исламият** деп аталат. Ага баш ийүү үчүн алгач ыйман келтирип, шариятты, б.а., мусулманчылыкты жакшылап үйрөнүп, фарздарды орундап, харамдан качып, андан соң сүннөттөрдү аткарып, макрухтардан алыстоо керек. Булардан кийин мубахтарда дагы Пайгамбарыбызга “саллаллаху алейхи ва саллам” моюн сунууга аракет кылуу зарыл.

Динибиздин негизи – ыйман. Аллаху таала ыймансыз адамдын эч кандай ибадат жана жакшылыгын жактырбайт, кабыл кылбайт. Мусулман болууну каалаган адамдын алгач ыйман келтирүүсү,

андан кийин гусул, даарат, намаз жана керек болгондо башка фарздарды жана да эмнелер харам экендигин үйрөнүүсү кажет.

## Ыйман туура болуш керек

Сезүү органдары менен акыл-эс аркылуу келген маалыматтар ыйман келтирүүгө көмөк кылат. Табигый илимдер ааламдагы тартиптин кокустан эместигин, бир Жаратуучунун бар экенин түшүнүп билүүгө жана ынанууга себеп болот. Ыйман – акыркы пайгамбар Мухаммед алейхиссаламга Аллаху таала тарабынан билдирилген маалыматтарды үйрөнүп, ынануу болуп эсептелет. Ишениле турган нерселер көз караштарыма туура келсе ишенем деп эсептөө пайгамбарларга ишенбөө дегендикке жатат. Диний маалыматтар акылмандардын, окумуштуулардын табылгасы эмес. Пайгамбарыбыз

Мухаммед алейхиссалам кабарлаган маалыматтарды **ахли сүннөт аалымдарынын** китептеринен окуп үйрөнүп, ошондой ынануу зарыл. Ошондой эле, туура жана кабыл боло турган ыйманга ээ болуу үчүн төмөндөгү шарттарды аткаруу зарыл:

1. Ыйман туруктуу жана үзгүлтүксүз болуш керек. Эч качан баш тартып, андан чыгууну ойлобоо зарыл. Үч жылдан кийин мусулманчылыктан чыгам деген адам муну ойлоор замат ыйманын жоготуп, мусулманчылыктан чыгат.

2. Мусулмандын ыйманы хавф менен ражанын[7] ортосунда болуш керек. Аллаху тааланын азабынан коркуу, бирок, ырайымынан да үмүт үзбөө шарт. Бардык күнөөлөрдөн качып, алардан улам ыйманын жоготуп алуудан коркуу керек. Дүйнөдө канчалык күнөө кылган болсок да, Аллаху Тааланын кечиримдүүлүгүнөн үмүт үзбөө зарыл. Күнөөлөрдөн баш тартып, тообо кылуу керек. Себеби, тообо кылган адам күнөөсүнөн арылат.

3. Жан (рух) алкымга келүүдөн мурда ыйман келтирген болуу керек. Жан алкымга келгенде акыреттин бардык белгилери көзгө көрүнөт. Мына ошол учурда мусулман эместер ыйман келтиргилери келет. Бирок, көрбөй туруп ыйман келтирүү шарт. Көрүнүп

[7] Кот.: Хавф жана ража – Аллаху тааладан коркуу жана үмүттүн ортосунда болуу.

турган нерсеге ишенүү ыйман боло албайт. Бирок, бул маалда мусулмандардын тооболору кабыл болот.

4. Күн батыштан чыгаардан мурда ыйман келтирүү керек. Кыяматтын чоң белгилеринин бири - күндүн батыштан чыгуусу. Бардык адамдар муну көрөр замат ыйманга келишет. Бирок, алардын бул ыйманы кабыл кылынбайт. Бул учурда тооболорго ачык турган эшиктер жабылган болот.

5. Аллаху тааладан башка эч бир заттын кайыпты жана жашыруун нерселерди биле албай тургандыгына ишенүү керек. Али болбогон жашыруун нерселерди Аллаху таала гана билүүчү. Жана да Ал кимге билдирсе ошолор билет. Периштелер, жиндер, шайтандар, жада калса, пайгамбайлар да кайыпты биле алышпайт. Бирок, пайгамбарларга жана салих[8] кулдарына кайыптан кабар берилүүсү мүмкүн.

6. Диндин ыйманга жана ибадатка тийиштүү бир өкүмүн зарылчылык болбостон атайылап алмаштырып же андан баш тартууга болбойт. Исламдын кайсы бир буйругун алсыз эсептеп, Курани каримди, периштелерди же пайгамбарларды мазактоо жана аларга вахий кылынган (кабар берилген) нерселерге акаарат кылуу, мажбурлоосуз андан баш тартуу куфур. Аллаху

Тааланын барлыгын, периштелерди, гусул менен намаздын фарз экендигин эгер өлүм менен коркутушса айласыз буларды сөз менен четке каккан адамдын ыйманы кетпейт.

7. Ислам дини тарабынан ачык билдирилген нерселерге шек санабоо керек. Намаздын фарз, ал эми шарап жана башка алкоголдуу ичимдиктердин, кумар оюндардын, пайыздын (процентке акча алышып-беришүүнүн), паракорлуктун харам экендигинен күмөн саноо же харам экендиги белгилүү нерселерге халал деп күбө кылуу ыймандын кетүүсүнө себеп болот.

8. Ыймандын Ислам дини билдиргендей болуусу зарыл. Акылдын аркасынан, философтордун пикирлерине ишенип ыйман келтирүүгө болбойт. Мухаммед алейхиссалам кандай билдирген болсо ошондой ыйман келтирүү керек.

---

[8] Аллаху тааланын буйруктарын бекем туткан, харам жана шектүү нерселерден сактанган, дүнүйөгө көңүлүн байлабаган момун.

9. Момундар бир гана Аллаху таала үчүн бир нерсени жактырып же жаман көрүшү керек. Аллаху тааланын сүйгөн кулдарын сүйүү жана ким тили менен, иши менен Исламга душмандык кылган болсо аларды сүйбөө керек. Бул душмандыктын жүрөктө болуусу зарыл.

[Мусулман эмес мекендештерибизге жана чоочун туристтерге сыпайы мамиле кылуу керек. Эң үлгүлүү мүнөзүбүз менен динибизге болгон сүйүүлөрүнүн пайда болуусуна себепчи болуу керек].

10. Пайгамбарыбыздын жана анын сахабаларынын көргөзгөн туура жолунда ыйман келтирүү керек. Туура ыйман кылыш үчүн ахли сүннөт вал-жамаат ишенимине ылайык ыйман кылыш керек. Ахли сүннөт аалымдарынын жазган туура китептерине баш ийгендерге жүз шейиттин сообунчалык сооп берилет. Төрт мазхабдын кайсынысынан чыккан болбосун **ахли сүннөт аалымы** деп аталат. Ахли сүннөт аалымдарынын жол башчысы – Имам Азам Абу Ханифа. Бул аалымдар асхабы кирамдам уккандарын жана үйрөнгөндөрүн жазышкан. Ал эми алар болсо Расулуллахтан «саллаллааху алейхи ва саллам» уккан нерселерин айтышкан.

## АХЛИ СҮННӨТ ИШЕНИМИ

Мусулман болуунун алгачкы шарты – ыйман келтирүү. Ахли сүннөт ишенимине ылайык ынануу адамдын ыйманынын тууралыгын көрсөтөт. Акыл-эске жана балагатка толгон ар бир аял киши менен эркектин биринчи милдети - ахли сүннөт аалымдарынын китептеринде жазган ыйман илимдерин окуп үйрөнүү жана аларга ылайык ишенүү. Кыямат күнү Тозок азабынан кутулуу жогорудагы ишенимге байланыштуу болот. Бул жолдо болгондор гана Тозоктон кутулат. Алардын жолунда жүргөндөрдү **сүннү** же **ахли сүннөт** деп айтабыз. (Ислам Ахлакы, 553-бетте 46-мектубду караңыз.)

Бир хадиси шарифте: **«Менин үммөтүм 73 фыркага** (топко) **бөлүнөт. Булардан бир гана фырка Тозок азабынан кутулат, калгандары болсо азапка учурайт жана Тозокко киришет», -** деп билдирилген. Бул 73 топтун ар бири Ислам динине ылайык экендиктерин айтышууда жана өздөрүн Тозоктон кутула турган жалгыз топ катары сыпатташууда. «Муминун» сүрөсү 54-чү жана «Рум» сүрөсү 32-чи аяттарында: «**Ар бир топ өздөрүн туура**

**жолдобуз деп кубанууда», -** деген мааниде билдирилген. Бирок, бул түрдүү топтордун арасынан азаптан кутула турчу бир топтун белгилерин Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” мындай деп билдирген: **«Бул топто болгондор – менин жана сахабаларымдын жолунда болгондор».** Асхабы кирамдын бирөөнү болсо да жактырбаган адам ахли сүннөттөн чыккан болот. Ал эми ахли сүннөт ишениминде болбогондор ыймансыз же **(бидат ахли)** жолдон адашкан болот.

## Ахли сүннөт ишениминде болуунун белгилери:

Аллаху таала ахли сүннөт ишенимине ылайык ынанган мусулмандардан ыраазы болот. Мындай ишенүүнүн бир нече шарттары бар. Ахли сүннөт аалымдары бул алты негизди төмөнкүдөй түшүндүрүшөт :

1. Ыймандын алты шартына, б.а., Аллаху тааланын бар жана бир экендигине, Андан башка шериги, теңи, окшошу жок экенине, периштелерине, китептерине, пайгамбарларына, акырет жашоосуна, жакшылык жана жамандыктын Аллаху таала тарабынан жаратылгандыгына ишенүүсү керек. (Булар **«Аманту»** да билдирилген).

2. Аллаху тааланын акыркы китеби болгон Курани каримдин Аллаху тааланын сөзү экенине ишенүү керек.

3. Момун өзүнүн ыйманынан эч качан күмөн санабашы керек.

4. Пайгамбарыбызга “саллаллаху алейхи ва саллам” ишенип, тирүү кезинде Аны көрүү мартабасына ээ болгон сахабаларынын баарын жакшы көрүү керек. Төрт халифасына, жакын туугандары болгон ахли бейтине жана кадырлуу жубайларынын эч бирине тил тийгизбөө керек.

5. Ибадаттарды ыймандын бир бөлүгү катары эсептебөө керек. Аллаху тааланын буйруктары менен тыюуларына ишенип, жалкоолуктан улам ибадаттарын аткарбаган мусулмандарды капыр деп айтпоо керек. Харам нерсеге маани бербеген, жеңил мамиле кылып Ислам динин шылдыңдагандардын ыйманы кетет.

6. Ахли кыбла экендиктерин айткан, Аллаху таалага жана Анын пайгамбары Мухаммед алейхиссаламга ишендим дегенине карабастан туура эмес ишеничте болгондорду капыр дебөө керек.

7. Көз көрүнө күнөө кылгандыгы билинбеген ар имамдын аркасында намаз окуу керек. Бул өкүм Жума жана Айт намаздарын окуткан амирлерге, акимдерге да тийиштүү.

8. Мусулмандар башында турган амирлерине, жетекчилерине каршы көтөрүлүш кылбоолору керек. Себеби, көтөрүлүш кылуу фитнага себеп болуп, түрдүү балээлерге, кыйынчылыктарга жол ачат. Алардын жакшы иштерди аткаруулары үчүн дуба кылып, күнөө иштерден баш тартуулары үчүн таттуу тил менен насыйкат кылуу керек.

9. Даарат алып жатканда буттарды жуунун ордуна эч кандай оору-сыркоо же зарылчылык болбосо да ным кол менен бир жолу маасыга масх тартуу аялдар үчүн да, эркектер үчүн да уруксат[9]. Жылаңаяк бут жана байпактын үстүнөн масх тартылбайт.

10. Пайгамбарыбыздын “саллаллаху алейхи ва саллам” Миражынын рух жана денеси менен болгондугуна ишенүү керек. «Миражды түштө көрүлгөн бир окуя» дегендер ахли сүннөттөн чыккан болушат.

Жаннатта момундар Аллаху тааланы көрүшөт. Кыямат күнү пайгамбарлар жана салих, ыйык заттар шапаат кылышат. Кабырда сурак бар. Кабырда жан да, дене да азап тартат. Олуянын керемети чындык. Керемет - Аллаху тааланын сүйгөн пенделеринде байкалган укмуштуу көрүнүш болуу менен бирге физика, химия жана биология мыйзамдарына сыйбаган, Аллаху таала берген нерселер жана алардын саны четке кага албай турганчалык көп. Кабырда рухтар тирүү адамдардын кылган иштерин жана сүйлөгөн сөздөрүн угушат. Курани карим окуу, садака берүү, жада калса, бардык ибадаттарынын сообун маркумдарга багыштоо алардын күнөөлөрүнүн жеңилдешине же күнөөдөн арылуусуна түрткү болот. Булардын баарына ишенүү ахли сүннөт ишениминде болуунун белгилеринен.

## ЫЙМАНДЫН ШАРТТАРЫ

Ыймандын алты шарты бар. Алар Амантуда билдирилген. Ыймандын белгилүү алты нерсеге ишенүү экенин

---

[9] Динге ылайык, мүмкүн болгон нерсе.

Расулуллах "саллаллаху алейхи ва саллам" айткан. Ошондуктан, ар бир мусулман баласына эң алгач Амантуну жаттатып, анын маанисин жакшылап үйрөтүшү керек.

**АМАНТУ: «Аманту биллахи ва малаикатихи ва кутубихи ва русулихи вал-йавмил- ахири ва бил кадари, хайрихи ва шаррихи мин Аллахи таала вал-басу бадал-мавти хаккун, ашхаду ан лаа илаха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулуху».**

## Биринчи шарт

# АЛЛАХУ ТААЛАГА ИШЕНҮҮ

**Аманту биллахи:** Аллаху тааланын бар экенине жана бир экендигине ишендим, ыйман келтирдим, жүрөгүм менен тастыктап, тилим менен кайталадым дегенди билдирет.

Аллаху таала бар жана бир. «Бир» деген сөздүн сөздүктө эки мааниси бар. Биринчиси – сан жагынан экинин жарымы жана сандардын башаты. Экинчиси - шериги жана окшошу жок деген мааниниси жагынан бир дегенди түшүндүрөт. Демек, Аллаху таала сан жагынан эмес шериги жана окшошунун болбогондугу жагынан алып караганда жалгыз, бир гана. Башкача айтканда, Анын затына жана сыпаттарына эч кандай Ага орток жок. Бардык макулуктардын заты менен сыпаты Жаратапкандыкына окшобогон сыяктуу эле, Жаратандын заты жана сыпаты да Ал жараткан макулуктарыныкына окшобойт.

Бардык макулуктардын ар бир органынын, ар бир клеткасынын жаратканы, жоктон бар кылганы - жалгыз Аллаху таала. Аллаху тааланын затынын акыйкатын эч ким биле албайт. Акылга жана ойго келгендин баарынан алыс. Анын затын элестетүү туура эмес. Бир гана Курани каримде баяндалган сыпаттарын, ысымдарын жаттап, улуктугун алар аркылуу тастыктап, билүү керек. Бардык сыпат жана ысымдары түбөлүктүү, чексиз. Заты эч жерде жайгашпаган сыяктуу эле, белгилүү болгон алты тарапта дагы эмес. Башкача айтканда, алдыда, аркада, ондо, солдо, жогоруда, төмөндө да эмес. Ал «**Ар**

**жерде хазыр** (дайым даяр) **жана назыр** (дайым көрүп турат)» деп айтууга болот.

Аллаху тааланын он төрт сыпаты бар. Алтоо **Сыфат-ы затиййа**, сегизи **Сыфат-ы субутиййа** деп аталат. Булардын маанисин үйрөнүп жаттоо абдан маанилүү.

## СЫФАТ-Ы ЗАТИЙЙА

1. **Вужуд:** Аллаху таала бар. Барлыгы азали[10]. Важиб-ул вужуд, б.а., бар болуусу зарыл.

2. **Кыдем:** Аллаху тааланын бар болуусунун башаты жок, б.а., Ал дайыма бар болчу.

3. **Бека:** Аллаху тааланын барлыгынын соңу жок. Эч качан жок болбойт. Ага шериктик мүмкүн болбогон сыяктуу эле, зат жана сыпаттарынын жок болушу да мүмкүн эмес.

4. **Вахданиййат:** Аллаху тааланын затында, сыпатында жана иштеринде Ага орток, окшош эч ким жок.

5. **Мухалафатун-лилхавадис:** Аллаху тааланын заты жана сыпаты эч бир макулуктун заты жана сыпатына окшобойт.

6. **Кыям би-нафсихи:** Аллаху таала өз заты менен бар. Бар болуу үчүн бир нерсеге муктаж эмес. Ал белгилүү бир жерге, мекенге муктаж эмес. Нерсе менен мекен жок кезде да Ал бар эле. Себеби, Ал эч нерсеге көз каранды эмес, муктаж эмес. Бул ааламды жоктон бар кылуудан мурда Анын заты кандай болгон болсо, түбөлүктүү ошондой калат.

## СЫФАТ-Ы СУБУТИЙЙА

1. **Хаят (өмүр):** Аллаху таала тирүү. Жашоосу макулуктарынын жашоосуна окшобой, затына ылайык жана тийиштүү болгон жашоосу түбөлүктүү жана соңсуз.

2. **Илим:** Аллаху таала бардыгын билет. Анын билүүсү пенделериникине окшобойт. Караңгы түндө, кара таштын үстүндөгү

---

[10] Башталуусу болбогон.

кумурсканы билет. Адамдардын пейилиндеги ой-пикир, ниетин билет. Билүүсүндө өзгөрүү болбойт. Азали жана абади[11].

3. **Сам:** Аллаху таала угат. Эч кандай каражатсыз угат. Анын угуусу пенделериникине окшобойт. Бул сыпаты да башка сыпаттары сыяктуу эле азали жана абади.

4. **Басар:** Аллаху таала көрөт. Каражатсыз жана шартсыз көрөт. Анын көрүүсү көз аркылуу эмес.

5. **Ирадат:** Аллаху тааланын каалоосу бар. Каалаганын жаратат. Бардык нерсе Анын каалоосунан улам бар болот. Эч кандай күч Анын каалоосуна каршы тура албайт.

6. **Кудрет:** Аллаху тааланын бардык нерсеге күчү жетет. Анын кудуретине эч бир нерсе тоскоол боло албайт.

7. **Калам (сөз):** Аллаху таала сүйлөйт. Анын сүйлөөсү тамга, үн жана тил аркылуу эмес.

8. **Таквин:** Аллаху таала жаратуучу. Андан башка Жаратуучу жок. Бардык нерсени Ал жаратат. Аллаху тааладан башканы Жаратуучу деп айтпоо керек.

Аллаху тааланын сыпаттарынын өзүн, акыйкатын түшүнүү мүмкүн эмес. Эч ким жана эч нерсе Аллаху тааланын сыпаттарына орток жана окшош боло албайт.

## Экинчи шарт

## ПЕРИШТЕЛЕРГЕ ИШЕНҮҮ

**Ва малаикатихи:** Аллаху тааланын периштелерине ишендим дегенди билдирет. Алар - Аллаху тааланын кулдары. Бардыгы Аллаху тааланын буйруктарына баш ийишет. Күнөө кылышпайт. Эркек же ургаачы эмес. Үйлөнүшпөйт. Тирүү. Жешпейт, ичишпейт, укташпайт. Нурдан жаратылышкан, акылдары бар. Эң улуктары төртөө:

1. **Жабраил** “алейхиссалам”: Милдети - пайгамбарларга вахий алып келүү, буйрук жана тыюуларды билдирүү.

---

[11] Соңу жок, түбөлүктүү.

2. **Исрафил** “алейхиссалам”: Милдети - Сурнай тартуу. Биринчи тартканда чыккан үндү Аллаху тааладан башка уккан бардык тирүү зат өлөт, экинчи жолу тартканда бардыгы кайрадан тирилет.

3. **Микаил** “алейхиссалам”: Ырыскы жиберүү, арзанчылык, молчулук, жокчулук, кымбатчылык жана бардык нерселерди кыймылга келтирүү менен милдеттүү.

4. **Азраил** “алейхиссалам”: Милдети - адамдардын жанын алуу.

Булардан кийин төрт топ периште бар. **Хамала-и арш** деп аталган периштелер төртөө. Хузури илахидеги периштелер **Мукаррабин** деп аталат. Азап периштелеринин чоңу Карубиян, рахмат периштелери **Руханиян** деп аталат. Жаннат периштелеринин чоңу **Рыдван**, Тозок периштелеринин чоңу болсо **Малик**. Тозок периштелери **Забани** деп аталат. Саны эң көп болгон макулуктар - периштелер. Асманда периштелер ибадат кылбаган бош жер жок.

## Үчүнчү шарт

## КИТЕПТЕРГЕ ИШЕНҮҮ

**Ва кутубихи:** Аллаху таала жиберген китептерге ишендим дегенди билдирет. Аллаху таала бул китептерди айрым пайгамбарларга Жабраил аттуу периштеси аркылуу билдирип, б.а., окутуп, кээ бирине лавханын[12] бетине жазылган абалда, кээ бирине периштесиз угузуп жиберген. Алардын баары Аллаху тааланын сөзү. Азали жана абади. Махлук эмес. Бардыгы туура. Самавий китептерден бизге билдирилгендеринин саны 104. Булардын ичинен **он сухуф** (барак) Адам “алейхиссаламга”, **элүү сухуф** Шит “алейхиссаламга”, **отуз сухуф** Идрис “алейхиссаламга”, **он сухуф** Ибрахим “алейхиссаламга”, **Тоорат** Муса “алейхиссаламга”, **Забур** Давуд “алейхиссаламга”, **Инжил** Иса “алейхиссаламга”, **Курани карим** Мухаммед “алейхиссаламга” түшүрүлгөн.

Аллаху таала адамдардын бул дүйнөдө тынч жашоолору, о.э., акыретте да чексиз бакытка жетүүлөрү үчүн алгачкы инсан жана алгачкы пайгамбар болгон Адам “алейхиссаламдан” акыркы пайгамбар Мухаммед “алейхиссаламга” чейин көптөгөн

[12] Барак..

пайгамбарлар аркылуу китептерди түшүргөн. Бул китептерде ыйман менен ибадаттын негиздери баяндалып, адамзатка керектүү бардык нерселер тууралуу маалымат берилген.

Булардын ичинен Курани карим акыркы илахий[13] китеп. Курани карим түшүрүлгөндөн кийин андан мурунку бардык илахий китептерде билдирилген өкүмдөр жокко чыгарылган. Жабраил "алейхиссалам" Курани каримди Мухаммед "алейхиссаламга" жыйырма үч жылда түшүргөн. Курани карим 114 сүрө, 6236 аят. Бул сан айрым китептерде башкача берилиши мүмкүн. Мунун себеби, кээ бир узун аяттар бөлүнүп, бир нече аят катары эсептелүүсүнөн улам. Курани карим түшүрүлгөндөн бери эч кандай өзгөрүүгө дуушар болгон эмес, мындан ары да болбойт. Курани карим – Аллаху тааланын сөзү. Бул китептин адам баласы тарабынан жазылуусу мүмкүн эмес. Курани каримдин бир аятына окшоштурулуп жазуу да мүмкүн болгон эмес. Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам" акыретке көз жумгандан кийин биринчи халифасы болгон Хазрети Абу Бакр Сыддык "радыйаллаху анх" Курани каримдин аяттарынын бардыгын топтогон. Ошентип бир **Мусхаф** (Курани карим китеби) пайда болгон. Асхабы кирамдын бардыгы бул мусхафтын Аллаху тааланын сөзү экенин бир добуш менен тастыкташкан. Үчүнчү халифа Осман "радыйаллаху анх" бул мусхафтан алты көчүрмө жаздырып, айрым дубандарга (вилаяттарга) жиберген.

Курани каримди түп нускасынан б.а., арапча жазуусунан окуу керек. Башка тамга менен жазылгандар Курани карим деп аталбайт.

А) Мусхафты колго алуудан мурда даарат алуу шарт, кыбылага карата отуруп, көңүл, кунт коюу менен окуу керек.

Б) Салмактуу, хушу менен менен окуу керек.

В) Мусхафты карап, ар бир аяттын акысын берүү менен окуш керек.

Г) Тажвид эрежелери менен окуу керек.

Д) Окулуп жаткан нерсенин Аллаху тааланын сөзү экенин ойлоо керек.

Е) Курани каримдин буйрук жана тыюуларына баш ийүү керек.

[13] Аллаху тааладан келген.

## Төртүнчү шарт

# ПАЙГАМБАРЛАРГА ИШЕНҮҮ

**Ва русулихи:** Аллаху тааланын пайгамбарларына ишендим дегенди билдирет. Пайгамбарлар Аллаху таала жактырган туура жолду көрсөтүү үчүн тандалышкан. Бардык пайгамбарлар бир гана ыйман тууралуу айтышкан. Пайгамбарларда "алейхимуссалам" жети сыпаттын болгондугуна ынануу керек.

1- **Исмат:** Күнөө кылбоо. Пайгамбарлар кайсы гана динде болбосун харам деп эсептелген, эсептеле турган эч кандай кичине же чоң күнөө кылышпайт.

2- **Аманат:** Пайгамбарлар бардык жагынан ишенчиликтүү адамдар. Эч качан аманатка кыянат кылышпайт.

3- **Сыдк:** Пайгамбарлар сөздөрүндө, иштеринде жана аткарган бардык аракеттеринде түз жана чынчыл. Эч качан калп айтышпайт.

4- **Фатанат:** Пайгамбарлар абдан акылдуу жана аябай түшүнүктүү адамдар. Көзү көрбөгөн, кулагы укпаган кемчилиги бар адамдардан жана аялдардан пайгамбар келген эмес.

5- **Таблиг:** Пайгамбарлар адамдарга айтып, баяндагандарынын баарын Аллаху тааладан келген кабарлардан (вахий менен) үйрөнүшкөн. Алар билдирген буйрук жана тыюулардын бирөө да өз ойлору эмес. Буйрук кылынган нерселердин бардыгын билдиришкен.

6- **Адалет:** Пайгамбарлар эч кандай адилетсиздик жана зулумдук кылышпайт. Эч кимдин кадыры үчүн адилеттен баш тартышпайт.

7- **Эмнул-азл**: Пайгамбарлыктан чыгарылышпайт. Дүйнөдө да, акыретте да пайгамбар бойдон калышат.

Жаңы дин менен өкүм алып келген пайгамбарлар **расул**, ал эми, жаңы дин алып келбестен адамдарды мурунку динге чакырган пайгамбарлар н**аби** деп аталат. Пайгамбарларга ыйман келтирүү, аларды бири-биринен эч айырмалабастан, баары бирдей Аллаху таала тарабынан тандалган, садык, чын сөздүү экендиктерине ишенүү дегендикте жатат. Алардын бирөөнө ынанбаган адам бардыгына тең ынанбаган болот.

Пайгамбарлык көп эмгектенүү, көп ибадат кылуу, ач калуу же кыйынчылык тартуу менен колго тийбейт. Бир гана Аллаху

тааланын ихсаны, тандоосу менен болот. Сандары белгисиз. Жүз жыйырма төрт миңден ашуун экендиги белгилүү. Алардын ичинен үч жүз он үчү же болбосо үч жүз он беши расул. Араларынан алтоо башкаларынан жогору. Булар **Улул'азм** пайгамбарлар деп аталышат. Алар: **Адам, Нух, Ибрахим, Муса, Иса** жана **Мухаммед Мустафа** "алейхимуссалам". Пайгамбарлардын отуз үчүнүн аты белгилүү: **Адам, Идрис, Шит, Нух, Худ, Салих, Ибрахим, Лут, Исмаил, Исхак, Якуб, Юсуф, Аййуб, Шуайб, Муса, Харун, Хызыр, Юша бин Нун, Ильяс, Альйаса, Зулкифл, Шамун, Ишмоил, Юнус бин Мета, Давуд, Сулайман, Лукман, Закария, Яхйа, Узайир, Иса бин Мариям, Зулкарнайн жана Мухаммед "алейхи ва алейхимуссалату вассалам".**

Булардын ичинен жыйырма сегизинин гана аты Курани каримде билдирилген. **Зулкарнайн, Лукман, Узайир** жана **Хызырдын** пайгамбар болуп же болбогондуктары тууралуу ар түрдүү ойлор бар. Хазрети Мухаммед Масум китебинин 2-чи томунун 36-чы катында Хызыр алейхиссаламдын пайгамбар экендигин билдирген кабардын кубаттуу экендигин жазат. 182-чи катында: «Хызыр алейхиссаламдын адам келбетинде көрүнүшү жана айрым нерселерди аткарышы анын тирүү экендигин көрсөтпөйт. Аллаху таала анын жана көптөгөн пайгамбарлардын, ошондой эле, олуялардын рухтарынын адам келбетинде көрүнүшүнө уруксат берген. Ошондуктан, аларды көрүү алардын тирүү экендиктерин билдирбейт», - деген.

## Пайгамбарыбыз МУХАММЕД алейхиссалам

Аллаху тааланын расулу. Хабиби (эң сүйүктүү пендеси). Пайгамбарлардын эң улугу жана акыркысы. Атасы Абдуллах. М.571-жылы, Апрель айынын жыйырмасына дал келген Рабиуль авваль айынын он экинчи дүйшөмбү түнү, таңга маал Мекке шаарында дүйнөгө келген. Атасы төрөлөөрдөн мурда кайтыш болгон. Алты жашында апасы, сегиз жашында чоң атасы каза болот. Атасынын бир тууган агасы Абуталибдин колунда чоңоёт. Жыйырма беш жашында Хатижа-тул-Кубра менен үйлөнөт. Андан төрт кыз, эки уулдуу болот. Биринчи уулунун аты Касым эле. Бул себептен аны **Абул-Касым** деп да аташат. Кырк жашында бардык адамдарга

жана жиндерге пайгамбар экендиги билдирилди. Үч жылдан кийин бардык адамдарды ыйманга чакыра баштады. Элүү эки жашында бир түнү Меккеден Кудуска (Иерусалимге), ал жактан да асманга көтөрүлүп кайра алып келинди. Анын бул сапары **Мираж** деп аталат. Миражда Бейиш, Тозок жана Аллаху тааланы көрдү. Беш маал намаз ушул түнү фарз болду. Тарыхчылардын айтымы боюнча м.622-жылы Аллаху тааланын буйругу менен Меккеден Мединага барды. Бул сапары Хижрат деп аталат. Медина шаарынын Куба айылына келген күнү Рабиуль авваль айынын сегизинчи дүйшөнбүсү, милади жыл боюнча Аяк оонанын (Сентябрдын) жыйырманчы күнүнө дал келет. Бул күн мусулмандардын **Хижри шамси** календарынын башталышы болду. Мусулмандардын **Хижри камерий** жылдары да ошол жылдын Мухаррам айынан башталат. Асмандагы Айдын Жер планетасын он эки жолу айлануусу бир камери жылына барабар. Х.11 (м.632-ж.) жылы Рабиуль авваль айынын он экинчи дүйшөмбү күнү түшкө жакын акыретке көз жумду. Шейшемби күнү түн ортосунда көз жумган бөлмөсүндө жерге берилди. Камери боюнча 63, шамси жылы боюнча 61 жашта эле.

Мухаммед “алейхиссалам” ак жуумал эле. Бардык адамдардын эң сулуусу эле. Сулуулугун ар кимге билдирчү эмес. Анын сулуулугун бир жолу, жада калса, түшүндө көргөн адамдын жашоосу лаззат жана кубаныч менен өтөт. Ал ар дайым дүйнөгө келген жана келе турган адамдардан бардык жагынан улук. Акылы, пикири, өрнөк мүнөзү, бардык дене мүчөлөрүнүн күчү адамдардын бардыгынан жогорку эле.

Бала кезинде соода кылгандар менен бирге эки жолу Шам тарапка барып, Бусра аттуу жерден кайра кайтты. Мындан башка эч качан, эч бир жерге барган жок. Умми[14] эле, б.а., эч мектепке барбады, эч кимден сабак да алган эмес. Бирок, баарын билчү. Ойлогонун, билгиси келгенин Аллаху таала Ага билдирчү. Жабраил “алейхиссалам” аттуу периште келип ага каалаганынын баарын айтчу. Пайгамбарыбыздын “саллаллаху алейхи ва саллам” ыйык калби күн сымал нур чачып турчу. Ага келген илим жана марифат нурлары радио толкундары сыяктуу жерге, көккө, ар тарапка жайылчу. Азыр да ыйык кабырынан нур таркоодо, жайылуу күчү улам көбөйүүдө. Электро-магниттик толкундарды алуу үчүн радио

[14] Сабатсыз. Окуу, жазуу билбеген.

кабылдагыч керек болгондой эле, Анын нурларын алуу үчүн Ага ишенген, Аны сүйгөн, Ал көрсөткөн жолдо алдыга умтулуу менен тазаланган жүрөктүн болуусу керек. Мындай жүрөгү бар адам жогорудагы нурларды алат жана айланасына таркатат. Бул улук адамдар **Вели** (олуя) деп аталат. Олуяны таанып, ишенип, жакшы көрүп, анын маңдайында адеп менен отуруп, сый-урмат көрсөткөн же алыста аны сүйүү менен ойлогон адамдын жүрөгү да нур, фейз (руханий күч) алып, тазаланып, жетиле баштайт. Аллаху таала, денебиздин өсүшүнө күн нурун себеп кылган сыяктуу эле, рухубузду, жүрөктөрүбүздү жетилтүү, адамкерчиликте жогорулатуу максатында Мухаммед алейхиссаламдын жүрөгүн, андан таркаган нурларды себеп кылган. Адам баласын азыктандырган, түзүлүш жана энергиясын камсыз кылган бардык азык-заттар күндүн энергиясы аркылуу пайда болгондой, жүрөк жана рухубуздун азыгы болгон олуялардын сухбаттары, сөздөрү менен жазуулары да Расулуллахтын жүрөгүнөн таркаган нурлардан улам пайда болгон.

Аллаху таала Жабраил аттуу периштеси аркылуу Мухаммед алейхиссаламга **Курани каримди** түшүрдү. Адамдарга дүйнөдө жана акыретте керектүү, пайдалуу боло турган нерселерди буюрду. Зыяндуу нерселерге тыюу салды. Бул буйрук жана тыюулардын бардыгы биригип **Ислам дини** же **Исламият** жана **Ахкам-ы илахиййа** деп аталат.

Мухаммед алейхиссаламдын ар бир сөзү туура, баалуу жана пайдалуу. Буга ишенген адам Момун жана Мусулман, ал эми Мухаммед алейхиссаламдын сөздөрүнө ишенбеген, жактырбаган адам капыр (**кафир)** деп аталат. Аллаху таала момундарды жакшы көрөт. Мусулманды акыры чексиз Тозокто калтырбайт. Же Тозокко такыр киргизбейт, же күнөөсү үчүн жазасын алгандан кийин чыгарат. Мусулман эмес адам Бейишке кире албайт, дароо Тозокко кетет жана ал жактан эч качан чыкпайт. Пайгамбарга ишенүү, Аны сүйүү бардык жакшылыктардын, бакыттын жана тынчтыктын башаты. Ал эми, тескерисинче Ага ишенбөө - балээлердин, кыйынчылыктардын, жамандыктардын башы.

Расулуллахтын “саллаллаху алейхи ва саллам” илими, ирфаны, акылы-эси, марттыгы, жупунулугу, жумшактыгы, мээрими, сабыры, аракетчилдиги, туруктуулугу, ишенчиликтүүлүгү, аманатка бектиги, айбаты, эр жүрөктүгү, жигиттиги, чечендиги, сөзүнүн

орундуулугу, түспөлдүүлүгү, намыстуулугу, абийирдүүлүгү, асылдыгы, адамкерчиликтүүлүгү, иффаттуулугу (уяттуулугу), такваалыгы, ынсабы, Аллаху таалага берилгендиги бардык пайгамбарлардыкынан жогору эле. Досунда да, касында да көргөн кемчиликтерди кечирчү. Жамандыкка жамандык менен жооп берчү эмес. Ухуд майданында капырлар ыйык жаагын канатып, тиштерин сындырганда, муну кылгандар үчүн: **«Йа Рабби! Буларды кечир! Жахилдиктерин кечир!» -** деп дуба кылган.

Мухаммед алейхиссаламдын жакшы мүнөздөрү ушунчалык көп. Ар бир мусулмандын аларды үйрөнүп, Анын адеп-ахлагына жараша өзүн өзү тарбиялоосу керек. Ошондо гана бул жана тиги дүйнөдө азаптардан, кыйынчылыктардан кутулуп, Ошол эки дүйнө мырзасынын “саллаллаху алейхи ва саллам” шапаатына жетүү насип болот. Себеби, хадиси шарифте: **«Аллаху тааланын адеп-ахлагын өрнөк алгыла!» -** деп айтылган.

## АСХАБЫ КИРАМ

Пайгамбарыбыздын “саллаллаху алейхи ва саллам” ыйык жамалын көрүү, ыйык үнүн, таттуу сөздөрүн угуу менен сыймыктанган мусулмандар **асхабы кирам** деп аталат.

Пайгамбарлардан кийин келип өткөн бардык адамдардын эң жакшысы, эң улугу – **Абу Бакр Сыддык** “радыйаллаху анх”. Ал - биринчи халифа. Андан кийинки адамдардын эң улугу Фарук-и Азам, экинчи халифа **Умар бин Хаттаб**, кийин Расулуллахтын үчүнчү халифасы, ыйман, абийир жана ирфан булагы **Хазрети Осман бин Аффан** “радыйаллаху анх”, кийин - адамдардын эң кайырлуусу, төртүнчү халифа, таң калтырчу улук сыпаттардын ээси, Аллаху тааланын арстаны **Али бин Абу Талиб** “радыйаллаху анх”. Хадиси шарифтерден белгилүү болгондой, **Хазрети Фатима, Хазрети Хатижа, Хазрети Аиша, Хазрети Марям, Хазрети Асия** дүйнөдөгү аялдардын эң улуктары. Хадиси шарифте мындай деп айтылат: **«Фатима Бейиштеги айымдардын улугу. Хасан менен Хусейин да Жаннат жаштарынын эң улуктары».**

Булардан кийин асхабы кирамдын эң улуктары, **Ашара-и мубашшара** деп аталган, Жаннат сүйүнчүсүн алгандар он адам. Алар: Хазрети Абу Бакр Сыддык, Умар-ул-Фарук, Осман бин

Аффан, Али бин Абуталиб, Абу Убайда бин Жаррах, Талха, Зубайр бин Аввам, Саад бин Абу Ваккас, Саид бин Зайд, Абдуррахман бин Авф (рыдвануллахи таала алейхим ажмаин). Булардан кийин **Бадр** газаватына, кийин **Ухуд** жана **Биат-ур-рыдванга** катышкандар.

Расулуллахтын жолунда жанын, мал-мүлкүн аябай, ага жардам берген асхабы кирамдын ар биринин ысымдарын сый-урмат менен айтуу биз үчүн важиб. Алардын улуулугуна жарашпаган сөздөрдү айтуу туура эмес, ысымдарына урматсыздык кылуу бузукулукка, адашкандыкка жатат.

Пайгамбарды сүйгөн адам Анын сахабаларынын бардыгын тең сүйүүсү керек. Себеби, хадиси шарифтердин биринде төмөнкүдөй деп айтылат: **«Сахабаларымды сүйгөн адам аларды мени сүйгөндүгү үчүн сүйөт. Аларды сүйбөгөн адам мени сүйбөгөн болот. Алардын көңүлүн ооруткан адам менин көңүлүмдү ооруткан болот. Ал эми менин көңүлүмдү ооруткан Аллаху тааланы таарынткан болот. Аллаху тааланы таарынткан адам, албетте, азап тартат». Башка хадиси шарифте:**

**«Аллаху таала менин үммөтүмдөн бир кулуна жакшылык кылгысы келсе анын көңүлүнө сахабаларымдын сүйүүсүн орнотот. Алардын бардыгын жанындай сүйөт»,** - деп айтылган.

Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” көз жумган күнү Медина шаарында 33 миң Сахаби бар эле. Сахабалардын бардыгы 124 миңден көп эле.

## Төрт мазхаб имамы жана башка аалымдар

Итикад (акыйда) маалыматтарында бир гана туура жол бар. Ал – **ахли суннат вал-жамаат** мазхабы. Жер жүзүндөгү бардык мусулмандарга туура жолду көрсөткөн жана Мухаммед алейхиссаламдын жолун өзгөртпөй, так үйрөнүүбүзгө себеп болгон төрт улук зат бар. Алардын биринчиси- **Имам Азам Абу Ханифа Нуман бин Сабит.** Ал Ислам аалымдарынын эң улуктарынан. Ахли сүннөттүн башчысы. Экинчиси **- Имам Малик бин Анас,** үчүнчүсү **- Имам Мухаммед бин Идрис Шаафи,** төртүнчүсү **- Имам Ахмед бин Ханбал** “рахметуллахи алейхим ажмаин”.

Учурда жогорудагы төрт имамдын биринин жолун жолдобогон, уйбаган адам чоң коркунуч ичинде. Туура эмес жолдо. Биз бул

китепте намазга байланыштуу маселелерди Ханафи мазхабына ылайык, бул мазхабдын улуу аалымдарынын жазган китептеринен алып, жөнөкөйлөштүрүп билдирдик.

Бул төрт имамдын шакирттеринен экөө ыйман илимдеринде абдан жогорулашты. Ошентип акыйдада эки мазхаб пайда болду. Курани карим жана хадиси шарифтерге ылайык болгон ыйман жогорудагы бул эки имам билдирген ыйман болуп эсептелет. Туура жол болгон ахли сүннөт ишенимин жер жүзүнө жайган ушул экөө. Биринчиси - **Абу Мансур-и Матуриди**, экинчиси - **Абул Хасан Али Ашари.**

Бул эки имам бир ыйманды билдиришкен. Ортолорундагы анча-мынча айырмачылык көп маанилүү эмес, акыйкатта бир. Ислам аалымдары Курани карим жана хадиси шарифтерде мактоого татышкан. Бир аятта төмөнкүдөй деп белгиленген: **«Билгендер менен билбегендер тең болобу?»,** башка бир аятта: **«Эй мусулмандар! Билбегендериңерди билгендерден сурагыла», -** деп айтылды.

Мындай хадиси шариф бар: **«Аллаху таала жана периштелери ошондой эле бардык тирүү жандуулар адамдарга жакшылык үйрөткөн мусулмандарга дуба кылышат». «Кыямат күнү алгач пайгамбарлар, анан аалымдар, андан соң шейиттер шапаат кылышат». «Эй адамдар! Илим аалымдардан тыңдалып үйрөнүлөрүн билгиле». «Илим үйрөнгүлө. Илим үйрөнүү ибадат. Илимди үйрөткөнгө да, үйрөнгөнгө да жихад сообу берилет». «Илим үйрөтүү садака берүү сыяктуу. Аалымдан илим үйрөнүү тахажжуд намазын окуган сыяктуу». «Илим үйрөнүүнүн сообу бардык нафил ибадаттардан көбүрөөк. Себеби, өзүнө да, үйрөтө турган адамга да пайдасы бар». «Башкаларга үйрөтүү үчүн үйрөнгөн адамга сыддыктардын сообу берилет». «Илим казына. Ачкычы – сурап билүү». «Илим үйрөнгүлө жана үйрөткүлө». «Ар бир нерсенин булагы бар. Такваалыктын булагы – арифтердин[15] жүрөктөрү». «Илим үйрөтүү күнөөлөргө каффарат».**

[15] Аллаху таала сүйгөн дин улуктары, олуялар.

## Бешинчи шарт

# АКЫРЕТКЕ ИШЕНҮҮ

**Вал йавмил ахири:** Акырет күнүнө ишендим дегенди билдирет. Бул замандын башталышы - адамдын өлгөн күнү. Адам баласы өлгөн күндөн баштап кыяматтын акырына чейин уланат. Акыркы күн деп айтуубуздун себеби анын аркасынан түн келбейт. Же дүйнөдөн кийин келгендиги үчүн. Кыяматтын качан болору билдирилген эмес. Бирок, Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам" бир топ белгилерин кабарлаган. Хазрети Махди келет. Иса алейхиссалам Дамаскка (Шамга) көктөн түшөт. Дажжал чыгат. Йажуж жана Мажуж дегендер ар тарапта баш аламандык чыгарат. Күн батыштан чыгат. Чоң жер титирөөлөр болот. Диний маалыматтар унутулат. Күнөөлөр көбөйөт. Ар тарапта харам иштер жасалат. Йемenden от чыгат. Көк менен тоолор талкаланып бөлүнөт. Күн жана Ай карарат... ж.б. сыяктуу.

Кабырда сурак болот. Суракта Мункар жана Накир аттуу периштелерге жооп бериш үчүн төмөндөгүлөрдү өзүбүз да жаттап, балдарыбызга да жаттатышыбыз керек: «Раббим - Аллаху таала, Пайгамбарым - Мухаммед алейхиссалам, диним - Ислам, китебим – Курани карим, кыбылам –Каабаи шариф, акыйдада мазхабым - ахли суннат вал-жамаат, амалда мазхабым - Имам Азам Абу Ханифа мазхабы». Кыямат күнү адамдардын баары тирилет. Махшарда чогулушат. Салих адамдардын амал дептерлери оң жагынан, жаман адамдардыкы аркасынан же сол тарабынан берилет. Ширктен, куфурдан башка бардык күнөөлөрдү Аллаху таала Өзү кааласа кечирет, кааласа кичинекей бир күнөө үчүн да азап бермекчи.

Амалдарды өлчөп-тартуу үчүн **Мизан** бар. **Сырат көпүрөсү** Аллаху тааланын буйругу менен Тозоктун үстүнө курулат. Пайгамбарыбыз Мухаммед Мустафага "саллаллаху алейхи ва саллам" тийиштүү **Кавсар** көлү бар.

Шапаат хак, чындык нерсе. Тообо кылбастан өлүп кеткен момундардын майда же чоң күнөөлөрүнүн кечирилиши үчүн пайгамбарлар, олуялар, салихтер, аалымдар, периштелер, шейиттер жана Аллаху таала уруксат бергендер шапаатчы болушат жана кабыл кылынат.

Бейиш (Жаннат) менен Тозок (Жаханнам) азыр бар. Бейиш жети кат көктүн үстүндө, Тозок бардык нерселердин астында. Бейиштин сегиз эшиги бар. Ар бир эшиктен бир Жаннатка кирилет. Тозок жети катмар. Биринчи катмардан жетинчи катмарга карай азаптар катуулайт.

### Алтынчы шарт

## ТАГДЫРГА ИШЕНҮҮ

**Ва бил-кадари, хайрихи ва шаррихи миналлахи таала:** Тагдырга, жакшылык жана жамандыктын Аллаху тааладан экендигине ишендим дегенди билдирет. Адам баласынын башына келген жакшылык жана жамандык, пайда жана зыян, киреше менен чыгаша бардыгы Аллаху тааланын тагдыр кылуусу менен болот.

Аллаху тааланын бир нерсенин барлыгын каалоосу **тагдыр** (кадар) деп аталат. Тагдырдын, башкача айтканда, Аллаху таала болуусун каалаган нерсенин аткарылуусу каза деп аталат. Тагдыр жана каза деген сөздөр айрым учурда бири- биринин ордуна дагы колдонулат.

Аллаху таала кулдарына **ирада** (эрк) берген жана бул эрктерин, каалоолорун иштерди жаратуусуна себеп кылган. Бир кул кандайдар бир нерсени ишке ашырууну көздөсө жана Аллаху таала дагы аны кааласа бул ишти жаратат. Кул каалабаса, Аллаху таала да каалабайт жана ал нерсени жаратпайт.

Буга чейин биз кыскача маалымдаган ахли сүннөт ишенимин кеңири үйрөнүүнү каалагандар Хакикат Китеп Үйү басмаканасында жарыяланган Ислам аалымдарынын улуктарынын бири, олуя Мавлана Халид Багдадинин эмгеги болгон фарсча **«Итикаднама»** аттуу китебин жана Кемахлы Фейзуллах Эфендинин котормосу болгон **«Херкесе Лазым Олан Иман»** аттуу китебин окушсун. Абдан пайдалуу жана мыкты эмгек, берекети эки дүйнөдө тең бактылуу болуу үчүн жетиштүү.

Аллаху таала бардык адамдарга тобокел кылууну буюрган. **«Тобокел ыймандын шарты»** маанисиндеги аят бул буйруктардын бирөө. Маида сүрөсүндө: **«Эгер ыйманыңар болсо Аллаху таалага**

**тобокел кылгыла!»**, Ал-и Имран сүрөсүндө: **«Аллаху таала тобокел кылгандарды, албетте, сүйөт»**, Талак сүрөсүндө: **«Ким Аллаху таалага тобокел кылса, Аллаху таала ага жетиштүү»**, Зумер сүрөсүндө: **«Аллаху таала кулуна жетиштүү эмеспи?»** деген маанидеги көптөгөн аят-ы каримамалар бар.

Расулуллах "саллаллаху алейхи ва саллам" мындай деп айтты: **«Үммөтүмүн бир бөлүгүн мага көрсөтүштү. Тоолорго, чөлдөргө толушкан. Алардын мынчалык көптүгүн көрүп таң калдым жана сүйүндүм. Сүйүндүңбү дешти, ооба дедим. Булардан жалгыз жетимиш миңи гана суроосуз Жаннатка кирет дешти. Алар кимдер деп сурадым. Иштерине сыйкыр, төлгө кошпогон, Аллаху тааладан башкаларына тобокел жана баш ийбегендер деп айтылды».** Тыңдап жаткандардын арасынан Укаша "радыйаллаху анх" өйдө туруп, «Йа, Расулуллах! Дуба кыл, мен да ошолордон болоюн» - дегенде, **«Йа Рабби! Муну ошолордон кыл!»** - деп дуба кылды. Ошондо башкасы да туруп ушул эле дубаны өтүнгөндө: **«Укаша сенден ылдам аракет кылды»,** - деди.

Тобокел - себептерге жармашып, алдыда боло турган нерселер үчүн баш катырбоо.

## Экинчи бөлүм

# ИБАДАТТАРЫБЫЗ ЖАНА НАМАЗ

### Ибадат деген эмне?

Ибадат – бизди жана бардык жандуу жана жансыз нерсени жоктон бар кылган, жашоолорун камсыздаган, бөөдө кырсыктан жана балээлерден коргогон, ар дайым түркүн ырыскы, жакшылык берип өстүргөн Аллаху тааланын буйрук жана тыюуларын аткаруу. Ошондой эле, Аллаху тааланын сүйүүсүнө татыган пайгамбарларга, олуяларга жана аалымдарга баш ийүү.

Адамдын өзүнө сансыз жакшылыктарды жиберген Аллаху таалага күчүнүн жетишинче шүгүр кылуусу анын адамдык милдети. Акыл буйрук кылган бул вазыйпа милдет болмокчу. Бирок, адамдар жетишсиз акылдары, кыска көз караштары менен Аллаху таалага

карата шүгүр, урмат боло алчу нерселерди таба алышпайт. Шүгүр кылууга, урмат кылууга татый турган вазыйпалар Аллаху таала тарабынан билдирилмейинче, мактоо катары эсептелген нерселер жамандоо да болуп калышы мүмкүн.

Ошентип, адамдардын Аллаху таалага жүрөк, тил жана дене менен аткаруулары жана ишенүүлөрү керек болгон шүкүр карызы менен пенделик милдеттери Аллаху таала тарабынан билдирилген жана Анын сүйүктүү Пайгамбары аркылуу маалымдалган. Аллаху таала көрсөткөн жана буюрган кулдук милдеттер **Исламият** деп аталат. Аллаху таалага карата шүгүрчүлүк Анын Пайгамбары алып келген жолду жолдоо менен кылынат. Бул жолго баш ийбеген, мындан сырткары калган эч бир шүгүрдү, эч бир ибадатты Аллаху таала кабыл кылбайт жана жактырбайт. Себеби, адамдар тарабынан жакшы деп эсептелген көптөгөн нерселер бар, бирок, Аллаху таала буларды жактырбаган, Исламият да булардын жаман экендигин билдирген.

Демек, акыл-эстүү адамдардын Аллаху таалага шүгүр жана ибадат кылуу үчүн Мухаммед алейхиссаламга баш ийүүлөрү керек.

Мухаммед алейхиссаламга уюган адам – мусулман.

Аллаху таалага шүгүр кылуу, б.а., Мухаммед алейхиссаламга баш ийүү **«ибадат кылуу»** деп аталат. Исламият эки бөлүктөн турат:

1. Жүрөк менен акыйда кылынуусу (ишенилүүсү) керек болгон нерселер.

2. Дене жана жүрөк менен кылынуучу ибадаттар.

Дене менен кылынган ибадаттардын эң жогоркусу - намаз. Мукаллаф (милдеттүү) болгон ар бир мусулмандын күндө беш маал намаз окуусу фарз.

## Кимдер намаз окууга милдеттүү (Мукаллаф ким?)

Акыл-эси бар жана балагатка жеткен эркек жана аял киши **«Мукаллаф»** деп аталат. Мукаллаф болгон адам Аллаху тааланын буйрук жана тыюуларынан жооптуу.

Динибизде мукаллаф болгон адамга адегенде ыйман келтирүү, андан соң ибадат кылуу буюрулду. Ошондой эле, харам жана макрух иштерден сактануусу, качуусу керек.

**Акыл** – түшүнүү күчү. Пайдалууну зыяндуудан айырмалоо үчүн жаратылган. Акыл өлчөөчү каражат сыяктуу. Эки жакшынын жакшыраагын, эки жамандын жаманыраагын айырмалап билет. Акылдуу адам - жаман менен жакшыны гана айырмалап билип койгон адам эмес, ал жакшыны көргөндө аны алган, жаманды көргөндө аны таштаган адам. Акыл көз сыяктуу. Ислам жарык сыяктуу. Ал эми жарык болбосо көз көрө албайт.

**Балагат курак** өспүрүм жашына кирүү дегенди билдирет. Эркек балдардын балагат чагына кирүүлөрү он эки жашта башталат. Эркек баланын балагатка киргенин көрсөткөн белгилери бар. Он эки жашка толгондо бул белгилер байкалбаса он беш жашка киргенде динде балагат жашка киргендигине өкүм кылынат.

Ал эми кыз баланын балгатка кирүүсү тогуз жашка толгондо башталат. Тогуз жашында кыз баланын балагатка кирүү белгилеринин эч бири байкалбаган болсо, он беш жашка толгондо анын балагатка киргендигине өкүм кылынат.

## Мукаллафтын милдеттери (Ислам өкүмдөрү)

Ислам growth динде билдирилген буйрук жана тыюулар **Шарият өкүмдөрү** же **Ислам өкүмдөрү** деп аталат. Булар **Афал-и мукаллафин** (мукаллафтын милдеттери) деп да аталат. Мукаллафтын милдеттери сегиз: **фарз, важиб, сүннөт, мустахаб, мубах, харам, макрух** жана **муфсид.**

1. **ФАРЗ:** Аллаху таала аткарылуусун Курани карим аяттары менен ачык-айкын жана так түрдө өкүм кылган нерселер фарз деп аталат. Фарздарды аткарбоо харам. Ишенбеген жана аларды кылууга маани бербегендердин ыйман кетет. Фарздын эки түрү бар:

**Фарз-ы айн:** Ар бир милдеттүү болгон мусулман жеке өзүнүн кылуусу керек болгон фарз. Ыйман келтирүү, даарат алуу, гусул алуу, беш маал намаз окуу, Рамазан айында орозо кармоо, колунда барлардын зекет берүүлөрү жана ажыга баруулары сыяктуу ибадаттар фарз-ы айн болуп эсептелет. [Белгилүү отуз эки жана элүү төрт фарз бар].

**Фарз-ы кифайа:** Бир нече мусулмандын же бирөөнүн гана аткаруусу аркылуу башкалар да жоопкерчиликтен кутула турчу фарз. Берилген саламга жооп берүү, маркумдун сөөгүн жуу, жаназа

намазын окуу, Курани каримди толугу менен жаттап, хафыз болуу, жихад кылуу, ишине жана соодасына керектүү болгондон көбүрөөк дин жана так илимдерди үйрөнүү сыяктуу фарздар буга кирет.

2. **ВАЖИБ:** Аткарылуусу фарз сыяктуу айкын буйруктар. Бул буйруктардын Курани каримдеги далилдери фарздыкындай ачык эмес. Булар күмөндүү болгон далилге таянат. Витир намазын жана Айт намаздарын окуу, байыганда курмандык чалуу, фитр-садака берүү важиб. Важибдин өкүмү фарздыкындай. Важибди аткарбоо тахриман макрух. Бир нерсенин важиб экенине ишенбеген капыр болуп эсептелбейт. Бирок, аткарбаган адам Тозок азабына ылайык болот.

3. **СҮННӨТ:** Аллаху таала ачык билдирбеген, бирок, Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам" мактап, өзү туруктуу түрдө аткарган же башкалар жасап жатканда тоскоол болбогон нерселер сүннөт деп аталат. Сүннөттү жактырбоо куфур. Жактырып, бирок, аткарбаган адамга азап кылынбайт. Бирок, себепсиз эч аткарбаган адам күнөөлөнүүгө жана сооптон куру калууга ылайык болот. Мисалы: азан айтуу, коомат келтирүү, жамаат менен намаз окуу, даарат алганда мисвак колдонуу, үйлөнгөн түнү тамак берүү (той берүү) жана уулун отургузуу (сүннөт кылуу).

Сүннөттүн эки түрү бар:

**Суннати Муаккада:** Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам" дайыма аткарган кубаттуу сүннөттөр. Багымдат намазынын сүннөтү, бешим намазынын алгачкы жана акыркы сүннөтү, шам намазынын сүннөтү, куптан намазынын акыркы эки рекет сүннөтү мына ушундай. Буларды эч качан себепсиз аткарбоого болбойт. Жактырбаган адам ыйманын жоготот.

**Суннати Гайри Муаккада:** Булар Пайгамбарыбыздын ибадат максаты менен кээде аткаргандары. Аср жана куптан намазынын төрт рекеттик алгачкы сүннөттөрү мына ушундай. Булар бир нече жолу орундалбаса эч нерсе болбойт. Себепсиз түрдө таптакыр аткарылбаса, күнөөлөнүүгө дуушар болуп, шапааттан куру калууга себеп болот.

Беш-он адамдын арасынан бири аткарса калгандары да жоопкерчиликтен кутулган сүннөтттөр **«Суннати алел-кифайа»** деп аталат. Мисалы: салам берүү, итикафка кирүү. Даарат алуудан

мурун, тамак жеп-ичүү жана ар бир ыйык ишти баштоонун астында «бисмиллах» деп айтуу сүннөт.

4. **МУСТАХАБ:** Бул «мандуб», «адаб» деп да аталат. Суннати гайри муаккада өкүмүндө. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам" өмүрүндө бир-эки жолу болсо да аткарган жана сүйгөн, жактырган нерселер. Жаңы төрөлгөн балага жетинчи күнү ат коюу, уул жана кыз бала үчүн акика малын союу, жакшы кийинүү, (эркектердин) жыпар жыт сүрүнүү мустахаб. Буларды аткарган мусулмандарга көптөгөн сооптор берилет. Кылбагандарга азап кылынбайт, шапаатсыз да калбайт.

5. **МУБАХ:** Аткарылуусу буйрук кылынбаган, бирок, тыюу да салынбаган нерселер мубах деп аталат. Башкача айтканда, күнөө же ибадат экендиги билдирилбеген иштер. Жакшы ниет менен аткарылуусунда сооп, жаман ниет менен аткарылуусунда азап бар. Уктоо, түрдүү адал тамак жеп-ичүү, түркүн адал кийим кийүү сыяктуу иштер мубах. Булар Исламга баш ийүү, буйруктарга жармашуу максаты менен орундалса сооп болот. Ден-соолуктуу болуп, ибадат кылууга ниет кылып жеп-ичүү мына ушуга кирет.

6. **ХАРАМ:** Аллаху таала Курани каримде «кылбагыла» деп ачык түрдө тыюу салган нерселер. Харамдардын аткарылышына жана колдонулушуна катуу тыюу салынган. Харамды халал, ал эми халалды харам деген адамдын ыйманы кетип, динден чыгат. Харамдан качуу, алардан баш тартуу фарз жана чоң сооп.

Харамдын эки түрү бар:

**Харам ли-айнихи:** Адам өлтүрүү, зина кылуу, ливата кылуу (гомосексуализм), кумар ойноо, уурулук кылуу, шарап жана ар түрдүү алкоголдук ичимдиктерди ичүү, жалган сүйлөө, чочконун эти, арам өлгөн өлүмтүктөрдү жеш, аялдардын жана кыздардын башы, колу-буттары ачык көчөгө чыгуулары харам болуу менен бирге чоң күнөө. Кимдир бирөө жогорудагы күнөөлөрдү кылууда «бисмиллах» деп айтса же аларды халал деп эсептесе же Аллаху тааланын аларды харам кылганына маани бербесе ыйманы кетет болот. Булардын харам экенине ишенип, коркуу менен бул ишке барган болсо ыйманы кетпейт. Бирок, Тозок азабына ылайык болот. Эгер буларды аткарууну улантып алардан баш тартпай, тообо кылбастан өлсө, ыймансыз кетүүсүнө себеп болот.

Харам ли-гайрихи: Булар негизинде халал, бирок, башкалардын акысы болгондуктан харам болуп эсептелген нерселер. Мисалы: бирөөнүн бакчасына кирип, ээсинин уруксатысыз дарактан мөмө үзүп жесе, үй оокаттарын жана акча уурдап колдонуу, аманатка кыянаттык кылуу, паракорлук, пайыз жана кумар аркылуу акча табуу. Адам буларды жасап жатканда «бисмиллах» деп айтса же буларды халал деп айтса ыйманы кетпейт. Себеби, ал кимдир бирөөнүн акысы, кайра алат. Беш жарым арпанын (бир данк) салмагындагы күмүштүн баркындай акы үчүн кыямат күнү Аллаху таала кабыл кылынган жети жүз рекет кабыл кылынган жамаат менен окулган намаздын сообун алып акы ээсине берет. Харамдан качуу ибадат кылуудан дагы чоң сооп. Ошондуктан, эмнелердин харам экенин билип, алардан узак туруу керек.

7. **МАКРУХ:** Аллаху таала жана Мухаммед алейхиссалам жактырбаган, ибадаттардын сообун өчүрө турган нерселер макрух деп аталат.

Макрухтун эки түрү бар:

**Тахриман макрух:** Важибди аткарбоо. Харамга жакын болгон макрухтар. Буларды кылган адам азапка дуушар болот. Мисалы: күн чыгып жатканда, күн так чокуга келгенде, күн батып жатканда намаз окуу сыяктуу. Буларды атайы билип туруп жасаган күнөөкөр жана баш ийбеген болуп эсептелет. Тозок азабына ылайык болот. Намазда важибдерди таштап, тахриман макрух кылган адамдардын ошол намаздын казасын окуусу важиб. Эгер жаңылуу менен унутуп макрухка кирсе намаз ичинде сахв саждасын кылуусу керек.

**Танзихан макрух:** Мубах, б.а., халал иштерге жакын, же болбосо аткарылбоосу аткарылуусунан жакшыраак болгон иштер. Мисалы: гайри муаккад сүннөттөрдү же мустахабдарды аткарбоо сыяктуу.

8. **МУФСИД:** Динибизде мыйзам ченемдүү бир ишти же башталып калган ибадатты бузган нерселер. Ыйманды жана намазды, никени жана ажылыкты, зекетти, сооданы бузуу сыяктуу. Мисалы: Аллаху таалага жана китепке каршы жаман сөз айтуу куфур болуп, ыйманды бузат. Намаз окуп жатканда күлүү, дааратты жана намазды бузат. Орозо кармап жатканда билип туруп атайы жеп-ичүү орозону бузат.

Фарз, важиб жана сүннөттөрдү аткарып, харам жана макрухтан алыс турган адамдарга сооп берилет. Ал эми харам, макрухтарды кылып, фарз менен важибди орундабагандарга күнөө жазылат. Бир харам нерседен сактануунун сообу бир фарзды аткаруунун сообунан бир нече эсе көп. Бир фарздын сообу бир макрухтан алыс туруунун сообунан көп. Макрухтан сактануунун сообу сүннөттүн сообунан көп. Мубахтардын ичинен Аллаху таала жактыргандары **Хайрат** жана **Хасанат** (кайрымдуулук) деп аталат. Буларды аткаргандарга да сооп берилет, бирок, анын сообу сүннөттүн сообунан аз.

## ИСЛАМ ДУШМАНДАРЫ

Ислам душмандары Исламды жок кылуу максатында ахли сүннөт китептерине кол салышууда. Курани каримде Маида сүрөсүнүн 6-чы жүзүнүн акыркы бетинде: **«Исламдын эң чоң душманы яхудилер менен мушриктер», -** деп айтылууда. Мушрик (бутпарас), бут, эстелик-айкел сыяктуу нерселерге сыйынган капырлар. Христиандардын көбү мушрик экендиги белгилүү. Йемендик Абдуллах бин Себе аттуу яхуди ахли сүннөттү жок кылуу максатында **Шии** тобун түздү. Шиилер өздөрүн **«Алеви» (Кызыл баш)** деп аташат. Ислам душманы британдыктар бардык империя күчтөрү менен Индия, Африкадан топтогон алтындар жана кандуу согуштар менен **«ваххабилик»** деп аталган калп-жалганга толгон китептери менен ахли сүннөткө кол салышууда. Дүйнөнүн кайсы жеринде болбосун түбөлүктүү бакытка жетүүнү каалаган адамдар **шии** жана **ваххаби** китептерине алданбай, ахли сүннөт аалымдарынын китептерине бекем жармашууларын сунуштайбыз.

## ИСЛАМДЫН ШАРТТАРЫ

Ислам динине киргендерге, б.а., мусулмандарга фарз кылынып, сөзсүз аткарылуусу талап кылынган беш негизги милдет бар:

1. Исламдын шарттарынын биринчиси **шахадат калимасын** айтуу. Бул **«Ашхаду ан лаа илаха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулух»** деп айтуу. Башкача айтканда, акыл-эси бар, балагаттагы жана сүйлөй алган адамдын **«Жерде**

**жана көктө Аллахтан башка ибадат кылынууга акысы болгон жана табынууга ылайыктуу эч нерсе жана эч ким жок. Чыныгы мабуд бир гана Аллаху таала»**. Ал важиб-ул-вужуд. Бардык артыкчылыктар Ага гана тийиштүү. Анда эч кандай кемчилик жок. Анын атын **«Аллах»** деп айтуусу жана буга чын жүрөгүнөн толугу менен ишенүүсү. Ал "саллаллаху алейхи ва саллам" гүл түстүү, ак жуумал, жарык жүздүү, кара каштуу, кара көздүү, ыйык маанайы ачык, жумшак мүнөздүү, жерге көлөкөсү түшпөгөн, таттуу тилдүү, Аравияда Мекке шаарында туулгандыктан Араб улутунан, Хашими уулдарынан «Абдуллахтын уулу Мухаммед алейхиссалам Аллаху **Тааланын кулу жана расулу, б.а., пайгамбары».** Вахабдын кызы болгон Хазрети Аминанын уулу.

2. Исламдын беш шартынын экинчиси, шарттарына жана фарздарына ылайык түрдө күн сайын беш маал у**багы келгенде намаз окуу**. Ар бир мусулмандын күн сайын маалы келгенде беш убак намаз окуусу жана убагында окугандыгын билүүсү фарз. Намаздарды фарздарына, важибдерине, сүннөттөрүнө көңүл буруп, көңүлүн Аллаху таалага берип, маалын өткөрбөй окуу керек. Курани каримде намаз **«салат»** деп айтылат. Салат сөзүнүн сөздүктөгү мааниси төмөнкүдөй: адам баласынын дуба кылуусу, периштелердин истигфар[16] кылуусу, Аллаху тааланын мээримдүүлүк кылуусу. Ислам трининде салат илмихал[17] китептеринде билдирилгендей белгилүү аракеттерди аткарып, белгилүү нерселерди окуу дегенди билдирет. Намаз окуу **«Ифтитах такбири»**, б.а., эркектердин кулак кагып, колдорду байлоого түшүрүп келатканда **«Аллаху Акбар»** деп айтуулары менен башталат. Эң акыркы отурушта башты оң жана сол ийинге карай буруп, салам берип бүтүрүлөт.

3. Исламдын беш шартынын үчүнчүсү **- мал-мүлкүнүн зекетин берүү**. Зекет деген сөздүн сөздүктөгү мааниси тазалык, мактоо жана жакшы, мыкты абалга келүү дегенди билдирет. Ал эми Ислам増 дининде зекет, керектөөсүнөн ашык жана нисаб деп аталган белгилүү өлчөмдөн ашык зекет мүлкү бар адамдын оокатынын белгилүү бөлүгүн бөлүп, Курани каримде билдирилген мусулмандарга берүү

---

[16] Кечирим суроо. Аллаху тааладан кемчилик жана күнөөлөрүн кечирүүсүн тилөө. Тообо кылуу.

[17] Кот. : Ар бир мусулмандын ыйман, ибадат жана ахлак тууралуу билүүсү керек болгон маалыматтар же алар баяндалган китеп.

дегендикке жатат. Зекет жети түрдүү адамга берилет. Төрт мазхабда тең төрт түрдүү зекет мүлкү бар. Алтын жана күмүш зекети, соода мүлкү зекети, бир жылдын жарымынан көбүндө талаада оттогон төрт аяктуу малдын зекети жана жерден алынган түшүмдүн зекети. Төртүнчү зекет **«үшүр»** деп аталат. Түшүм жыйналаары менен үшүр таратылат. Калган үч зекет нисап өлчөмүнө жеткенден бир жылдан кийин берилет.

4. Исламдын беш шартынын төртүнчүсү ыйык **Рамазан айында күн сайын орозо кармоо.** Орозо кармоо **«савм»** деп аталат. Бул сөздүн сөздүктөгү мааниси бир нерсени бир нерседен коргоо дегенди билдирет. Ал эми Исламда шарттарына ылайык Рамазан айында Аллаху таала буюргандыктан күн сайын өзүн үч нерседен коргоо болуп саналат. Бул үч нерсе: тамак жеш, ичиш жана жыныстык катнашта болуу. Рамазан айы мурдатан эсептелген күн эсеби боюнча эмес, асманда хилалдын [жаңы ай] көрүнүүсү менен башталат.

5. Исламдын беш шартынын бешинчиси - к**олунда бар күчү жеткен адамдын өмүрүндө бир жолу ажылыкка баруусу**. Жаны коопсуз болсо, өзү Меккеге барып келгенге чейин үйдө калган бала-чакасын жете тургудай акча менен камсыз кылат. Мындан ашкан акча менен Мекке-и мукаррамага барып келүү мүмкүнчүлүгү бар болгон, ден соолугу чың адам өмүрүндө бир жолу ихрам[18] кийип, Каабаи муаззаманы таваф кылуусу жана Арафат майданында туруусу фарз.

Жогоруда саналып өткөн Исламдын беш шартынын эң жогоркусу **Шахадат калимасын** келтирүү, анын маанисине ынануу жана андан соң намаз окуу. Үчүнчүсү орозо кармоо, андан кийин ажыга баруу. Эң акыркысы зекет берүү. Калимаи шахадаттын эң жогоркусу экендиги бир добуштан билдирилгендиги белгилүү. Калган төртөөнүн артыкчылык кезеги тууралуу аалымдардын көпчүлүгүнүн сөзү жогоруда белгиленип өткөндөй. Калимаи шахадат Ислам growing динине биринчи болуп фарз кылынган. Беш маал намаз бисеттин[19] он экинчи жылы, хижраттан бир жыл жана бир нече ай мурун Мираж түнүндө фарз кылынган. Орозо хижраттын

[18] Ажыда кийиле турган ак кездемеден кийим.

[19] Бисет – Мухаммед алейхиссаламга пайгамбарлыгы билдирилген жыл.

экинчи жылы, Шаабан айында фарз кылынды. Зекет берүү орозо фарз кылынган жылы Рамазан айы ичинде фарз болду. Ал эми ажылык хижраттын тогузунчу жылы фарз кылынды.

## Үчүнчү бөлүм

## НАМАЗ ОКУУ

Динибизде ыймандан кийинки эң баалуу ибадат - намаз. Намаз - диндин тиреги. Намаз ибадаттардын эң жогоркусу.

Исламдын экинчи шарты. Арапчада намаз **«салат»** деп аталат. Салат негизинде дуба, рахмат жана истигфар дегенди билдирет. Намазда бул үч маани тең камтылгандыктан салат деп аталган.

Аллаху таала эң көп жактырган жана кайра-кайра буйрук кылган нерсе - беш маал намаз. Аллаху тааланын мусулмандарга ыймандан кийинки эң негизги буйругу - намаз окуу. Динибизде эң алгач буйрук кылынган фарз да - намаз. Кыяматта дагы ыймандан соң эң алгачкы сурак намаз тууралуу болот. Беш маал намазынын эсебин берген адам бардык кыйынчылык жана сынактардан кутулуп, түбөлүк бакытка жетет. Жаханнам (Тозок) отунан кутулуп, Жаннатка (Бейишке) жетүү туура намаз окууга байланыштуу болот. Намазды туура окуу үчүн алгач кемчиликсиз даарат алып, жалкоолонбостон намаз окуй башташ керек. Намаздагы ар бир кыймылды эң мыкты түрдө аткарууга аракет кылуу керек.

Ибадаттардын баарын өзүндө топтогон жана адам баласын Аллаху таалага эң көп жакындаткан кайырлуу амал - намаз. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” мындай деп айтат: **«Намаз - диндин тиреги. Намаз окуган адам динин күчтөндүрөт. Намаз окубаган адам, албетте, динин кулатат».** Намазды туура окуу сыймыгына жеткен адам ыплас, жаман нерселерди аткаруудан алыс болот. Анкабут сүрөсүнүн кырк бешинчи аятында мындай деп айтылат: **«Туура окулган намаз адам баласын ыпылас, начар жана тыюу салынган иштерди кылуудан коргойт».**

Адамды жаман иштерден алыстатпаган намаз туура болуп эсептелбейт. Көрүнүштө гана намаз. Бирок, ушуга кара-бастан намазын туура окуй баштаганга чейин көрүнүштөгү намазды да

колдон чыгарбай, улантуу зарыл. Ислам аалымдары: «Бир нерсенин баарын тең аткарууга мүмкүнчүлүк жок болсо, баарын тең колдон чыгарып жибербөө керек», - дешет. Чексиз ихсан ээси болгон Аллаху таала көрүнүштү чындык катары кабыл алышы да мүмкүн. Мындай туура эмес, бузук намаз окуганча такыр окубай койгонуң оң деп айтпоо керек. Анын ордуна туурасын үйрөн деп, катасын оңдоо зарыл. Бул маанилүү эместей көрүнгөн жагдайды жакшы түшүнүп коюу керек.

Намазды жамаат менен окуу керек. Жамаат менен окуунун жалгыз окуудан сообу көп. Намазда ар бир мүчөнүн тартынып, жүрөктүн Аллаху тааладан коркуп турушу керек. Адам баласын дүйнөдө жана акыретте кыйынчылыктардан, азаптардан куткара турган бир гана нерсе – бул намаз. Аллаху таала Муминун сүрөсүнүн башында мындайча билдирет: **«Момундар акыры кутулат. Алар намаздарын хушу[20] менен окугандар», -** деп билдирди.

Кандайдыр коркунуч орногон жерде аткарылган ибадаттын баркы бир нече эсе артат. Душман кол салып жатканда жоокердин кичине болсо да эрдик аткаруусу аябай баалуу. Жаштардын ибадат кылуулары да ушул себептен баалуу. Себеби, напсилериндеги жаман каалоолорун жеңүүдө жана ибадат кылууларына кедерги болгон каалоолоруна каршы турушууда.

Жаш кезде адам баласына жармашкан үч душман анын ибадат кылуусун каалабайт, тоскоол болот. Алар: шайтан, напси жана жаман достор. Бардык балээлердин башаты - жаман достор. Жаштар алардан келген жаман нерселерге баш ийбей, алаксыбай, намаздарын окуп, ибадаттарын таштабаса абдан баалуу болот. Карып калган бир адамдын кылган ибадаттарынан да көп эсе жогору сооп табышат. Аз ибадаттарына көп сыйлык берилет.

## Намаз окуу кимдерге фарз?

Намаз окуу акыл-эси толгон жана балагатка кирген ар бир эркек жана аял мусулман үчүн фарз. Намаздын фарз болушу үчүн үч шарт зарыл:

1- Мусулман болуу.

2- Акыл-эси ордунда болуу.

---

[20] Такваа, берилүү.

3- Балагатка жетүү.

Динибизде акыл-эске толбогон жана жашы жетилбеген кичине балдар намаз окууга милдеттүү эмес. Бирок, ата-энелер балдарына диний маалыматтарды үйрөтүп, ибадат кылууга көндүрүүлөрү керек. Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам" айтты: «**Баарыңар бир үйүрдүн чабаны сыяктуусуңар! Чабан үйүрүн кандай коргосо, силер дагы үйүңөрдөгү жана кол астыңарда болгондорду Тозоктон коргошуңар керек! Аларга мусулманчылыкты үйрөтүшүңөр керек! Эгерде үйрөтпөсөңөр жооптуу болосунар».** Башка бир хадиси шарифте: **«Бардык наристелер мусулманчылыкка ылайык жана ийкемдүү болуп төрөлөт. Аларды кийин ата-энелери христиан, яхуди жана динсиз кылат», -** деп айтылган.

Демек, ар бир мусулмандын биринчи милдети балдарына Ислам динин жана Курани карим окуганды, намаз окуганды, ыймандын жана Исламдын шарттарын үйрөтүүсү керек. Баласынын мусулман болушун каалаган жана бул дүйнө менен тиги дүйнөдө тынч жашоого умтулган ата-энелер, адегенде, бул милдетин аткарыш керек. Себеби, ата-бабаларыбыз: **«Тал жаш кезинде ийилет», -** деп айтышкан. Жашы өткөндөн кийин ийемин деп аракет кыла турган болсоң сынып кетиши мүмкүн, зыяны тийет.

Ислам маалыматтары жана Ислам адеп-ахлагын үйрөнбөгөн бала жаман жолдо болгондорго бат алданат. Ата-энесине, мамлекетине жана элине зыяндуу болот.

## Намаз окугандардын абалдары

## Окуя: Түрмөдөн куткарган намаз

Хорасан валиси (азыркы тил менен айтканда губернатор) Абдуллах бин Тахир кара кылды как жарган адилеттүү эле. Бир күнү кароолчулары бир канча ууруну кармашып, аны валиге билдиришет. Уурулардын бирөө качып кетет. Бул маалда Хираттан келген бир темирчи Нишапурга кеткен эле. Бир күнү түн ичинде үйүнө кайтып бараткана кармап алышат. Уурулар менен чогуу валиге алып барышат. «Түрмөгө салгыла!» - дейт. Темирчи түрмөдө даарат

алып намаз окуйт. Алакан жайып: «Оо, Жараткан! Мени куткар! Күнөөсүз экенимди жалгыз Сен гана билесиң. Мени бул зындандан Сен гана куткара аласың. Оо, Жараткан! Мени куткар!» - деп дуба кылат. Вали ал түнү түшүндө төрт күчтүү адам келип тактысын коңторуп салаарда ойгонуп кетет. Дароо даарат алып эки рекет намаз окуйт. Анан кайра уктап калат. Уйкусунда кайрадан жанагы түштү көрөт, кайра ойгонот. Ошондо, бирөөнү бөөдө күнөөлөп жатканын түшүнөт. Бул саптарда:

***Миңдеген замбирек, мылтык кыла албайт,***
***Көз жашынын таң атаарда кылганын.***
***Душмандын жамгырдай жааган окторун,***
***Чанга айлантат бир момундун дубасы.***

Оо, Жараткан! Улук болгон жалгыз гана Сенсиң! Сен ушунчалык улук болгонуңдан улуу кичүү дебей баардыгы кыйынчылыкка дуушар болгондо Сага гана жалбарышат. Сага жалынган муратына жетет.

Дароо ошо түнү түрмөнүн башчысын чакырып: «Түрмөдө мазлум[21] бирөө барбы?» - деп сурайт. Түрмө башчысы: «Билбейм, бирок, бир адам намаз окуп, тынбай дуба кылып көз жашын төгүп отурат», - дейт. Муну укканда, аны алдырып келет. Ал-ахыбалын сурап баарын түшүнөт. «Кечирим сурап, акыңды адал кыл, миң күмүш белегимди кабыл кыл жана кандай каалооң болсо мага кел!» - деп суранат. Темирчи: «Катаңды кечирдим, белегиңди да кабыл алдым. Бирок, ишимди, тилегимди сенден сураш үчүн келе албайм», - дейт. «Эмне үчүн келбейсиң!» - дегенде, «Себеби, мендей кембагал үчүн сендей султандын отурган тагын бир нече жолу коңторуп койчу Жаратканымды таштап, тилектеримди башка бирөөнөн суроом кулчулукка жарашабы? Намаздарыман кийин кылган дубаларым аркылуу мени канчалаган кыйынчылыктардан куткарды. Канчалаган муратыма жеткирди. Кантип мен башка бирөөнө баш калкалайын? Раббим чексиз ырайым казынасынын эшигин ачып, чексиз ихсан дасторконун ар бир адамга жайып турганда башка бирөөнө кантип барайын? Тиленген болсо, Аллаху

---

[21] Акыйкатсыздыкка дуушар болгон.

таала кимге бербептир? Сураганды билбесең, ала да албайсың. Алдына адеп менен барбасаң, ырайымын көрө албайсың».

***Бир түнү кимде ким ибадат эшигине кадам шилтесе,***
***Албетте, дос ырайымы ачат ага миң түркүн эшикти.***

Олуялардын улууларынан Рабия-и Адвийа "рахметуллахи алейха" бир адам дуба кылып жатканда «Оо, Жаратканым, мага ырайым эшигиңди ач!» дегенин угуп: «Эй, жахил! Аллаху тааланын ырайым эшиги ушу убакытка чейин жабык беле, ач деп суранып жатасың?», - дейт. [Ырайымдан чыгуу эшиги дайыма ачык, бирок, кириш эшиги болгон жүрөктөр ар кимде ачык эмес. Мунун ачылуусу үчүн дуба кылуубуз керек!]

Оо, Жаратканым! Баарыбызды кыйынчылыктардан куткарган бир гана Сенсиң. Бизди бул дүйнөдө жана акыретте кыйноолорго учуратпа! Кулдарыңа бардык нерсени жиберген жалгыз Сенсиң! Бул дүйнөдө жана акыретте бизге пайдалуу, кайырлуу нерселерди жибер! Бул дүйнөдө жана акыретте бизди эч кимге муктаж кыла көрбө! Аамиин!

## Окуя: Үйү өрттөнгөндө

Авлия-и кирамдан Хамиди Тавыл өзүнүн намазканасында намаз окуп жатканда үйүндө өрт чыгат. Адамдар топтолуп өрттү өчүрүшөт. Жубайы жанына чуркап келип, ачууланып мындай дейт: «Үйүң өрттөнүп жатат. Эл топтолуп жатат. Жасала турган көп иш бар. Сен болсо ордуңан кыймылдап да койбойсуң», - деди. «Аллаху таалага антым болсун, эч нерседен кабарым жок», - дейт.

Аллахтын достору (олуялар) Ага мухаббат жана жакындоодо ушунчалык бийик даражага жетишкен жана дос менен жолугушуу лаззатына ушунчалык берилгендиктен, өздөрүн унутуп коюшкан.

## Окуя: Казандагы суу

Асхабы кирамдан Абдуллах бин Шахир "радыйаллаху анх" айтат: «Расулуллахтын "саллаллаху алейхи ва саллам" жанында

намаз окуп жаткам. Ыйык төшүнөн от үстүндө казанда кайнап жаткан суу сыяктуу добуш уктум».

## Окуя: Бутка кадалган жебе

Расулуллахтын сүйүктүү күйөө баласы Хазрети Али “радыйаллаху анх ва каррамаллаху важхах” намазга турган учурда жер коңторулуп жатса да сезбес эле.

Мындай деп баяндалат: Бир казат учурунда Хазрети Алинин “радыйаллаху анх” ыйык бутуна жебе тийип, сөөгүнө чейин кирип кетет. Окту суура албай коюшат. Дарыгерге көрсөтүшөт. Табып: «Сага аң-сезимиңди жоготуп, уктата турган дары беришибиз керек. Ошондо гана бутуңдан жебени чыгара алабыз, же болбосо, бутуңдун оорусуна чыдай албайсың», - дейт. Амир-ул-муминин Хазрети Али “радыйаллаху анх”: «Уктата турган дарынын кереги эмне? Кичине күткүлө, намаз маалы келсин, анан мен намазга турганда жебени чыгаргыла», - дейт. Намаз убакты болот. Хазрети Али намаз окуй баштайт. Дарыгер ошол маалда Хазрети Алинин бутун жарып жебени чыгарат. Жарасын таңат. Хазрети Али “радыйаллаху анх” намазын бүтүргөндө: «Жебени чыгардыңбы?» - деп сурайт. Дарыгер: «Чыгардым», - дейт. Хазрети Али “радыйаллаху анх”: «Таптакыр сезген жокмун», - деп жооп берет.

Буларда таң кала турчу эмне бар! Юсуф алейхиссаламдын сулуулугуна суктанган Мысыр (Египет) аялдары акыл-эсин жоготушуп, колдорун кесип жатканын байкабай калышкан. Эгер Аллаху тааланын алдында туруу, Аны сүйгөн пенделерин өздөрүн унутуп койгондой абалга алып келсе, буга эмнеге таң калалы? Момундар да өлүм учурунда Пайгамбарыбызды көрүп, өлүм кыйынчылыгын сезишпейт.

## Окуя: Эс оодарган дары

Олуялардын бири Амир-и Кайстын бут манжасында жуззам (проказа) оорусу пайда болот. Ага кесиш керек деп айтышат. Амири Кайс болсо: «Чечимге баш ийүү кулдуктун шарты», - дейт. Кесишет. Бир нече күн өткөндөн кийин дарт бутуна жайылып, санына чейин жетет. Бул бутту кесиш керек, динибиз да буга уруксат берет дешет.

Дарыгерди чакырышат. Дарыгер: «Бутун кесиш үчүн уктата турган дары бериш керек, антпесе, оорусуна чыдай албайт», - дейт. Анда Амир: «Анчалык убара болуунун кереги жок. Курани каримди жакшы окуган бирөөнү чакыргыла. Куран окусун. Жүзүм өзгөрө баштаганда бутумду кескиле, ошондо мен сезбейм», - дейт. Айтканын аткарышат. Бирөө келип, асем үн менен Куран окуй баштайт. Бир маалда Амирдин жүзү өзгөрөт. Дарыгер ошол замат бутун санынын ортосунан кесет. Кескен жерин кайырып таңат. Ошондо Курани карим окуган адам да токтойт. Амир өзүнө келет да, кестиңерби деп сурайт. Кестик дешет. Ошентип, Амир бутунун кесилгенин, канын токтотуш үчүн кайырып таңганын сезбейт. Анан кесилген бутумду мага бергиле дейт. Беришет. Аны өйдө көтөрүп: «Оо, Жараткан! Берген Сенсиң. Мен болсо Сенин кулуңмун. Өкүмдү да, тагдырды да сен бересиң. Кыямат күнү: «Бир да жолу бир күнөөгө бир кадам койгон белең?» - деп сурасаң - Эч качан Сенин буйругуңсуз бир кадам шилтеп, бир дем алган жокмун - деп айта алам», - дейт.

## Окуя: Намаз үчүн жан аябоо

Бурса шаары Осмон мамлекетине кире электе шаарда жашаган гректердин бирөө жашыруун мусулман болот. Анын абдан жакын досу мунун себебин сурайт:

«Ата-бабаларыңдын дининен кантип баш тарттың?» - деп нааразы болот. Жолдошу маңыздуу түрдө мындай деп түшүндүрөт:

«Бир жолу туткунга түшкөн мусулмандардын бирөөсүн менин жаныма таштапшат. Бир күнү байкасам, камактагы бөлмөдө бир эңкейет, бир турат. Жанына барып, эмне кылып жатканын сурадым. Ал кыймыл-аракетин бүткөн соң колун жүзүнө сүрүп, намаз окуп жатканын жана эгерде мен ага уруксат бере турган болсом ар бир намаз үчүн бир алтын берерин айтты. Мен да акчага кызыгып тоскоол болбодум. Күн өткөн сайын акчасын көбөйттүм. Акыры ар бир убакыт намаз үчүн 10 алтын сурадым. Каршы чыкпай макул деди. Ошондо ибадаты үчүн жан аябастыгына айран таң калдым. Бир күнү - Сени боштондукка чыгарам - дегенимде кубанычы койнуна батпай колдорун көтөрүп мен үчүн минтип дуба кылды:

«Эй, Аллахым! Бул кулуңду ыйман менен сыймыктант!» Мына ошондо ичимде мусулман болуу арзуусу пайда болду жана бул каалоо аябай күчөгөндүктөн, дароо **шахадат калимасын айтып** мусулман болдум».

## Төртүнчү бөлүм

# НАМАЗДЫН ТҮРЛӨРҮ

Мусулмандарга окуулары буйрук кылынган намаздар фарз, важиб жана нафил болуп үчкө бөлүнөт. Булардан:

1- **Фарз намаздар:** Беш маал намаздын фарздары, Жума намазынын эки рекет фарзы жана жаназа намазы фарз намаздарга кирет. (Жаназа намазы - фарз-ы кифайа.)

2- **Важиб намаздар:** Витир намазы, Айт намаздар, адак болгон намаз жана башталып жарымында калган нафил намаздар. Казага калган бир витир намазынын казасын окуу да важиб.

3- **Нафил намаздар:** Беш маал намаздын сүннөттөрү, таравих намазы жана сооп алуу ниети менен окулган тахажжуд, тахиййат-ул масжид, ишрак, духа, аввабин, истихара, таспих намаздары сыяктуу намаздар нафил болуп эсептелет. Башкача айтканда, булар буйрук эмес. Фарз жана важиб намаздардан казасы (карызы) жок адамга нафил ибадаттардан да сооп берилет.

# БЕШ МААЛ НАМАЗ

Намаз - Аллаху тааланын буйругу. Аллаху таала Курани каримде жүздөн ашуун жерде: **«Намаз окугула!» -** деп буюруууда. Акыл-эстүү жана балагатка жеткен ар бир мусулмандын күн сайын беш маал намаз окуусу Ыйык Курани каримде жана хадиси шарифтерде буюрулган.

Рум сүрөсү 17-18-аяттарында: **«Шамда жана таңкы маалда Аллахты эстеп атын айткыла (таспих кылгыла). Жерде жана көктө болгон бардык нерселердин иш-аракеттери, аср жана бешим маалында кылынган шүгүрлөр Аллаху таала үчүн», -** деп айтылган. Бакара сүрөсүнүн 239-аятында **«Намаздарды жана аср намазын коргогула!»** [Башкача айтканда, намаздарды үзгүлтүксүз окугула!] деп буйрук кылынды. Аяттарда айтылган теспе тартуу менен шүгүр кылып мактоо намаз маанисинде колдонулгандыгы тафсир[22] китептеринде билдирилген. Худ сүрөсү, 114-аятта мындай

[22] Курани каримдин маанисин ачыктап түшүндүрүү.

деп берилет: **«Күндүздүн эки тарабында** [бешим жана аср маалдарында] **жана түнгө жакын үч маалда** [шам, куптан жана таңкы убактарда] **талап кылынгандай намаз оку! Чынында, бул хасанат** [беш маал намаздын сооптору, кичине] **күнөөлөрдү жок кылат. Бул ибарат[23] менен ойлонгондор үчүн бир насыйкат».**

Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам мындай дейт: **«Аллаху таала кулдарына күндө беш жолу намаз окууну фарз кылды. Жакшы даарат алып, бул беш намазды убактысы менен окуган жана руку менен саждаларын туура орундагандардын күнөөлөрүн Аллаху таала кечирет».**

Беш маал намаз кырк рекет болот. Булардын ичинен он жети рекети фарз. Үч рекет важиб. Ал эми жыйырма рекети сүннөт. Булар төмөндөгүдөй:

1. **Багымдат намазы:** Төрт рекеттен турат. Алгач эки рекет сүннөтү, андан соң эки рекет фарзы окулат. Бул сүннөт абдан күчтүү. Аны важиб деп эсептеген аалымдар да бар.

2. **Бешим намазы:** Он рекеттен турат. Биринчи төрт рекет алгачкы сүннөт, анан төрт рекет фарзы, фарздан кийин эки рекет акыркы сүннөт окулат.

3. **Аср намазы:** Сегиз рекеттен турат. Алгач төрт рекет сүннөт, анан төрт рекет фарзы окулат.

4. **Шам намазы:** Беш рекеттен турат. Алгач үч рекет фарзы, анан эки рекет сүннөтү окулат.

5. **Куптан намазы:** Он үч рекет. Биринчи төрт рекет алгачкы сүннөтү, анан төрт рекет фарзы, андан соң эки рекет соңку сүннөтү, ал эми андан кийин үч рекет **витир намазы** окулат.

Аср менен куптандын алгачкы сүннөттөрү **(гайри муаккада)** болот. Булардын экинчи рекеттеринде отурганда **«Аттахиййату»**дан кийин **«Аллахумма салли»**, анан **«Аллахумма барик»** дубалары акырына чейин окулат. Өйдө турганда үчүнчү рекетте Бисмиллах[24] айтылбастан **«Субханака»** окулат. Бирок, бешим намазынын алгачкы сүннөтү **«муаккада»** болуп эсептелет. Башкача айтканда, катуу буйрук кылынган, сообу көп. Буларда биринчи отурушта фарздагыдай эле «Аттахиййату» гана окулуп, анан үчүнчү рекет

---

[23] Ошол нерседен сабак алуу менен.

[24] Бисмиллахиррахманиррахим.

үчүн дароо өйдө турулат. Өйдө турганда алгач Бисмиллах айтылып **«Фатиха»** окулат.

Бешим менен куптан намаздарынын фарздарынан кийин төрт рекет, шам намазынын фарзынан кийин алты рекет кошумча окуу мустахаб, сообу көп. Бардыгын бир салам менен же эки рекетте бирден салам берүү аркылуу окуса болот. Эки түрүндө да алгачкы эки рекеттери соңку сүннөт ордуна эсептелет. Бул мустахаб намаздарды соңку сүннөттөн кийин өзүнчө окуса да болот.

Биринчи рекет намазга турганда, ал эми башка рекеттер өйдө турганда башталат жана кайрадан өйдө турганга чейин уланат. Соңку рекет салам бергенге чейин уланат. Жуп рекеттерде экинчи саждадан кийин отурулат.

Ар бир рекетте намаздын фарздары, важибдери, сүннөттөрү, муфсиддери жана макрухтары бар. Кийинки беттерде буларды **ХАНАФИ** мазхабына карата билдиребиз.

## НАМАЗДЫН ФАРЗДАРЫ

Фарз – Аллаху таала аткарылуусун каалаган так буйрук. Бир ибадаттын фарздары орундалмайынча, ал ибадат так, туура аткарылган болуп эсептелбейт. Намаз окуп жатканда он эки шартты орундоо фарз. Булардын жетөө намаздын тышындагы, бешөө ичиндеги фарздар. Тышындагы фарздар **шарттар**, ал эми ичиндегилер **рукун** деп аталат. (кээ бир аалымдар тахрима такбири намаздын ичинде экенин айтышат. Бул пикир боюнча намаздын шарттары да, рукундары да алты болот).

### **А. Намаздын тышындагы фарздары** (шарттары):

1. **Хадастан тазалануу:** Дааратсыз адамдын даарат, ал эми жунуп болгон адамдын гусул алуусу.

2. **Булганычтан тахарат:** Намаз окуган адамдын денесин, кийимин, намаз окуй турган жерин чоң жана майда кирден б.а., динибизде нажас (кир) болуп эсептелген нерселерден тазалоосу. (Мисалы: кан, заара, алкогол сыяктуу заттар динибизде нажас (булганыч) болуп саналат.)

3. **Сатр-и аврат:** Аврат жерлерди жабуу дегенди билдирет. Аврат жерлерди жабуу Аллаху тааланын буйругу. Мукаллаф болгон, б.а., акыл-эстүү, балагатка жеткен адамдын намаз окуп жатканда ачуусу же жалпысынан башка бирөөнө көрсөтүүсү жана башка бирөөнүкүн кароосу да харам болуп эсептелген дене мүчөлөрү **«аврат жерлер»** деп аталат. Эркектин аврат мүчөлөрү киндигинен тизесинин астына чейин. Ал эми аялдыкы жүзү жана колунун билегинен ылдыйкы бөлүгүнөн башка бардык жери аврат.

4. **Истикбал-и кыбла:** Намаз окуп жатканда кыбыланы кароо. Мусулмандардын кыбыласы ыйык Мекке-и мукаррама шаарындагы **Каабанын** турган жери. Башкача айтканда, жерден аршка чейинки боштук кыбыла.

5. **Убакыт:** Намазды маалында окуу. Башкача айтканда, намаз убактысынын келгенин билүү жана окуган намазынын маалын жүрөгүнөн өткөрүү.

6. **Ниет.** Намазга туруп жатканда жүрөгү менен ниет кылуу. Жөн гана ооз менен сүйлөө ниет болуп эсептелбейт. Намазга ниет кылуу ошол намаздын атын, маалын, кыбыланы, жамаат менен окула турган болсо имамга уйууну жүрөк менен тастыктоо болуп саналат. Ниет баштапкы такбир айтылып жатканда кылынат. Такбирден кийин кылынган ниет жараксыз. Ал намаз кабыл болбойт.

7. **Тахрима такбири:** Намазга туруп жатканда **«Аллаху Акбар»** деп айтуу. Бул баштапкы такбирди **ифтитах такбири** деп дагы аташат. Башка сөз айтуу менен такбир болбойт.

## **Б. Намаздын ичиндеги фарздары** (рукундары).

Намазга турганда аткарылуусу керек болгон беш фарз бар. Бул беш фарздын ар бирөө **рукун** деп аталат. Намаздын ичиндеги фарздар төмөнкүлөр:

1. **Кыйам:** Намазды баштаганда жана окуп жатканда тик туруу дегенди билдирет. Өйдө тик тура албаган оорулуу адам отуруп окуйт. Отуруп окуй албаган жаткан жеринен ишара (башын кыймылдатуу) менен окуйт. Отургучка отуруп намаз окууга болбойт.

2. **Кыраат:** Ооз менен окуу дегенди билдирет. Намазда Курани каримден сүрө же аят окуу.

3. **Руку:** Кыраattan кийин колдорун тизеге коюп ийилүү. Рукуда үч жолу **«Субхана раббиаль-азим»**, түзөлүп жатканда **«Сэмиаллаху лимен хамидах»**, түзөлгөндө **«Раббана лакаль-хамд»** деп айтылат.

4. **Сажда:** Рукудан кийин жерге жамынуу дегенди билдирет. Сажда - арка-аркасы менен эки жолу колдорду, маңдай менен мурунду жерге коюп жамынуу. Ар бир саждада жок дегенде үч жолу **«Субхана раббиаль-ала»** деп айтылат.

5. **Када-и ахира:** Соңку рекетте **«Аттахиййату»** окуганчалык отуруу. Муну **соңку отуруу** деп да аташат.

Намаздын маанилүүлүгү жана ибадаттардын эң негизгиси экендиги шарттарынын мынчалык көп болуусунан байкалып турат. Айрыкча, важибдери, сүннөттөрү, мустахабдары, макрухтары, муфсиддери да буларга кошулса, кулдун Жаратканынын алдына кандай чыгуусу, Анын алдында кандай болушу керек экендиги түшүнүлөт. Кулдар алсыз, күчсүз, байкуш макулуктар болуп эсептелишет. Ар бир демде өзүн жараткан Аллаху таалага муктаж. Намаз кулга өзүнүн алсыздыгын билдирген ибадат.

Мына ушул китебибизде жогорудагы маалыматтар кезеги менен түшүндүрүлөт.

## НАМАЗДЫН ШАРТТАРЫ

## 1- ХАДАСТАН ТАЗАЛАНУУ:

Бул бөлүмдө даарат, гусул жана таяммум тууралуу билдиребиз.

## ДААРАТ АЛУУ:

Даарат алуу - намаздын фарзы. Курани каримди кармоо, Каабаны тавaф кылуу, тилават саждасын кылуу, жаназа намазын окуу үчүн да даарат алуу зарыл. Дайыма даараттуу болуунун, төшөккө даарат менен жатуунун, даараттуу тамак жеп-ичүүнүн өтө чоң сообу бар.

**Даараты менен көз жумган адамдарга шейит сообу берилет. Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” айтты:**

**«Дааратымене өлгөн адам өлүм азабын тартпайт. Анткени, даарат ыймандуулуктун белгиси. Намаздын ачкычы, денени күнөөлөрдөн тазалоочусу».**

**«Мусулман даарат алганда күнөөлөрү кулагынан, көзүнөн, колунан жана бутунан чыгат. Отурганда күнөөлөрдөн тазаланган болуп отурат».**

«Амалдардын эң жакшысы - намаз. Момундар гана дайыма даарат алып жүрүшөт. Момун күндүз дааратту жүрүп, түндөсү да даарат алып жатуусу керек. Ошондо ал Аллаху тааланын коргоосунда болот. Даараты бар кезде тамактанган адамдын курсагындагы ичип-жеген тамагы менен суу зикир чалат. Курсагында турган убакыт бою ал адам үчүн истигфар кылат».

Дааратын фарздары, сүннөттөрү, тартиптери жана тыюу салынган, аны бузган нерселери бар. Дааратсыз экенин билип туруп зарылчылыгы болбостон намаз окуган адамдын ыйманы кетет. Намаз окуп жатканда даараты бузулган адам дароо салам берип намазын бүтүрөт. Маалын өткөрбөй кайрадан даарат алып, намазын башынан кайта окуйт.

## Дааратын фарздары

Ханафи мазхабында дааратын төрт фарзы бар:

1. Бетти бир жолу жуу.
2. Эки колду чыканагы менен бирге бир жолу жуу.
3. Баштын төрттөн бир бөлүгүнө масх тартуу, б.а., суу кол менен башты бир жолу сылоо.
4. Эки бутту эки жагындагы кызыл ашыгы менен бирге бир жолу жуу.

Шаафи мазхабы боюнча ниет жана кезек да фарз. Ошондуктан, бетти жууп жатканда ниет кылуу керек. Суу жүзгө тийе электе ниет кылынса даарат туура алынган болбойт. Жүз менен ээктеги сакалды да жуу фарз. Малики мазхабы боюнча делк (жышуу) жана муваалат (дене мүчөлөрүн тынымсыз арка аркасы менен жуу) фарз. Шиилер буттарын жуушпайт, жылаң аяк буттун үстүнөн масх тартышат.

## Даарат кантип алынат?

**(Даарат алып жатканда дуа окуу же ар бир мүчөнү жууп жатканда калимаи шахадат айтуу мустахаб.[25] Арапчасын билбеген адам кыргызчасын окуйт.)**

1. Даарат алып баштоодон мурун төмөнкү дуба окулат: **«Бисмиллахил-азим. Вал хамду лиллахи ала динил-Ислам. Ва ала тавфик-ыл-иман. Ал-хамду лиллахил - лези жеалалмаа тахуран ва жеалал-ислама нуран»**[26]. Анан колдор билектерге чейин үч жолу жуулат.

2. Оң кол менен оозго үч жолу суу берип жатканда төмөнкү дуба окулат: **«Аллахумас-кыни мин хавди набиййика касан ла азмау бадаху абадан»**[27].

3. Оң кол менен мурунга үч жолу суу тартып, сол кол менен чимкирилет. Мурунга суу берип жатканда: **«Аллахумма арихни раихатал жаннати варзукни мин ниамиха. Ва ла турихни раихатан-нар»**[28].

4. Алаканга суу алып, маңдайдан баштап ээктин астына чейин бетти жууп жатканда төмөнкү дуба окулат: **«Аллахумма байййид важхи бинурика йавма табйадду вужуху авлияика ва ла туссаввид важхи би зуниби йавма тасвадду вужуху адаика»**[29].

---

[25] МУСТАХАБ: Бул «мандуб», «адаб» деп да аталат. Суннати гайри муаккада өкүмүндө. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” өмүрүндө бир-эки жолу болсо да аткарган жана сүйгөн, жактырган нерселер. Жаңы төрөлгөн балага жетинчи күнү ат коюу, уул жана кыз бала үчүн акика малын союу, жакшы кийинүү, (эркектердин) жыпар жыт сүрүнүү мустахаб. Буларды аткарган мусулмандарга көптөгөн сооптор берилет. Кылбагандарга азап кылынбайт, шапаатсыз да калбайт.

[26] Азим болгон Аллаху тааланын (аты менен) баштайм. (Бизге) Ислам динин берген жана ыйманды ихсан кылган Аллаху таалага бардык мактоолор болсун. Сууну тазалоочу, Исламды нур кылган Аллаху таалага шүгүр болсун.

[27] Эй, Аллахым! Ичкенден кийин эч качан суусатбай турган хавз-ы набиден мен, кулуңа бир кесе ичир.

[28] Эй, Аллахым! Мага Жаннаттын жытын жыттат жана мени Жаннат ырыскылары менен ырыскыландыр. Тозок жыттары менен эмес.

[29] Эй, Аллахым! Нуруң менен Олуялардын жүздөрүн агартканыңдай (ак кылганыңдай) менин жүзүмдү дагы агарт. Душмандарыңдын жүзү кара болгон күнү мени күнөөлөрүмөн улам жүзүмдү карартпа.

5. Сол кол менен оң колду чыканакка чейин (үч жолу) жууп жатканда: **«Аллахумма атыни китаби бийамини ва хасибни хисабан йасиран»**[30] дубасы окулат.

6. Оң кол менен сол кол чыканакка чейин жуулуп жатканда: **«Аллахумма ла тутини китаби би шимали ва ла мин вараи захри ва ла тухасибни хисабан шадидан»**[31] дубасы окулат.

7. Эки колду тең жуугандан кийин колдор кайрадан жуулат жана ал ным кол менен башка масх тартып жатканда: **«Аллахумма харрим шари ва башари алан-Нар ва азыллани тахта зыллиаршика йавма ла зылле илла зыллу аршика»**[32] дубасы окулат.

8. Андан соң оң жана сол колдун сөөмөйлөрү менен эки кулактын тешиктерин суулап, баш бармак менен кулактын артына масх тартылат жана: **«Аллахуммажални миналлазийна йастамиунал-кавле фе йаттабиуна ахсанах»**[33] дубасы окулат.

9. Алакандын аркасы менен кежигеге масх тартып жатканда: **«Аллахумма атык ракабати минан-Нар»**[34] дубасы окулат.

10. Кежигеге масх тарткан соң, сол колдун чыпалагы менен оң буттун чыпалагынан баштап бут манжаларынын арасын чукулап жуу менен бирге оң бутту үч жолу жууп жатканда: **«Аллахумма саббит кадамаййа алас-сыраты йавма тазиллу фихил-акдаму»**[35] дубасы окулат.

11. Сол бутту үч жолу жууп жатканда бут манжаларынын арасы бул жолу ошол эле сол колдун чыпалагы менен баш бармактан баштап чыпалакка карай жуулат. Сол бут да кызыл ашык менен бирге жуулуп жатканда: **«Аллахумма ла татрут кадамаййа алас-сырати йавма татруду куллу акдами адаика. Аллахуммаж-ал сайи машкуран ва занби магфуран ва амали макбулан ва тижарати лан табура»**[36] дубасы окулат.

---

[30] Эй, Аллахым! Китебимди оң жагымдан бер жана менин сурагымды жеңил кыл.

[31] Эй, Аллахым! Китебимди сол тарабымдан жана аркамдан бербе
Сурагымды оор кылба.

[32] Эй, Аллахым! Денемди жана чачтарымды Тозокко таштаба. Көлөкө болбогон күнү мени Арш-ы аланын көлөкөсүндө көлөкөлөндүр.

[33] Эй, Аллахым! Мени сөз угуп, эң жакшыларын кармагандардан кыл.

[34] Эй, Аллахым! Моюнумду оттон азат кыл.

[35] Эй, Аллахым! Буттар тайгаланган күнү Сыраттын үстүндө буттарымды бекем кыл.

[36] Эй, Аллахым! Душмандарыңдын буттары Сыратта тайгаланган күнү, менин бутумду

Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” айтты: **«Ким эгер даарат алгандан кийин көктү карап «Субханакаллахумма ва бихамдика, ашхаду ан лаа илаха ва илла анта вахдака лаа шарика лака астагфирука ва атубу илайка ашхаду ан лаа илаха иллаллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдука ва Расулука»[37] деген дубаны окуса Аллаху таала анын күнөөлөрүн кечирет жана бул кабыл кылуусун тастыктап, Арш-ы аланын алдында коргойт. Кыямат күнү жогорудагы дубаны окуган адам келип, бул сооптун акысын алат».**

Бир хадиси шарифте: **«Ким эгер даарат алгандан кийин «Инна анзалнаху» сүрөсүн бир жолу окуса ал адамды Аллаху таала сыддыктардан кылып жазат. Эки жолу окуса, шейиттерден кылып жазат. Үч жолу окуса, пайгамбарлар менен бирликте хашр[38] кылынат», -** деп билдирилди.

Башка хадиси шарифте: **«Даарат алгандан кийин ким менин атыма он жолу салату салам окуган болсо, Аллаху таала кайгысын кетирип, дубасын кабыл кылат», -** деп билдирилди.

Билбеген адамдар даарат алып жатканда даарат дубаларын окубаса да болот. Бирок, эң кыска мөөнөттө жаттоолору жана даарат алып жатканда окуулары керек. Абдан сооптуу. Даараттын акырына карай же даарат алып бүткөн соң **«Аллахуммажални минат-таввабин, важални мин-ал-мутетаххирин, важални, мин ибадик-ас-салихин, важални миналлазина ла хавфун алейхим ва лахум яхзенун»** дубасын окуу аябай чоң сооп.

Даарат дубаларын билбеген адам ар бир дене мүчөсүн жууп жатканда **Калимаи шахадат** келтирип, чоң соопко ээ болушу керек.

**ТҮШҮНДҮРМӨ:** Даарат дубалары үчүн **214** жана **215**-беттерди караңыз!

***Акыл-эсиң бар болсо намаз оку, себеби, бакыт таажысы.***
***Сен намазды ушундай бил, ал - момундун Миражы!***

---

тайдырба. Эй, Аллахым! Эмгегимди машкур кыл. Күнөөмдү кечир. Амалымды кабыл кыл. Соодамды халал кыл!

[37] Эй, Аллахым! Сени мактоолорум менен эстеп, таспих жана танзих кылам. Сенден башка илах жок экендигине, бир экендигиңе жана шериксиз экендигиңе, Мухаммед алейхиссалам Сенин кулуң жана Расулуң экендигине шахадат кылам.

[38] Кайра тирилтүү.

## Дааратtын сүннөттөрү

Дааратtын он сегиз сүннөтү бар:

1. Даарат алып баштаганда Бисмиллах айтуу.
2. Колдорду билек менен бирге үч жолу жуу.
3. Оозго кайта-кайта суу алып, үч жолу чайкоо. Бул **«мазмаза»** деп аталат.
4. Мурунга кайта-кайта суу алып үч жолу жуу. Бул **«истиншак»** деп аталат.
5. Каштардын, сакалдын, муруттун астында көрүнбөгөн жерди бет жууп жатканда суулоо.
6. Бет жууп жатканда эки каштын түбүн суулоо.
7. Сакалдын ээктин ыйдый жагындагы бөлүгүн суулап сылоо.
8. Сакалдын ээктин ылдый жагындагы бөлүгүнүн оң колдун ным манжалары менен тароо.
9. Тиштерди бир нерсе менен сүртүп жуу. (Мисвак колдонуу маанилүү сүннөттөрдөн).
10. Баштын ар тарабына бир жолу масх тартуу.
11. Эки кулакка бир жолу масх тартуу.
12. Бириккен үч манжанын сырты менен кежигеге бир жолу масх тартуу.
13. Кол жана бут манжаларынын ортосуна манжа киргизип сүртүп жуу.
14. Жуула турган мүчөлөрдү үч жолу жуу.
15. Бетти жуурда жүрөгү менен ниет кылуу.
16. Кезек. Башкача айтканда, мүчөлөрдү өз кезеги менен жуу.
17. Делк. Башкача айтканда, жуула турган жерлерди жышуу.
18. Мувалат. Ар бир мүчөнү бири биринин артынан ыкчам жуу.

## Дааратtын адептери

## Дааратtын жыйырма сегиз адеби бар:

Адеп - бул жерде аткарылуусу сооп, ал эми аткарылбоосу күнөө болуп эсептелбеген нерселер дегенди билдирет. Ал эми негизинде

сүннөттү кылуу сооп, ал эми кылбоо танзихан макрух. Адептерди мандуб жана мустахаб деп да аташат. Дааратттын адептери булар:

1. Дааратты намаз маалы кире электе алуу. (Кандайдыр бир кечиримдүү себеби бар адамдар намаз маалы киргенде да алса болот).

2. Дааратканага киргенде кыбыланын оң же сол тарапта болуусуна көңүл буруу. Заара кылып жатканда кыбылага маңдайын же аркасын буруу тахриман макрух.

3. Нажасат жукпаган болсо аврат жерди суу менен жуу.

4. Жуунгандан кийин чүпөрөк менен кургатуу.

5. Аврат жерди жуугандан кийин аврат жерди дароо жабуу.

6. Башка бирөөнөн жардам сурабай дааратын өзү алуу.

7. Кыбылага карап даарат алуу.

8. Ар бир дене мүчөсүн жууп жатканда шахадат калимасын айтуу.

9. Даарат дубаларын окуу.

10. Оозуна оң кол менен суу алуу.

11. Мурунга оң кол менен суу алуу.

12. Мурунду сол кол менен чимкирүү.

13. Оозду жууп жатканда тиштерди **мисвак** менен тазалоо. Мисвак жок болсо, щетка да пайдаланса болот.

14. Оозду жууп жатканда, орозо кармабаган болсо чалкалап чайкоо. Башты чалкалатып тамакты чайкоо даараттта да, гусулда да сүннөт. Орозо кармап жатканда чайкоо макрух.

15. Мурунду жууп жатканда сууну сөөккө жакын тартуу.

16. Кулакты жууп масх тартып жатканда бир манжа менен кулак тешигин тазалоо.

17. Буттун манжаларын жууп жатканда сол колдун чыпалагы менен чукуп жуу.

18. Кол жууп жатканда манжадагы кенен шакекти кыймылдатуу. Ал эми тар шакекти ойнотуп кыймылдатуу шарт, фарз болуп эсептелет.

19. Суу көп болсо ысырап кылбоо.

20. Сууну май сүрүп жаткансып аз колдонбоо. (Үч жолу тең жуулган жерден эң аз эки тамчы суу тамчылашы керек).

21. Бир идиштен даарат алган соң ал идишти кайра толтуруп коюу.

22. Даарат бүткөндө же ортосунда **«Аллахуммаж-ални минеттаввабин...»** дубасын окуу.

23. Дааратта кийин «Субха», башкача айтканда, эки рекет намаз окуу.

24. Даарат бар болсо да кийинки намаз үчүн жаңыртып даарат алуу.

25. Бетти жууп жатканда көздүн учундагы чылпактарды тазалоо.

26. Бетти, колду, бутту жууп жатканда фарз болуп эсептелген жерден ашыгыраак жуу. (Колдорду жууп жатканда алаканга суу толтуруп, аны чыканакка карай агызуу).

27. Даарат алып жатканда пайдаланган сууну кийимине, үстүнө чачыратпоо.

28. Өз мазхабында макрух болуп эсептелбеген нерсе башка мазхабда фарз болсо, аны аткаруу мустахаб.

## Даарат учурунда тыюу салынган нерселер

Даарат алып жатканда тыюу салынган он эки нерсе бар. Буларды кылуу харам же макрух. Алар төмөнкү нерселер:

1. Дааратканада, талаада заара ушатып жатканда кыбылага кароо же аркасын багыттоо.

2. Аврат жерин жуу үчүн башка бирөөнүн жанынды аврат жерин ачуу харам.

3. Оң кол менен аврат жерин жуубоо керек.

4. Суу жок жерде азык зат, тезек, сөөк, мал жеми, көмүр же башка бирөөнүн оокаты, чопо, керамика бөлүгү, камыш жана жалбырак, кездеме, кагаз менен аврат жерди тазалоо макрух.

5. Даарат алган идишке түкүрбөө жана чимкирбөө керек.

6. Даарат учурунда жууган мүчөсүн талапталган чектен ашык же кем, үчтөн аз же көп жуубоо керек.

7. Даарат мүчөсүн аврат жерин кургатканда колдонулган чүпүрөк менен кургатпоо.

8. Бетти жууп жатканда сууну жүзгө урбастан, маңдайдын үстүнөн ылдый көздөй жүгүртүү керек.

9. Сууну үйлөбөө.

10. Оозду жана көздөрдү бекем жумбоо. Эриндин көрүнүп турган бөлүгүндө жана сурмасында нымдалбаган кичине жер калса даарат кабыл болбойт.

11. Оң кол менен чимкирбөө керек.

12. Башты, кулактарды же кежигени болсун ар бирине колду бөлөк-бөлөк нымдабоо жана бирден артык масх тартпоо керек. Ар бир жолкусун нымдабастан эле кайталоого болот.

## МИСВАК КОЛДОНУУ:

Даарат алып жатканда мисвак колдонуу муаккад сүннөт. Бир хадисте мындай деп айтылат: **«Мисвак колдонулуп окулган намаз, мисваксыз окулган намаздан жетимиш эсе жогору».**

**«Сираж-ул-ваххаж»** аттуу китепте мисвак колдонуунун он беш пайдасы бар экендиги билдирилет:

1. Өлүм учурунда шахадат калимасын айтууга себеп болот.
2. Тиштин бүлөлөрүн күчтөндүрөт.
3. Какырыкты жумшатат.
4. Зарнаны токтотот.
5. Ооздогу жараларды айыктырат.
6. Ооздогу жытты жоготот.
7. Аллаху таала мисвак колдонгон адамдан ыраазы болот.
8. Башкы тамырларды күчтөндүрөт.
9. Шайтан азап тартат.
10. Көздөр нурданат.
11. Соопчулук менен жакшылыктары көп болот.
12. Сүннөткө ылайык амал кылган болот.
13. Оозу таза болот.
14. Фасих-ул-лисан, б.а., жакшы сүйлөйт.
15. Мисвак колдонулуп окулган эки рекет намаздын сообу мисваксыз окулган жетимиш рекет намаздын сообунан көп болот.

Мисвак – Аравияда өскөн «эрак» деген дарактын талы. Түз учунан эки сантиметрдей кабыгы аарчылып, бир нече саат суугa салынат. Анан жумшарганда щетка сыяктуу ачылат. Эрак дарагы жок болсо, зайтун (олива) дарагынын талынан жасалат. Аялдар мисвактын ордуна мисвак колдонуу сүннөтүнө ниет кылуу менен сагыз колдонуулары керек.

## Даарат алып жатканда көңүл бурулуусу керек болгон жагдайлар

Зарылчылыгы жок болсо, төмөндөгү он нерсеге баш ийүү керек:

1. Эки колу тең чолок адам аврат жерин жууй албайт. Колдорун топуракка, жүзүн дубалга сүртүп таяммум алат. Жүзүндө да жара бар болсо, намазды дааратсыз окуйт. Намазын таштабайт.

2. Оорукчан адамга жубайы, кызматчысы, балдары, бир туугандары даарат алдырат.

3. Суу жок болсо анын ордуна таш же бул сыяктуу нерсе менен аврат жерин тазалай алат.

4. Кем акыл же эсин жоготкон адам жыйырма төрт сааттын ичинде эсине келбесе, өзүнө келгенде намаздарынын казасын окубайт. Алкоголдук ичимдик, наркотик, дары колдонуудан улам эсин жоготкон адам бардык намаздарынын казасын окуйт. Төшөктө жатып, башы менен ишара кыла албагыдай даражада оорусу жыйырма төрт сааттан ашуун уланган адам үчүн, акыл-эси ордунда болсо дагы намаздын өкүмүнөн азат болот.

5. Дааратканага кирүү үчүн атайы шалбар кийүү, баш кийим кийүү мустахаб.

6. Дараатканага кирип жатканда колунда Аллаху тааланын ысымы жана Курани карим жазылган бир нерсе болбошу керек. Болсо дагы бир нерсеге оролуу же чөнтөктө болушу керек.

7. Дааратканага сол бут менен кирип, оң бут менен чыгуу керек.

8. Дааратканада уят жерин ылдый отурганда ачып, сүйлөбөө керек

9. Аврат жерди жана булганычты карабоо, дааратканага түкүрбөө зарыл.

10. Эч бир сууга, мечит дубалына, мүрзөгө жана жолго заара ушатпоо керек.

## Дааратты бузган нерселер

Жети нерсе дааратты бузат. Алар төмөнкүлөр:

1. Алдыдан жана аркадан чыккан нерселер:

а. Чоң жана кичине заара ушатуу, жел чыгаруу.

б. Клизма жасоо. Клизма каражатынын учу жана адамдын манжасы аркадан чыгарылганда ным болсо бузулат. Кургак болсо кайрадан дааратты жаңыласа жакшы болот.

в. Эркектердин жана аялдардын суюктук чыгып кетпеси үчүн алдыңкы жагына койгон кебездин сыртта калган учу ным болсо бузулат.

2. Ооздон чыккан кир нерселер:

а. Кусунду ооз толо болсо.

б. Түкүргөндө кан түкүрүктөн көп болсо.

в. Ашказан жана өпкөдөн келген суюк кан аз да болсо Имам Азам боюнча дааратты бузат.

г. Кулакка тамчылатылган дары ооздон чыкса даарат бузулат.

3. Териге чыккан нерселер:

а. Кан, ириң же сары суу өзүнчө чыкса.

б. Суу чечек жана сыздооктон чыккан кан жана сары суу гусулда жуулушу керек болгон жерлерге жайылып кетсе, мисалы, мурундан келген кан сөөктөн өтсө, кулактан келген кулак тешигинен чыкса.

в. Сыздооктон жана жарадан чыккан кан менен сары сууну кебез менен эмсе.

г. Мисвак же тиш чукугучтагы кан оозго жукса.

д. Кулак, киндик же эмчектен оорудан улам суюктук чыкса.

е. Сүлүк (фиалка) көп кан эмсе даарат бузулат.

4. Уктоо: Капталдап, чыканактап же болбосо бир нерсеге жөлөнүп уктаса даарат бузулат.

5. Эстен тануу, акыл-эсин жоготуу, басып баратканда темтеңдегенчелик мас болуу дааратты бузат.

6. Руку жана саждалары бар намазда каткырып күлүү намазды да, дааратты да бузат. Бирок, баланыкы бузулбайт. Намазда жылмаюу намазды да, дааратты да бузбайт. Жанындагылар укса каткыруу болот. Өзү укпаса жылмаюу болот.

7. Мубашарат-и фахише б.а., аял менен эркектин жылаңач аврат жерлери бири бириникине тийсе эркектин да, аялдын да даараты бузулат.

Даарат алганын билип, кийин бузулуп же бузулбагандыгынан күмөн санаса даарат бар болуп саналат. Ал эми даараты бузулгандыгын билип, кайра даарат алып албагандыгынан шек санаса даарат алуусу керек болот.

## Дааратты бузбаган нерселер

Төмөнкү нерселер дааратты бузбайт:

1. Ооз, кулак жана теридеги жарадан чыккан курттар.
2. Какырык кусуу.
3. Кан кусканда алгач келген кан түкүрүктөн аз болсо.
4. Тиштен аккан кан түкүрүктөн аз болсо.
5. Баштан келген коюу кан көп болсо дагы.
6. Ашказан, өпкөдөн келген коюу кан оозду толтурбаса.
7. Кулакка тамчылатылган дары кулактан же мурундан чыкса.
8. Мурунга кирген нерсе бир нече күндөн кийин кайра чыкса.
9. Тиштеген нерсенин үстүндө кан көрсө.
10. Оорусуз, кандайдыр бир себептен улам (ыйлоо жана пияз, түтүн же газдын таасири менен) көздөн жаш акса.
11. Аял баласын эмизгенде.
12. Көп тердесе да.
13. Чымын, чиркей, кене, жыгач бити сыяктуу курт-кумурскалар көп чакса да.
14. Аз болуп жайылбаган кан же оозго толбогон кусунду.
15. Уйку кезинде таянып турган нерсени тартып алганда жыгылбаса.
16. Намазда уктоо.
17. Тизелерин чокчойтуп, башын тизеге коюп уктоо.
18. Буттарын бир капталга буруп, жерге отуруп уктаса.
19. Жылаңач (ээр ж.б. токулбаган) малдын үстүндө уктаса, мал жонго чыгып же түз жерде кетип бара жатса.
20. Намазда жылмаюу.
21. Намаз окуп жатканда күлүп, күлгөнүн өзү гана укса дахк деп аталат. Бирок, дахк бир гана намазды бузат.
22. Чач, сакал, мурут жана тырмак алуу.
23. Жаранын карты сыйрылса даарат бузулбайт.

## Даарат үчүн жеңилдиктер
## (Маасы жана жаранын үстүнө масх тартуу)

«Масх» сөзү сылоо дегенди билдирет. Эки түрдүү масх бар:

# 1. МААСЫНЫН ҮСТҮНӨ МАСХ ТАРТУУ:

Маасы - буттун жуулушу фарз болуп эсептелген бөлүгүн камтыган суу өткөрбөс бут кийим. Маасы кенен болуп, бармактар учуна жетпей, масх бош жерге келсе, туура болбойт. Маасы бир саат жол жүргөндө, буттан чыкпай тургудай бекем жана бутка дал келүүсү керек.

Таманы менен үстү же таманы гана тери менен капталган байпактын үстүнөн масх тартууга болот.

Калың, бекем жана катуу болгон, басканда буттан ылдый шыпырылбаган байпактын үстүнөн масх тартууга да болот.

Маасылар дааратсыздыктын бутка өтүүсүнө тоскоол болот. Бут жуулгандан кийин маасыны кийип, андан соң даарат алууга болот.

Масх маасынын үстүнө тартылат. Маасынын астына масх тартылбайт.

Сүннөткө ылайык масх тартуу үчүн оң колдун ным беш манжасы оң маасынын үстүнө, ал эми сол колдун манжалары сол маасынын үстүнө узатасынан жабыштырылып, бут манжаларынан баштап, жогору көздөй сүртүлөт. Алакан маасыга тийбейт. Масхтын үч манжа энинде жана боюнда болуусу фарз.

Масхты колдун аркасы менен кылуу мүмкүн болсо да, ич тарабы менен кылуу сүннөт.

Ным чөптүн үстүндө басуу аркылуу же жамгыр менен маасынын үстү суу болсо масх катары саналат.

Маасынын үстүнө масх мөөнөтү мукимдер (жергиликтүү тургундар) үчүн жыйырма төрт саат. Сафарда жүргөндөр үчүн (жашаган жеринен 104 км. алыстаган, Ханафи мазхабы боюнча барган жеринде 15 күн, ал эми Шаафи жана Малики мазхабдары боюнча 4 күндөн аз кала турган адам) үчүн 3 күн, 3 түн б.а., 72 саат. Бул мөөнөт маасыны кийгенден кийин эмес, даараты бузулган кезде башталат. Маасы кийген адам даараты бузулгандан 24 саат өтө электе сапарга чыкса, бул маасыга 3 күн, 3 түн масх тарта алат. Сапардан кайра кайтканда (муким болсо), 24 саат өтсө, маасыларын чечип, буттарын жууп кайрадан даарат алат.

Буттун үч манжасы баткыдай жыртыгы бар маасынын үстүнө масх тартуу туура эмес. Жыртык мындан кичине болсо масх тартууга болот. Маасынын бир нече жеринде майда жыртыктар

чогултулганда үч манжага барабар болсо анын үстүнөн масх тартуу туура эмес. Бир маасыда эки манжа, түгөйүндө эки же бир манжа көрүнө турган жыртык бар болсо алардын үстүнөн масх тартууга болот. Масх тартууга жол бербеген жыртык үч манжанын учун гана эмес толугу менен көрсөткөн жыртык саналат.

## 2. ЖАРА ЖЕ БИНТТИН ҮСТҮНӨ МАСХ:

Жаранын, сыздооктун, теридеги жарык же кесиктердин үстүнө же ичине коюлган кебез, дары, бинт, лейкопластырь, вата жана башка ушул сыяктуу нерселерди чечип чыгарылуусу жарага зыян бере турган болсо үстүнөн масх тартылат.

Үзүрлүү (кечиримдүү сыркоосу,себеби) болгон адам каалаган учурда даарат алат. Алган даараты менен каалаганча фарз жана нафил намаз, Курани карим окуйт. Намаз маалы өткөн соң даараты бузулган болот. Ар бир намаз убактысы киргенден кийин жаңыдан даарат алып, бул убакыт чыкканга чейин бардык ибадатын кылат.

Үзүрлүү болуу үчүн дааратты бузган нерсенин туруктуу түрдө бар болушу керек. Башкача айтканда, намаз маалы учурунда даарат алып, ошол намаздын фарзын гана окуганча даараатын сактай албаган адам үзүрлүү болуп эсептелет. Бул адамдын үзүрүнө себеп болгон нерсе кийинки ар намаз маалында бир жолу бир аз акса, анын үзүрү уланган болот.

## ГУСЛ (Толук жуунуу)

Намаздын туура болушу үчүн даарат менен гусулдун туура болуусу абзел. Жунуп болгон ар бир аял менен эркектин, ошондой эле, хайздан (этек кир) жана нифастан (төрөттөн кийинки эң көп кырк күн улана турган кан) тазаланган аялдардын намаз маалынын акырында, ал намазды окуй тургудай мөөнөт калганда гусул алуусу фарз болот. Жунуптук жима (никелүү эркек менен аялдын жыныстык катнашы) же ихтилам (уйкуда жунуп болуу) менен болот.

Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” хадиси шарифте мындай дейт: : **«Гусул алуу үчүн ордунан турган адамга үстүндөгү кыл санынан (б.а., абдан көп) көп сооп берилет. Ошончолук күнөөсү кечирилет. Бейиштеги даражасы жогорулайт. Гусулу**

**үчүн ага бериле турган сооп дүйнөдөгү бардык нерседен кайырлуу. Аллаху таала периштелерге: «Бул кулумду карагыла! Түнүчүндө эринбей туруп, менин буйругумду ойлоп, жунуптуктан гусул алып жатат. Күбө болгула, бул кулумдун күнөөлөрүн кечирдим», -** деп айтат».

Башка бир хадиси шарифте: **«Кирдегенде дароо гусул алгыла! Анткени, Кирамен катибин периштелери жунуп жүргөн адамга таарынышат», -** деп айтылат. Имам Газали “рахметуллахи алейх”: «Түшүмдө бирөө келип ушундай деди: «Бир нече мезгил жунуп бойдон жүрдүм. Ал эми азыр үстүмө оттон көйнөк кийгизишти. Алиге дейре жалын ичиндемин» - дейт». Дагы бир хадиси шарифте: **«Жандуу сүрөт, ит жана жунуп адам бар болгон үйгө рахмат периштелери кирбейт», -** деп айтылган.

Намаз окуган же окубаган адам бир намаз маалын жунуп бойдон өткөрсө, абдан оор азап тартат. Суу менен жуунуга мүмкүнчүлүгү жок болсо таяммум алуусу керек. Жунуп болгон адам төмөнкү нерселерди аткара албайт: 1. Эч бир намазды окуй албайт. 2. Курани карим жана аяттарына кол тийгизе албайт. 3. Каабаны таваф кыла албайт. 4. Мечитке кире албайт.

## Гусулдун фарздары

Ханафи мазхабында гусулдун үч фарзы бар:

1. **Ооздун ичин жуу.** Ооздун ичинде ийненин учундай да сууланбай калган жер калган болсо, тиштин үстү же тиштин тешиги сууланбай калса гусул алынган болуп эсептелбейт.

2. **Мурунду жуу.** Мурундагы кургак кирдин астына же ооздогу чайналган нандын астына суу кирбесе гусул кабыл болбойт. Ханбали мазхабында ооз менен мурунду жуу дааратта да, гусулда да фарз. Ал эми Шаафи мазхабында гусулда ниет кылуу фарз.

3. **Дененин бардык жагын жуу.** Киндиктин ичин, мурут, каш, сакалды жана алдындагы терини, чачты жуу фарз. Тырмак, эрин, көз сурмасы же дененин кайсы бир бөлүгүндө суу өткөрбөгөн заттар болсо (тырмактагы лак), гусул алынган болуп эсептелбейт.

## Гусулдун сүннөттөрү

1. Алгач колдорду жуу.
2. Жыныстык мүчөлөрдү жуу.
3. Денедеги бардык кирден тазалануу.
4. Гусулдан мурун даарат алуу, бетти жууп жатканда гусулга ниет кылуу. Шаафи мазхабында ниет кылуу фарз.
5. Тулку-бойду үч жолу жышып жуу.
6. Денени толугу менен жуугандан кийин эки бутту жуу.

## Гусул кантип алынат?

Сүннөткө ылайык гусул мындайча алынат:

1. Адегенде таза болсо дагы эки колду, жыныстык мүчөлөрүн жана денедеги кирдүү жерлерди жуу керек.
2. Андан соң толугу менен даарат алып, бетти жууп жатканда гусулга да ниет кылуу керек. Буттун астында суу чогулбаса бутту да жууш керек.
3. Денеге баштан аяк суу төгүү шарт. Алгач үч жолу башка, кийин оң ийинге, кийин сол ийинге төгүү керек. Ар суу төгүштө ошол тарап толугу менен сууланыш керек. Сууну биринчи төгүшүндө жышынуу зарыл.

Гусулда бир мүчөгө куюлган суу башка мүчөлөргө да акса, ал жак да тазаланат. Анткени гусулда дене толугу менен бир мүчө катары саналат. Даарат алып жатканда бир мүчөгө төгүлгөн суу менен башка мүчө сууланса, ал мүчө жуулган болуп эсептелбейт. Гусул бүткөндө кайрадан даарат алуу макрух, бирок, гусул алып жатканда даарат бузулса, жаңыдан алыш керек болот.

## ТҮШҮНДҮРМӨ: (Пломба жана капталган тиши барлар)

Ханафи мазхабында тиштердин арасы жана тиштин тешиктери сууланбаса гусул толук болбойт. Ошондуктан, тиш каптатканда же пломбалатканда гусул дааратЫ толук болбойт. Адам жунуптуктан тазаланбайт. Алтын, күмүш жана кир болуп эсептелбеген башка

заттардан жасалган каптамалардын астына суу кирбесе, Ханафи мазхабындагы аалымдардын бардыгынын билдирүүлөрү боюнча гусул дурус болбойт.

Тахтави **«Маракыл фалах»** аттуу китебинин 96-чы бетинде жана ошондой эле, мунун котормосу **«Нимат-и Ислам»** аттуу китебинде мындай деп жазылат: «Бир Ханафинин өз мазхабы боюнча жасай албаган бир ишти аткаруу үчүн Шаафи мазхабын таклид кылса болот, б.а., ошол мазхабдын өкүмдөрүн пайдалана алат. **«Бахр-ур-раик»** жана **«Нахр-ур-фаик»** китептеринде дагы ушундай жазылган. Бирок, бул учурда ал мазхабдын шарттарын да орундоо керек. Хараж кыйынчылыксыз жана ал мазхабдын шарттарына ылайык эмес түрдө таклид кылынса **мулаффик** деп аталат, ал чогултуучу дегенди билдирет. Бул туура эмес, б.а., буга уруксат берилбейт.

Өз мазхабындагы бир фарзды орундай албаган адамдын ошол гана фарзды аткаруу үчүн башка мазхабды таклид кылуусу (кармануусу) зарыл. Бирок, бул учурда таклид кылып жаткан мазхабдын шарттарын да орундоосу керек. Тишин пломбалаткан же каптаткан Ханафи мазхабындагы адам Малики же Шаафи мазхабын кармануу үчүн гусулда, дааратта, жана намазда ниет келтирип жатканда Имам Малик же Имам Шаафиге уюгандыгын эстөөсү жетиштүү болот. Башкача айтканда, гусул алып баштаганда, **«Малики (же Шаафи) мазхабы боюнча гусул алууга ниет кылдым»** деген сөздү жүрөгүнөн өткөргөн адамдын гусулу туура болот. Тишин пломбалаткан же каптаткан Ханафи мазхабындагы адам жогорудагыдай ниет кылганда гусулу туура болот. Жунуптуктан кутулат, тазаланат. Малики же Шаафи мазхабын таклид кылганда даараты жана намаздары да туура болот. Тишин каптатпаган жана пломбалатпаган адамдарга да имамдык кыла алат.

Шаафи мазхабын таклид кылган адамдын имамдын артынан Фатиха сүрөсүн окуусу, өзүнүн же башка бирөөнүн жыныстык мүчөлөрүнө алаканы менен тийүүсү, нике менен алуусу харам болуп эсептелген он сегиз аялдан башка аялдын денесине өзүнүн денеси тийсе даарат алуусу, даараткa ниет кылган болуусу жана аз да болсо кирден качуусу керек. Курани каримди колго алаардан мурда Шаафи мазхабы боюнча даараттуу болуу зарыл. Ханафи мазхабындагы

сапардагы бир адамдын Шаафи мазхабын таклид кылып бешим менен аср, шам менен куптан намаздарын бириктирип (жам кылып) окуу үчүн Шаафи мазхабына ылайык даараттуу болуусу керек.

## Аялдардын хайз жана нифас абалдары

Гусулдун он бир түрү бар. Бешөө фарз. Алардын ичинен экөө аялдын хайз (этек кири) жана нифасы бүткөндө алына турган гусул.

Ибни Абидин **«Манхал-ул-варидин»** аттуу китебинде мындай деп жазат: «Ар бир аял жана эркек мусулмандын илмихал[39] үйрөнүүсү фарз экендигин дин аалымдары бир добуш менен билдиришти. Ар бир мусулман аялдын хайз жана нифас маалыматтарын үйрөнүүсү фарз. Ар бир мусулман эркек үйлөнөр мезгилинде хайз жана нифас тууралуу маалыматтарды үйрөнүүсү зарыл. Үйлөнгөндө жубайына да үйрөтүшү керек.

**Хайз** сегиз жашын бүтүрүп, тогуз жашына кирген, ден соолугу чың кыздан же **менструациясынын** акыркы мүнөтүнөн он беш күн өткөн аялдан жок дегенде үч күн бою келген кан. Актан башка бардык түстөгү кан хайз каны деп аталат. Бир кыз хайз көрө баштаганда балагатка, бойго жетет жана аял даражасына кирип, диндин буйрук жана тыюуларынан жооптуу. Кан келген учурдан токтогон күнгө чейинки күндөр **хайз мезгили** катары саналат. Бул мезгил эң аз үч, эң көп он күнгө чейин уланат. Ар бир аял өзүнүн хайз күндөрүнүн санын жана саатын билүүсү керек. Сегиз жашына толгон кызга апасы, апасы жок болсо, чоң апа, эже жана таэжелеринин хайз жана нифас илимин айтып үйрөтүүлөрү фарз.

**Нифас** - төрөттөн кийин келген кан. Бул кандын эң аз деп эсептелген мөөнөтү жок. Кан токтоору менен дароо гусул алуу керек. Эң көп кырк күнгө созулат. Кырк күн толгондо кан токтобосо да гусул алып намаз окуй баштайт. Кырк күндөн кийин келген кан истихаза (б.а., үзүр) болуп саналат. Аялдардын нифас күндөрүн жатка билүүлөрү керек.

**Истихаза** (үзүр каны) үч күндөн, б.а., жетимиш эки сааттан беш мүнөт аз болсо да жана жаңы башталгандарда он күндөн ашык уланат. Жаңы башталбагандардыкы хайздан узун болуп, он күндөн

---

[39] Кот. : Ар бир мусулмандын ыйман, ибадат жана ахлак тууралуу билүүсү керек болгон маалыматтар.

ашат. Кош бойлуу, элүү беш жаштан өткөн (айисе абалындагы) аялдардан, тогуз жаштан төмөндөгү курактагы кыздардан келген кан болуп эсептелет. Бул кан кандайдыр бир оорунун белгиси. Бир топ күнгө чейин келүүсү коркунуч туудуруп, дарыгерге барууну талап кылат.

Истихаза күндөрүндө аял мурду көп канаган адам сыяктуу бул абалда да намаз окуп, орозо кармай алат.

Хайз жана нифас абалындагы бир аял намаз окубайт жана орозо кармабайт. Тилават жана шүгүр саждасын кылбайт. Курани карим кармай албайт. Мечитке кире албайт.

Каабаны таваф кыла албайт. Жыныстык катнашта боло албайт. Тазаланганда орозолорунун казасын кармайт, бирок, намаздарынын казасын окубайт. Аялдар хайзынын башталгандыгын күйөөсүнө билдириши керек. Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам": **«Хайзы башталгандыгын жана бүткөнүн күйөөсүнөн жашырган аял малун (лаанатка калган)», -** деп айткан. Хайз жана нифас токтогондо дароо гусул алып, жуунуу фарз. Бул Аллаху тааланын буйругу.

Никенин кетүүсү б.а., ажырашууга себеп болгон бир топ сөз бар. Ыймандын кетүүсүнөн коркуу сыяктуу эле никенин кетүүсүнөн коркуу керек. **«Там илмихал»** китебинин 585-бетин караңыз!

**Аллаху *таала өчүн кул менен алат.***
***Билбеген (илм-и ладунни) аны кул кылды деп ойлойт.***
***Бардык нерсе Халыктыкы (Аллахтын), кул аны аткарат.***
***Амр-и Бари болбос*тон, бир чөп учу кыймылдабайт!**

## ТАЯММУМ

Таяммум топурак менен тазалануу дегенди билдирет. Даарат же гусул алуу үчүн суу табылбаса, болсо да колдонууга мүмкүн болбогон абалдарда таза топурак, кум, аки жана таш сыяктуу топурак түрүнө кирген таза нерсе менен Ханафи мазхабы боюнча убактысы кире электе таяммум алууга болот. Башка үч мазхабда убакыт кире электе таяммум алуу туура эмес.

Таяммум даарат жана гусул үчүн жеңилдик болуп саналат. Динибизде топурак менен таяммум алуу суу менен тазалануу сыяктуу. Динибиз көптөгөн кирдин топурак аркылуу тазалоо мүмкүн экенин ачык түрдө билдирет.

Таяммумду керек кылган негизги абалдар төмөнкүлөр:

1. Даарат жана гусул үчүн таза суу табылбаса (шаарда дайыма суу издөө фарз).

2. Суу колдонууга тоскоол болгон оору, суу колдонсо суукtan өлүү же сыркоолоо коркунучу бар болсо.

3. Суунун жанында душман же жапайы-жырткыч, уулуу жаныбар болсо.

4. Абакта суу колдонуу мүмкүнчүлүгү болбосо.

5. Өлүм менен коркутулса.

6. Жол жүрүп, жанында иче турган суусунан башка суунун жок болушу.

7. Кудуктан суу чыгаруу мүмкүнчүлүгүнүн жок болушу.

## Таяммумдун фарздары

Таяммумдун үч фарзы бар: даарат алуу үчүн жана гусул алуу үчүн таяммум бирдей орундалат. Бирок ниеттери башка. Даарат үчүн кылынган таяммум гусул үчүн эсептелбейт. Бир эле таяммумдун гусул үчүн да кабыл болушу үчүн гусул үчүн да ниет кылуу керек.

1. Ниет кылуу. 2. Эки колдун ичин таза топуракка сүртүп, бетке толугу менен масх тартуу (сылоо). 3. Колдорду таза топуракка чаап, алгач оң, кийин сол колго масх тартуу.

Таяммумдун эки фарзы бар дегендер экинчи жана биринчи фарзды бир фарз катары эсептешет. Эки түрү тең туура.

## Таяммумдун сүннөттөрү

1. Бисмиллах менен баштоо.

2. Топуракка алакандын ичин коюу.

3. Алаканды топурактын үстүндө ары-бери сүртүү.

4. Алаканда топурак бар болсо, топурак калбаганга чейин эки колдун баш бармактары менен бири бирине кагуу.

5. Колдорду топуракка коюп жатканда манжаларды ачуу.

6. Адегенде бетке, кийин оң колго, андан соң сол колго масх тартуу.

7. Даарат сыяктуу бат-бат кылуу.

8. Колдордо жана жүздө масх тартылбай калган жер калтырбоо.

9. Таяммумдан мурда суунун бар экендигинен үмүт кылган болсо аны издөө.

10. Колдорун күч менен уруп топуракка коюу.

11. Колдорго жогоруда баяндалган түрдө масх тартуу.

12. Манжалардын арасына масх тартуу жана муну кылып жатканда шакегин кыймылдатуу.

## Таяммумда көңүл буруу керек болгон жагдайлар

1. Дааратсыз бир адам шакиртине көрсөтүү максатында таяммум алса, аны менен намаз окуй албайт.

2. Таяммум менен намаз окуу үчүн жалгыз таяммумга гана эмес, намазга дагы ниет кылуу керек.

3. Бир топурактан бир нече адам таяммум ала алат. Анткени таяммум үчүн пайдаланылган топурак жана ушул сыяктуу нерселер колдонулгандан кийин кир болуп эсептелбейт. Таяммумдан кийин колдон, беттен күбүлгөн чаң кир болуп саналат.

4.Шаафи жана Ханбали мазхабдарында таяммум топурак менен гана кылынат. Ал эми башка мазхабдарда топурак түрүнө кирген бардык таза зат менен үстүндө чаңы жок болгонуна карабастан таяммум алууга болот. Күйүп күл болгон же ысыкта эриген нерселер топурак түрүнө кирбейт. Ошондуктан, дарак, чөп, тактай, темир, күрүч, майлуу боёк менен сырдалган дубал, жез, алтын, айнек менен таяммум алууга болбойт. Кум менен болот. Бермет, маржан менен болбойт. Аки жана гипс менен жуулган мрамор, цемент, лаксыз фарфор идиш, лаксыз фаянс, ылай менен болот. Бирок, ылайдын суусу жарымынан аз болгон учурда гана таяммум алынат.

5. Бир таяммум менен бардык намазды окуу мүмкүн.

6. Сапардагы адам кандайдыр бир белгилер менен же акыл-эси ордунда, балагатка жеткен чынчыл мусулмандын кабар берүүсүнөн улам эки километрден жакын жерде суу бар экенине көбүрөөк ишенсе, бардык тарапка эки жүз метрден барып же бирөөнү

жиберип издөөсү фарз болот. Бар экенинен үмүтү аз болсо сууну издөөсүнүн кажети жок.

7. Кимдир бирөө суу сурабастан таяммум алып намазга турса, анан жанындагы чынчыл адамдан суунун бар экендигинен кабар алса даарат алып намазын кайра окуйт.

8. Эки километрден алыста суу бар болсо таяммум менен намаз окууга мүмкүн.

9. Оокаттарынын арасында суу бар экенин унуткан адам айылда же шаарда болбосо, таяммум менен намаз окуса болот.

10. Суу жок деп ойлогон адам намаздан кийин суунун бар экенин көрсө таяммум менен окуган намазын кайрадан окуйт.

11. Сапардагы адамдын жанындагы адамдардан суу суроосу важиб. Эгер алар суу беришпесе таяммум менен окуйт. Шериги сууну базар баасына сатса, ашык акчасы бар сапардагы адамдын аны сатып алуусу керек. Ээси сууну базар баасынан эки эсе кымбат сатса, намазын таяммум менен окуса болот. Базар баасы менен сатып алгыдай ашык акчасы жок болсо дагы да таяммум алат.

12. Чөлдө, жолдо ичүү үчүн гана суу калса таяммум алууга болот.

13. Суу аз болсо, жунуп болгон адам хайз болгон аялдан, даaратсыз адамдан жана маркумдун сөөгү жуулуудан мурда жуунууга акысы бар. Суунун ээси башкалардан мурда жуунат. Кожоюндары бөлөк-бөлөк болгон суулар топтолгондо алгач маркум жуулат.

14. Жунуп адам таяммум алгандан кийин даараты бузулса, жунуп болбойт.

15. Жунуп болгон адамдын денесинин жарымынан көбүнө жара, сыздоок же суу чечек чыкса таяммум алат. Ал эми терисинин көпчүлүк бөлүгү соо, жаралуу жерлерге суу тийгизбей жуунуу мүмкүн болсо гусул алат. Бирок, жараларына суу тийгизбей жуунуу мүмкүн болбосо таяммум алат.

## Таяммум кантип алынат?

1. Алгач жунуптуктан же даaратсыздыктан тазалануу үчүн ниет кылынат.

Таяммум менен намаз окуу үчүн таяммумга гана ниет келтирүү жетишсиз болот. Ибадат болуп эсептелген бир нерсени, мисалы, жаназа намазын, тилават саждасын кылуу үчүн же даарат, гусул алуу үчүн таяммум алууга ниет кылуу керек.

Таяммумда даарат менен гусул үчүн өзүнчө-өзүнчө ниет кылуу шарт. Жунуптуктан тазалануу үчүн ниет кылынган таяммум менен намаз окулбайт. Даарат үчүн экинчи жолу таяммум алуу зарыл.

2. Эки жеңи чыканагынан өйдө түрүлүп, эки колдун ичин (алаканды) таза топуракка, ташка же акталган дубалга сүртүп, жок дегенде үч манжасын тийгизип, эки алаканы менен жүзүнө бир жолу масх тартылат. Алаканы бетиндеги ийне учундай жерге тийбесе таяммум алынган болбойт.

Бетке толугу менен масх тартуу үчүн алакандар ачык, төрт манжа бири-бирине жабышкан абалда болот. Анан эки колдун узун ортон манжаларынын учтары бири-бирине тийгизилип алакандын ичин чачтын бүткөн түбүнө коюп, ээкти карай акырын түшүрүлүп сыланат. Манжалар туурасынан болгон абалда маңдай, сурма, мурундун эки тарабы, эриндин үстү жана ээктин бет бөлүгү жакшылап сыланышы керек. Бул маалда алакандын ичи (манжалар эмес ортосу) жаакты сылайт.

3. Эки алаканды кайрадан топуракка сүртүп, бири бирине кагып, топурактын чаңы силкилет. Андан соң сол колдун төрт манжасынын ичи менен оң колдун үстүңкү жагы манжа учтарынан чыканакка чейин сыланат. Анан колдун ички бети сол алакандын ортосу менен чыканактан бармак учтарына чейин сыланат. Кийин сол баш бармактын ичи менен оң баш бармактын үстү сыланат. Шакекти чечүү керек. Андан соң дал ушундайча оң кол менен сол кол сыланат. Алакандын ичин топуракка сүртүү зарыл. Топурактын чаңынын колдо калышы шарт эмес.

Даарат менен гусул үчүн таяммум бирдей кылынат.

## Таяммумду бузган нерселер

Таяммум алынышы керек болгон абалдар бүткөндө, суу табылганда, дааратты жана гусулду бузган абалдарда таяммум дагы бузулат.

## Даарат, гусул жана таяммумдун пайдалары

Ибадат максаты менен кылынган эки тазалык тең ден-соолук үчүн көптөгөн пайдага себеп болууда. Тулку-бойго болгон пайдасы менен бирге рухий ден-соолук үчүн дагы пайдасы көп. Аныкталган эсепсиз пайдаларынын айрымдарын төмөнкүдөй санап өтсөк болот:

1. Күнүмдүк жашообузда колубуз тийбеген жер, жукпаган микроб калбайт. Ал эми, даарат учурунда кол, бет жана буттарды жуу тери оорулары жана инфекциялардан эң мыкты коргонуу болуп саналат. Микробдор, бактериялардын айрымдары денеге тери аркылуу кирет.

2. Дем алуу системабыздын коргоочусу мурунду жуу аркылуу чаң жана микроб жыйындыларынын денеге кирип кетүүсүнөн сактайт.

3. Беттин жуулушу терини күчтөндүрөт, баштагы оордукту жана алсыздыкты жеңилдетет, эс алдырат. Тамыр жана нервдерди кыймылга келтирет. Дайыма даарат алган адамдардын карыганда да жүздөрү сулуу бойдон калууларынын себеби мына ушунда.

4. Жунуптукка себеп болгон абалдарда көп энергия жумшалат, жүрөктүн согуусу, кан айлануу менен дем алуу ылдамдайт. Организмдин ашыкча иштешинен улам чарчоо, алсыздык, уйку жана ыкшоолук сезилип, жалпысынан мээнин кызматы басаңдайт. Гусул аркылуу дене мурунку сергектигине жетет. Денени мезгил-мезгили менен тазалап жуу алдын алуу медицина жаатында өтө маанилүү.

5. Денебизде негизинде статикалык электр балансы бар. Ден-соолуктун чыңдыгы бул электрикалык баланс менен тыгыз байланыштуу. Бул тең салмактуулук психологиялык чыңалууларда, климаттык шарттарда, кийим-кечек, жашоо жана иштөө шарттарында, ошондой эле, гусул алууга себеп болгон жагдайларда бузулат. Жогорудагы электрикалык салмак ачууланганда нормалдуу абалдан төрт эсе, ал эми гусулду талап кылган абалдарда он эки эсе жогорулайт. Азыркы учурда инфра кызыл нурлар менен тышкы теринин атайы рентгени тартылып, жыныстык катнаштан кийин дененин бардык бетинин ашыкча статикалык электр катмары менен капталгандыгы аныкталган. Белгиленген катмар теринин кычкылтек алып берүүсүнө тоскоол болуу менен бирге, тери өңүнүн

бузулуусуна жана эрте бырышуусуна себеп болот. Бул жагдайдан кутулуу үчүн денеде ийненин учундай жер калтырбай толугу менен тазаланып, жууну керек. Ошондо суу тамчылары терс электрикалык чыңалууну алып, денедеги токту азайтат жана кайрадан нормалдуу абалына келтирет. Ушул себептен гусул медициналык жактан дагы сөзсүз аткарылуусу керек болгон тазалык болуп саналат.

6. Даарат менен гусулдун кан айлануу системасына да оң таасири бар. Тамырларды катуу болуп кетүүдөн жана тарып, кичирейип кетүүдөн сактайт. Даарат локалдык ойготуу таасирине себеп болот. Лимфалык системанын эң негизги борбору болуп эсептелген бездер жуулуп ойготулат. Айрыкча моюн менен моюн капталдарынын жуулушу лимфалык системага таасир этет. Даарат жана гусул аркылуу жеңилдеген лимфалык айлануунун натыйжасында лимфоцит деп аталган «күрөшчү» клеткалар денени зыяндуу элементтерден коргошот жана иммунитетти жогорулатышат.

7. Суу табылбаган учурда топурак менен алынган таяммум кеңири өлчөмдө денедеги статикалык электрди жок кылат.

## 2 – НАЖАСАТТАН ТАХАРАТ (булганычтан тазалануу)

Дене, кийим жана намаз окула турган жердин таза болуусу. Жоолук, допу, чалма, маасы жана наалын деп аталган бут кийим дагы кийимден болуп саналат. Моюндагы орогучтун учу намаз окуган адам менен бирге кыймылдагандыктан, кийимге кирет жана анын учу таза болбосо намаз кабыл болбойт. Жайнамаздын бут жана баш коюлган жерден башка жери кирдесе намаз кабыл болот. Анткени жайнамаз моюн орогуч сыяктуу денеге жабышып турбайт. Чөнтөгүндө оозу жабык бөтөлкөдө заара бар адамдын намаз окуусу туура эмес. Себеби, бөтөлкө зааранын булагы эмес. (Мындан төмөнкү нерсени түшүнсө болот: чөнтөгүндө оозу бекем одеколон, спирт, иод, капкагы жабык кутучада кандуу бет аарчы, нажас чүпүрөк бар болсо намаз окууга болбойт). Жок дегенде эки бут турган жана башты коюп сажда кылынган жердин таза болуусу керек. Булганычтын үстүнө жабылган чүпүрөктүн, айнектин, клеенканын үстүндө окулган намаз кабыл болбойт. Саждада этеги кургак кирге тийсе зыяны жок.

Териде, кийимде, намаз окуган жерде оор нажасат (булганыч) **дирхам өлчөмүндө** же андан көп болбосо намаз кабыл болот. Дирхам өлчөмүнө тең болсо тахриман макрух болуп, аны жуу важиб болот. Дирхамдан көп болсо жуу фарз. Кичинесин жуу сүннөт. Шараптын жада калса, бир тамчысын да жуу фарз. Имам Абу Юсуф жана Имам Мухаммед, ошондой эле калган үч мазхабка ылайык оор нажасат болуп эсептелген бардык нерселердин кымындай изин да жуу фарз. Булганычтын өлчөмү катары анын жуккандагы эмес, намазга туруп жаткандагы өлчөмү каралат.

Дирхам өлчөмү оор нажасаттарда бир мискал, башкача айтканда, төрт грамм сексен сантиграмм оордукка барабар. Ал эми суюк булганычтарда алакан чуңкурунда кала тургандай суунун аянтына барабар. (Бул орточо тыйындын көлөмүнө барабар.) Салмагы бир мискалдан (4.80гр.) аз болгон катуу булганыч кийимдин алакан чуңкурунан чоң аянтына жайылса да намазга тоскоол болбойт.

Эки түрдүү булганыч бар:

**1. Оор нажасат (булганыч):** Адам баласынын денесинен чыкканда даарат жана гусул алууга себеп болгон бардык нерсе, эти желбеген жаныбарлардын жана балдарынын (жар канаттан башка) ашатылбаган териси, эти, тезеги жана сийдиги, адам баласынын жана бардык жаныбарлардын каны, шарап, өлүмтүк, чочконун эти, үй канаттуулары менен жүк ташуу үчүн колдонулган жаныбарлардын тезеги, кой жана эчкинин тезеги гализ, б.а., оор нажасат болуп саналат.

2. **Жеңил нажасат (булганыч):** Жеңил нажасаттар дененин кандайдыр бир мүчөсүнө же ошол мүчөнү жапкан кийимдин бир бөлүгүнө жукса, нажас болгон жер ошол мүчөнүн же кийим бөлүгүнүн төрттөн биринен аз болсо намазга зыяны болбойт. Эти желген төрт аяктуу жаныбарлардын сийдиги жана эти желбеген канаттуулардын тезеги жеңил нажасат болуп саналат. Көгүчкөн, таранчы жана башка ушундай сыяктуу эти желген куштардын тезеги таза.

Шарап, ачытуу аркылуу алынган спирт ичимдиктери оор нажасатка кирип, ичилиши шарап сыяктуу харам. Намаз окуу үчүн кан, спирт ичимдиктери денеден жана кийимден жуулуп тазаланышы керек. Бууланып учуп кетсе да тазаланган болуп

эсептелбейт. Чөнтөктө алардын бөтөлкөсү бар болсо алып чыгаруу зарыл.

Булганыч бардык таза суулар менен, о.э. дааратын жана гусулдун суусу, уксус жана гүлдүн суусу сыяктуу суюк заттардын жардамы менен тазаланат. Даарат жана гусулда пайдаланылган суу **мустамал суу** деп аталат. Ал таза. Бирок, хадасты, б.а., жунуптуктан жана дааратсыздыктан тазалоочу эмес, аны менен булганыч тазаланат. Аны даарат менен гусул алуу максатында колдонууга болбойт.

**ИСТИНЖА:** Даараткана да жеңилденгенден кийин ал жерлердин жууп тазалануусу **истинжа** деп аталат. Истинжа б.а., тахарат[40] «суннати муаккада». Башкача айканда, даараткана да заара ушаткандан кийин эркек жана аялдардын таш же суу менен алдын жана аркасын тазалоосу сүннөт. Бирок, башка бирөөнүн жанында аврат жерин ачпастан суу менен истинжа кыла албай турган болсо, кир көп болсо да суу менен истинжа кылуудан баш тартат. Аврат жерин ачпайт. Намазын ошол бойдон окуйт. Ачса фасык[41] болот. Харам иш кылган болот. Көздөн далдоо жер тапканда суу менен истинжа кылат жана намазын кайра окуйт. **Себеби, бир буйрукту аткаруу бир харам иш кылууга себеп болсо харамдан сактануу үчүн буйруктан баш тартылат.**

Сөөк, тезек, кыш, чопо, айнек, көмүр, малдын жеми, башка бирөөнүн оокаты, баалуу нерсе, мисалы, жибек, мечиттен ыргытылган нерселер, замзам суусу, жалбырак жана кагаз менен истинжа кылуу тахриман макрух. Бош кагазды да баалаш керек. Баасы болбогон ысымдар, динге пайдасы болбогон жазуулары бар кагаз жана гезит менен истинжа кылса болот. Бирок, Ислам тамгалары жазылган эч бир кагаз менен истинжа кылууга болбойт. Аркасын же маңдайын кыбыланы карап жана отурбастан өйдө туруп, себепсиз түрдө жылаңач бойдон заара ушатуу макрух. Заара чогулган жерде гусул алууга болбойт. Бирок, заара топтолбой агып кеткен жерде гусул алса болот. Истинжа үчүн колдонулган суу – нажис суу. Ал кийимге чачырабашы керек. Ошон үчүн истинжа

---

[40] Тазалунуу

[41] Ислам дини билдирген харам нерселерден сактанбаган жана аларга маани бербеген адам.

кылаарда аврат жерди ачып, далдоо бир жерде алуу зарыл. Жуунган жерде туруп, колун ыштанынын ичине салып заара кылган жерин алаканындагы суу менен сүртүп жууса истинжа кылынган болбойт. Заара тамгандыктан алакандагы суу кирдейт жана тамчылаган кийим дагы кир болот. Бул суу тамчылаган жерлердин баары биригип алакандын чуңкурунан чоң болсо намаз кабыл болбойт.

**ИСТИБРА:** Эркектердин басып баратып, жөтөлүп жатып же сол капталына жатып **истибра** кылуусу, б.а., заара каналынан заара тамчылатпоосу важиб. Заара тамчылары бүткөнгө чейин даарат албоо керек. Бир тамчы тамчыласа даарат да бузулат, кийген кийим да кирдейт. Кийимге алакандын чуңкурунан аз тамчыласа даарат алып окулган намаз макрух болот. Көп тамчыласа намаз кабыл болбойт. Истибрада кыйналгандар арпа өлчөмүндө кебез тампонду заара тешигине коюусу керек. Чыккан заараны кебез сорот. Бирок, кебездин учунун сыртта калбоосу зарыл.

## 3 – САТР-И АВРАТ

### (Аврат жерлер жана айымдардын оронуулары)

Бир адамдын башка бирөөгө көрсөтүүсү жана башка бирөөнүкүн кароосу харам болуп эсептелген дене мүчөлөрү **аврат жерлер** деп аталат. Эркектердин аврат жери киндигинен тизесинин астына чейинки жерлер. Тизе аврат болуп эсептелет. Бул мүчөлөрү ачык болуп окулган намаз кабыл болбойт. Намаз окуп жатканда дененин башка бөлүктөрүн (кол, баш) жабуу (байпак кийүү) эркектер үчүн сүннөт. Бул мүчөлөрү ачык бойдон намаз окуу макрух.

Аялдардын алаканынын ичи жана жүзүнөн башка бардык жери, колунун үстү, чачы жана буттары төрт мазхабда тең аврат. Ошондуктан, аялдар **аврат** делинген. Ал жерлерин жабуусу фарз. Аврат мүчөлөрүнүн биринин төрттөн бир бөлүгү бир рукун боюнча ачык калса намаз бузулат. Андан азы ачылса бузулбайт. Намазы макрух болот. Ичиндеги дене мүчөнүн формасын, түсүн көрсөткөн жука кездеме жок дегенге барабар болот.

Аялдардын намаздан тышкаркы маалда жалгыз болгондо тизеси менен киндигинин арасын жабуусу фарз, жонун жана курсагын жабуусу важиб, ал эми башка жерлерин жабуусу адепке кирет.

Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” айтты: **«Чоочун аялды шахват менен** (кумарлануу менен) **караган адамдын көздөрү от менен толтурулуп Тозокко киргизилет. Чоочун аял менен кол алышкан адамдын колдору желкесине байланып Тозокко ыргытылат. Чоочун аял менен зарылдыгы болбостон шахват менен** (кумарлануу менен) **сүйлөшкөн адам сүйлөгөн ар бир сөзү үчүн миң жыл Тозокто калат».**

Ал эми башка хадиси шарифте: **«Кошуна аялды жана досторунун жубайларын шахват менен кароо чоочун аялдарды кароодон он эсе чоң күнөө. Күйөөсү бар аялдарды кароо жаш кыздарды кароодон миң эсе чоң күнөө. Зина күнөөлөрү да ушундай», -** деп айтылат.

Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” мындай дейт: **«Эй, Али! Саныңды ачпа жана өлүү же тирүү эч кимдин санын караба!»**

Башка бир хадиси шарифте: **«Аврат жериңерди ачпагыла. Себеби, жаныңардан эч айрылбаган бирөөлөр бар. Алардан уялгыла жана аларды сыйлагыла»**. (Алар Хафаза периштелери) деп айтылат.

Дагы башка хадиси шарифтерде: **«Аврат жериңди жап. Аялыңдан жана жарияңдан башкасына көрсөтпө. Жалгыз болгондо да Аллаху тааладан уялгыла!»**

«Өздөрүн аялдарга окшоткон эркектерге жана эркектерге окшоткон аялдарга Аллах лаанат кылсын!»

«Бир кыздын сулуулугун көргөн адам көзүн андан дароо башка тарапка бурса, Аллаху таала ага жаңы бир ибадаттын сообун берет жана ал анын лаззатын дароо сезет».

«Аврат жерин ачкан жана башка бирөөнүкүн караган адамга Аллах лаанат кылсын!»

**«Өзүн бир коомго окшоткон адам ошолордон болот», -** деп айтылды.

Демек, адеп-ахлагын, иш-аракеттерин же кийим-кечесин башкаларга окшоткон адам ошол адамдардын арасынан болот.

Модага берилип, мусулман эместердин салт-санаасын жолдогондор харам нерселерди жакшы өнөр деп атап жана ал харам иштер менен алек болгон адамдарды мыкты уста (өнөрпоз), жаңычыл деп атаган адамдар бул хадиси шарифтерден таалим алып коркуулары, уялуулары керек.

Эркек эркектин, аял аялдын авpат жерин кароолору дагы харам. Билинип тургандай, эркек аялдыкын, аял эркектикин кароосу харам болгондугу сыяктуу эле, эркек эркектикин, аял аялдыкын кароосу да харам. Эркектин эркек үчүн жана аялдын аял үчүн авpат болуп эсептелген жери киндик менен тизенин астынын ортосу. Аялдын чоочун эркектер үчүн авpат жерлери болуп алаканы жана жүзүнөн башка бардык жери эсептелет. Чоочун аялдын авpат жерлерин кумарланбастан кароо да харам.

Жуурkaндын ичинде жылаңач жаткан оорулуу адам башын жуурkaндын ичине киргизип, ишара менен намаз окуса, жылаңач бойдон окуган болот. Башын жуурkaндан чыгарып окуса, жууркан менен жамынып окуган болот жана бул жаиз[42] б.а., буга уруксат.

Бир эркек нике кыйып үйлөнүүсү түбөлүккө харам болуп эсептелген он сегиз «махрам» аялдын башын, жүзүн, кекиртегин, колдорун, бутунун тизесинин ылдый жагын шахват болбой тургандыгына (кумарланбай тургандыгына) ишенсе карай алат. Бирок, көкүрөгүн, колтугун, санын, тизесин жана аркасын-далысын карай албайт.

Аял үчүн атасынын бир туугандарынын, таякесинин, таэжесинин уулдары чоочун эркек болот. Жезде, кайнага, кайниси дагы чоочун. Алар менен сүйлөшүп тамашалашуусу жана бир жерде чогуу болуулары харам. Эркектердин дагы атасынын бир туугандарынын, таякесинин, таэжесинин кыздары, балдыз жана жеңелери менен сүйлөшүүсү харам.

Эркек адам махрам болуп эсептелген аял менен өлгөнгө чейин үйлөнө албайт. Алар менен сүйлөшө алат. Бир жерде чогуу жалгыз боло алат. Аял да он сегиз эркек менен үйлөнө албайт. Бул он сегиз эркек жана аялдар төмөндөгүлөр:

---

42 Ислам дининин өкүмдөрүнө ылайык, аткарылуусу мүмкүн

## Кан боюнча тууган болгондор

**Эркектер:**

1. Ата.
2. Чоң ата менен тайата.
3. Уулу жана эркек неберелери.
4. Ага-иниси.
5. Ага-инисинин уулдары.
6. Кыз бир тууганынын уулдары.
7. Эне-атанын ага-иниси

**Аялдар:**

1. Эне.
2. Чоң эне жана тайэне.
3. Кызы жана уул-кызынын кыздары.
4. Кыз эже-карындаштары.
5. Эже-карындаштарынын кыздары.
6. Ага-инисинин кыздары.
7. Атасынын эже-карындаштары, таэжелери.

## Сүт боюнча тууган болгондор

**Эркектер:**

8. Сүт ата.
9. Сүт чоң ата менен тайата.
10. Сүт уулу жана сүт уул-кызынын уулдары.
11. Сүт ага-иниси.
12. Сүт кыз бир тууганынын уулдары.
13. Сүт ага-инисинин уулдары.
14. Эне-атанын сүт ага-иниси.

**Аялдар:**

8. Сүт эне.
9. Сүт чоң эне жана тайэне.
10 Сүт кызы жана сүт уул-кызынын кыздары.
11. Сүт эже-карындашы.
12. Сүт эже-карындашынын кыздары.
13. Сүт ага-инисинин кыздары.
14. Эне-атанын сүт эже-сиңди, карындаштары.

## Нике боюнча туугандар

**Эркектер:**
15. Кайын ата.
16. Өгөй уул.
17. Өгөй ата.
18. Күйөө бала.

**Аялдар:**
15. Кайын эне.
16. Өгөй кыз.
17. Өгөй эне.
18. Келин.

Аврат жери ачык бойдон көчөгө чыккан жана башкалардын аврат жерлерин караган эркек менен кыздар Тозоктун өтө жалындуу отунда күйүшөт.

# 4 - ИСТИКБАЛ-И КЫБЛА

## (Кыбыланы кароо)

Намазды Каабаны карап окуу. Мекке-и мукаррама шаарындагы Кааба имараты жайгашкан тарап **Кыбыла** деп аталат. Кыбыла мурда **Иерусалим** (Кудүс) эле. Хижраттан он жети айдан кийин Шаабан айынын ортосунда шаршемби күнү кыбыланын Каабага багытталуусу буйрук кылынган.

Кыбыла – Каабанын имараты эмес анын жери. Башкача айтканда, жерден Аршка чейинки боштук кыбыла. Ошондуктан, деңиз, чуңкурдун түбү, бийик тоо жана учактарда бул багытка карай намаз окулат. Адамдын көз кыры арасындагы ачыктык Кааба багытына туш келген болсо намаз сахих, туура болот. Бирок:

1. Оору себеби. 2. Оокатын уурдатуу коркунучу. 3. Жырткыч айбан коркунучу. 4. Душманга көрүнүү коркунучу. 5. Минген жаныбарынан (ат, төө, ж.б.) түшкөндө кайра бирөөнүн жардамысыз мине албай турган болсо эки намазды (бешим менен аср, шам менен куптанды Малики жана Шаафи мазхабдарын таклид кылып) бириктирип окуй албаса намазын күчү жеткен тарапка бурулуп окуйт. Кеме, поезд жана учакта кыбыланы карап окуу шарт.

# 5 – НАМАЗ УБАКЫТТАРЫ

Расул-и акрам “саллаллаху алейхи ва саллам” бир хадиси шарифинде: **«Жабраил алейхиссалам Кааба эшигинин жанында эки күн мага имам болду. Экөөбүз таң атаарда багымдат, күн чокудан ылдыйлап бараткында бешим, бардык нерсенин көлөкөсү өзүнүн боюндай болгондо аср, күн батып жатканда (үстүнкү чети жок болгондо) шамды, кеч карайганда куптан намаздарын окудук. Экинчи күнү багымдатты айлана агарганда, бешимди бардык нерсенин көлөкөсү өзүнүн боюнан эки эсе узун болгондо, асрды мындан саал өткөзүп, шамды орозо ачылганда, куптанды түндүн үчтөн бири толгондо окудук. Анан «Йа, Мухаммед! Сенин жана келип өткөн бардык пайгамбарлардын намаз убактылары мына ушулар. Үммөтүң беш маал намазынын ар бирин мына биз окуган эки маалдын ортосунда окусун деди», -** деп билдирди. Күн сайын окулушу керек болгон намаздардын саны беш экени мына ушул жерден да билинип турат.

**Багымдат намазынын убактысы:** Таң атардан б.а., чыгыш агара баштаган маалдан күн чыкканга чейинки убакыт.

**Бешим намазынын убактысы:** Көлөкөлөр кыскарып, узара баштаган маалдан башталат жана көлөкө бир же эки эсе узарганга чейин уланат. Биринчиси эки имамдын, б.а., Имам Абу Юсуф менен Имам Мухаммеддин билдирүүлөрү боюнча, ал эми экинчиси Имам Азам Абу Ханифанын “рахметуллахи алейхим” өкүмү боюнча.

**Аср намазынын убактысы:** Бешим намазынын убактысы бүткөндө башталат. Бул да:

1. Имам Абу Юсуф менен Имам Мухаммеддин “рахметуллахи алейхим” өкүмү боюнча бир нерсенин көлөкөсү ал заттын узундугунчалык узарганда башталат жана күн батканга чейин уланат.

2. Имам Азам Абу Ханифанын “рахметуллахи алейх” өкүмү боюнча бир нерсенин көлөкөсү ал заттын узундугунун эки эсесине узарганда башталат жана күн батканга дейре уланат.

Бирок, күн кызаргандан кийин, батаарда уясына бир найза бою жакындаганда бардык намазды окуу харам. Башкача айтканда, аср

намазын бул маалга чейин кечиктирүү харам. Бирок, аср намазын окуй элек болсо күн батканга чейин окуу зарыл.

**Шам намазынын убактысы:** Күн баткандан баштап, айлана карарганга чейин, б.а., горизонттогу кызгылтым өчкөнгө чейин уланат.

**Куптан намазынын убактысы:** Шам намазынын убактысы бүткөндө башталып, таң атканга чейин уланат. Имам Азам Абу Ханифанын "рахметуллахи алейх" өкүмү боюнча куптандын убактысы асмандагы жарык кеткенде башталат. Аср намазында да ушул сыяктуу. Тактап айтканда, эки Имамдын өкүмү боюнча аср же куптан убактысы киргенден кийин эң аз дагы жарым саат өткөрүлүп окулса бул намаздар бардык имамдардын өкүмүнө ылайык окулган болот. Куптан намазын себепсиз түрдө түндүн жарымынан кийинки маалга калтыруу макрух.

Намаздарды маалынан мурун же кийин окуу харам, чоң күнөө. **«Түркия гезити»** даярдап чыгарган дубал календарларында намаз жана имсак убакыттары туура, так билдирилген.

Намаз окулушу тахриман макрух б.а., харам болуп эсептелген үч убакыт бар. Төмөнкү үч маалда аткарылган фарздар сахих болбойт: Күн чыгып жатканда, күн батып жатканда, чак түштө күн так чокуда турган маалда. Бул үч маалда мурдатан камданган жаназа намазын, тилават саждасын, сахв саждасын кылууга болбойт. Күн батып жатканда ал күндүн аср намазын гана окуугa болот.

Нафил намаздардын окулушу макрух болгон эки маал бар: Биринчиси: багымдат намазынын фарзы окулгандан тартып, күн чыкканга чейин, Экинчиси: аср намазынын фарзы окулгандан кийин шам намазынын фарзы окулганга чейин.

## ТҮШҮНДҮРМӨ (Уюлдарда намаз жана орозо):

Ар бир өлкөнүн намаз маалы анын экватордон алыстыгы жана жыл мезгилдерине карата өзгөрөт.

**67 даражадан өткөн Түндүк уюл айланасынын түндүгүндө жайгашкан суук өлкөлөрдө күндүн горизонталдык кыйгачтыгы арткан мезгилдерде толугу менен караңгы кире электе таң атат.** Ошондуктан, Балтика деңизинин түндүк тарабында жайында түн болбой, куптан менен багымдат намаздарынын маалы башталбайт.

Ханафи мазхабы боюнча убакыт намаздын шарты эмес, бул - себеби. Ал эми себеп болбосо намаз фарз болбойт. Андыктан жогоруда белгиленген жерлерде жашаган мусулмандар үчүн бул эки намаз фарз эмес. Түндүк жарым уюлунда ар тарап деңиз болгондуктан мындай мамлекет жок.

Шаабан айынын отузунчу түнү бир шаарда жаңы туулган Ай көрүнгөндө бардык дүйнөдө орозо башталышы керек. Күндүз байкалган Ай, келе турган түндүн Айы болуп эсептелет. (Уюлдарда жана Айга барган мусулмандар, сафари эмес болсо бул айда күндүз орозо кармоолору керек. Жыйырма төрт сааттан узун күндөрдө оозун саат боюнча ачып, саат боюнча жабат. Күндүзү мындай узун болбогон бир шаардагы мусулмандардын мезгилине ылайык кармашы керек. Эгер орозо кармабаган болсо күндүзү узун болбогон жерге келгенде казасын кармайт.)

## АЗАН ЖАНА КООМАТ

Азан баарына билдирүү дегенди билдирет. Беш маал намаз жана каза намаздары жана Жума намазында хатибдин маңдайында эркектердин азан айтуусу муаккад сүннөт. Аялдардын азан жана коомат айтуулары макрух. Азан башкаларга убакытты билдирүү максатында бийик жерден айтылат. Азан айтып жатканда эки колду өйдө көтөрүп, бирден манжасын эки кулактын тешигине коюу мустахаб. Коомат айтуу азандан дагы жакшыраак. Азан менен коомат кыбылага карап айтылат. Окуп жатканда сүйлөөгө, саламга жооп берүүгө болбойт.

### Азан менен коомат кайсы учурларда айтылат?

1. Талаада жалгыз же жамаат менен каза намаз окуурда эркектердин азан менен кооматты бийик үн менен айтуулары сүннөт. Азанды уккан адамдар, жиндер, таштар кыямат күнү күбө болушат. Бир нече каза намазын бириктирип окуй турган адам адегенде азан менен коомат айтат. Андан кийинки окуган намаздарында коомат гана келтирет.

2. Үйдө жалгыз же жамаат менен ошол маалдын намазын окуган адам азан жана коомат айтпайт. Себеби, мечитте айтылган

азан менен коомат үйдө дагы айтылган болот. Бирок, айтылса дагы жакшы болот. Кварталдык мечиттерде жана жамааты белгилүү адамдар болгон мечиттерде маал намаздарын жамаат менен окугандан кийин, жалгыз окуган адам азан менен коомат айтпайт. Жолдордо болгон же имамы, азанчысы жок жана жамааты белгилүү болбогон мечиттерде ар кайсы маалдарда келгендер бир убакыттын намазы үчүн өзүнчө-өзүнчө жамаат болушуп ар жамаат үчүн азан жана коомат айтылат. Мындай мечитте жалгыз намаз окуган адам дагы өзү уга тургандай үнүн чыгарып азан менен коомат айтат.

3. Сафарда жүргөндөр өз араларындагы жамаат менен да, жалгыз окуп жатканда да азан жана коомат окуйт. Жалгыз окуган адамдын жанында шериктери бар болсо азан окубаса да болот. Сапарда болгон адам бир үйдө намазын жалгыз окуурда да азан жана коомат айтат. Себеби, мечитте окулган азан жана коомат ал адам үчүн эмес. Сапарда болгондордон кээ бири үйдө азан айтса кийин намаз окуй тургандар айтпайт.

Акыл-эстүү бала, көздөрү сокур, зинадан туулган адам жана азан менен коомат айтууну билген сабатсыз адам азан айта алат. Жунуп болгон адамдын азан айтуусу, даараты жок адамдын жана аялдын, фасыктын, мас адамдын, акылсыз баланын азан айтуулары жана отуруп азан айтуу тахриман макрух. Булардын айткан азандары кайрадан айтылат. Азандын туура болуусу үчүн азанчынын мусулман жана акылы бар болуусу керек. Микрофон менен азан айтуу сахих болбойт.

Фасык адамдын ибадаттарда сөзү кабыл кылынбагандыгы үчүн мунун азаны сахих болбойт. Фасык адамдын жана микрофондон айтылган азан менен намаз убактысынын киргендигине ишенүүгө болбойт. Мунун азаны менен же ал берген бир белги менен орозо бузулбайт, (ооз ачылбайт).

Азанга урмат кылгандар анын тамгаларын, сөздөрүн өзгөртпөй, бузбай, таганни кылбастан[43], мунарага чыгып сүннөткө ылайык айткандар жогорку даражаларга ээ болушат.

Бирок, эгерде азан сүннөткө ылайык айтылбаган болсо, мисалы, айрым сөздөрү өзгөртүлүп, которулса, кээ бир жерлеринде таганни кылынып окулса же болбосо үн күчөткүчтүн жардамы (микрофон)

43 Музыка ноталарына салбастан.

менен айтылса (Себеби, үн күчөткүчтөн чыккан үн имам же азанчынын үнү эмес. Алардын үнү электр жана магниттик абалга айланууда. Үн электр менен магниттен пайда болуп угулат.) аны уккан адам эч бир бөлүгүн кайталабайт.

## ТҮШҮНДҮРМӨ: Азан үн күчөткүч (микрофон) менен айтылабы?

Мунараларга коюлган үн күчөткүч азанчыларды жалкоо кылып, азанды караңгы бөлмөлөрдө, отурган жеринен, сүннөткө ылайык эмес түрдө чакырууларына себеп болууда. Кылымдар бою төбөлөрү көккө жеткен кооз мунараларыбыз, жогорудагы жаман бидаттан улам үн күчөткүч тирегине айланды. Ислам аалымдары илимдин ачылыштарын ар дайым жакшы кабыл алышкан. Мисалы: Типографиянын курулуусуна түрткү болушкан, пайдалуу китептер басып чыгарылып, билимдин жайылуусун каалашкан. Радио жана үн күчөткүчтөр аркылуу ар тарапта программалардын берилүүсү Ислам жактырган, пайдалана турган ачылыштар экендиги шексиз. Бирок, мусулмандарды азандын кубулжуган үнүнөн ажыратып, ибадаттарды үн күчөткүчтүн жагымсыз үнү менен кылуу зыяндуу болууда. Үн күчөткүчтөрдү мечиттерге жайгаштыруу керексиз ысырап. Ыймандуу көңүлдөргө илахий таасир берген момун мусулмандардын үндөрүнүн ордуна, тим эле чиркөөдөгү коңгуроодой чыңгыраган бул каражат жок кезде, мунараларда чакырылган азандар менен мечиттеги такбир үндөрү, жада калса, ыймансыздарды суктандырчу. Ар тарапта окулган азандарды угуп мечиттерге толгон жамаат, асхабы кирамдын заманындагыдай намаздарын хушу (берилүү) менен окушчу. Азандын мусулмандарды толкунданткан илахий таасири үн күчөткүчтүн металдуу добушунан улам жоголууда.

Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” бир хадиси шарифинде: **«Азан үнүн укканда азанчы менен бирге акырын окуган адамга ар бир арибине миң сооп берилет, миң күнөөсү өчүрүлөт»,** - деп айтты.

Азанды уккан адам Курани карим окуп жаткан болсо да уккан нерсесин акырын кайталоосу сүннөт. **«Хаййа ала»** сөздөрү

айтылганда анын ордуна **«Ла хавла ва лаа кувваты илла биллах»** деп айтылат. Азандан кийин салават келтирилет. Анан азан дубасы окулат. Экинчи **«Ашхаду анна Мухаммадан Расулуллах»** деп айтканда эки баш бармагынын тырмагын өөп, эки көзгө сүртүү мустахаб. Кооматта мындай кылынбайт.

## Азандын окулушу

Аллаху Акбар........................................................4 жолу
Ашхаду ан лаа илаха иллаллах..............................2 жолу
Ашхаду анна Мухаммадан Расулуллах.................2 жолу
Хаййа алас-салах..................................................2 жолу
Хаййа алал-фалах..................................................2 жолу
Аллаху Акбар.................................................... ...2 жолу
Лаа илаха иллаллах...............................................1 жолу

Жалгыз багымдат азанында «Хаййа алал-фалах»тан кийин 2 жолу «**Ас-салату хайрун минан-навм»** айтылат. Ал эми кооматта болсо «Хаййа алал-фалах»тан кийин эки жолу **«Код кома тис-салату»** деп айтылат.

## Азан дубалары:

Расулуллах "саллаллаху алейхи ва саллам" айтты:

**«Азан айтылып жатканда мына бул дубаны окугула:**

**Ва ана ашхаду ан лаа илаха иллаллаху вахдаху лаа шарикалах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулух ва радиту биллахи раббан ва бил-ислами динан ва би Мухаммадин саллаллаху алейхи ва саллама расулан набиййа».**

Башка хадиси шарифтерде мындай деп айтат: **«Эй, менин үммөтүм! Азан айтылып бүнкөндө ушул дубаны окугула:**

**Аллахумма рабба хазихит-даватит-таммати вас-салатил-каимати ати Мухаммаданил-василата вал-фадилата вад-даражатар-рафиата вабасху мекамен махмуданил-лази ваадтаху иннака лаа тухлифул-миад».**

## Азандагы сөздөрдүн маанилери:

**АЛЛАХУ АКБАР:** Аллаху таала улук. Ага эч нерсенин кереги жок. Пенделеринин ибадаттарына да муктаж эмес. Ибадаттардын Ага эч кандай пайдасы жок. Бул маанилүү маңызды акылга жакшылап орнотуу үчүн бул сөз төрт жолу айтылат.

**АШХАДУ АН ЛАА ИЛАХА ИЛЛАЛЛАХ:** Улуктугу, үстөмдүгү менен эч кимдин ибадатына муктаж болбосо да ибадат кылынууга Андан башка эч кимдин акысы болбогондугуна шахадат кылам, албетте ынанам. Эч бир нерсе Ага окшобойт.

**АШХАДУ АННА МУХАММАДАН РАСУЛУЛЛАХ:** Мухаммед “алейхи ва ала алихиссалату вассалам” Ал жиберген Пайгамбары экендигине, Ал каалаган ибадаттардын жолун билдирүүчү экендигине жана Аллаху таалага бир гана Ал билдирген, көрсөткөн ибадаттар ылайык экенине шахадат кылып, ынанам.

**ХАЙЙА АЛАС-САЛАХ, ХАЙЙА АЛАЛ-ФАЛАХ:** Момундарды ырахатка, бакытка, кутулууга себеп болгон намазга чакырган эки сөз.

**АЛЛАХУ АКБАР:** Ага ылайык бир ибадатты эч ким кыла албайт. Кимдир бирөөнүн ибадатынын Ага ылайык болуп, жараша тургандыгынан абдан жогору, абдан алыс.

**ЛАА ИЛАХА ИЛЛАЛЛАХ:** Ибадатка, маңдайына туруп таазим кылууга акысы болгон жалгыз зат – Аллаху таала. Бирок, эч ким Ага ылайык ибадат кыла албайт. Андан башка эч кимдин өзүнө ибадат кылынууга акысы жок.

Намаздын маанисинин улуктугу, Аны бардык адамдарга кабарлоо үчүн тандалган бул сөздөрдүн улуктугунан баамдалышы керек.

## 6 – НИЕТ

Ифтитах[44] такбири айтылып жатканда ниет кылынат. Намазга ниет кылуу – атын, убактысын, кыбыланы, имамга уйууну жүрөгүнөн өткөрүү дегенди билдирет.

Ифтитах такбиринен кийин кылынган ниет туура болбойт жана ал намаз кабыл болбойт. Фарздарда жана важибдерде ниет кылып жатканда кайсы фарз менен кайсы важиб экенин билүү керек. Рекет

44 Намаз окуп баштаганда «Аллаху Акбар» деп айтуу

санына ниет кылуу зарыл эмес. Сүннөттү окуурда намаз окууга деп ниет кылуу жетиштүү болот. Жаназа намазына **«Аллах үчүн намазга, маркум үчүн дубага»** деп ниет кылынат.

Имамдын эркектерге имам болууга ниет кылуусу шарт эмес. Имам «даяр болгон жамаатка имам болдум» деп ниет кылбаса, жамаат менен окуу сообун алалбайт. Имам болууга ниет кылса, ал соопту алат. Имамдын **«аялдарга имам болууга»** ниет кылуусу керек.

Ибадаттарды кылып жатканда ооз менен гана айтуу ниет болуп эсептелбейт. Жүрөк менен ниет кылбаса ибадаттар кабыл болбойт.

## 7 – ТАХРИМА ТАКБИРИ

Намазга турганда **Аллаху Акбар** деп айтуу. Бул фарз. Башка сөз айтуу менен такбир кылынган болбойт. Айрым аалымдар тахрима такбири намаздын ичиндеги фарзы деп эсептешет. Алардын өкүмдөрү боюнча намаздын шарттары да, рукундары да алты болуп саналат.

## НАМАЗДЫН РУКУНДАРЫ (Ичиндеги фарздары)

Намаздын ичиндеги фарздары **Рукун** деп аталат. Алар бешөө:

1. **КЫЙАМ:** Намаздын беш рукунунун биринчиси.

Кыйам тик туруу дегенди билдирет. Бутуна тура албаган оорукчан адам отуруп намаз окуйт. Отура албаган оорулуу адам чалкалап жатып, башы менен ишара кылып окуйт. Жүзү көккө эмес кыбылага карай болушу үчүн башына жаздык жаздалат. Буттарын бүгөт, кыбылага каратып узатпайт. Өйдө турганда эки бут бири биринен төрт эли арасында ачык болуш керек.

Өйдө тура албаган оорулуу, турганда башы айланган, башы, тиши, көзү же башка жери катуу ооруган, заара, жел кармай албаган, жарасы аккан, өйдө турганда душманга көрүнүүдөн, оокатын уурдатып жиберүүдөн корккон, өйдө туруп окуганда орозосу же окуусу бузула турган же аврат жери ачыла турган адамдар намазын отурган жеринен окушат. Руку үчүн бираз ийилет. Сажда үчүн башын жерге коёт. Башын жерге коё албаган адам руку үчүн кичине, ал эми сажда үчүн андан көбүрөөк ийилет. Сажда үчүн ийилүүсү руку үчүн ийилүүсүнөн көп болбосо намазы кабыл болбойт. Жерге

таш же тактай коюп, анын үстүнө сажда кылса намаз кабыл болгону менен күнөөгө кирет. Башкача айтканда, тахриман макрух болот.

2. **КЫРААТ:** Сүннөттөрдүн жана витирдин ар бир рекетинде жана жалгыз окуп жатканда фарздардын эки рекетинде кыйамда Курани каримден бир аят окуу фарз. Кыска сүрө окуу сооптуураак.

Кыраат катары Фатиха сүрөсүн окуу жана сүннөттөр менен витир намазынын ар бир рекетинде жана фарздардын эки рекетинде Фатиха менен башка бир сүрө же үч аят окуу важиб. Фарздарда Фатиха менен замм-ы сүрөнү[45] алгачкы эки рекетте окуу важиб же сүннөт. Фатиханы сүрөдөн мурда окуу дагы важиб. Бул беш важибден бири унутулса, сахв саждасын кылуу керек. Кыраатта Курани каримдин котормосун окуу туура эмес.

Имамдын Жума менен Айт намаздарынан башка бардык намазда биринчи рекетте окуган сүрөсү экинчи рекетте окуй турганынан эки эсе узун болуусу сүннөт. Жалгыз окуп жатканда ар бир рекетте бирдей узундуктагы сүрө окуса болот. Имамдын белгилүү намаздардын белгилүү рекеттеринде бирдей сүрөлөрдү окууну көнүмүш адатка айлантуусу макрух. Биринчи рекетте окуган сүрөсүн экинчи рекетте кайра окуусу танзихан макрух болот. Тескерисинче окуусу андан да жаман. Экинчиде биринчи рекетте окуган сүрөнү аттап, андан кийинки сүрөнү окуусу макрух. Курани каримди мусхафтагы тартиби менен окуу ар дайым важиб.

3. **РУКУ:** Кыйамда кырааттан кийин такбир кылынып рукуга барылат. Рукуда эркектер манжаларын ачып, тизесинин үстүнө коюшат, бели менен башын түз кармашат. Рукуда эң аз үч жолу **«Субхана раббийал азиим»** деп айтылат. Үч жолу айта электе имам башын көтөрсө жамаат дагы дароо көтөрөт. Рукуда кол менен буттар бүгүлбөй түз тутулат. Аялдар манжаларын ачышпайт. Белин, бутун жана колдорун тик тутушпайт.

Рукудан түздөлүп жатканда «**Самиаллаху лиман хамидах»** деп айтуу имам жана жалгыз окуган адам үчүн сүннөт. Жамаат муну айтпайт. Мунун артынан дароо **«Раббана лакал хамд»** деп айтылат жана тик түздөлүп туруп, **«Аллаху Акбар»** деп саждага бараарда алгач оң, анан сол тизе, андан соң оң, анан сол кол, кийин мурун менен маңдай жерге коюлат.

---

45 Фарз намаздын алгачкы эки рекетинде, сүннөт менен витирлердин ар бир рекетинде кыйамда Фатихадан кийин окулган бир сүрө.

4. **САЖДА:** Саждада колдун манжалары бириктирилип, кыбылага карап эки кулактын тушунда болот. Баш эки колдун ортосунда болушу керек. Маңдайды таза жерге б.а., таш, топурак, тактай, жабуунун үстүнө коюу фарз болуп, мурунду да чогуу коюу важиб деп айтылды. Үзүрү (кечиримдүү себеби) болбостон мурунду гана коюуга болбойт. Жалгыз маңдайды гана коюу макрух.

Эки бутту же жок дегенде ар биринин бирден манжаларын жерге тийгизүү фарз же важиб. Башкача айтканда, эки бут жерге тийбесе намаз кабыл болбойт же макрух болот.

Саждада бут манжаларын бүгүп учтарын кыбылага буруу сүннөт.

Эркектер колдорун жана сандарын курсакка тийгизбейт. Алакан менен тизелерди жерге тийгизүү сүннөт. Согончокторду кыйамда бири биринен төрт эли алыс, рукуда, кавмада[46] жана саждада бириктирүү сүннөт.

Саждага бараарда шымдын багелегин өйдө көтөрүү жана өйдө кайрып намазга туруу дагы макрух. Жеңин, багелегин, этегин өйдө түрүп, кайрып же кыска бойдон намаз окуу макрух. Жалкоолуктан улам же баш кийим менен намаз окуунун маанисин ойлонбостон башы ачык намаз окуу макрух. Намазга маани бербөө куфур. Кир кийим же иште кийчү кийими менен намаз окуу дагы макрух.

5. **КАДА-И АХИРА** (акыркы отуруш): Акыркы рекетте **«Аттахиййату»**ну окуганчалык отуруу фарз. Отурганда кол манжалары менен белги берилбейт. Эркектер сол бутунун бармак учтарын оңго каратып жерге коёт. Бул бутунун үстүнө отурат. Оң бутун тик тутат. Анын манжалары жерге тиет. Манжаларынын учу кыбылага карата бираз бүгүлөт. Ушундайча отуруу сүннөт.

Аялдар жамбаштарын жерге коюп отурушат. Сандары бири бирине жакын болот. Оң бутун оң тарапты карай тышка чыгарат. Сол буту бармак учтары оңго бурулуп, астында калат.

## НАМАЗ КАНТИП ОКУЛАТ?

### Эркектин жалгыз окуган намазы

Мисалы: Багымдат намазынын сүннөтү төмөнкүдөй окулат:

46 Рукудан түздөлүү

1. Адегенде кыбыланы карап турат. Буттар бири биринен төрт эли алыстыкта параллель коюлат. Колдордун баш бармактары кулактын жумшак учуна тийгизилет, алакан кыбыланы карай ачылат. **«Ниет кылдым Аллаху тааланын ыраазычылыгы үчүн бул күндүн багымдат намазынын сүннөтүн окууга, жүзүмдү караттым кыбылага»** деп жүрөктөн өткөргөн соң «Аллаху Акбар» деп оң кол сол колдун үстүнө байланып киндиктин алдына коюлат.

2. Көздөрдү сажда кылына турган жерден айырбай:

а. **«Субханака»** окулат.

б. Аузу Бисмиллахтан кийин **«Фатиха»** окулат.

в. Фатихадан кийин бисмиллах окулбастан бир замм-ы сүрө окулат[47]. (Мисалы: Фил сүрөсү).

3. Зам сүрөдөн кийин **«Аллаху Акбар»** деп рукуга ийилет. Колдор тизенин үстүнө коюлуп, бел түз кармалат жана көздөрүн буттарынан айырбастан үч жолу **«Субхана Раббиал-азиим»** деп айтылат. Беш же жети жолу айтса да болот.

4. **«Самиаллаху лиман хамидах»** деп айтып түздөлүп жатканда шымдын багелеги көтөрүлбөйт жана көздөр саждадан айрылбайт. Тик түздөлгөндө **«Раббана лакал хамд»** деп айтылат. (Бул тик түзөлүү **кавма** деп аталат).

5. Көпкө чейин турбастан **«Аллаху Акбар»** деп айтып саждага барат. Саждага барганда кезеги менен:

а) Оң тизе, анан сол тизе, оң кол, кийин сол кол жана мурун, кийин маңдай жерге коюлат.

б) Бут манжалары кыбыланы карай бүгүлөт.

в) Баш эки колдун ортосуна коюлат.

г) Салаалар жабылат (манжалар бириктирилет).

д) Алакандын ичи жерге тийгизилет, чыканак жерге тийбейт.

е) Бул абалда турганда эң аз үч жолу **«Субхана Раббиал-ала»** деп айтылат. Андан кийин:

6. **«Аллаху Акбар»** деп айтып, сол бут жерге төшөлөт, оң буттун манжалары кыбыланы карай бүгүлөт жана алакандар тизенин үстүнө коюлат. Мында манжалар бош ташталат.

7. Көп отурбастан **«Аллаху Акбар»** деп айтып, кайрадан саждага барат. (Эки сажданын аралыгында отуруу **жалсе** деп аталат).

47 Шаафи мазхабы боюнча Фатиха сүрөсү менен зам сүрөнүн арасында бисмиллах окулат.

8. Саждада кайрадан эң аз үч жолу **«Субхана Раббиал-ала»** деп айтып **«Аллаху Акбар»** деп өйдө турат. Өйдө туруп жатканда, колдор менен жерге таянылбайт жана буттар нары-бери ойнотулбайт. Саждадан туруп жатканда алгач маңдай, анан мурун, кийин сол кол менен оң кол, анан сол тизе менен оң тизе көтөрүлөт.

9. Тик турганда бисмиллахтан кийин **«Фатиха»**, андан соң бир зам сүрө окулуп, **«Аллаху Акбар»** деп рукуга ийилет.

10. Экинчи рекет да биринчи рекет сыяктуу окулат. Бирок, экинчи саждадан кийин **«Аллаху Акбар»** деп айтканда ордунан турбастан, жогоруда айтылгандай отуруп:

а) **«Аттахиййату», «Аллахумма салли», «Аллахумма барик»** жана **«Раббана атина»** дубаларын окуган соң, алгач оңго **«Ассаламу алейкум ва рахметуллах»**, анан солго **«Ассаламу алейкум ва рахметуллах»** деп салам берилет.

б) Салам берген соң «Аллахумма антассалам ва минкассалам табаракта йаа зал-жалали вал-икрам» деп айтылат жана эч сүйлөбөстөн багымдан намазынын фарзын окуу үчүн өйдө турат. Себеби, сүннөт менен фарздын ортосунда сүйлөшүү намазды бузбаганы менен сообун азайтат.

Намаздан кийин үч жолу **«Астагфируллах»** деп айткан соң **«Айат-ал-Курси»** жана отуз үч таспих[48] , отуз үч тахмид[49], отуз үч такбир[50] жана бир тахлил б.а., **«Лаа илаха иллаллах вахдаху лаа шарикалах, лахулмулку ва лахул хамду ва хува ала кулли шайин кадир»** окулат. (Буларды ичтен окуу керек. Үндү чыгарып окуу бидат болот. )

Андан кийин дуба кылынат. Дуба кылганда эркектер колдорун көкүрөк тушуна параллель кылып көтөрөт. Колдордун чыканактары бүгүлбөйт. Алакандар ачылып, ичи көккө карайт. Себеби, намаздын кыбыласы Кааба болгондугу сыяктуу дубанын кыбыласы да асман. Дубадан кийин ар биринде бисмиллах айтуу менен он бир Ихлас жана эки Фалак жана да 67 жолу **«Астагфируллах»** деп айтуу мустахаб. **«Субханараббика...»** аяты окулуп, алакан менен жүз сүрүлөт.

---

48 «Субханаллах» деп айтуу.
49 «Алхамдулиллах» деп айтуу.
50 «Аллаху Акбар» деп айтуу.

Төрт рекеттик сүннөттөрдүн жана фарздардын экинчи рекетинен кийин «Аттахиййат» окулуп өйдө турат. Сүннөттөрдүн үчүнчү жана төртүнчү рекеттеринде «Фатихадан» кийин зам сүрө окулат. Фарздардын үчүнчү жана төртүнчү рекеттеринде «Фатиха» гана окулуп, зам сүрө окулбайт. Шам намазынын фарзы дагы ушундай. Башкача айтканда, үчүнчү рекетинде зам сүрө окулбайт. Витир намазынын үч рекетинде тең «Фатихадан» кийин зам сүрө окулат. Анан такбир айтылып, кулак кагылат. Андан соң **«Кунут»** дубалар окулат. Гайри муаккад болуп эсептелген аср жана куптан намаздарынын башкы сүннөттөрү дагы башка төрт рекеттик сүннөттөр сыяктуу. Бирок, экинчи рекеттен кийинки отурууда

«Аттахиййатудан» кийин Аллахумма салли менен бариктер да окулат.

### Аялдын жалгыз окуган намазы

Мисалы: **Багымдат намазынын сүннөтүн мындайча окуйт:**

1. Дене мүчөлөрү билинбей турган түрдө баштан аяк кенен, узун кийим менен денесин жаап кийинет. Колдун билектен ылдыйкы бөлүгү менен жүз ачык калат. Намазда окуй турган сүрө менен дубалары жогоруда баяндалгандай (эркектин жалгыз окуган намазы сыяктуу). Төмөнкү жерлери айырмаланат:

а) Колдор эркектердикиндей кулактарына чейин эмес көкүрөгүнө чейин көтөрүлүп ниет кылынат, такбир айтылат жана колдорун көкүрөгүнүн үстүнө байлап намазды баштайт.

б) Рукуда аялдардын денеси эркектердикиндей түз тутулбайт.

в) Саждада чыканактарын жерге тийгизет.

г) Ташаххудда отурганда сол жагы менен отурат. Башкача айтканда, оң менен сол бут оң тарапка узатылып сол санынын үстүнө отурат.

Намазда аялдар үчүн колдорун жаба турган кенен жоолук, буттарын да жаба турчу узун юбка эң ыңгайлуу болот.

## НАМАЗДЫН ВАЖИБДЕРИ

Намаздын важибдери булар:

1. Фатиха сүрөсүн окуу.
2. Фатихадан кийин бир сүрө же эң аз үч кыска аят окуу.

3. Фатиханы сүрөдөн мурда окуу.

4. Фатиханы жана Фатихадан кийин окула турган сүрөнү фарздардын биринчи жана экинчи рекеттеринде, важиб жана сүннөттөрдүн ар бир рекетинде окуу.

5. Саждаларды арта арты менен кылуу.

6. Үч жана төрт рекеттик намаздардын экинчи рекетинде ташаххуд өлчөмүндө отуруу. Соңку отуруу фарз.

7. Экинчи рекетте ташаххуддан көп отурбоо.

8. Саждада мурунду маңдай менен бирге жерге коюу.

9. Акыркы рекетте отурганда **«Аттахиййату»** дубасын окуу.

10. Намазда тадил-и арканды[51] сактоо.

11. Намаздын акырында **«Ассаламу алейкум ва рахметуллах»** деп айтуу.

12. Витир намазынын үчүнчү рекетинин аягында «Кунут» дубаларын окуу.

13. Айт намазда такбир айтуу.

14. Имамдын багымдат, Жума, Айт, таравих, витир намаздарында жана шам менен куптандын алгачкы эки рекетинде үнүн чыгарып окуусу.

15. Имамдын жана жалгыз окуган адамдын бешим менен аср намаздарынын фарздарында, шамдын үчүнчү, куптандын үчүнчү жана төртүнчү рекеттеринде купуя (ичинен өзү уга тургандай) окуусу важиб. Имамдын үн чыгарып окуусу важиб болгон жерлерди намазын жалгыз окуган адамдын купуя же үнүн чыгарып окуусу да мүмкүн.

Курман айттын арафасынын багымдат намазынан тартып, төртүнчү күнүнүн аср намазына чейин жыйырма үч фарз намазынын ичинде **«Такбир-и ташрик»** айтуу важиб.

## САХВ (жаңылуу жана унутуу) САЖДАСЫ:

Намазда фарз болгон бир нерсени атайы же унутуп калгандыктан таштап кетсе намаз окуган адамдын намазы бузулат. Эгер бир важибди унутуп таштап кетсе намазы бузулбайт. Бирок, сахв саждасын кылуу керек. Сахв саждасын атайы кылбаган же намаздын

51 Рукудан түзөлгөндө жана эки сажда ортосунда бир жолу «субханаллах» деп айтканчалык кыймылсыз туруу.

важибдеринин бирин атайын орундабаган адамдын ал намазды кайрадан окуусу важиб болот. Окубаса күнөөкөр болот. Намаздын ичиндеги бир сүннөт аткарылбай калса сахв сажда кылуунун кажети жок. Сахв саждасы бир фарздын кечиктирилүүсүндө же болбосо бир важиб аткарылбаганда кылынат.

Намазда бир нече сахв саждасынын зарылчылыгы туулса бир жолу аткаруу жетиштүү. Имам жаңылса имамга уюган жамааттын дагы сахв сажда кылуусу керек болот. Жамааттан бирөө жаңылса имамдан өзүнчө сахв саждасын кылбайт.

Сахв сажда кылуу үчүн «Аттахиййату» окулуп, бир тарапка салам бергенден кийин эки жолу саждага барып отуруп **«Тахиййат», «Салли ва барик», «Раббана»** дубалары окулуп, намаз аякталат. Бир же эки тарапка салам бергенден кийин же таптакыр салам бербестен дагы сахв сажда кылууга болот.

## Сахв саждасын кылуу керек болгон жагдайлар:

Отуруу керек болгон жерде өйдө туруу, өйдө туруу керек болгон жерде отуруу. Үнүн чыгарып окуй турган жерде ичинен окуу. Ичинен окула турган жерде үн чыгарып окуу. Дуба окула турган жерде Курани каримден (сүрө же аят) окуу, Курани каримден сүрө окула турган жерде дуба окуу. Мисалы: «Фатиха» сүрөсүнүн ордуна «Аттахиййату» дубасын окуу, «Аттахиййату» окула турган жерде «Фатиха» окуу. (Бул жагдайда «Фатиха» сүрөсүн окуу фарзы аткарылбаган болот). Намазды бүтүрбөй туруп салам берүү. Фарз намаздардын үчүнчү жана төртүнчү рекеттеринде «Фатихадан» кийин зам сүрө окуу. Алгачкы эки рекетинде «Фатихадан» кийин зам сүрө окубоо. Айт намазынын такбирлерин келтирбөө. Витир намазында «Кунут» дубасын окубоо.

### ТИЛАВАТ САЖДАСЫ:

Курани каримдин он төрт жеринде сажда аяты бар. Булардан бирөөнү окуган же уккан адамдын маанисин түшүнбөсө да бир сажда кылуусу важиб. Сажда аяттарын жазган, муунга бөлүп окуган адам сажда кылбайт.

Тоолордон, чөлдөрдөн жана башка жерлерден жаңырып, кайта келген жаңырыкты уккандардын жана куштан тыңдагандардын

сажда кылуулары важиб эмес. Адам үнү болушу керек. Радиодон, микрофондон келген үн адамдын үнү эмес, хафыздын үнүнө окшобогон, жансыз аспап чыгарган үн экендиги жогоруда белгиленген. Ошондуктан, радиодон жана магнитофондон окулган сажда аяттарын уккан адамдын тилават саждасын кылуусу важиб болбойт.

Тилават саждасын кылуу үчүн даарат менен, кыбыланы карап өйдө турат, бирок колдорун көтөрбөстөн, кулак какпастан **«Аллаху Акбар»** деп сажда кылат. Үч жолу **«Субхана раббиал ала»** деп айтылат. Андан соң **«Аллаху Акбар»** деп саждадан турганда тилават саждасы толукталат. Алгач ниет кылуу керек. Ниетсиз кабыл болбойт.

Сажда аяты намаз ичинде окулганда дароо өзүнчө руку же бир сажда кылып өйдө турат. Окуусун улантат. Сажда аятын окуп, эки-үч аяттан кийин намаздын рукусуна ийилсе же тилават саждасына ниет кылса намаздын рукусу же саждалары тилават саждалары катары саналат. Жамаат менен окуган адам имам сажда аятын окуганда имамдын окуганын укпаса да, имам менен чогуу руку менен эки сажда кылат. Жамааттын рукуда ниет кылуусу керек. Намаздан тышкаркы маалда кийинкиге да калтырса болот.

### ШҮГҮР САЖДАСЫ:

Тилават саждасы сыяктуу. Өзүнө ырыскы келген же кандайдыр бир кыйынчылыктан кутулган адамдын Аллаху таала үчүн **«шүгүр сажда»** кылуусу мустахаб. Саждада алгач **«Алхамдулиллах»** дейт. Андан соң сажда таспихин окуйт. Намаздан кийин сажда кылуу макрух.

Намазда тадил-и арканга баш ийбеген адамдын бардык макулуктарга зыяны тиет. Себеби, ал адамдын күнөөсү үчүн жамгыр жаабайт, эгин чыкпайт жана мезгилсиз жаан жаап, пайданын ордуна зыян келтирген болот деп айтылган.

## НАМАЗДЫН СҮННӨТТӨРҮ

1. Намазда колдорду кулакка чейин көтөрүү.
2. Алакандын ичин кыбылага каратуу.
3. Такбир алгандан кийин колдорду байлоо.

4. Оң колду сол колдун үстүнө коюу.

5. Эркектин колдорун киндигинен ылдый, ал эми аялдын көкүрөккө коюусу.

6. Ифтитах такбиринен кийин **«Субханака»** окуу.

7. Имамдын жана жалгыз намаз окуган адамдын **«Аузу»** окуусу.

8. Бисмиллах окуу.

9. Рукуда үч жолу **«Субхана раббиал азиим»** деп айтуу.

10. Саждада үч жолу **«Субхана раббиал-ала»** деп айтуу.

11. Акыркы отурууда **«Салават»** дубаларын окуу.

12. Салам берип жатканда башты эки тарапка буруу.

13. Имамдын Жума жана Айт намаздарынан башка ар бир намазда биринчи рекетте экинчи рекетте окуй турган сүрөсүнөн эки эсе узун сүрө окуусу.

14. Рукудан түзөлүп жатканда имамдын жана жалгыз окуган адамдын **«Самиаллаху лиман хамидах»** деп айтуусу.

15. Рукудан түзөлгөндө **«Раббана лакал-хамд»** деп айтуу.

16. Саждада бут манжаларды бүгүп, учтарын кыбылага буруу.

17. Руку менен саждаларга ийилип жана түздөлүп жатканда **«Аллаху Акбар»** деп айтуу.

18. Колдор менен тизелерди жерге коюу.

19. Согончокторду кыйамда бири биринен төрт эли алыс, ал эми рукуда, кавмада жана саждада бириктирүү.

20. «Фатихадан» кийин купуя **«Аамиин»** деп айтуу, рукудан мурун такбир алуу, рукуда манжалардын арасын ачык абалда тизенин үстүнө коюу, сажда үчүн такбир келтирүү, отуруп жатканда сол бутту жерге узатып, оң бутту тик коюп отуруу, эки сажда ортосунда отуруу.

Шам намазында кыска сүрөлөр окулат. Багымдат намазында биринчи рекет экинчисине караганда узунураак окулат. Имамга уюган адам «Фатиха» менен зам сүрө окубайт. **Субханака** окуйт. Такбирлерди айтат. Тахиййат менен салават-ы шарифтерди окуйт.

## НАМАЗДЫН МУСТАХАБДАРЫ

1. Намаз окуп жатканда сажда кылына турган жерди кароо.
2. Рукуга ийилип жатканда буттарды кароо.
3. Саждада мурунду койгон жерди кароо.

4. Тахиййатта отурганда тизелердин үстүн кароо.

5. «Фатихадан» кийин окула турган аяттар багымдат жана бешим намаздарында узун, шам намаздарында кыска болуусу.

6. Имамга уюган адамдын такбирди ичинен келтирүүсү.

7. Рукуда манжаларды ачып тизенин үстүнө коюу.

8. Баш менен моюнду рукуда түз кармоо.

9. Саждага баратканда алгач оң анан сол тизени жерге коюу.

10. Сажданы эки колдун ортосунда кылуу.

11. Саждада мурундан кийин маңдайды коюу.

12. Намаз учурунда эстегенде (оозун ачып), колдун сырты менен ооздy жабуу.

13. Эркектердин саждада чыканактарын көтөрүп өйдө кармоосу. Аялдардын жерге тийгизүүсү.

14. Эркектердин саждада колдорун жана буттарын курсагына тийгизбөөсү.

15. Руку менен саждада үч жолу таспих окугудай убакыт күтүү.

16. Саждадан башын көтөргөндөн кийин колдорун жерден алуу.

17. Колдорун көтөргөндөн кийин тизелерин көтөрүү.

18. Тахиййатта колдорду сандардын үстүнө коюп, манжаларды кыбылага карай түз кармоо, бүкпөө, эч бирин ойнотпоо.

19. Оң жана солго салам берип жатканда башты буруу.

20. Салам берип жатканда ийининин учун кароо.

## НАМАЗДЫН МАКРУХТАРЫ

1. Кийимди толук кийбестен, желбегей жамынып намаз окуу.

2. Саждага ийилип жатканда этек, багелектерди өйдө түрүү.

3. Кийимдин этеги, жеңи түрүлгөн бойдон намазга туруу.

4. Обу жок, б.а., пайдасыз кыймыл-аракет кылуу.

5. Улуулардын алдына кийип чыгалбай турган жаман кийим менен намаз окуу.

6. Ооздо кыраатка тоскоол болбой турган бир нерсенин болуусу. Тоскоол боло турган болсо намаз бузулат.

7. Баш кийимсиз, жоолуксуз намаз окуу.

8. Чоң жана кичине даарат (туалетке баргысы келип) же болбосо жел кыйнап турган маалда намазга туруу.

9. Намаз окуп жатканда сажда жериндеги таш, топуракты колу менен тазалоо.

10. Намазга туруп жатканда, намаз окуп жатканда манжаларды тырсылдатуу.

11. Намазда колду бөйрөгүнө таянуу.

12. Башы менен жүзүн эки жакка буруу, айланага көз жүгүртүү. Көкүрөктү кыбыладан бурганда намаз бузулат.

13. Ташаххуддарда ит сыяктуу отуруу.

14. Саждада эркектердин чыканактарын жерге тийгизүүлөрү.

15. Адамдын маңдайына карап жана катуу сүйлөгөн адамдын аркасына беттенип окуу.

16. Бирөөнүн саламына кол берип, баш ийкеп жооп берүү.

17. Намаз ичинде жана тышында эстөө.

18. Намазда көздөрдү жумуу.

19. Имамдын михрабдын[52] ичинде туруусу.

20. Имамдын жалгыз жамааттан жарым метр жогоруда туруусу танзихан макрух.

21. Имамдын жалгыз төмөндө туруусу дагы танзихан макрух.

22. Алдыңкы саптарда бош жер бар экенине карабастан аркадагы сапка туруу жана сапта орун жок болсо ал саптын аркасына жалгыз туруу.

23. Кандайдыр бир жандыктын сүрөтү тартылган кийим менен намаз окуу.

24. Жандыктын сүрөтү намаз окуган адамдын маңдайында, оң же сол жагында дубалга же кездеме, кагаздын үстүнө тартылып асылган же жөн гана турган болсо макрух. Кресттин сүрөтү дагы жандык сүрөтү сыяктуу.

25. Жалындуу отту карап намаз окуу.

26. Намазда аяттарды, таспихтерди колу менен саноо.

27. Баштан аяк бир кездемеге оронуп намаз окуу.

28. Башына чалма чалып, чокусун ачык таштап намаз окуу.

29. Оозу менен мурдун чүмкөп намаз окуу.

30. Себепсиз, оору сыркоосуз оозунан какырык чыгаруу.

31. Колун бир-эки жолу кыймылдатуу.

32. Намаздын сүннөттөрүнүн бирөөнү аткарбоо.

---

52 Мечиттин кыбла тарабындагы дубалынын оюлган бөлүгү.

33. Зарылчылыгы болбостон баласы колунда болсо намазды баштоо.

34. Көңүлүн ээлеген, тынчын бузган нерсе бар болсо, мисалы, кооз нерселердин маңдайында, оюн-зоок, бий, музыканын жанында жана жегиси келген тамак-аштын жанында намаз окуу.

35. Фарзды окуп жатканда себепсиз дубалга, тирөөчкө таянуу.

36. Рукуга ийилип же рукудан түзөлүп жатканда колдорду кулакка көтөрүү.

37. Кыраатты рукуга ийилгенде бүтүрүү.

38. Саждаларда жана рукуда имамдан мурун башын коюу жана көтөрүү.

39. Нажас болушу мүмкүн болгон жерде намаз окуу.

40. Кабырга карап намаз окуу.

41. Ташаххуддарда сүннөткө ылайык отурбоо.

42. Экинчи рекетте биринчиден үч аят узун окуу.

## Намаздын сыртында макрух болгон нерселер

1. Дааратканада жана башка бардык жерде заара, истинжа кылып жатканда кыбылага маңдайын же аркасын каратуу.

2. Күн менен Айды карап заара ушатуу.

3. Кичине балдарды кыбылага каратып тозуу. Баланы кыбылага каратып тозгон адам үчүн макрух болот. Ошондуктан, чоңдор үчүн харам болгон нерселерди кичине балдарга кылдыруу аны кылдырган адам үчүн харам болот.

4. Кыбылага каратып себепсиз эки бутун же бир бутун узатуу.

5. Мусхапка жана диний китептерди карап бут узатуу. Китеп бийик жерде болсо макрух болбойт.

## НАМАЗДЫ БУЗГАН НЕРСЕЛЕР

1. Себепсиз жөтөлүү же какыруу.

2. Намаз окуган адамдын башка бирөө чүчкүргөндө **«Йархамукаллах»** деп айтуусу.

3. Жалгыз намаз окуган адам жакын жерде жамаатта имамдын жаңылганын угуп аны эскертсе же тууралаcа намазы бузулат. Эгер имам дагы ал адамдын тууралоосу менен окуй баштаса, имамдын да намазы бузулат.

4. Намаз окуп жатканда **«Лаа илаха иллаллах»** десе, эгер максаты жооп берүү болгон болсо ал адамдын намазы бузулат. Эгер максаты билдирүү гана болсо бузулбайт.

5. Аврат жерин ачуу.

6. Оору же кандайдыр бир башка кыйынчылыктан улам ыйлоо. (Жаннат же Жаханнам эсине келип, аларды ойлоп, ошондон улам ыйласа, намазы бузулбайт).

7. Кол алышуу же саламга жооп берүү.

8. Казага калган намаздарынын саны бештен ашпаган болсо жана намаз окуп жатканда эсине келсе.

9. Намаз окуп жатканда аны көргөн адамдын намаз окуп жаткандыгынан күмөн санагыдай аракет кылса намазы бузулат.

10. Намаз учурунда бир нерсе жеп-ичүү.

11. Намаз учурунда сүйлөө.

12. Имамынан башка бирөөнүн катасын тууралоо.

13. Намазда күлүү.

14. Намаз учурунда онтоо, ах, ух деш.

## Бардык намаздарды бузууну мубах кылган нерселер

1. Жылан өлтүрүү үчүн.

2. Качып бараткан жандыкты кармоо үчүн.

3. Үйүрдү карышкырдан куткаруу үчүн.

4. Ташып жаткан казанды оттон алуу үчүн.

5. Намаз убактысын же жамаатты өткөрүп жиберүү коркунучу болбогон учурларда башка мазхабда намазды бузган бир нерседен кутулуу үчүн, мисалы, дирхамдан кичине булганычты тазалоо жана чоочун аялга тийгенин эстесе даарат алуу үчүн намазды бузууга болот.

6. Заара же жел кыйнаганда андан кутулуу үчүн дагы намаз бузулат.

## Бардык намаздарды бузууну фарз кылган нерселер

1. Жансоога деп кыйкырган адамды жана кудукка түшө турган көзү көрбөгөн адамды, отко күйүп же сууга чөгө турган адамды куткаруу үчүн, өрттү өчүрүү үчүн.

2. Эне-ата, чоң эне жана чоң ата чакырганда фарз намазды бузуу важиб эмес, мүмкүн болгону менен зарылдыгы болбостон бузууга болбойт. Ал эми, нафилде (сүннөттөр дагы) бузулат. Жогорудагы адамдар жансоога деп чакырса, фарз намазды дагы бузуу керек.

## ЖАМААТ МЕНЕН НАМАЗ

Намазда эң аз эки адамдын бирөөнүн имам болуусу аркылуу жамаат болгон болот. Беш маал намаздын фарздарын жамаат менен бирге окуу эркектер үчүн сүннөт. Жума жана Айт намаздары үчүн жамаат болуу фарз. Жамаат менен окулган намаздарга көбүрөөк сооп берилери хадиси шарифтерде билдирилген. Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” мындай деп айтат: **«Жамаат менен окулган намазга жалгыз окулган намаздан жыйырма жети эсе көп сооп берилет»**. Жана да айтты: **«Жакшы даарат алып, жамаат менен намаз окуу максатында мечитке барган адамдын ар бир кадамына Аллаху таала сооп жазат жана ар бир кадамы үчүн амал дептеринен бир күнөөсүн өчүрөт, Жаннатта бир даража жогорулатат»**.

Жамаат менен окулган намаз мусулмандардын арасындагы биримдикти чыңдайт. Сүйүүнү, бири бирине болгон жакындыктарын көбөйтөт. Жамаат чогулуп бири бири менен баарлашат. Бул аркылуу кимдин кыйынчылыгы бар, кимдин ооруп калгандыгы оңой белгилүү болот. Жамаат – мусулмандардын бир жүрөк, бир дене экендигинин эң сонун мисалы.

Оорулуу, шал, бир буту жок, баса албаган карыялардын жана көздөрү сокур адамдардын жамаатка баруулары шарт эмес.

Жамаатка намаз окуткан адам **имам** деп аталат. Имамдыктын жана ага уйуп жамаат болуунун шарттары бар.

### Имам болуунун шарттары

Имам болуу үчүн алты шарт талап кылынат: Бул шарттардын бирине жооп бере албаган имамдын аркасында окулган намаз кабыл болбойт.

1. Мусулман болуу. Абу Бакр Сыддык жана Умар-ул

Фаруктун “радыйаллаху анхума” халифа болгондугуна ынанбаган, Миражга, кабыр азабына ишенбеген адам имам боло албайт.

2. Балагатта болуу.

3. Акыл-эси ордунда болуу. Мас же акылынан тайган адам имам боло албайт.

4. Эркек болуу. Аял адам эркектерге имамдык кыла албайт.

5. Эң кеминде Фатиха менен бир аятты туура окуй билүү керек. Бир аят жаттабаган же жаттаса да тажвид менен окуй албаган адам имам боло албайт.

6. Үзүрлүү болбошу керек. Себеби, үзүрлүү адам үзүрсүз адамдарга имам боло албайт.

Имамдын Курани каримди тажвид менен окуусу зарыл. Кыраат ы жакшы дегендик тажвид менен окуу дегендикти билдирет. Намаздын шарттарына маани бербеген имамдардын аркасында намаз окулбайт. **«Салих жана** (фажир) **күнөөкөр ар адамдын аркасында намаз окугула», -** деген хадиси шариф мечит имамдары үчүн эмес, Жума намазын окуткан амирлер менен валилер (башчылар) үчүн айтылган.

Имам болууга сүннөттү б.а., диний маалыматтарды эң мыкты даражада билген мусулман адам татыктуу. Бул жагынан деңгээлдери бирдей адамдар болгон болсо анда алардын Курани каримди эң мыкты окуганы имам болот. Мында дагы тең болсо такваасы күчтүүрөгү болот. Эгер мында да тең болсо жашынын улуулугу боюнча тандалат.

Кул, бедуин, фасык, азиз жана никесиз төрөлгөн адамдын имам болуусу макрух. Имам намазды жамаатты чарчатып, кыйнап жибергидей создуктурбайт.

Аялдардын өзүнчө жамаат менен намаз окуулары макрух.

Имамдын жанында ага уюган бир адам бар болсо имамдын оң тарабына турат. Эки адамга имам болсо алдыга чыгат. Эркектер намазда аялга, кичинекей балага уйуулары туура эмес.

Имамдын аркасына адегенде эркектер, анан балдар, алардан кийин аялдар сапка турат.

Имам аялдарга да имам болууга ниет кылган болсо, ошол эле намазда турган аял бир эркек менен бир сапта намазга турса

эркектин намазы бузулат. Эгер имам бул аялга имамдык кылууга ниет кылбаган болсо жанында турган эркекке анын зыяны тийбейт. Бирок, аялдын намазы туура болбойт. Өйдө туруп намаз окуган адам отуруп окуган адамга уюса болот. Муким (жергиликтүү) болгон адам сапарда болгон имамга уйуса болот. Фарзды окуган адам нафил намазды окуган адамга уйуса болбойт. Ал эми нафил окуган адам фарзды окуган адамга уйуса болот. Имамга уйуп намаз окугандан кийин имамдын даараты жок болгондугун билген адам намазын кайрадан окуйт.

Рагаиб, Бараат жана Кадыр намаздарын жамаат менен окуу макрух.

Жамааттын каалоосу боюнча фарз кылдырып жаткан имамдын кыраат менен таспихтерди сүннөттөн көп окуусу тахриман макрух.

Имамга рукуда жетише албаган адам ал рекетти имам менен бирге окуган болуп саналбайт. Имам рукуга ийилгенде келген адам ниет кылат жана өйдө турган бойдон такбир келтирип, намазды баштайт. Дароо рукуга ийилип, имамга уйат. Эгер ал ийилгенче имам рукудан түздөлсө, рукуга жетишпеген болот.

Имамдан мурун рукуга ийилүү, саждага баруу же андан мурда туруу тахриман макрух. Фарз намаздарды окуп бүткөндөн кийин сапты бузуу мустахаб.

Бир момун беш маал намазын күн сайын жамаат менен окуса, бардык пайгамбарлар “алейхимуссалам” менен бирге окугандай сооп алат.

Жамаат менен окулган намаздын жогоруда саналып өткөн артыкчылыктары имамдын намазы кабыл болгон жагдайда гана орундалат.

Эгерде кимдир бирөө жамаатты себепсиз таштаса Жаннаттын жыпар жытынан куру калат. Жамаатты себепсиз таштап койгон адамдар төрт китепте тең малун (лаанат айтылган) деп сыпатталган.

Беш маал намазды жамаат менен бирге окууга аракет кылуу керек. Кыямат күнү Аллаху таала жети кат жер, жети кабат көк, Аршты, Курсини жана бардык макулуктарды таразанын бир тарабына, ал эми шарттарына ылайык жамаат менен окулган бир маал намаздын сообун экинчи тарабына койсо, жамаат менен окулган намаз оорураак болот.

## Имамга уйуунун туура болуусу үчүн он шарт бар:

1. Намазга туруп жатканда такбир айтуудан мурда имамга уюгандыгына ниет кылуу. «Даяр болгон имамга уюудум» деп жүрөгүнөн өткөрүүсү керек.

2. Имамдын аялдарга имамдык кылууга ниет кылуусу зарыл. Эркектерге имамдык кылууга ниет кылуусу шарт эмес. Бирок, ниет кылса жамааттын сообуна жетет.

3. Жамааттын согончогу имамдын согончогунун артында болуш керек.

4. Имам менен жамаат бирдей фарз намазды окуулары керек.

5. Имам менен жамааттын ортосунда аялдардан турган сап болбош керек.

6. Имам менен жамааттын ортосунда кайык өткүдөй дарыя жана араба өтө тургудай жол болбош керек.

7. Имам менен жамааттын ортосунда бири бирин көрө тургандай, же болбосо үнүн уга тургудай терезеси жок дубал болбошу керек.

8. Имам кандайдыр бир жаныбардын үстүндө, жамаат жерде же мунун тескериси болбош керек.

9. Имам менен жамаат бири-бирине тийип турбаган эки бөлөк кемеде болбоолору керек.

10. Башка мазхабдагы имамга уюган жамааттын намазынын кабыл болуусу үчүн эки риваят бар: биринчи өкүм боюнча жамаат өзүнүн мазхабына ылайык намазды буза турган кандайдыр бир нерсенин имамда болгондугун билбеши керек. Ал эми, экинчи өкүм боюнча өз мазхабына ылайык намазы туура болгон имамга башка мазхабдагылар дагы уйуса болот. Бул өкүм боюнча тишинде каптамасы же пломбасы бар имамга уйууга болот.

Жамаат бир адамдан турса имамдын оң тарабына турат. Солунда туруусу макрух. Аркасында туруусу да макрух. Согончогу имамдын согончогунун артында жайгашса намазы кабыл болот. Эки же андан көп адамдан турган жамаат имамдын аркасына турат.

Имам менен чогуу окулган намаз жалгыз окулган намаз сыяктуу эле окулат. Бирок, тик турганда имам ичинен же тышынан

окуганда да жамаат эч нерсе окубайт (Шаафи мазхабы боюнча имам менен бирге жамаат ичинен «Фатиха» окуйт). Биринчи рекетте гана **«Субханака»** окуйт. Имам үнүн чыгарып «Фатиханы» окуп бүткөндө жамаат акырын гана **«Амин»** дейт. Бул катуу үн менен айтылбайт. Рукудан түздөлүп жатканда имам **«Самиаллаху лиман хамидах»** деп айтканда, жамаат **«Раббана лакал хамд»** гана дейт. Андан соң ийилип жатканда **«Аллаху Акбар»** деп жамаат имам менен бирге саждага барат. Рукуда, саждаларда жана отурганда жалгыз окулган намаздагыдай жамаат дагы окуйт.

Витир намазы Рамазан айында жамаат менен калган учурларда жалгыз окулат.

## Масбуктун намазы

Имамга уюган адамдар төрт түрдүү болот. Булар:

**Мудрик, Муктади, Масбук** жана **Лахык.**

**Мудрик** – ифтитах такбирин имам менен бирге келтирген адам.

**Муктади** – ифтитах такбирине үлгүрбөй калган адам.

**Масбук** – имамга биринчи рекетте жетише албаган адам.

**Лахык** – ифтитах такбирин имам менен бирге алган, бирок, кийин даараты бузулуп, кайрадан даарат алып имамга уюган адам. Бул адам баштагыдай эле кыраатсыз, руку жана сажда таспихтерин келтирип намаз окуп баштайт. Эгер ал даарат алып келүүдө дүнүйөгө байланыштуу сөз сүйлөбөгөн болсо имамдын аркасында турган болуп эсептелет. Бирок, мечиттен чыкканда жакын жерден даарат алуусу керек. Себеби, көп алыска кетсе намазы бузулат деп да айтылды.

Масбук б.а., имамга биричи рекетте жетише албаган адам имам эки тарапка тең салам бергенден кийин өйдө туруп, жетишпей калган рекеттерин толуктап окуйт.

Кырааттарды биринчи, экинчи, андан соң үчүнчү рекет кылынып жаткандай окуйт. Ал эми отурууну төртүнчү, үчүнчү жана экинчи рекет катары менен б.а., акырынан баштаган сыяктуу кылат. Мисалы: Куптан намазынын акыркы рекетине гана үлгүргөн адам имам саламын бергенден кийин өйдө туруп, биринчи жана экинчи рекетте «Фатиха» менен сүрө окуйт. Биринчи рекетте отурат. Экинчиде отурбайт.

## Беш нерсени имам кылбаса жамаат да кылбайт:

1. Имам «Кунут» окубаса, жамаат дагы окубайт.

2. Имам Айт намазындагы такбирлерди кылбаса, жамаат дагы кылбайт.

3. Имам төрт рекеттик намаздын экинчи рекетинде отурбаса, жамаат дагы отурбайт.

4. Имам сажда аятын окуп, сажда кылбаса, жамаат дагы сажда кылбайт.

5. Имам сахв саждасын кылбаса, жамаат дагы кылбайт.

## Төрт нерсени имам кылса жамаат кылбайт:

1. Имам экиден көп сажда кылса, жамаат кылбайт.

2. Имам Айт намазынын такбирин үчтөн ашык кылса, жамаат кылбайт.

3. Имам жаназа намазында төрттөн ашык такбир кылса, жамаат кылбайт.

4. Имам бешинчи рекетке турса, жамаат турбайт,
имамды күтөт, бирге салам беришет.

## Он нерсени имам кылбаса да жамаат кылат:

1. Ифтитах такбиринде колду өйдө көтөрүү.

2. «Субханака» окуу.

3. Рукуга ийилип жатканда такбир айтуу.

4. Рукуда таспих окуу.

5. Сажда кылып, өйдө туруп жатканда такбир айтуу.

6. Саждаларда таспих окуу.

7. «Самиаллаху» деп айтпаса да «раббана лакал хамд» деп айтуу.

8. «Аттахиййатуну» акырына чейин окуу.

9. Намаздын акырында салам берүү.

10. Курман Айтта жыйырма үч фарздан кийин салам берээри менен дароо такбир окуу. Бул жыйырма үч такбир «ташрик такбирлери» деп аталат.

# ИФТИТАХ ТАКБИРИНИН ПАЗИЛЕТТЕРИ

Ифтитах такбирин имам менен бирге кылган адамдын күзүндө шамалдан жалбырактар күбүлгөндөй күнөөлөрү күбүлөт.

Бир жолу Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” намаз окуп жатканда бир адам ифтитах такбирине үлгүрбөй калды. Бир кулга эркиндик берди. Андан кийин келип,

Расулуллахтан “саллаллаху алейхи ва саллам” сурады: «Йа, Расулуллах! Мен бир күнү ифтитах такбирине үлгүрбөй калдым. Бир кулду азат кылдым. Ифтитах такбиринин сообун ала аламбы»? Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” Абу Бакр Сыддыктан “радыйаллаху анх” сурады: **«Сен бул ифтитах такбири тууралуу кандай дейсиң»?** Абу Бакр Сыддык “радыйаллаху анх” мындай деп жооп берди: «Йа, Расулуллах! Кырк төөгө ээ болсом, кыркына тең баалуу таштар жүктөлсө, алардын бардыгын кембагалдарга таратсам да, баары бир имам менен бирге ифтитах такбирин кылуу сообуна ээ боло албайм».

Андан соң Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам”: **«Йа, Умар! Сен эмне дейсиң ифтитах такбири тууралуу?»** дегенде, Хазрети Умар “радыйаллаху анх” мындай деп жооп берет: «Йа, Расулуллах! Мекке менен Мединанын ортосу толо төөм болсо, бардыгында тең баалуу таштар артылган болсо, алардын бардыгын кембагалдарга таратсам да, баары бир имам менен бирге ифтитах такбирин кылуу сообуна ээ боло албайм» деди.

Анан Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” **«Йа, Осман! Сен ифтитах такбири тууралуу эмне дейсиң?»** - деп сураганда, Хазрети Осман зиннурейн “радыйаллаху анх” да мындай деп жооп берет: «Йа, Расулуллах! Түнүчүндө эки рекет намаз окусам, ар бир рекетинде Куран-ы азим-уш-шанды хатим кылсам да, баары бир имам менен бирге ифтитах такбирин кылуу сообуна жете албайм».

Андан кийин Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” **«Йа, Али! Сен ифтитах такбири тууралуу эмне дейсиң?»** - деп сураганда Хазрети Али “каррамаллаху важхах” мындай деп жооп берет: «Йа, Расулуллах! Магриб (батыш) менен машриктин (чыгыш) ортосу толо капыр болсо, Раббим мага күч-кубат берип, бардыгы менен жихад кылсам да, баары бир имам менен бирге ифтитах такбирин кылуу сообуна жете албайм».

Ушундан кийин Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” мындай дейт: **«Эй, менин үммөт жана сахабаларым! Жети кабат жер менен жети кабат көк кагаз болсо жана дарыялар сыя, дарактар калем, ал эми бардык периштелер жазарман болуп кыямат күнүнө чейин жазышса да, баары бир ифтитах такбирин имам менен бирге кылуунун сообун жаза алышпайт».**

## Окуя: Ак сарайда курулган мечит

Имам Азам Абу Ханифанын шакирти Имам Абу Юсуф “рахметуллахи алейх” Халифа Харун Рашид мезгилинде казы эле. Бир жолу ал Харун Рашиддин жанында жүргөндө бир адам башка бир адамга доо кылат. Харун Рашиддин вазири мен буга күбөмүн дейт. Имам Абу Юсуф вазирдин күбөлүгүн кабыл албайт. Халифа эмне үчүн вазирдин күбөлүгүн кабыл кылбай жатасың дейт. Имам: «Бир жолу ага бир иш буйрук кылган экенсиз, ал сизге мен сиздин кулуңузмун деп айткан эле. Эгер туура айткан болсо кулдун күбө болуусу мүмкүн эмес. Ал эми, калп айткан болсо калпычынын күбөлүгүн да угуп болбойт». Халифа: «Мен күбөлүк кылсам кабыл кыласыңбы?» - дейт. «Жок» - деп айтты. «Эмне үчүн?» - деп сурайт. «Себеби, сен намазды жамаат менен бирге окубайсың», - дейт. «Мен мусулмандардын иштери менен алектенгенимден убактым болбой калат», - деп жооп берет. Имам: «Халыкка баш ийүү болгон жерде кулга баш ийүү боло албайт», - дейт. Халифа «Туура айтасың», - деп, ак сарайында мечит курулуусуна буйрук берет. Азанчы менен имам дайындалат жана ушундан тартып Халифа намаздарын дайыма жамаат менен бирге окуйт.

# ЖУМА НАМАЗЫ

Аллаху таала Жума күнүн мусулмандарга таандык кылган. Жума күнү түшкү маалда Жума намазын окуу Аллаху тааланын буйругу.

Аллаху таала Жума сүрөсүнүн акырындагы аятта мындай дейт: **«Эй, ыйман келтирүү менен сыймыктанган кулдарым! Жума**

**күнү бешим азаны айтылган мезгилде хутба угуу жана Жума намазын окуу үчүн мечитке чуркагыла! Сооданы токтоткула! Жума намазы менен хутба силерге башка иштериңерден да пайдалуураак. Жума намазы окулгандан кийин мечиттен чыгып, дүнүйө иштериңерди кылуу үчүн таркасаңар болот.**

Аллаху тааладан ырыскы күтүү менен эмгектенесиңер. Азаптан кутулуу үчүн Аллаху тааланы көп эстегиле!»

Намаздан кийин каалагандар жумушуна кайтып ишин улантат, ал эми каалагандар мечитте калып намаз окуу, Курани карим окуу, дуба кылуу менен алектенет. Жума намазынын убактысы киргенде соода кылуу күнөө.

Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам" көптөгөн хадиси шарифтеринде мындай деп айтат: **«Эгер бир мусулман Жума күнү гусул алып, Жума намазына барса, бир жумалык күнөөлөрү кечирилет жана ар бир кадамы үчүн сооп жазылат».**

**«Жума намазын окубагандардын жүрөгүн Аллаху таала мөөрлөйт. Гафил[53] болушат».**

**«Күндөрдүн эң баалуусу – Жума. Жума күнү майрам күндөрүнөн жана Ашура күнүнөн да баалуураак. Жума дүйнөдө жана Жаннатта мусулмандардын майрамы».**

«Эгер бир адам себепсиз үч Жума намазын окубаса,

Аллаху таала анын жүрөгүн мөөрлөйт. Жакшылык кылбай калат».

**«Жума намазынан кийин бир маал бар. Так ошол учурда кылынган дуба кайтарылбайт** (кабыл болот)».

«Жума намазынан кийин жети жолу «Ихлас» менен

«Муаввизетайн» сүрөлөрүн окуган адамды Аллаху таала бир жума бою бөөдө кырсык, балээ жана жамандыктардан коргойт».

**«Ишемби күндөрү яхудилерге, жекшемби күндөрү насарага (христиандарга) берилгендиги сыяктуу Жума күнү да мусулмандарга берилди. Бул күнү мусулмандарга кайыр, берекет жана жакшылык бар».**

Жума күнү кылынган ибадаттар үчүн башка күндөрдө кылынган ибадаттардан эң аз эки эсе көп сооп берилет. Жума күнү жасалган күнөөлөр дагы эки эсе эсептелет.

53 Кабарсыз, кул экендигин ойлобостон жашаган адам.

Жума күнү рухтар чогулуп, бири бири менен таанышышат. Бейиттер зыярат кылынат. Бул күнү көр азабы токтотулат. Айрым аалымдардын билдиргендери боюнча мусулмандын көр азабы токтотулуп, кайта башталбайт. Ал эми, мусулман эместердики болсо Жума күнү жана Рамазандан тышкары бардык учурда болуп, кыяматка чейин улантылат. Жума күнү жана Жума түнү кайтыш болгон мусулмандар көр азабын тартышпайт. Тозок Жума күнү көп ысык болбойт. Адам алейхиссаллам Жума күнү жаратылган. Жума күнү Жаннаттан чыгарылган. Жаннаттагылар Жума күнү Аллаху тааланы көрүшөт.

## Жума намазынын фарздары

Жума күнү он алты рекет намаз окулат. Мунун ичинен эки рекетин окуу фарз. Бешим намазынан дагы күчтүү фарз. Жума намазынын фарз болуусунда эки түрдүү шарт бар:

1. Ада (аткарыла турган) шарттар.
2. Вужуб (керек болгон) шарттар.

Ада шарттарынан бири кем болсо намаз кабыл болбойт. Ал эми вужуб шарттары болбосо, кабыл болот.

**Ада, б.а., Жума намазынын кабыл болушу үчүн аткарылуусу талап кылынган жети шарт бар:**

1. Намазды калаада окуу. Калаа – жамааты эң чоң мечитке батпаган жер.

2. Мамлекет башчысынан же валинин (башчынын) уруксатын алып окуу. Алар дайындаган хатиб өзүнүн ордуна башкасын өкүл коё алат.

3. Бешим намазынын маалында окуу.

4. Маал киргенде хутба окуу. (Аалымдар Жума күнү хутба окуу намазга турганда **«Аллаху Акбар»** деп айтуу сыяктуу дешет. Башкача айтканда, эки хутбаны тең арапча гана окуу керек. Хатип ичинен «Аузу» окуп, кийин бийик үн менен хамд, санаа, калимаи шахадат жана салат-у салам окуйт. Андан соң соопко, азапка себеп боло турган нерселерди эскертип, анан аят окуйт. Отуруп турат. Экинча хутбаны окуп, вааздын ордуна мусулмандарга дуба кылат. Төрт халифанын атын атоосу мустахаб. Хутбага дүнүйөгө тийиштүү сөздөрдү аралаштыруу харам. Хутбаны расмий кеп түрүндө окуп,

конференция сыяктантып жибербөө керек. Хутбаны кыска окуу – сүннөт, узун окуу – макрух).

5. Хутбаны намаздан мурун окуу.

6. Жума намазын жамаат менен бирге окуу.

7. Мечиттин эшигин бардык адамдарга ачуу.

## Жума намазынын тогуз вужуб шарты бар:

1. Шаарда, айылда жашоо. Сапардагылар үчүн фарз эмес.

2. Ден-соолугу чың болуу. Оорулууга жана оорулууну таштап жанынан чыга албаган адамга жана өтө карыган адамдарга фарз эмес.

3. Эркин болуу.

4. Эркек болуу. Аялдар үчүн фарз эмес.

5. Акыл-эстүү, балагатка кирген, башкача айтканда, **«мукаллаф»** болуу.

6. Сокур болбоо. Жолдо аны жетелеп бара турган бирөө бар болгон жагдайда дагы көзү көрбөгөндөр үчүн фарз эмес.

7. Басканды билүү. Инвалиддик коляскасы бар болсо да шал, буту жок адамдар үчүн фарз эмес.

8. Туткунда болбоо жана душман, өкүмөт, заалимден коркунуч болбоо.

9. Нөшөрлөгөн жамгыр, өтө калың кар, бороон, ылай жана катуу сууктун болбошу.

## Жума намазы кантип окулат?

Жума күнү бешим азаны окулганда он алты рекет Жума намазы окулат. Алардын кезеги төмөндөгүдөй:

1. Адегенде Жума намазынын төрт рекеттик **«алгачкы сүннөтү»** окулат. Бул, бешим намазынын алгачкы сүннөтү сыяктуу окулат. «Ниет кылдым Аллаху таала ыраазычылыгы үчүн Жума намазынын алгачкы сүннөтүн окууга, жүзүмдү караттым кыбылага», - деп, ниет кылынат.

2. Андан соң мечитте экинчи азан жана хутба окулат.

3. Хутбадан кийин коомат окулуп, жамаат менен Жума намазынын эки рекекттик **фарзы** окулат.

4. Жума намазынын фарзы кылынгандан кийин төрт рекеттик **«акыркы сүннөтү»** окулат. Бул бешим намазынын алгачкы сүннөтү сыяктуу окулат.

5. Мындан кийин **«Моюнума фарз болуп, өз убактысында окубай калган акыркы бешим намазынын фарзын окууга»** деп ниет кылып, **«Ахир зухур»** намазы окулат. Төрт рекеттик бул намаз бешим намазынын фарзы сыяктуу окулат.

6. Анан, эки рекет **маалдын сүннөтү** окулат. Багымдат намазынын сүннөтү сыяктуу окулат.

7. Булардан кийин «Аятал-курси» жана таспихтер окулуп, дуба кылынат.

## Жума күнүн сүннөт жана адептери:

1. Жуманы Бейшемби күнү тозуу.

2. Жума күнү гусул алуу.

3. Чач кырктыруу. Сакалдын бир уучтан ашыгын кесүү. Тырмак алуу. Таза кийим кийүү.

4. Жума намазына мүмкүн болгончо эрте баруу.

5. Алдыңкы сапка өтүү үчүн жамааттын ийиндеринен аттабоо.

6. Мечитте намаз окуп жаткан адамдын астынан өтпөө.

7. Хатип минбарга чыккандан кийин эч нерсе сүйлөбөө, сүйлөгөн адамга ишара менен да болсо жооп бербөө жана азанды кайталабоо.

8. Жума намазынан кийин Фатиха, Кафирун, Ихлас, Фалак жана Нас сүрөлөрүн жети жолу окуу.

9. Аср намазына чейин мечитте калып ибадат кылуу.

10. Ахли сүннөт китептеринен баяндаган аалымдардын баянын, ваазын тыңдоо.

11. Жума күнү жалаң ибадат менен алектенүү.

12. Жума күнү салават-ы шариф келтирүү.

13. Курани карим окуу. **Кахф** сүрөсүн окуу керек.

14. Садака берүү.

15. Эне-атаны же кабырларын зыярат кылуу.

16. Үйдө көп жана таттуу тамак-аш жасоо.

17. Көп намаз окуу. Казага калган намазы бар адамдар каза намаздарын окуш керек.

# иАЙТ НАМАЗДАР

Шаввал айынын биринчи күнү фитир, б.а., Орозо айттын, ал эми Зилхижже айынын онунчу күнү Курман айттын биринчи күндөрү болуп эсептелет. Бул эки күндө күн чыккандан кийин 45 мүнөт өткөн соң, б.а., карахат убактынан кийин эки рекет Айт намазын окуу эркектер үчүн важиб.

Айт намаздын шарттары Жума намазынын шарттарына окшош. Бир гана айырмасы бар, Айт намазда хутба сүннөт катары саналат жана намаздан кийин окулат.

Орозо айтта намаздан мурун таттуу нерсе (хурма же момпосуй) жеш; гусул алуу, мисвак колдонуу, эң жакшы кийимдерди кийүү, жолдо акырын такбир окуу мустахаб.

Курман айтта намаздан мурун эч нерсе жебөө, намаздан кийин курмандыкка чалынган малдын этин жеш, намазга баратканда үнүн катуу чыгарып, (кандайдыр бир сыркоосу бар адам акырын чыгарса да болот) такбир окуу мустахаб.

Айт намаздары эки рекеттен турат. Жалгыз окулбастан, жамаат менен бирге окулат.

## Айт намазы кантип окулат?

1. Адегенде: «Ниет кылдым важиб болгон Айт намазын окууга, уюудум даяр болгон имамга», - деп ниет кылып, намазга турулат. Анан **«Субханака»** окулат.

2. Субханакадан кийин үч жолу такбир кылынып, кулак кагылат. Биринчи жана экинчи такбирден кийин колдор ылдый түшүрүлөт. Ал эми үчүнчү такбирден кийин колдор байланат. Имам алгач Фатиха, анан бир сүрө окуйт, анан чогуу рукуга ийилишет.

3. Экинчи рекетте имам алгач Фатиха жана бир сүрө окуйт. Анан такбир кылынып үч жолу кулак кагылат. Төртүнчү такбирде колдор көтөрүлүп кулак кагылбастан рукуга ийилет. Кыскача: **«Эки жолу кулак как, бир жолу байла. Үч жолу кулак как, бир руку кыл!»** деп эске тутууга болот.

## Ташрик такбирлери:

Курман айттын арафа күнү багымдат намазынан тартып, төртүнчү күндүн аср намазына чейин ажылардын жана ажыга

барбаган жамаат менен же жалгыз намаз окуган бардык аял, эркектердин фарз намаздан кийин салам берип, дароо бир жолу **ташрик такбир** окуулары важиб.

Жаназа намазынан кийин окулбайт. Мечиттен чыккандан кийин же баарлашкандан кийин окуунун зарылчылыгы жок.

Имам такбирди унутуп калган болсо жамаат токтотпойт. Эркектер үнүн катуу чыгарып окушса болот. Ал эми аялдар акырын айтышат.

### Ташрик такбири:

**«АЛЛАХУ АКБАР, АЛЛАХУ АКБАР. ЛАА ИЛАХА ИЛЛАЛЛАХ ВАЛЛАХУ АКБАР. АЛЛАХУ АКБАР ВА ЛИЛЛАХИЛХАМД».**

## ӨЛҮМГӨ ДАЯРДЫК

Өлүмдү эстөө - эң чоң насыйкат. Ар бир ыймандуу адамдын өлүмдү көп эстөөсү сүннөт. Өлүмдү көп эстөө буйруктарга бекем карманып, күнөөлөрдөн качууга түрткү болот. Харам иш жасоодон алыстатат. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам" мындай деп айтат: **«Лаззаттарды кулатып, оюн-зооктордун түбүнө жеткен өлүмдү көп эстегиле!»**. Дин улууларынын айрымдары күн сайын бир жолу эстөөнү адатка айлантышкан. Улуу олуялардан Мухаммед Бахаэддин-и

Бухари "куддиса сиррух" күн сайын жыйырма жолу өзүн өлүп, көргө көмүлгөнүн ойлочу.

Узун эмел – бул көп жашоону каалоо. Ибадат кылып, динге кызмат кылуу үчүн көп жашоону каалоо узун эмел эмес. Узун эмелдүү адамдар ибадаттарын убагында кыла алышпайт. Тообо кылууну таштап коюшат. Жүрөктөрү таш болуп калат. Өлүмдү эстешпейт. Вааз жана насыйкаттардан сабак алышпайт.

Узун эмелге чалдыккан адам бүт өмүрүн дүнүйө-оокатка жана атак-даңкка жетүү үчүн жумшайт. Акыретти унутат. Бир гана оюн-жыргалын ойлойт.

Хадиси шарифтерде мындай деп айтылат:

**«Өлө электе өлгүлө. Суракка алына электе өзүңөрдү өзүңөр суракка тарткыла!».**

**«Эгер өлүмдөн кийин боло турган нерселерди силер билгендей жаныбарлар да билишкенде (союп) жеш үчүн семиз жаныбар таба албайт элеңер».**

**«Күнү-түнү өлүмдү эстеген адам кыямат күнү шейиттердин жанында болот».**

Узун эмелдин себептери: дүйнө жыргалчылыгына берилгендик, өлүмдү унутуу жана ден-соолугу менен жаштыгына алдануу. Узун эмел оорусунан кутулуу үчүн бул себептерди жок кылыш керек. Өлүмдүн күттүрбөй да келе тургандыгын унутпоо керек. Узун эмелге чалдыгып калуунун зыяндуулуктарын жана өлүмдү эстеп туруунун пайдаларын билип алуу керек. Хадиси шарифте айтылды:

**«Өлүмдү көп эстегиле. Аны эстөө адам баласын күнөө кылуудан коргойт жана акыретте зыяндуу боло турган нерселерден сактанууга себепчи болот».**

## Өлүм деген эмне?

Өлүм жок болуу эмес. Өлүм – жандын (рухтун) дене менен байланышынын үзүлүүсү. Жандын денеден айрылуусу. Өлүм – адам баласынын бир абалдан экинчи бир абалга өтүүсү. Бир үйдөн башка үйгө көчүү сыяктуу. Хазрети Умар бин Абдулазиз мындай дейт: «Силер бир гана түбөлүктүүлүк үчүн жаратылдыңар. Болгону бир үйдөн бир үйгө көчөсүңөр». Өлүм – момун үчүн бир белек, нимат. Күнөөкөр болгондор үчүн азап. Адам баласы өлгүсү келбейт. А бирок, өлүм фитнадан (каргаша-бүлүктөн) жакшыраак. Адам баласы жашоону сүйөт. Чындыгында өлүм ага кайырлуу. Салих момун өлүм аркылуу дүйнөнүн кыйынчылык жана оордуктарынан кутулат. Заалымдардын өлүмү аркылуу мамлекеттер менен Аллаху тааланын кулдары ырахатка жетет. Бир заалымдын өлүмүнөн кийин айтылган эски бир бейт бар:

**Өзү да жетпеди ырахатка, дүйнөгө да бербеди тынчтык,**
**Жыгылды кетти дүйнөдөн, чыдасын мүрзө калкы.**

Момундун денесинен жанынын чыгуусу туткундун абактан кутулуусуна окшойт. Момун өлгөндөн кийин бул дүйнөгө кайра кайтууну каалабайт. Бир гана шейиттер дүйнөгө кайта келип, кайрадан шейит болууну самашат. Өлүм – ар бир мусулман үчүн бир белек. Бир адамдын динин бир гана кабыры коргойт. Ал эми, мүрзөдөгү жашоо Жаннат бактарында жүргөнгө, же болбосо Тозок чуңкуруна түшүүгө окшойт.

## Өлүм акыйкат

Өлүмдөн кутулуу мүмкүнбү? Албетте, мүмкүн эмес. Эч кимдин өмүрүн жада калса, бир секунд болсо да узартууга кудурети жетпейт. Ажалы жеткен өлөт. Өлүм көз ачып жумганча болот. Курани каримде бир аятта: **«Ажалдары келген учурду бир саат алдыга же артка жылдыра алышпайт»,** - деп айтылды.

Аллаху таала бир адамдын өлүмүн каерде тагдыр кылган (жазган) болсо ал адам малы-мүлкүн, бала-чакасын таштап ошол жерде өлөт.

Аллаху таала биздин күндө канча жолу дем алганыбызды билет. Ал билбеген эч бир нерсе жок. Ыйман келтирип, жашообуз ибадат менен өтсө акыры саадат (бакыт) менен бүтөт. Аллаху таала Азраил алейхиссаламга айтты: **«Досторумдун жанын жеңил, душмандарымдын жанын кыйнап ал!»**. Ыймандуу адамдар үчүн бул кандай гана чоң сүйүнчү. Ал эми ыймансыз калгандар үчүн кандай чоң балээ.

# ЖАНАЗА НАМАЗЫ

Бир мусулмандын дүйнөдөн кайткандыгы тууралуу кабар алган эркектерге, эркек жок болсо, аялдар үчүн жаназа намазы фарз-ы кифайа. Жаназа намазы – Аллаху таала үчүн намаз, маркум үчүн дуба. Буга маани бербегендин ыйманы кетет.

## Жаназа намазынын шарттары

1. Маркум мусулман болуш керек.
2. Жуулушу керек. Жуулбастан көмүлгөн, үстүнө топурак таштала элек болсо чыгарылып жуулат, анан жаназасы окулат. Сөөк менен имам турган жердин таза болуусу шарт.

3. Сөөктүн же дененин жарымы, башынын же башы жок жарымынан көп дене имамдын алдында туруш керек.

4. Сөөк жерде же жерге жакын колдо кармалышы же таш үстүнө коюлушу керек. Сөөктүн башы имамдын оң, ал эми буту сол тарабына келет. Тескерисинче коюу күнөө.

5. Сөөк молдонун маңдайында даяр туруш керек.

6. Сөөктүн жана молдонун аврат жерлери жабылуу болуш керек.

## Жаназа намазынын фарздары

1. Төрт жолу такбир айтуу.
2. Өйдө туруп окуу.

## Жаназа намазынын сүннөттөрү

1. Субханака окуу.
2. Салават окуу.
3. Өзүнө, маркумга жана бардык мусулмандарга кечирим жана магфират үчүн билдирилген дубалардан билгенин окуу.

Жаназа намазы мечиттин ичинде окулбайт.

Тирүү төрөлгөндөн кийин көз жумган наристеге ат коюлуп жуулат, кепенделет, жаназасы окулат.

Сөөктү алып жөнөөрдө табыттын төрт тарабынан кармалат. Адегенде сөөктүн баш тарабы оң ийинге, анан бут тарабы оң ийинге, анан баш тарабы сол ийинге, андан соң бут тарабы сол ийинге коюлуп, ар биринде он кадамдан көтөрүлүп барылат. Көрүстөнгө жеткенде сөөк ийинден жерге коюлмайынча отурууга болбойт. Жерге берилип жатканда бош тургандар отурса болот.

## Жаназа намазы кантип окулат?

Жаназа намазынын төрт такбиринин ар бири бир рекет сыяктуу. Төрт такбирдин биринчисинде гана кулак кагылат. Андан кийинки үч такбирде кулак кагылбайт.

1. Биринчи такбир алынып, эки кол байланганда **«Субханака»** окулат жана окулуп жатканда **«важалла санаука»** дагы кошо айтылат. Фатиха окулбайт.

2. Экинчи такбирден кийин ташаххудда отурганда окула турчу **салаваттар** б.а., **«Аллахумма салли»** менен **«Барик»** дубалары окулат.

3. Үчүнчү такбирден кийин жаназа дубасы окулат. (Жаназа дубасынын ордуна **«Раббана атина»** же

**«Аллахуммагфирлах»** деп айтуу, же болбосо дуба ниети менен **Фатиха-и шарифа** окууга да болот).

4. Төртүнчү такбирден кийин дароо оңго жана солго салам берилет. Салам берип жатканда жаназага жана жамаатка ниет кылынат.

Имам төрт такбирди жана эки ийинге берилген саламды гана үнүн чыгарып айтат, калганын ичинен окуйт.

Жаназа намазы окулгандан кийин табыттын жанында дуба кылуу туура эмес. Макрух болот.

# ТАРАВИХ НАМАЗЫ

Таравих намазы эркек жана аялдар үчүн сүннөт. Рамазан айынын ар бир түнү окулат. Жамаат менен окулуусу суннати кифайа. Убактысы куптан намазынан кийин жана витир намазынан мурун. Витир намазынан кийин окулса да болот. Мисалы: Таравих намазынын бир бөлүгүнө жетишип, имам менен витир намазын окуган адам таравих намазынын үлгүрбөй калган рекеттерин витирден кийин окуйт.

Окулбаган таравих намазынын казасы окулбайт. Казасы окулса нафил болот. Таравих окуган болбойт.

Таравих намазы жыйырма рекет.

## Таравих намазы кантип окулат?

Витир намазы Рамазан айында гана жамаат менен окулат. Таравих намазын эки рекетте бир салам берип окууга болот. Ошондо бардыгы болуп он жолу салам берилген болот. Ар төрт рекеттен кийин бүтүп, таспих кылуу мустахаб. Каза намазы бар болгон адам бош убактыларында, беш маал намаздын сүннөттөрүндө жана таравихтин ордуна каза намаздарын окуп бүтүрүп, андан соң бул намаздарды окуй башташы керек.

Таравих намазы жамаат менен мечитте окулган сыяктуу үйдө да жалгыз өзүнчө окуса болот, бул күнөө эмес. Бирок, жамаат менен бирге мечитте окуу сообунан куру калат. Үйүндө бир же бир нече адам менен жамаат түзүп, чогуу окуса жалгыз окуганга караганда жыйырма жети эсе көп сооп табат. Ар бир ифтитах такбиринде ниет келтирсе жакшы болот. Куптан намазын жамаат менен бирге окубагандар таравихти жамаат менен окуй алышпайт. Куптан намазын жамаат менен окубаган адам фарзды жалгыз окуп, андан соң таравихти жамаат менен бирге окуй алат.

## Бешинчи бөлүм

# САПАРДАГЫ АДАМДЫН НАМАЗЫ

Эгер Ханафи мазхабындагы адам он беш күндөн аз калуу максатында 104 километрден же андан алыс жерге барса сафари болот.

Сафари же мусафир болуу жолчу болуу дегенди билдирет. Мусафир төрт рекеттик фарз намаздарды эки рекет кылып окуйт. Бирок, ал барган жериндеги муким (жергиликтүү) имамга уйуса төрт рекетти тең окуйт. Сафари адам имамдык кылса, экинчи рекеттен кийин салам берет. Ал салам берген соң анын аркасындагы жамаат калган эки рекетти окуп намазын бүтүрөт.

Сафари маасынын үстүнө үч күн, үч түн масх тартат. Орозо кармап жатса орозосун буза алат. Эгер сафари адам жолдо көп кыйналбаса туткан орозосун бузбаса жакшы болот. Курман Айтта курмандык чалуусу важиб эмес. Жума намазы да сафари адам үчүн фарз эмес.

Намаз убактысынын акырында жолго чыккан адам эгер ал маалдын намазын окуй элек болсо эки рекет окуйт. Бирок, намаз маалынын акырында үйүнө кайтып келген жолоочу, эгер ал маалдын намазын окуй элек болсо төрт рекетти тең окуйт.

**«Нимат-и ислам»** китебинде мындай деп айтылат: «Нафил намазды өйдө туруп окууга алы келген адамдын отурган жеринен окуусу ар дайым жана ар жерде мүмкүн». Намазды отурган жеринен окуп жатканда рукуга денеси менен ийилет. Саждада башын жерге

коёт. Бирок, эч бир себепсиз нафил намазды отуруп окуган адамга туруп окуган адамга берилген сооптун жарымы гана берилет. Беш маал намаздардын сүннөттөрү жана таравих намазы нафилге кирет. Жолдо, б.а., калаа, айылдын тышында нафил намаздарды минген малдын үстүндө окууга болот. Бул жагдайда кыбыланы кароонун, рукуга, саждага толук ийилүү зарыл эмес. Башкача айтканда, руку үчүн денесин кичине ийет, сажда үчүн андан көбүрөөк ийилет. Малдын үстүнүн кир болуусу намазга тоскоол болбойт. Жерде нафил намаз окуп жатып чарчаган адамдын таякка, адамга, дубалга таянып окуусу мүмкүн. Басып баратып намазы окуу сахих болбойт.

Фарз жана важиб намаздарды себепсиз эле жаныбардын үстүндө окууга болбойт. Бирок, үзүрү болгон болсо окууга болот. Мажбур кылган себептер төмөнкүлөр: мал-жанынын коркунучта болуусу, минип жүргөн жаныбардан түшкөндө жаныбарынын же болбосо анын жанындагы оокатынын уурдалып кетүү коркунучу, жырткыч айбан, душман, жерде баткак, жамгыр болсо, оорулуу адамдын жаныбарга мингенде же түшкөндө оорусуна зыян тийип күчөп кете турган болсо, жанындагы достору күтпөй жалгыз коркунучта калса, эгер аттан (ж.б.) түшсө, кайра бирөөнүн жардамысыз мине албай турган болсо. Мүмкүн болсо, минген жандыгын токтотуп, кыбылага каратып окуйт. Эгер мүмкүн болбосо кайсы тарапты карап баратса ошол тарапты карап окуйт. Жандыктын үстүндөгү махмил деп аталган сандык сыяктуу нерсенин ичинде окуу да ушул сыяктуу. Эгер жандык токтотулуп, махмилдин астына тирөөч коюлса, **сарир** б.а., стол, диван катары эсептелип, жерде окуган болот. Бул учурда өйдө туруп, кыбылага бурулуп окуусу зарыл. Жерге түшө алган адам фарздарды махмилде окубайт.

Кемеде намаз Хазрети Жафар Таййар Хабашистанга (Эфиопия) баратканда Расулуллахтын "саллаллаху алейхи ва саллам" ага үйрөткөнүндөй окулат: Ал төмөнкүдөй: кыймылдагы кемеде фарз да, важиб да окулат. Кемеде намазды жамаат менен бирге дагы окууга болот. Кыймылдагы кемеде ишара менен окуу туура болбостон сажда менен руку кылат. Кыбыланы кароо да шарт. Намазды баштап жатканда кыбыланы карай турат. Кеме багытын өзгөрткөндө өзү кыбылага бурулат. Кемеде булганычтан тазалануу керек. Имам Азам Абу

Ханифанын өкүмү боюнча себепсиз болсо да жүрүп бара жаткан кемеде фарздарды отуруп да окууга болот.

Деңиз ортосунда токтоп турган кеме ары-бери катуу чайпалса кыймылдагы кеме катары, ал эми, аз чайпалса жээкте турган кеме катары эсептелет. Жээкте турган кемеде намаз жерде отуруп окулбайт. Жээкке чыгуу мүмкүнчүлүгү бар болсо, өйдө туруп окууга да болбойт, жээкке чыгып окулушу керек. Мал-мүлкү, жаны же кеменин жылып кетүү коркунучу бар болсо кемеде окууга болот.

Ислам аалымдарынан **Ибни Абидин** мындай дейт: «Эки дөңгөлөктүү болсо да жаныбарга токулмайынча жерде түз тура албаган арабада токтоп турганда да, жүрүп баратканда да намаз окуу жаныбардын үстүндө окуу сыяктуу. Төрт дөңгөлөктүү араба кыймылсыз абалында стол сыяктуу. Жүрүп баратканда жаныбар үчүн жогоруда жазылган себептер менен ичинде фарз намаз окууга болот жана арабаны токтотуп кыбыланы карап окуйт. Токтото албаса намазды кыймылдагы кемедеги сыяктуу окуйт». Кыймыл учурунда кыбылага бурула албаган адам Шаафи мазхабын таклид кылып эки намазды бириктирип окуйт. Бул мүмкүн болбосо кыбыланы кароосу талап кылынбайт. Отургучта, креслодо отуруп ишара менен намаз окуу эч ким үчүн туура эмес. Автобуста, учакта намаз окуу арабада окулган сыяктуу.

Фарз менен важибдерди сапарда себепсиз жаныбар үстүндө окубоо керек. Унааларды токтотуп, кыбылага бурулуп, өйдө туруп окуу зарыл. Ошондуктан, эгер мүмкүн болсо намаз окуу үчүн бир унаага түшөөрдөн мурда чарасын көрүү керек.

Сафари болгон адам кеме менен поездде фарз намаз окуурда кыбылага беттенип, сажда кыла турган жердин жанына компас коюшу керек. Кеме же поезд бурулган сайын намаз окуган адам дагы багытын кыбылага карай өзгөртүшү керек. Көкүрөгү кыбыладан бурулса намазы бузулат. Автобуста, поездде, толкундуу деңизде кыбылага бурула албагандардын фарз намаздары туура болбогондуктан, алар сапар учурунда Шаафи мазхабын таклид кылып бешим менен асрды, шам менен куптан намаздарын бириктирип (жем кылып) окуса болот. Башкача айтканда, жол тартып жатканда бул эки намазды бири биринин артынан дароо

окуйт. Анткени, Шаафи мазхабы боюнча сексен километрден алыс сапарда асрды бешим намазынын маалында, куптан намазын шам намазынын маалында же болбосо бешимди аср намазынын, ал эми шамды куптан намазынын маалында окууга болот. Ошондуктан,

Ханафи мазхабындагы адам жолдо кыбылага бурула албай турган болсо, сапар учурунда күндүз бир жерде тыным жасалганда бешим намазынан кийин асрды, кечкисин токтогон жерде куптан маалында шам менен куптанды бирге окуусу керек. Бул төрт намазга ниет кылаарда **«Шаафи мазхабын таклид кылып окуп жатам»** деп ниет кылуу, жогорудагы сөздөрдү жүрөктөн өткөрүү керек. Сапардан мурун жана сапар бүткөндөн кийин эки маалдын намазы бирге окулбайт.

## ООРУ УЧУРУНДА НАМАЗ

Даараттты бузган нерсенин денеден чыгуусу үзгүлтүксүз уланса «узр» (үзүр) деп аталат. Заара, ич өткөк, жел чыгаруу, мурундун каноосу жана жарадан кан же сары суу агуусу, оору же шишиктен улам көз жаштын агуусу бир намаз маалы учурунда үзгүлтүксүз уланган адам жана истихаза каны келген аял үзүрлүү болот. Таңып, дары жардамы менен же намазын отурган жеринен же ишара менен окуу аркылуу буларга тоскоол болуусу керек. Заарасын кармай албаган эркек заара чыккан жерине арпа өлчөмүндө кебез коёт. Бул кичине тамчылаган заараны өзүнө сиңирип сыртка чыгып кетүүдөн коргойт. Ошентип, даарат бузулбайт. Ал эми, заара учурунда кебез өзүнөн өзү чыгып кетет. А бирок, заара көп тамчыласа кебез аны өзүнө сиңире албайт, сыртка чыгып даарат бузулат. Тамчылаган заара үстүндөгү кийимине жукпашы керек. Аялдар астына дайыма **«күрсүф»** деп аталган кездеме коюулары зарыл. Эгер аккан нерсени токтото албаса, ар бир намаз маалында даарат алып, намазды ошол бойдон окуйт. Жогоруда саналып өткөн сыркоолорго чалдыккан кечиримдүү абалдагы адам бир даарат менен маал өткөнчө фарз, каза жана нафил намаздарды окуй алат. Курани каримди кармай алышат. Намаз маалы өткөндө даараты бузулган болот. Маал чыга электе кечиримдүү болуп эсептелген нерседен башка себеп менен даарат бузулат. Мисалы: мурундун бир тешиги канап жатканда

даарат алса, бир нече убактан кийин экинчи тешиги канай баштаса даараты бузулат. Үзүрлүү болуу үчүн дааратты бузган нерсенин ар бир намаз маалында үзгүлтүксүз агышы керек. Даарат алып, ал маалдын фарз намазын окуган мөөнөт ичинде акпаса үзүрлүү болуп эсептелбейт. Малики мазхабынын бир өкүмү боюнча бир тамчы акса да үзүрлүү болот. Эгер бир адам үзүрлүү абалда болсо, кийинки намаз маалдарында бир жолу бир тамчы келсе ал маалда да үзүрү уланган болуп саналат. Бир намаз маалында такыр суюктук келбесе, оорусу бүттү дегендикке жатат. Үзүргө себеп болгон булганыч кийимге дирхам өлчөмүнөн көп жерге жукса, кайтадан жугузбоо мүмкүнчүлүгү болсо, булганган жерди жуу зарыл.

Гусул алганда ооруп калуудан же оорусунун күчөп кетүүсүнөн корккон адам таяммум алат. Бул коркунуч өз тажрыйбалары же чынчыл дарыгердин билдирүүсү аркылуу аныкталат. Күнөөлөрү көп билинбеген дарыгердин дагы диагнозу кабыл алынат. Суук, баш калкалай турган жердин жоктугу, суу ысыткыдай каражат, калаада мончого баргыдай акчанын жоктугу ооруга себеп болушу мүмкүн. Ханафи мазхабында бир таяммум менен каалаганча фарз намаз окуу мүмкүн. Шаафи менен Маликиде ар фарз намаз үчүн жаңы таяммум алынат.

Даарат мүчөсүнүн жарымында жарасы бар адам таяммум алат. Жара жарымынан аз болсо, таза жери жуулуп, жарасына масх тартылат. Гусулда дене толугу менен бир мүчө катары эсептелгендиктен дененин жарымы жара болгон учурда таяммум алынат. Жара жарымынан аз болсо, ал жерди таңып, гусул учурунда масх тартат. Эгер масх жарага зыян келтире турган болсо, бинтке масх тартат. Ал эми бул да зыяндуу болсо, масх тартылбайт. Даарат менен гусулда башка масх тартуу зыяндуу болсо масх тартылбайт. Колу жок (эгзема же жара) суу колдоно албаган адам таяммум алат. Бети менен колдорун жерге (акталган, топурак менен шыбалган дубалга) сүртөт. Колу же буту кесилген адамдын бетинде да жарасы бар болсо, намазын дааратсыз окуйт. Даарат алууга жардам бере турган адам табалбаган таяммум алат. Баласы, кулу, кызматчысы жардам берүүгө мажбур. Башкаларынан жардам сурайт. Бирок, алар көмөк кылууга, аял менен күйөө дагы бири бирине даарат алдырууга мажбур эмес.

Кан алдырып, сүлүк колдонуп, сөөгү сынып же чыгып, жара же сыздооктун үстүнөн бинт менен таңган же кебез коюп май сүргөн адам ооруган жерин муздак же ысык суу менен жууй албаса даарат жана гусул алып жатканда жарасынын жарымынан көбүнө бир жолу масх тартат. Эгер бинтти чечүү жарага зыян бере турган болсо, бинттин астындагы соо жерлер жуулбайт. Бинт менен таңуудан мурда даарат алуунун кажети жок. Бинттин арасынан көрүнгөн соо тери бөлүктөрү сууланат. Масх тартылгандан кийин таңуу алмаштырылса же үстүнөн жаңысы таңылса, кайрадан масх тартуунун кереги жок.

Өйдө тура албаган же өйдө турганда сыркоосу күчөй турган адам намазын отурган жеринен окуп, рукуга денесин кичине ийет. Анан түздөлөт, сажда үчүн эки жолу башын жерге коёт. Отура алгандай отурат. Тизелеп отурууга, мандаш токунуп отурууга болот. Баш, тизе, көз ооруса оорулуу болуп эсептелет. Душманга көрүнүү коркунучу дагы үзүрлүү абал болот. Өйдө турганда орозосу же даараты бузулган адам да отурган жеринен намаз окуйт. Бир нерсеге таянып тура алган адам таянган жеринен намаз окуйт. Көпкө дейре өйдө туруп тура албаган адам ифтитах такбирин кылып, оору сезе баштаганда намазын отуруп улантат.

Жерге сажда кыла албаган адам өйдө турган жеринен окуп, руку менен сажда үчүн отуруп ишара кылат. Отурганда руку үчүн кичине, сажда үчүн андан көп ийилет. Денесин ийе албаган, башын ийет. Бир нерсенин үстүнө сажда кылуунун зарылчылыгы жок. Эгер бир нерсенин үстүнө сажда кылса сажда үчүн рукудан көп ийилгенине карабастан намазы туура окулса да, макрух болот. Бир нерсеге жөлөнүп отуруу мүмкүн болгон учурда жаткан жеринен ишара кылуу туура эмес. Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” бир жолу оорулуу адамды зыярат кылат. Ал оорулуу адам колу менен жаздыкты алып үстүнө сажда кылганын көргөндө жаздыкты алат. Оорулуу адам отун алып, анын үстүнө сажда кылат. Отунду дагы алат жана мындай дейт: **«Күчүң жетсе жерге сажда кыл! Жерге ийиле албасаң маңдайыңа бир нерсе коюп, ага сажда кылба! Ишара менен оку жана саждада рукудан көбүрөөк ийил!». «Бахр-ур-раик»** китебинде билдирилгендей Ал-и Имран сүрөсүнүн жүз токсон биринчи аятында мындай деп

айтылды: **«Намазды күчү жеткен адам өйдө туруп окуйт. Күчү жетпеген адам отурган жеринен окуйт. Буга дагы күчү жетпеген адам жаткан жеринен окуйт».** Имран бин Хусайн ооруп калганда Расулуллах "саллаллаху алейхи ва саллам" ага: **«Өйдө туруп намаз оку! Күчүң жетпесе,отуруп оку! Буга да күчүң жетпесе, кырыңан же чалкалап жатып оку!»** дейт. Мындан билинип тургандай өйдө тура албаган оорулуу отуруп, отура албаган жаткан жеринен окуйт. Отургучта, креслодо намаз окууга уруксат берилген эмес. Ооруп калган адам же автобуста, учакта сапар тарткан адамдын отургучта, креслодо намаз окуусу Исламга ылайык эмес. Жамаат менен бирге өйдө туруп намаз окуй албаган адам үйүндө окуйт. Төмөндөгү жыйырма нерсе жамаат менен намаз окубоо үчүн үзүрлүү абал катары кабыл алынат: жаан, күндүн өтө суук же ысыктыгы, жанына же мүлкүнө кол сала турган душман коркунучу, жолдоштору таштап кетсе жолдо жалгыз калуу коркунучу, өтө караңгы болуусу, карызы бар кембагалдын кармалып абакка түшүү коркунучу, сокурлук, баса албаган шал болуу, бир бутунун жоктугу, бир жеринин ооруусу, белинен ылдый шал болуу, баткак, баса албоо, баса албаган карыя, сейрек болчу фикх[54] сабагын өткөрүп жиберүү, жакшы көргөн тамагын өткөрүп жиберүү коркунучу, сапарга чыгууга даярдануу, ордуна таштай турган эч кими жок оорулуу адам болсо, түнүчүндө катуу шамал, даараткнага баргысы келүү. Оорусунун күчөп кетишинен корккон адам жана төшөктөгү оорулууну жалгыз таштай албаган адам жана басып баруудан кыйнала тургудай кары болуу Жума намазына барбоо үчүн үзүрлүү себеп болот. Жамаатка басып баруунун унаа менен барууга караганда сообу көп. Мечитте отургуч, креслодо отуруп, ишара менен намаз окуу туура эмес. Ислам дини билдирбеген түрдө ибадат кылуу бидат. Бидат кылуу чоң күнөө экендиги фикх китептеринде жазылган.

Бир нерсеге жөлөнүп отура албаган оорулуу адам чалкалап жаткан жеринен, жата албаса оң капталына жатып, башы менен ишара кылып намазын окуйт. Кыбылага бурула албаган адам бурула алган тарапка карай намаз окуйт. Чалкалап жаткан адам башынын астына бир нерсе коюлуп, жүзү кыбылага каратылат. Тизесин бүгүп, өйдө көтөрсө жакшы болот. Башы менен ишара кыла албаган адам

---

54 Ислам өкүмдөрүн үйрөткөн илим.

намазын казага таштаса болот. Намаздардын ортосунда ооруган адам күчү жеткендей улантат. Жерде отуруп окуган адам намаз учурунда өзүн жакшы сезсе, өйдө туруп улантат. Аң-сезимин жоготкон адам намаз окубайт. Беш маал өтө электе сакайса, беш маал намазынын бардыгынын казасын окуйт. Алты намаз убактысы өтсө эч казасын окубайт.

Ишара менен болсо да окулбаган намаздын казасын тезинен окуу фарз. Казасын окубастан өлүм абалы келсе каза болгон намаздардын искаты үчүн таштаган мурасынан фидйе берилишин осуят (керез) кылуу важиб. Осуят кылбаса эне-атасынын, о.э. чоочун бирөөнүн да өз мүлкүнөн искат кылуусу туура экендиги билдирилген.

## КАЗА НАМАЗДАР

Намаз дене менен кылына турган ибадат болгондуктан, башка бирөөнүн ордуна окулбайт. Ар бир адам өзү окушу керек. Намазды маалында окуу **ада кылуу** деп аталат. Кайсыл бир мезгилде кайра окуу **иада кылуу** деп аталат. Мисалы, макрух болуп окулган намаздын маалы чыга электе эгер мүмкүнчүлүгү болбосо, башка убакта кайрадан окуу важиб. Фарз жана важиб намазды маалы өткөндөн кийин окуу **казасын окуу** деп аталат.

Бир күндүк беш маал фарз жана витир намазын окуп жана казасын окуп жатканда кезеги боюнча аткаруу керек. Бештен көп карызы болбогон адам **тартип ээси** деп аталат. Жуманын фарзын ал күнү бешим намазынын учурунда окуш керек. Багымдат намазында уктап калган адам хутба окулуп жатканда да оюна келсе, дароо багымдат намазынын казасын окуусу керек. Бир намазды окубай андан кийинки беш намазды окууга болбойт. Хадиси шарифте мындай деп айтылды: **«Бир намазда уктап калган же унуткан адам кийинки намазын жамаат менен окуп жатканда эстесе имам менен окуган намазын бүтүрүп, анан мурунку намазынын казасын окусун! Андан кийин имам менен окуган намазын кайра окусун!».**

Фарздын казасын окуу фарз. Важибдин казасын окуу важиб. Сүннөттүн казасын окуу буюрулган эмес.

Ханафи мазхабынын аалымдары бир добуштан: «Сүннөт намаздарды маалында окуу гана буюрулган. Маалында окулбаган сүннөт намаздар адамдын мойнунда карыз болуп калбайт. Ошондуктан, маалынан кийин казасынын окулуусуна буйрук кылынган жок. Багымдаттын сүннөтү важибге жакын болгондуктан, ошол күнү түшкө чейин фарзы менен казасы окулат. Багымдат намазынын сүннөтү бешим намазынан кийин окулбайт жана да башка намаздардын сүннөттөрүнүн казалары эч качан окулбайт. Казасын окуганда сүннөттүн сообу берилбейт. Нафил окулган болот». **«Ибни Абидин»** жана **«Таргиб-ус-салат»** китебинин 162-чи бетинде: «Сүннөттөрдү үзүрсүз отуруп окууга болот. Таптакыр окубай коюш күнөө. Фарздарды үзүр менен отуруп окууга болот», - делген.

Фарз намаздарын себепсиз, атайы окубоо – чоң күнөө. Мына ушундай маалында окулбаган намаздардын казасын окуу керек. Фарз менен важибдерди атайы казага таштоого уруксат берген эки себеп бар: биринчиси: душмандын каршысында болуу, ал эми экинчиси: сафари адамдын б.а., үч күн жол жүрүү максаты болбосо да сапардагы адамдын уурудан, жырткыч жаныбардан, селден, бороондон коркуусу. Булар турган жеринен жана кайсыл бир тарапка бурулуп же кандайдыр бир жаныбарга минип бара жатканда ишара менен окуй албаган учурда дагы казага таштоого жол берилет. Бул эки себептен жана уйку менен унутуудан улам намаздарды казага таштоо күнөө болбойт. **«Эшбах»** түшүндүрмөсүндө «Чөгүп жаткан же ушул сыяктуу абалдагы адамдарды куткаруу максатында намазын маалынан кийин окуу да сахих», - деп айтылат. Бирок, бул жагдай аяктаганда дароо казасын окуу фарз. Харам болуп эсептелген үч маалдан тышкаркы башка бардык учурларда бош убактында окуу шарты менен бала-чакасынын ырыскысын тапканча кечиктирүүгө болот. Мындан көп кечиктирсе күнөөгө кире баштайт. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” Хендек салгылашуусу учурунда окуй албай калган төрт намазын дароо ошол түнү сахабаларынын “радыйаллаху анхум” жарадар жана өтө чарчагандарына карабастан жамаат менен окуган. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” мындай деп айткан: «**Эки фарз намазды бириктирүү чоң күнөөлөрдөн».** Башкача

айтканда, бир намазды маалында окубай, кийинки маалда окуу эң чоң күнөөлөрдөн. Хадиси шарифте мындай деп айтылат:

**«Аллаху таала бир намазды маалы өткөндөн кийин окуган адамды сексен хукба Тозокко таштайт».** Бир хукба акыреттин сексен жылына, ал эми акыреттин бир күнү дүйнөнүн миң жылына барабар. Эгер бир маал намаздын маалында окубоонун жазасы ушундай болсо, такыр намаз окубагандар тарта турган жаза кандай экенин ойлонуу керек.

Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” мындай деп айткан: **«Намаз – диндин тиреги. Намаз окуган адам динин бекемдеген, ал эми намаз окубаган адам динин жыккан болот».** Бир хадиси шарифте мындай делет: «**Кыямат күнү ыймандан кийинки алгачкы сурак намаздан болот».** Аллаху таала мындай деп айтты: «**Эй, кулум! Намаз сурагынан өтсөң кутуласың. Калган суроктарды жеңилдетем».** Анкабут сүрөсүнүн кырк бешинчи аятында: **«Кемчиликсиз окулган намаз адам баласын ыпылас, жаман иштерди жасоодон коргойт**». Пайгамбарыбыз “саллаллаху алейхи ва саллам” айтты: **«Адамдын Раббисине эң жакын болгон учуру - намаз окуп жаткадагы учуру».**

Бир мусулмандын кандайдыр бир намазды өз маалында окубагандыгы эки түрдүү болот: 1. Кечиримдүү себеп менен окубоосу. 2. Намаздын милдет экенин билип, маани бергенине карабастан жалкоолуктан улам окубоо.

Фарз намазды кечиримдүү себеп болбостон убактысы өткөндөн кийин окуу, б.а., казага таштоо – харам, чоң күнөө. Бул күнөө казасын окуу менен кечирилбейт. Казасын окуганда намаз окубагандыктын гана күнөөсү кечирилет. Каза намазы болгон адам алардын казаларын окумайынча тообо кылуу менен гана кечирилбейт. Казасын окугандан кийин тообо кыла турган болсо ошондо гана кечирилерине үмүт кылууга болот. Тообо кылуу менен бирге окулбаган намаздардын казасын окуу керек. Казасын окууга күчү жетип турса да казасын окубоо айрыкча чоң күнөө болот. Бул чоң күнөө ар бир намаз окуу үчүн кеткен (6 мүнөт) бош убакыт сайын, жогоруда айтылгандай азап тарта турган убактысы да артып турат. Себеби, бош убакытта дароо намаздын казасын окуу фарз. Казага маани бербеген адам Тозок отунда күйөт. **«Умдет-ул-ислам»**

жана **«Жами-ул-фатава»** китептеринде мындай деп жазылган: «Душмандын маңдайында бир фарз намаз окуу мүмкүнчүлүгү болуп турса да окубай коюу жети жүз чоң күнөө кылууга барабар». Казаны окууну кечиктирүүнүн күнөөсү маалында окулбаган намаздын күнөөсүнөн да чоң. Бир намаздын биринчи казасын окууга ниет кылып, бир каза намазын окуганда бул күнөөлөрүнүн бардыгы кечирилет.

## ТҮШҮНДҮРМӨ: Сүннөттөрдүн ордуна каза окулабы?

Хазрети Абдулкадир-и Гейлани **«Футух-ул гайб»** аттуу китебинде мындай дейт: «Мусулман адегенде фарздарды аткаруусу керек. Фарздар бүткөндөн кийин сүннөттөр аткарылат. Андан кийин нафилдер менен алектенет. Фарз карызы бар болуп туруп сүннөт менен алпурушуу акмактык». Фарз карызы бар адамдын сүннөтү кабыл болбойт. Али ибни Абу Талиб "радыйаллаху анх" мындай деп билдирет: «Расулуллах "саллаллаху алейхи ва саллам" айтты: **«Мойнунда фарз карызы бар адам казасын окубастан нафил намаз окуса, бекер кыйынчылык тарткан болот. Бул адам казасын окумайынча Аллаху таала анын нафил намаздарын кабыл кылбайт»**. Абдулкадир-и

Гейлани жазган бул хадиси шарифти Ханафи мазхабынын аалымдарынан Хазрети Абдулхак-ы Дахлави мындай деп түшүндүрөт: «Бул кабар фарз карызы бар адамдардын сүннөттөрү менен нафилдеринин кабыл болбой тургандыгын көрсөтүп турат. Сүннөттөрдүн фарздарды толуктай тургандыгын билебиз. Мунун мааниси мындай; фарздарда бир нерсе кем орундалса, сүннөттөр ал кемчиликтин толукталышына себеп болот. Фарз карызы бар адамдын кабыл алынбаган сүннөтөрү эч нерсеге жарабайт».

Иерусалимдин кадысы Мухаммед Садык Эфенди **фаите** намаздардын казасын түшүндүрүп жатып мындай дейт: «Улуу аалым Хазрети Ибни Нужеймден сурашат: «Эгер бир адамдын казага калган намаздары бар болсо, багымдат, бешим, аср, шам жана куптан намаздарынын сүннөттөрүн ал намаздардын казаларына ниет кылып окуса, ал адам сүннөттөрдү да окуган болуп эсептелеби?». Жообунда: «Сүннөттөрүн да окуган болот. Себеби, беш маал намаздын сүннөтүн окуунун негизги максаты, ал маалдын ичинде

фарздан башка дагы бир намаз окуу дегендикке жатат. Шайтан такыр намаз окуткусу келбейт. Адам фарздан тышкары дагы бир намаз окуу менен шайтанга каршы чыгып аны кордоп уяткарган болот. Ал эми, сүннөттүн ордуна каза окууда сүннөт да орундалган болуп эсептелет. Каза намазы бар адам ар бир намаз маалында ал маалдын фарзынан башка бир намаз окуп, сүннөттү аткаруу үчүн каза окуусу керек. Себеби, адамдардын көпчүлүгү каза намаздарды окубастан сүннөттөрдү окушат. Алар Тозокко түшөт. Ал эми, каза намаздары болгондор сүннөттөрдүн ордуна каза окушса Тозоктон кутулат», - деп айтты.

## Каза намаздар кантип окулат?

Каза намаздарын мүмкүн болушунча эртерээк окуп бүтүп, өзүнчө тообо кылып чоң жазадан кутулуу керек. Мунун үчүн сүннөтөрдү да каза ниети менен окуу зарыл. Жалкоолуктан улам намаз окубагандар, жылдар бою намаз карызы болгондор намаз окуй баштаганда сүннөттөрдө ал маалдын казасына калган намаздын казасын окууга да ниет кылуусу керек. Мындай адамдардын сүннөттөрдү каза намазы үчүн ниет кылып окуусу төрт мазхабда тең керек. Ханафи мазхабында намазды себепсиз казага таштоо акбар-и кебаир (чоң күнөө). Бул чоң күнөө намаз окулгудай бош убакыт өткөн сайын бир эсе көбөйүүдө. Анткени, бош учурда дароо намаздын казасын окуу да фарз. Эсепке, санга сыйбаган бул коркунучтуу күнөө жана азаптан кутулуу үчүн бешим намазынын алгачкы төрт рекет сүннөтүн окуурда казага калган алгачкы бешим намазынын фарзына ниет кылып окуу зарыл. Бешим намазынын акыркы сүннөтүн окуурда алгачкы багымдат намазынын казага калган фарзына ниет кылып окуу керек. Асрдын сүннөтүн окуурда аср намазынын казага калган алгачкы фарзына ниет кылып окуу зарыл. Шамдын сүннөтүн окуурда үч рекет шамдын фарзына ниет кылып окуу керек. Куптан намазынын алгачкы сүннөтүн окуурда куптандын фарзына, ал эми акыркы сүннөтүн окуурда казага калган алгачкы витир намазына ниет кылып үч рекет окуу керек. Ошентип, күн сайын бир күндүк каза өтөлгөн болот. Таравих намаздарын окуурда казага ниет кылып окуу зарыл. Канча жылдык каза намаз бар болсо, казаларды окууну ошончо жыл улантуу керек. Казалар

бүткөндө кайрадан сүннөттөр окула баштайт. Убакыт бар болсо, ар бир мүмкүнчүлүктө каза окуп батыраак карыздардан кутулуу керек. Окулбаган казалардын күнөөсү күн өткөн сайын бир эсе көбөйүүдө.

## Алтынчы бөлүм

# НАМАЗ ОКУБАГАНДАР

Хазрети Абу Бакр Сыддык "радыйаллаху анх" мындай деп айткан: «Беш намаз убакты келгенде периштелер айтышат: «Эй, Адам уулдары, тургула! Адамдарды өрттөш үчүн даярдалган өрттү намаз окуп өчүргүлө». Бир хадиси шарифте: **«Момун менен капырдын айырмасы - намаз», -** деп айтылган. Башкача айтканда, момун намаз окуйт, капыр болсо окубайт. Ал эми, мунафыктар кээде окуп, кээде окушпайт. Мунафыктар Тозокто өтө чоң азап тартышат. Муфассирлердин[55] шахы Абдуллах ибни Аббас "радыйаллаху анх" Расулуллахтан "саллаллаху алейхи ва саллам" уктум, ал айтты: **«Намаз окубагандар кыямат күнү Аллаху тааланы ачуулуу түрдө көрүшөт».**

Хадис имамдары бир добуштан: «Намазды маалында атайы билип туруп, окубаган, башкача айтканда, намаз убактысы өтүп бараткандa намаз окубагандыгы үчүн кабатырланбаган адам капыр болот». Же болбосо өлүм учурунда капыр бойдон кетет. Ал эми намаз окууну ойлоп да койбогон, намазды милдет катары көрбөгөн адамдар кантет? Ахли сүннөт аалымдарынын бир добуштан билдирүүлөрү боюнча ибадаттар ыймандын бир бөлүгү эмес. Жалгыз гана намазда орток пикирге келе алышкан жок. Фикх имамдарынан **Имам Ахмед ибни Ханбал, Исхак ибни Рахавайх, Абдуллах ибни Мубарак, Ибрахим Нахаи, Хакем бин Утейбе, Айуп Сахтияни, Давуд Таи, Абу Бакр ибни Шайба, Зубайр бин Харб** жана башка бир топ улуу аалымдар намазды билип туруп окубаган адамдар капыр болот деп айтышкан. Андай болсо, эй, дин бир тууганым! Бир да намазыңды өткөрбө, эринбей оку! Сүйүп, берилүү менен оку? Аллаху таала кыямат күнү бул аалымдардын ижтихаддарына карата жаза берсе эмне кыласың?

---

55 Курани каримди чечмелеп түшүндүргөн адамдар.

Ханбали мазхабында бир намазды себепсиз окубаган адам муртад сыяктуу өлтүрүлөт. Жуулбайт, кепинделбейт жана жаназа намазы окулбайт. Мусулмандардын мүрзөсүнө көмүлбөйт жана мүрзөсү белгиленбейт. Тоодо бир чуңкурга көмүлөт.

Намаз окубаган адам Шаафи мазхабында муртад болуп эсептелбегени менен жазасы өлүм. Ал эми, намаз окубаган адамдар үчүн Малики мазхабынын өкүмдөрү Шаафи мазхабынын өкүмдөрүнө окшош. Ханафи мазхабында болсо, намаз окубаган адам намаз окуй баштамайынча камалат же болбосо каны акканча сабалат.

Беш нерсени орундабаган беш нерседен куру калат:

1. Мал-мүлкүнүн зекетин бербеген анын үзүрүн көрө албайт.

2.Үшүрүн[56] бербегендин талаасынын жана түшүмүнүн берекети кетет.

3. Садака бербеген адамдын ден-соолугу кетет.

4. Дуба кылбаган адам арзуу-тилегине жете албайт.

5. Намаз маалы келгенде намаз окугусу келбеген адам акыркы деминде Калимаи шахадат келтире албайт.

Бир хадиси шарифте мындай деп айтылган: **«Намазды себепсиз окубаган адамга Аллаху таала он беш кыйынчылык жиберет. Булардын алтоо бул дүйнөдө, үчөө өлүм учурунда, үчөө кабырда, үчөө кабырдан чыгаарда.**

Бул дүйнөдө боло турган алты кыйынчылык:

**1. Намаз окубаган адамдын жашоосунда берекет болбойт.**

**2. Жүзүндө Аллаху таала сүйгөн адамдардын сулуулугу, сүйкүмү жок болот.**

**3. Эч бир жакшылыгына сооп берилбейт.**

**4. Кылган дубалары кабыл болбойт.**

**5. Аны эч ким сүйбөйт.**

**6. Мусулмандардын жакшы дубаларынын буга пайдасы тийбейт.**

Өлүм маалында чеге турган азаптар:

**1. Кор болуп, жаман өлүм менен жан берет.**

56 Жерден алынган түшүмдүн зекети.

**2. Ачка бойдон өлөт.**

**3. Канча суу ичсе да суусуну канбай өлөт.**

Кабырда тарта турган азаптары:

**1. Кабыр аны кысат. Сөөктөрү бири бирине кирип, сыздайт.**

**2. Кабыры от менен толтурулуп, күнү-түнү аны куйкалайт.**

**3. Аллаху таала көрүнө абдан чоң жылан жиберет. Ал дүйнөдөгү жыландарга окшобойт. Күн сайын ар бир намаз маалында аны чагат. Бул дайыма уланат.**

Кыяматта тарта турган азаптар:

**1. Тозокко түрткөн азап периштелери аны такыр коё беришпейт.**

**2. Аллаху таала аны ачуулуу болуп каршылайт.**

**3. Сурагы өтө оор болуп, Тозокко ыргытылат».**

## НАМАЗ ОКУГАНДАРДЫН ПАЗИЛЕТТЕРИ

Намаз окуунун пазилеттерин жана намаз окугандарга бериле турган соопторду маалымдаган көптөгөн хадиси шарифтер бар. Абдулхак бин Сайфуддин Дахлавинин **«Эшиат-ул-ламеат»** китебинде намаздын маанилүүлүгүн билдирген хадиси шарифтерде:

1. Абу Хурайра "радыйаллаху анх" билдирет. Расулуллах "саллаллаху алейхи ва саллам" мындай деп айтты: **«Беш маал намаз жана Жума намазы кийинки Жума күнүнө чейин, Рамазан орозосу кийинки Рамазан айына чейин кылынган күнөөлөрдүн каффараты, б.а., кечирилүүсүнө себеп болот. Чоң күнөөдөн сактангандардын майда күнөөлөрүнүн кечирилишине себеп болот»**. Ушул убакыт арасында кылынган майда күнөөлөрдөн кул акысы болбогондор жоюлат. Майда күнөөлөрү кечирилген адамдардын чоң күнөөлөрү үчүн тарта турган азабынын жеңилдетилишине себеп болот. Бирок, чоң күнөөлөрдүн кечирилиши үчүн тообо кылышы керек. Чоң күнөөсү жок болсо, даражасынын жогорулашына себеп болот. Бул хадиси шариф **«Муслим»**де жазылган. Беш маал намазындагы кемчиликтеринин кечирилишине

Жума намаздары себеп болот. Ал эми Жума намаздары каталуу болсо, Рамазан орозосу себеп болот.

2. Абдуллах ибни Масуд “радыйаллаху анх” айтты:

Расулуллахтан “саллаллаху алейхи ва саллам” Аллаху таала эң көп кайсы амалды жакшы көргөндүгүн сурадым. **«Маалында окулган намаз», -** деп жооп берди. Айрым хадиси шарифтерде **«Алгачкы маалда окулган намазды аябай жактырат», -** деп жазылган. Андан кийинки жакшы көргөн кайсы амал экендигин сурадым. «**Энеге, атага жакшылык кылууну», -** деп айтты. Мындан кийин кайсынысын жакшы көрөт деп сурадым. **«Аллах жолунда жихад кылууну», -** деп айтты. Бул хадиси шариф эки Сахих китеп [**«Бухари»** менен **«Муслимде»**] жазылган. Башка бир хадиси шарифте: **«Амалдардын эң жакшысы - тамак берүү», -** деп айтылган. Башка биринде: **«Салам берүүнү жайуу»**, дагы башкасында: **«Түндө баары уктап жатканда намаз окуу», -** деп айтылган. Башка бир хадиси шарифте: **«Эң баалуу амал - колу жана тили менен эч кимдин көңүлүн оорутпоо», -** деп айтылат. Бир хадиси шарифте: **«Эң баалуу амал - жихад», -** деп айтылды. Дагы бир хадиси шарифте: **«Эң баалуу амал – хажж-ы мабрур»**, башкача айтканда, эч күнөө кылбастан хаж кылуу деп айтылды. **«Аллаху тааланы зикир кылуу»** жана **«Дайыма кылынган амал», -** деп билдирилген хадиси шарифтер да бар. Суроо сурагандардын абалдарына жараша же болбосо заманга жараша жооптор берилген. Мисалы, Ислам дининин алгачкы мезгилдеринде амалдардын эң баалуусу, эң жакшысы жихад болчу. [Ал эми учурда амалдардын эң жакшысы, жазуу менен, басма сөз аркылуу капырларга, мазхабсыздырга жооп берүү, ахли сүннөт ишенимин жайуу. Ушундай жихад кылгандарга акча менен, мал менен, дене менен жардам кылгандарга да булар тапкан сооопторго орток болушат. Аят-ы карималар, хадиси шарифтер намаздын зекет менен садакадан да баалуу экендигин көргөзүп турат. Бирок, өлүм абалында турган адамды бир нерсе берип өлүмдөн куткаруу намаз окугандан да баалуу болот. Демек, ибадаттардын бири бирине болгон даражалары ар түрдүү ал-абалдарга жараша өзгөрөт.]

3. Убада бин Самит “радыйаллаху анх” мындай деп кабар берет: Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” айтты:

**«Аллаху таала беш маал намаз окууну буюрду. Ким жакшы даарат алып, намазын маалында окуган, рукуларын жана хушусун (жүрөктөн чыгуусун) толук орундаса Аллаху таала аны кечире тургандыгын убада кылган. Буларды орундабаган адамга убада кылган эмес. Муну кааласа кечирет. Кааласа ага азап кылат»**. Бул хадиси шариф Имам Ахмед, Абу Давуд жана Несаи тарабынан билдирилген. Демек, намаздын шарттарына, руку менен саждаларына көңүл буруу керек. Аллаху таала убадасынан кайтпайт. Туура намаз окугандарды сөзсүз кечирет.

4. Асхабы кирамдан белгилүү Бурайда-и Аслами “радыйаллаху анх” билдирет. Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” мындай деди: **«Силер менен биздин арабыздагы ант – намаз. Намазды таштаган капыр болот».** Демек, намаз окуган адамдын мусулман экендиги билинет. Намазга маани бербей, аны биринчи милдет катары көрбөгөндүктөн, окубаган капыр болот. Бул хадиси шарифти Имам Ахмед, Тирмузи, Несаи жана Ибни Маже дагы билдиришкен.

5. Абу Зар-и Гифари мындай дейт: Күз күнү эле. Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” менен бирге тышка чыктык. Жалбырактар түшүп жаткан эле. Бир дарактан эки тал сындырды. Алардын жалбырактары дароо күбүлдү. **«Йа, Аба Зар! Бир мусулман Аллах ыраазычылыгы үчүн намаз окуса, мына бул бутактардын жалбырактары күбүлгөн сыяктуу күнөөлөрү күбүлөт», -** деп айтты. Бул хадиси шарифти Имам Ахмед кабарлаган.

6. Зайд бин Халид Жухени кабар берет. Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” мындай деп айтты: **«Бир мусулман туура, хушу менен эки рекет намаз окуса өткөн күнөөлөрү кечирилет»**. Башкача айтканда, Аллаху таала анын майда күнөөлөрүнүн бардыгын кечирет. Бул хадиси шарифти Имам Ахмед билдирген.

7. Абдуллах бин Амр-ибни Ас кабар берет. Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” мындай дейт: **«Бир адам намазын маалында окуса, ал намаз кыямат күнү нур жана коргоочу болуп, Тозоктон кутулуусуна себеп болот. Намазына көңүл бөлбөсө, нур жана коргоочу болбойт жана эч кандай жардам да**

**таппайт. Карун, Фараон, Хаман жана Убай бин Халаф менен бирге болот».**

Көрүнүп тургандай, эгер бир адам намазын фарзына, важибдерине, сүннөттөрүнө жана шарттарына ылайык окуса, кыяматта нур ичине бөлөнөт. Эгер ушундай намаз окууну улантпаса кыямат күнү жогоруда аты аталган капырлар менен чогуу болот. Башкача айтканда, Тозокто оор азап тартат. Убай бин Халаф Меккедеги көпкөн капырлардын бири эле. Ухуд майданында Расулуллах "саллаллаху алейхи ва саллам" ыйык колдору менен аны Тозокко жөнөткөн. Бул хадиси шарифти Имам Ахмед менен Дарими билдирген. Бейхеки **«Шуабул иман»** аттуу китебинде дагы жазган. Таабииндин[57] улууларынан Абдуллах бин Шахык мындай дейт: «Асхабы кирам "радыйаллаху анхум" ибадаттардын ичинен жалгыз намазды таштоонун куфур боло тургандыгын айтышты». Муну Тирмузи билдирген. Абдуллах бин Шакик Умардан, Алиден, Османдан жана Аишадан "радыйаллаху анхум" хадиси шарифтерди риваят кылган. Ал хижраттын жүз сегизинчи жылы дүйнөдөн кайткан».

8. Абуддерда кабарлады, «Сүйүктүү адамым "алейхиссалам" мага мындай деди: **«Майда майда бөлүнүп, отко күйсөң дагы Аллаху таалага эч бир нерсени шерик кылба! Фарз намаздарыңды таштаба! Фарз намаздарды атайы билип туруп таштап койгон адам мусулманчылыктан чыгат. Шарап ичпе! Ичкилик бардык жамандыктардын ачкычы».** Бул хадиси шарифти Ибни Маже билдирди. Көрүнүп тургандай фарз намазына маани бербей окубаган адам капыр болот. Жалкоолуктан улам окубаган капыр болбогондугу менен чоң күнөөгө кирет. Ислам дининде белгиленген беш кечиримдүү себеп менен намазды фавт кылуу, б.а., кечиктирүү күнөө эмес. Шарап жана алкоголдук ичимдиктердин бардыгы акыл-эсти алат. Ал эми, акыл-эстен чыккан адам ар түркүн жаман ишке барат.

9. Абдуллах ибни Умар "радыйаллаху анхума" кабарлайт. Расулуллах "саллаллаху алейхи ва саллам" мындай деп айтты:

57 Пайгамбарыбызды «саллаллаху алейхи ва саллам» көрбөгөн, бирок, Сахабаларды (рыдвануллахи таала алейхим ажмаин) көргөн мусулмандар.

**«Намаздарын маалы кирери менен дароо окуган адамдардан Аллаху таала ыраазы болот. Маалдын акырында окугандарды да кечирет».** Бул хадиси шарифти Тирмузи билдирген.

10. Умми Ферва “радыйаллаху анха” кабарлады. Расулуллахтан “саллаллаху алейхи ва саллам” кайсы амалдын жакшы экендигин сурашканда: **«Амалдардын жакшысы - убактысынын башында окулган намаз», -** деп жооп берди. Бул хадиси шарифти Имам Ахмед, Тирмузи жана Абу Давуд билдиришкен. Намаз ибадаттардын эң улугу. Маалы кирери менен окулса андан да жогорулайт. Аиша “радыйаллаху анха” мындай дейт:

«Расулуллахтын намазын намаз маалынын акырында окуганын эки жолу көрбөдүм». Өмүрүндө бир гана жолу бир намазын маалынын акырында окуган экен.

11. Аиша “радыйаллаху анха” мындай дейт: «Расулуллахтын “саллаллаху алейхи ва саллам” нафил ибадаттардын ичинен дайыма орундаганы - багымдат намазынын сүннөтү эле». Бул кабар **«Бухари»**де да, **«Муслим»**де дагы жазылган. Көрүнүп тургандай, Аиша “радыйаллаху анха” беш маал намаздын фарздарынын жанында кошулуп окулган сүннөт намаздарды нафил деп билдирүүдө.

Улуу Ислам аалымы, Аллах адамдарынын алдыңкыларынан, бузукулардан, мазхабсыздардан ахли сүннөттүн күчтүү коргоочусу, Аллаху таала тандаган, жактырган динди жайган, бидаттарды жок кылган улуу мужахид Имам Раббани мужаддиди алф-и сани Ахмед бин Абдул-ахад Фаруки Серхенди “рахметуллахи алейх” Ислам产 дининде теңдеши жазылбаган **«Мектубат»** китебинин 1-чи томунун 29-чу катында мындай деп жазат:

Аллаху таала ыраазы болгон иштер – булар фарздар менен нафилдер. Фарздарга салыштырмалуу нафилдердин эч баасы жок. Бир фарзды маалында орундоо миң жыл тынбай нафил ибадат кылуудан баалуураак. Ар түрдүү нафил, мисалы, намаз, зекет, орозо, зикир, фикр баары ушундай. Жада калса, фарздарды аткарууда анын сүннөттөрүнөн бир сүннөтүн жана адептеринин ичинен бир адебин орундоо башка нафилдерди кылуудан көп эсе баалуу. Амир-ул-муминин Умар-уль-Фарук “радыйаллаху анх” бир күнү багымдат намазын окуткан соң жамааттын ичинен бирөөнү көрбөй, ал кайда

деп сурайт. Ал ар түнү нафил ибадат кылат. Балким, уктап калып жамаатка келе албай калса керек дешет. Ошондо Умар-уль-Фарук “радыйаллаху анх”: «Түнү бою уктап, багымдат намазын жамаат менен окуса дагы жакшы болор эле», - деди. Демек, бир фарзды кылып жатканда адептеринен бирин аткаруу жана бир макрухунан сактануу зикир, фикр жана мураакабадан эсе-эсе баалуу. Арийне, бул нафилдер фарздары менен, адептерин аткаруу жана макрухтардан сактануу менен чогуу аткарыла турган болсо абдан пайдалуу болот. Бирок, фарздарды бир четке кагып нафилдер менен алектенүүнүн кымындай да пайдасы болбойт. Ошондуктан, бир сом (фарз) зекет берүү миңдеген сом (нафил) садака берүүдөн өйдө турат. Ошол бир сомду берерде анын адебин, тартибин сактап, мисалы, жакын тууганга берүү ал нафил садакага караганда сооптуурак. (Түндө туруп намаз окуган адамдардын алгач каза намаздарын окуп толуктоолору керек экендигин ушул жерден түшүнүү керек.) **«Мектубат»** китеби парсча жазылган. Хазрети Имам Раббани 1624-жылы (1034-х.ж.) Индияда, Серхенд шаарында көз жумган. Толук котормосу **«Хак сөзүн весикалары» (Акыйкат сөздүн далилдери), «Сеадет-и Эбейдиййе», «Асхабы кирам»** жана парсча **«Березат»** китептеринде кеңири жазылган.

## НАМАЗДЫН АКЫЙКАТЫ

Улуу Ислам аалымы Абдуллах-и Дахлави “рахметуллахи алейх” **«Мекатиб-и шарифа»** аттуу китебинин 85-бетинде мындай дейт:

Намазды жамаат менен окуу жана **«туманинет»**[58] менен кылуу, рукудан кийин **«кавма»**[59], эки сажда ортосунда **«желсе»**[60] кылуу бизге Аллаху тааланын Пайгамбары тарабынан билдирилди. Кавма менен желсенин фарз экенин билдирген аалымдар бар. Ханафи мазхабынын муфтийлеринен болгон **Кадыхан** бул экөөнүн важиб экендигин билдирген. Эгер экөөнөн бирөөнү унутуп койгондо **сахв**

58 Намазда рукудан түзөлгөндө жана эки сажда арасында бир жолу субханаллах дегенчелик убакыт кыймылсыз туруу.

59 Намазда рукудан түзөлгөндө кыймылсыз болуп, эң аз бир жолу субханаллах дегенчелик убакыт өйдө тургандагы абал.

60 Эки сажда арасында кыймылсыз отуруу.

**сажда** кылуу важиб болгондугун жана билип туруп аткарбаган адамдын намазды кайтадан окуусу керек экендигин билдирген. Булардын муаккад сүннөт экенин билгендер да важибге жакын сүннөт деп айтышат. Сүннөттү көзгө илбей, маани бербей таштап салуу куфур. Намаздын кыйамында, рукусунда, кавмасында, желсесинде, саждаларында жана отурган учурунда бөлөк-бөлөк, ар кандай сезимдер жана абалдар пайда болот. Бардык ибадаттар намазда топтолгон. Курани карим окуу, таспих айтуу, Расулуллахка салават айтуу, күнөөлөр үчүн истигфар кылуу жана муктаж болгон нерселердин бардыгын Аллаху тааладан тилеп дуба кылуу намаз ичине камтылган. Бак-дарактар, чөптөр намазга тургансып тик турушат. Жаныбарлар руку абалында ийилип, ал эми жансыздар намазда **«Каде»**де отургандай жерге төшөлүшкөн. Намаз окуган адам булардын ибадаттарынын бардыгын кылууда. Намаз Мираж түнүндө фарз кылынган. Бул түнү Миражга чыгуу бактысына жеткен Аллаху тааланын сүйүктүү пайгамбарына уйууну ойлоп, намаз окуган мусулман ал улуу Пайгамбар сыяктуу Аллаху таалага жакындаткан даражаларга көтөрүлөт. Аллаху таала жана Анын Расулуна карата адептүүлүк менен Аллаху тааладан башка эч нерсени ойлобостон намаз окуган адамдар бул даражаларга көтөрүлгөндүгүн сезишет. Аллаху таала жана Анын Пайгамбары бул үммөткө ушунчалык мээримдүүлүк кылып, намаз окууну фарз кылышкан. Бул үчүн Раббибизге чексиз мактоо жана шүгүр болсун! Анын сүйүктүү Пайгамбарына салават, тахиййат жана дуба кылабыз! Намаз окуп жатканда пайда болгон лаззат менен ырахат таң каларлык нерсе. Устатым (Мазхари Жан-ы Жанан) мындай деди: «Аллаху тааланы көрүү мүмкүн болбогону менен намаз учурунда Аны көрүп жаткандай бир абал пайда болот». Бул абалдын пайда болгондугун тасаввуф улуулары бир добуштан билдиришкен. Исламдын алгачкы мезгилдеринде намаз Иерусалимге карап окулчу. Байт-ул мукаддеске карап окууну таштап, Ибрахим алейхиссаламдын кыбласына карап окуу буюрулганда Мединадагы яхудилер жинденишти. «Байт-ул-мукаддеске карап окуган намаздарыңар эмне болот?» - дешти. Бакара сүрөсүнүн 143-аяты жиберилип, **«Аллаху таала ыйманыңарды зайы кылбайт** (бош

кетирбейт)!» деп билдирилген. Намаздар акысыз калбай тургандыгы маалымдалды. Намаз ыйман сөзү менен билдирилди. Айкын болгондой, намазды сүннөткө ылайык окубоо ыйманды зая кылуу болот. Расулуллах “саллаллаху таала алейхи ва саллам”: «**Көзүмдүн нуру жана лаззаты намазда», -** деп айтты. Бул хадиси шариф “Аллаху таала намазда сезилет, ошентип, Аны көргөндөй көзүмө ырахаттык келүүдө” деген маанини түшүндүрүүдө. Бир хадиси шарифте: «**Йа, Билал!** “радыйаллаху таала анх” **Мени ыракатка бөлө!»**, б.а., Эй, Билал! Азан чакырып, коомат айтып, мени ыракатка бөлө делген. Намаздан башка нерседе көңүл ыракатын издөө жакшы эмес. Намазды таштап, колдон чыгарган адам башка дин иштерин да эч качан орундай албайт. Ошондуктан, намаз окууну оор көрүп, анын ордуна садака берүү, Курани карим окутуу сыяктуу нафилдер менен өздөрүн алдап жүргөндөр кыямат күнү катуу өкүнүчтө калышат.

## НАМАЗДАГЫ АРТЫКЧЫЛЫКТАР

Имам Раббани “рахметуллахи алейх” **«Мектубат»** китебинин 1-чи томунун 261-чи катында мындай дейт:

Намаз Исламдын беш шартынын экинчиси экенин эстен чыгарбоо керек. Бардык ибадаттар анын ичине топтолгон. Бул өзгөчөлүгүнөн улам жалгыз өзү гана мусулманчылык дегенге жаткан. Адамды Аллаху тааланын сүйүсүүнө жеткире турган иштердин биринчиси болгон. Пайгамбарлардын “алейхи ва алейхимуссалавату васаллам” эң улугу Мухаммед алейхиссаламга Мираж түнүндө берилген Аллаху тааланы көз менен көрүү (руйет) ниматы жерге түшкөндөн кийин дүнүйөнүн шарттарына ылайык кылынып жалгыз намазда берилген. Ошондуктан, **«Намаз - момундардын Миражы»** деп айтылган. Бир хадиси шарифте: **«Адамдын Аллаху таалага эң жакын болгон убагы намазда тургандагы убагы».** Ошол улуу Пайгамбардын Мираждагы көрүү (руйет) мурасы Анын жолунда, дал изинде жүргөн улуу заттарга бул дүйнөдө жалгыз намазда гана насип болууда. Ооба, бул дүйнөдө Аллаху тааланы көрүү мүмкүн эмес. Дүйнө мындай чоң нерсеге ыңгайлуу болуп жаратылган эмес. Бирок, Ага баш ийген улуу заттарга намаз окуп жатканда руйеттен

бир нерселер насип болууда. Эгер намаз буюрулбаганда миндеген ашык болгон кулдун сүйүктүүсүнүн сулуу жамалындагы көшөгөнү ким ачар эле? Ашыктар машукту (сүйгөнүн) кантип табар эле? Намаз - кайгылуу жандарга лаззат берүүчү. Намаз - ооругандардын ырахат берүүчүсү. Жандын азыгы – намаз. Жүрөктүн шифаасы – намаз. **«Эй, Билал! Мени ырахкатка бөлө!»** деп азан айтууну буюрган хадиси шариф муну айгинелейт. **«Намаз жүрөгүмдүн шаңы, көзүмдүн нуру»** хадиси шарифи да бул арзууну көрсөтүп турат. Тасаввуф жолундагы даам, илахи ашыктан өзүн унутуу, кабарлар, марифаттар, даражалар, нурлар, түстөр, жүрөктөгү телвин жана темкиндер, түшүнүктүү жана түшүнүксүз тежеллилер (көрүнүүлөр, билинүүлөр), сыпаттуу жана сыпатсыз зухурдан кайсынысы намаз сыртында пайда болсо жана намаздын акыйкатынан эч нерсе түшүнүлбөсө, бул пайда болгон нерселердин бардыгы сүрөттөн, көлөкөдөн экендиги белгилүү болот. Балким алар жөн гана – элестетүү, кыял. Намаздын акыйкатын түшүнгөн бир камил (руханий жетилген) адам намазга турганда бул дүйнөдөн чыгып, акырет жашоосуна кирген сыяктуу болот жана акыретке тийиштүү ниматтардан бир нерселерге жетет. Булар ортого көлөкө, кыял аралаштырбастан асыл ниматтан пай алышат. Анткени, дүйнөдөгү бардык кемалат, ниматтар көлөкө, сүрөт жана көрүнүштөн пайда болууда. Арага булар аралашпастан нерсенин асылынын көрүнүүсү, асылдан пайда болуу акыретке гана таандык. Дүйнөдө бул асылдан алуу үчүн Мираж керек. Бул Мираж - момундун намазы. Бул нимат жалгыз бул үммөткө таандык. Ага Пайгамабарына баш ийүү менен жетишет. Себеби, булардын Пайгамбары “саллаллаху алейхи ва саллам” Мираж түнү дүйнөдөн чыгып, акыретке барды. Жаннатка кирди жана руйет[61] саадаты, ниматы менен сыйланды. Йа, Рабби! Сен ал улуу Пайгамбарга “саллаллаху алейхи ва саллам” бизден Анын улуктугуна татыктуу болот турган жакшылыктарды ихсан кыл! Бардык Пайгамбарларга да “ала набиййина ва алейхимуссалавату ваттаслимат” жакшылыктарды бер, себеби, алар адамдарды Сени таанууга жана ыраазычылыгыңа жетүүгө чакырышкан жана Сен жактырган жолду көрсөтүшкөн.

---

61 Аллаху тааланы көрүү.

Тасаввуф жолунда болгондордун көбү өздөрүнө намаздын акыйкатын билдирилбегендиги жана ага таандык кемалат таанытылбагандыгы үчүн дарттарынын дабасын башка нерселерден издешти. Максаттарына жетүү үчүн башка нерселерге жармашышты. Жада калса, айрымдары намазды бул жолдон чыгарып, максат менен байланыштуу эмес деп эсептешти. Орозону намаздан артык деп эсептешти. Намаздын акыйкатын сезе албагандардын кээ бирлери кайгы-капаларын басуу, жандарын жыргатуу үчүн сима жана нагмеден, б.а., музыкадан, ашык болуп өздөрүнөн кечүүдөн издешти. Максатты, машукту (сүйүктүүнү, Аллаху тааланы) музыка ноталарынын аркасында деп ойлошту. Ошондуктан, бийге, оюн-зоокко берилишти. Бирок да, **«Аллаху таала харам нерседе шифаа таасирин жараткан эмес»** деген хадиси шарифти угушкан эле. Канткени менен, сүзүү тажрыйбасы аз болуп, сууга чөгүп бараткан адам жанын сактоо үчүн ар тал чөпкө да жармашат. Бир нерсеге ашык болуу ал адамды дүлөй жана сокур кылып коёт. Эгерде буларга намаздын кемалатынан аз гана бир нерсе көрсөтүлгөндө, даамы таттырылганда симаны (бий), нагмени (музыкасыз ырдоо) ооздоруна албас, зикир кылып өздөрүнөн кечүүнү эстеп да коюшмак эмес.

Эй, дин бир тууганым! Намаз менен музыка бири-биринен канчалык алыс болгон болсо, намаздан келген кемалат менен музыкадан пайда болгон көңүл абалы да бири-биринен ошончолук алыс. Акыл-эстүү адам ушунчалык белгиден эле көп нерсени түшүнөт.

Ибадаттарды аткаруудан даам сезүү жана аларды аткарууда эч кыйналбоо Аллаху таала берген эң чоң ырыскылардан. Өзгөчө намаздын даамын сезүү жолдун аягына жетпегендерге насип болбойт. Асыресе, фарз намаздарынын даамын татуу жалгыз гана ошолорго таандык. Себеби, жолдун аягына жакындагандарга нафил намаздарынын даамы сездирилет. Жолдун аягында болсо жалгыз фарз намаздарынын даамы сезилет. Нафил намаздарынын даамы мынчалык болбой, фарздардын окулуусу чоң пайда деп билинет.

(Нафил намаз – фарз менен важиб намаздан башка намаздар. Беш маал намаздардын сүннөттөрү жана башка важиб эмес

намаздардын баары нафил. Муаккад жана муаккад эмес бардык сүннөттөр да нафил).

Намаздардын бардыгында пайда болгон лазаттан напсибиз үчүн эч кандай үлүш жок. Адам бул даамды татып жатканда напси онтоп, кыйкырып аткан болот. Йа, Рабби! Бул кандай гана бийик даража! Биз сыяктуу рухтары ооруга чалдыккан жандар үчүн бул сөздөрдү угуу чоң нимат, чыныгы саадат.

Бул дүйнөдө намаздын мартабасы, даражасы да акыретте Аллаху тааланы көрүү даражасындай экенин жакшы билип коюңуз. Бул дүйнөдө адамдын Аллаху таалага эң жакын болгон мезгили - намаз окуп жаткандагы мезгили. Акыреттеги Аллаху таалага эң жакын болгон мезгил руйет, б.а., Аллаху тааланы көрүү мезгили. Дүйнөдөгү бардык ибадаттар адамды намаз окуй ала турган абалга жеткирүү үчүн. Асыл максат – намаз окуу. Сеадет-и Эбедиййеге жана чексиз ниматтарга жетүү жалгыз намаз окуу менен колго тиет.

**Намаз** бардык ибадаттардан жана орозодон баалуу. **Намаз** ушундай бир нерсе, ооруган жүрөктөрдү рахатка бөлөйт. **Намаз** ушундай бир нерсе, күнөөлөрдү жок кылат. Адамды жамандыктардан коргойт. Хадиси шарифте: **«Намаз - жүрөгүмдүн шаңы жана сүйүнүч булагы»,** - деп айтылат. **Намаз** капалуу жандарга лаззат берет. **Намаз** - жандын азыгы. **Намаз** – жүрөктүн шифаасы. Намазда ушундай бир убакыт бар, арифтин тили Муса алейхиссаламга сүйлөгөн дарак сыяктуу болот.

## НАМАЗДЫН СЫРЛАРЫ

Имам Раббани “куддиса сиррух” **«Мектубат»** китебинин 1-чи томунун 304-чү катында мындай дейт:

Аллаху таалага шүгүр кылып, Пайгамбарыбызга “саллаллаху алейхи ва саллам” салават келтиргенден кийин түбөлүктүү саадатка жетүүңөр үчүн дуба кылам. Аллаху таала көптөгөн аяттарында салих амалдарды кылган момундардын Жаннатка кире тургандыгын билдирүүдө. Бул салих амалдар кайсылар, жакшы иштердин бардыгыбы, же болбосо алардын ичинен бир канчасыбы? Эгер жакшы иштердин бардыгы болсо анда булардын бардыгын эч

ким орундай албайт. Бир нечеси болсо анда кайсылар болду экен? Акыры, Аллаху таала салих амал Исламдын беш рукуну (шарты), тиреги экендигин билдирди. Исламдын бул беш тирегин толугу менен кемчиликсиз аткарган адам Тозоктон кутулаарына бекем үмүттөнүүгө болот. Себеби, алар негизинде салих иш болуп, адамды күнөөлөрдөн жана ыпылас иштерден коргойт. Курани каримде Анкабут сүрөсү, кырк бешинчи аятында: **«Кемчиликсиз окулган намаз адам баласын кир, ыпылас иштерди кылуудан коргойт»,** - деп айтылган. Бир адамга Исламдын беш шартын орундоо насип болгон болсо, ниматтардын шүгүрүн да кылган болот. Себеби, Аллаху таала Ниса сүрөсүнүн жүз кырк алтынчы аятында: **«Ыйман келтирип, шүгүр кылсаңар азап кылбайм», -** деп буюрууда. Ошондуктан, Исламдын беш шартын аткаруу үчүн бардык жан дил менен аракет кылуу керек.

Беш шарттын эң маанилүүсү намазда, ал - диндин тиреги. Намаздын адептеринен бир да адебин калтырбай окууга аракет кылуу керек. Намаз толук окулган болсо Исламдын негизги жана чоң фундаменти тургузулган болот. Муну тургузган адам Тозоктон куткара турчу бекем арканга жармашкан болот. Аллаху таала бардыгыбызга туура намаз окууну насип кылсын!

Намазга турганда **«Аллаху Акбар»** деп айтуу (Аллаху тааланын эч кандай макулуктун ибадатына муктаж эместигин, эч бир нерсеге муктаж эместигин, адамдардын окуган намаздарынын Ага пайдасы жок экендигин) билдирүүдө. Намаз ичиндеги такбирлер (Аллаху таалага жараша турган ибадат кылууга күч-кудуретибиздин жок экендигин) көргөзөт. Рукудагы таспихтерде бул маани бар болгондугу үчүн рукудан кийин такбир кылуу буюрулган эмес. Бирок, сажда таспихтерден кийин буйрук кылынды. Себеби, сажда жупунулуктун, төмөндүктүн жана кулчулук менен карапайымдыктын эң акыркы белгиси болгондуктан, муну кылганда адамга толук ибадат кылдым деген ой келет. Бул ойдон сактануу үчүн сажда кылып кайра түзөлүп жатканда такбир айтуу сүннөт болгондугу сыяктуу, сажда таспихтеринде **(а'ла)** деп айтуу буйрук кылынды. Намаз момундун Миражы болгондугу үчүн намаздын акырында Пайгамбарыбыздын "саллаллаху алейхи ва саллам" Мираж түнү айткандарын, б.а.,

**Аттахиййатуну** окуу да буйрук кылынды. Ошон үчүн намаз окуган адам намазды өзүнө Мираж кылуусу керек. Аллаху таалага жакындыгынын эң акыркы даражасын намаздан издөө керек.

Пайгамбарыбыз "алейхи ва ала алихиссалату вассалам" мындай дейт: **«Адамдын Раббисине эң жакын болгон мезгили – намаз окуп жаткандагы мезгили».** Намаз окуган адам Раббиси менен сүйлөшүүдө, Ага жалбарууда жана Анын улуктугун, Андан башка бардык нерсенин эч нерсе экендигин көрсөтүүдө. Ошондуктан, намазда коркуу, үркүү пайда боло тургандыгы үчүн тынч жана ырахат болсун деп намаздын акырында эки жолу салам берүү буйрук кылынды.

Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам" бир хадиси шарифте: «**Фарз намаздан кийин 33 таспих, 33 тахмид, 33 такбир жана бир тахлил»** айтууну буюрган. Мунун себеби, намаздагы кемчиликтер таспих менен жабылат. Мунун өзү Аллаху таалага ылайыктуу боло турчу толук ибадаттын кылынбагандыгын билдирет. **Тахмид** менен намаз окуу сыймыгына жетүү Анын жардамы аркылуу боло тургандыгы билинип, бул чоң ниматка шүгүр, хамд кылынат. **Такбир** аркылуу Андан башка ибадатка ылайыктуу эч кимдин жок экендиги билдирилет.

Намаз шарттарына жана адептерине ылайык окулуп, кетирилген кемчиликтер да ушундайча жабылат. Намазды насип кылгандыгына шүгүр кылып, ибадатка башка эч кимдин акысы болбогондугу жүрөгүнөн таза жана калыс болуп, Калимаи таухид менен билдирилгенде, бул намаз кабыл болушу мүмкүн. Бул адам намаз окугандардан жана кутулуучулардан болот. Йа, Рабби! Пайгамбарлардын эң улугунун урматы үчүн "алейхи ва ала алихимуссалавату ваттаслимат" бизди намаз окуган жана кутулган, бактылуу масуд кулдарындан кыл! Аамиин.

## НАМАЗДАН КИЙИН ДУБА

Алхамдулиллахи Раббилаламин. Ассалату вассаламу ала Расулина Мухаммадин ва Алихи ва Сахбихи ажмаин. Йа, Рабби! Окуган намазымды кабыл кыл! Акыр жана акыбетимди кайыр кыл.

Акыркы демимде Калимаи таухидди айтууну мага насип кыл. Өтүп кеткендеримди кечир жана аларга магфират кыл. Аллахуммагфир вархам ва анта хайруррахимин. Таваффани муслиман ва алхыкни биссалихин. Аллахуммагфир-ли ва ли-валидаййа ва ли-устазиййа ва лилмуминина вал муминат йавма йакумул хисаб. Йа, Рабби! Мени шайтандын зыянынан жана душмандын зыянынан жана нафс-и аммарамдын зыянынан сакта! Үйүбүзгө жакшылыктар, адал жана кайырлуу ырыскыларды ихсан кыл! Ахл-и Исламга саламат ихсан кыл! Мусулман душмандарын лаанат кыл! Капырлар менен жихад кылып аткан мусулмандарга жардам бер! Аллахумма иннака афуввун каримун тухиббулафва фафу анни. Йа, Рабби! Оорулууларга шифаа, дарттууларга дабаа бер! Аллахумма инни асалукассыххата вал-афийата вал-аманата ва хусналхулки варрыдаа билкадари бирахматика йаа архамаррахимин. Энеме, атама, балдарыма жана тууган-туушкандарыма бардык дин бир бир туугандарыма кайырлуу өмүр, жакшы адеп-ахлак, тунук акыл, чың ден-соолук, хидаят, туура жол бер Йа, Рабби! Аамиин. Валхамдулиллахи раббилаламин. Аллахумма салли ала..., Аллахумма барик ала..., Аллахумма Раббана атина... Валхамду лиллахи Раббилаламин. Астагфируллах, астагфируллах, астагфируллах, астагфируллахалазиим алкарим аллази лаа илаха илла хув ал-хаййал-каййума ва атубу илайх.

**ТҮШҮНДҮРМӨ: (Дубанын кабыл болуусу үчүн шарттар):**

1. Мусулман болуу.
2. Ахли сүннөт ишениминде болуу. Бул үчүн төрт мазхабдын бирин кармануу керек.
3. Фарздарды аткаруу. Казага калган намаздарды түнүчүндө жана сүннөт намаздарында окуп, колдон келишинче эртерээк окуп бүтүрүү.

Фарз намазы казага калган адамдын сүннөт жана нафил намаздары, дубалары кабыл болбойт. Сахих болсо да сооп берилбейт. Шайтан мусулмандарды алдоо үчүн фарздарды маанисиз көрсөтүп, сүннөт менен нафилдер менен алектенүүгө түртөт. Намазды маалы киргенин билип жана маалдын башында окуу зарыл.

4. Харамдан сактануу керек. Адал оокат жеген адамдын дубасы кабыл болот.

5. Олуялардын бирөөнү васила (себепчи) кылып дуба кылуу керек.

Индиялык аалымдардын бири Мухаммед бин Ахмед Захид **«Таргиб-ус-салат»** атту китебинин элүү төртүнчү бетинде парсча мындай деп жазат: «Хадиси шарифте: **Дубанын кабыл болуусу үчүн эки нерсе керек: Биринчиси, дубаны ыкылас менен кылуу. Экичиси, жегени менен кийгени адал болуш керек. Момундун бөлмөсүндө харам болгон бир жип бар болсо да, ал бөлмөдө отуруп кылган дубасы кабыл болбойт», -** деп айтылат. Ыкылас - Аллаху тааладан башка эч нерсени ойлобой, Аллаху тааладан гана тилөө. Ошондуктан, ахли сүннөт аалымдары билдиргендей ыйман келтирип, Ислам өкүмдөрүнө баш ийүү, өз мойнунда башка адамдын акысы болбоо жана беш маал намазын окуу керек.

## ТАЖДИД-И ИМАН ДУБАСЫ

## (Ыйманды жаңылоо)

Йа, Рабби! Балагатка киргенимден ушул жашка чейинки Ислам душмандарына жана бидат ахлине (бидатты тараткан адамдарга) алданып, жаңылыш, бузук акыйдаларыма, көргөн жана кылгандарыма өкүндүм, мындан кийин эч качан мындай жаңылыш ишенимге кирбөөгө жана кылбоого ант берем.

Пайгамбарлардын алгачкысы Адам алейхиссалам жана акыркысы биздин сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалам. Бул эки пайгамбарга жана экөөнүн ортосунда келип өткөн бардык пайгамбарларга ишендим. Бардыгы хак жана садык. Билдиргендери туура. Аманту биллах ва бима жаэ мин индиллах, ала мурадиллах ва аманту би Расулиллах ва бима жаэ мин инди Расулиллах ала муради Расулиллах, аманту биллахи ва Малаикатихи ва кутубихи ва Расулихи валйавмил-ахири ва билкадари хайрихи ва шаррихи миналлахи таала вал-басу бадалмавти хаккун ашхаду ан лаа илаха иллиллах ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулух.

# НАМАЗДЫН ХИКМАТТАРЫ

## (Намаз жана ден-соолугубуз)

Мусулман намазды Аллаху тааланын буйругу болгондуктан окуйт. Раббибиздин буйруктарында көптөгөн пайдалар бар. Ал эми, тыюуларында да бир топ зыяндар бар экендиги шексиз. Бул пайда менен зыяндардын айрымдары бүгүнкү күндө медицина адистери тарабынан тастыкталган. Ден-соолукка Ислам сыяктуу эч кандай дин менен идеология маани берген эмес. Динибиз эң жогорку ибадат болуп эсептелген намазды өмүрүбүздүн акырына чейин окууну буйрук кылган. Намаз окуган адам ден-соолукка болгон пайдаларына дагы сөзсүз жетет. Намаздын ден-соолукка берген пайдаларынын айрымдары төмөнкүлөр:

1. Намазда аткарылган аракеттер жай болгондуктан, жүрөктү чарчатпайт жана күндүн ар кандай саатында болгондуктан, адам баласын дайыма сергек кармайт.

2. Күндө башын сексен жолу жерге койгон адамдын мээсине ритмикалык түрдө көп кан барат. Бул себептен улам мээ клеткалары жакшы азыктанат жана склероз, психоз сыяктуу оорулар намаз окуган адамдарда өтө аз кездешет. Алар өмүрү боюнча көп оорушпайт. Медицинада «Деманс сенил» деп аталган ооруга чалдыгышпайт.

3. Намаз окугандардын көздөрү туруктуу тартипте ийилип-түздөлүүдөн улам күчтүү кан айланууга ээ болот. Ошондуктан, көздүн ичинде кан басымы көтөрүлбөйт жана көздүн алдыңкы бөлүгүндөгү суюктуктун үзгүлтүксүз алмашуусу камсыздалат. Көздү «катаракт» же болбосо «кара суу» деген оорулардан сактайт.

4. Намаз учурунда аткарылган изометрикалык кыймыл - аракеттер ашказандагы азыктардын жакшы сиңишине, өттүн оңой агуусуна жана ушундан улам, өттө таштын пайда болбоосунда, панкреастагы ферменттердин оңой чыгышында чоң роль ойнойт. Бөйрөк менен түтүктөрүндөгү кыймылдан улам таш пайда болуусунун алдын алат жана табарсыктын бошошуна жардам берет.

5. Беш маал окулган намаздагы ритмикалык аракеттер күнүмдүк жашоодо машыктырылбаган булчуң менен муундарды кыймылга

келтирип, артрит жана туз биригүү сыяктуу муун ооруларынын жана булчуң тырышууларынын алдын алат.

6. Ден-соолук үчүн албетте тазалык керек. Даарат менен гусул материалдык жана моралдык тазалык болуп эсептелет. Ал эми, намаз тазалыктын дал өзү. Анткени, адамда дене жана рухий тазалык болмоюнча намаз болбойт. Даарат менен гусул дененин тазалыгын камсыздайт. Ибадат милдетин орундаган адам моралдык жактан жеңилдеп, тазаланган болот.

7. Медицинада алдын алуу максатында белгилүү маалдарда аткарылган тулку-бой кыймылдары өтө маанилүү. Намаз маалдары кан айланууну жаңылоо жана дем алууну жандандыруу үчүн эң ылайыктуу маал болуп эсептелет.

8. Уйкуну тартипке салган эң маанилүү элемент да намаз. Жада калса, денеде бириккен статикалык ток сажда аркылуу жерге өткөрүлөт. Ошентип, дене кайрадан сергектигин өзүнө кайтарат.

Намаздын жогоруда саналып өткөн пайдаларына жетүү үчүн намазды маалында окуу менен бирге, тазалыкка, тамакты ашыкча жебөөгө жана колдонулган азыктардын таза, халал болуусуна көңүл буруу керек.

***Эч кимге калбайт дүнүйө-мүлк, алтын-күмүш,зергер,***
***Дарт баскан көңүлдү айыктыруу - асыл өнөр.***

## Жетинчи бөлүм

# НАМАЗ ИСКАТЫ

## (Өлгөн адамдын карыздарын өтөө)

**«Нур-ул-изах»**, **«Тахтави»**, **«Халеби»** жана **«Дурр-ул-мухтар»** китептеринде, намаздардын казасынын акырында **«Мултека»**, **«Дурр-ул-мунтака»** жана **«Викайе»**, **«Дурер»** жана **«Жевхер»** аттуу жана башка баалуу китертерде орозонун акырында керээз кылган маркум үчүн искат жана давр[62] кылуу керек экендиги

62 Искат жана давр – бул маркумдун окубай калган каза намаздары, орозо, ажылык сыяктуу фарздары үчүн өлчөмүнө жараша фидйе берүү.

жазылган. Мисалы: **«Тахтави»** китебинин түшүндүрмөсүндө: «Кармалбаган орозо үчүн фидийе төлөп, искат кылынуусу үчүн насс[63] далилдер бар. Намаздын мааниси орозонукунан да жогору болгондуктан, шариятка ылайык кечиримдүү себептен улам окулбай калган жана казасын окууну кааласа да өлүм абалындагы адамдын окуй албаган намаздарын орозонукундай искат (өтөө) кылуу боло тургандыгын бардык Ислам аалымдары бир добуштан билдиришкен. Намаздын искаты болбойт деген адам өзү жахил. Себеби, мазхабдардын жалпы бир оюна каршы чыккан болот. Бир хадиси шарифте мындай деп билдирилген: **«Бирөөнүн ордуна башка бирөө намаз окуп, орозо кармай албайт. Бирок, анын намазы менен орозо карызы үчүн кембагалды тойгузуу керек».** Ахли сүннөт аалымдарынын артыкчылыктарын түшүнбөгөн, мазхаб имамдарыбызды да өздөрүндөй көрүп, алар кыялданып сүйлөп жатышат деп ойлогон адамдардын: «Исламда искат менен давр жок. Искат христиандардын күнөөдөн арылтууларына окшош» деген сыяктуу самтырак сөздөрүн угуп жатабыз. Мындай сөздөрү менен алар өздөрүн коркунучка түртүп жатышат. Себеби, Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам": **«Үммөтүм бузук жолдо бирикпейт», -** деп айтты. Бул хадиси шариф мужтахиддердин[64] бир добуш менен билдирген нерселеринин албетте туура экенин көрсөтүп турат. Буларга ишенбеген жогорудагы хадиске ынанбаган болот. **Ибни Абидин** витир намазы тууралуу баяндап жатып: «Динде зарыл болгон, жада калса жахилдер да билген ижма[65] маалыматтарга ишенбеген адам капыр болот», - деп билдирген. Искат христиандардагы күнөөдөн арындырууга кантип эле окшоп калсын? Поптор күнөөдөн арындырабыз деп адамдарды талап-тоноп атышат. Ал эми, Исламда болсо дин адамдары искат кыла алышпайт. Искатты бир гана маркумдун валиси (мураскору же андан жоопту болгон адам) кыла алат жана акча дин адамдарына эмес муктаж кембагалдарга берилет.

---

63 Кот.: Курани карим аяттары жана хадистер.

64 Кот.: Курани каримден, хадистерден жана башка диний далилдерден өкүм чыгаруу даражасына жогорулаган улуу дин аалымдары.

65 Улуу аалымдардын бир маселе үстүндө бир сөздө биригүүлөрү.

Азыркы күндө дээрлик ар тарапта искат жана давр иштери Исламга ылайык жүзөгө ашырылбай жатат. Ислам дининде искат жок дегендер “жок” деп айтуунун ордуна “Күнүбүздө аткарылган искат менен давр Исламиятка ылайык келбейт” деп айтышса туура болоор эле. Биз да аларды колдоор элек. Ошондо алар өз баштарына түшө турган балээден да кутулуп, Исламга да кызмат кылышкан болоор эле. Искат менен давр динибизге ылайык кандайча жүзөгө ашырылары төмөндө баяндалат. Ибни Абидин каза намаздарынын соңунда мындай деп билдирет:

«Фаите намаздары бар (б.а., үзүрдөн улам намаздарын окуй албай казага таштаган) адам ишара менен да окууга алы келген учурда окубаган болсо, өлөөрдө намаз карыздарынын искат кылынышын керээз кылуусу важиб. Казасын окууга алы жетпеген болсо, керээз кылуусуна кажет жок. Рамазан айында орозо кармабаган сафари жана ооруп калган адам орозо карызынан кутулууга убактысы жетпей дүйнөдөн кайтса керээз кылуусуна зарылчылык жок. Аллаху таала алардын кемчилигин кабыл алат. Оорулуунун карызынын искаты дүйнөдөн кайткандан кийин валиси (мураскору же андан жооптуу болгон адам) тарабынан орундалат. Көз жумганга чейин болбойт. Тирүү адамдын өзү үчүн искат кылдыруусу туура эмес. **«Жила-ул кулуб»** китебинде мындай деп жазылат: «Мойнунда Аллаху тааланын же кул акысы бар адамдын эки күбөнүн жанында керээзин айтуусу же жазылган керээзин буларга окуусу важиб, ал эми мойнунда башка бирөөнүн акысы болбогон адамдын керээз кылуусу мустахаб».

Казалардын искаты (Каффарат искаты) үчүн керээз кылган маркумдун валиси (мураскору же андан жооптуу болгон адам) мурастын үчтөн биринен ар бир намаз маалы, витир намазы жана казасы тутулуусу керек болгон бир күндүк орозо үчүн бир фытра өлчөмүндө б.а., жарым саъ[66] (520 дирхам же 1750 грамм) буудайды кембагалдарга (же кембагалдардын өкүлдөрүнө) фидйе кылып берет.

Казалардын искаты керээз кылынбаса, маркумдун валисинин өз алдынча каффарат искат кылуусу Ханафи мазхабында зарыл эмес.

---

66 Ханафи мазхабы боюнча 3500 гр. же 4.2 литрдик бир өлчөм бирдиги Башка мазхабдарда бул өлчөм бирдиги өзгөрөт.

Ал эми, Шаафи мазхабында керээз кылбаган болсо да валинин искат кылуусу керек. Кул акысын керээз кылынбаган болсо да, маркумдан калган мүлктөн валинин төлөөсү Ханафи мазхабында да керек. Аласасы болгондор мурас колго тийгенден кийин сотсуз да ала алышат. Казага калган орозолорунун фидйесин, б.а., акчалай төлөнүүсүн керээз кылган болсо, муну аткаруу важиб. Себеби, Исламият буйрук кылган. Керээз кылбаган болсо, намаз фидийесин берүү важиб эмес, уруксат. Жогорудагылардын акыркы экөө кабыл болбосо да, жок дегенде садака сообуна жетип, күнөөлөрүнүн жеңилдөөсүнө көмөкчү болот. Имам Мухаммед ушундай деп айткан. **«Мажма-ул- анхур»** аттуу китепте мындай деп билдирилет: «Напсине жана шайтанга баш ийип, намаздарын окубаган, өмүрүнүн акырына карай буга өкүнүп (карыздарын окуй баштаган) казаларын толуктай албаган намаздарынын искатынын кылынуусу үчүн керээз кылуусу туура эмес деп жазылса да, уруксат экендиги **«Мустасфа»** китебинде жазылган».

**«Жилал-ул-кулуб»** китебинде: «Кул акылары, төлөнө турган карыздар, аманат, тартып алуу, уурулук, акы, соода береселери жана уруу-сабоо, жаралоо, адилетсиз түрдө пайдалануу сыяктуу көрүнүштөр дене акылары, ал эми сөгүү, шылдың, ушак жана жалаа көңүл акылары болуп эсептелет».

Керээз кылган маркумдун мүлкүнүн үчтөн бири искат кылууга жетсе, валинин аны фидйе катары берүүсү керек. Жетпесе, үчтөн бирден ашыгын мураскору өз ыраазычылыгы менен берсе боло тургандыгы **«Фатх-ул-кадир»** китебинде жазылган. Ушул сыяктуу эле маркум фарз болгон ажылыктын аткарылуусун керээз кылган болсо, мураскору же башка бирөө ажылыкка делген акчасын белек (хадия) кылып берсе туура болбойт. Өлөөрдөн мурун керээз кылбай, мураскору өз акчасы менен искат кылса же ажыга барып келсе, маркумдун ажылык карызы төлөнгөн болот. Мураскорунукунан башка бирөөнүн акчасы менен буларды орундоо туура эмес дегендер болсо да, **«Дурр-ул-мухтар», «Маракыл фалах»** жана **«Жила-ул-кулуб»** китептерин жазган аалымдар болот деп билдиришти.

Намаз карызынын искаты буудайдын ордуна ун же бир саъ арпа, хурма, жүзүм менен эсептелип берилиши мүмкүн. (Анткени, булар буудайдан кымбат болгондуктан, кембагал үчүн жарамдуураак).

Баарынын ордуна жогорудагылардын наркы өлчөмүндө алтын же күмүш берсе болот. (Кагаз акча менен искат кылынбайт.) Тилават саждасы үчүн фидйе берүүнүн кажети жок.

## Искат жана давр кандай кылынат?

Фидйе акчасы мурастын үчтөн биринен ашса, мураскорлор уруксат бермейинче искатты кыла турган вали мурастын үчтөн биринен көбүн жумшай албайт. **«Кынйе»** китебинде мындай деп жазылат: «Баардык өмүрүнүнү намаздары үчүн мал-мүлкүнүн үчтө биринин берилүүсүн осуят (керээз) кылган маркумдун карызы болсо да, аласалуу адам осуят кылынуусуна уруксат берсе дагы осуяттын кылынуусу жаиз эмес. Себеби, Исламият алгач карыздын төлөөнүүсүн буюрук кылууда. Аласасы бар адамдын ыраазы болуусу менен карызды төлөө кийинкиге калтырылбайт».

Бардык намаздарынын искат кылынуусун керээз кылган адамдын канча жашта экендиги белгисиз болсо, аркасында калган мурасынын үчтөн бири намаз искатына жетпесе, керээз уруксат, ал эми мурастын үчтөн бири искатка жетип ашса, бул керээз туура болбойт. Анткени, калган оокаттын үчтөн бири искат үчүн жетпегенде, үчтөн бири менен искат кылына турган намаздардын саны белгилүү болгондуктан, керээзи бул намаздар үчүн сахих болот. Калган намаздары үчүн керээзи аткарылбайт. Үчтөн бири көп болгон учурда, жашы жана бул себептен улам намаз саны билинбегендиктен, керээзи туура болбойт.

Намаз искатын керээз кылган маркумдун малы-мүлкү жок болсо же жетпесе же керээз кылынбай калган болсо вали өз ыктыяры менен искат кылгысы келсе, **давр** кылат. Бирок, вали давр кылууга мажбур эмес. Давр кылуу максатында вали бир айлык же бир жылдык искат үчүн керектүү алтын, билерик, шакек же күмүш акча карызга алат. Маркум эркек болсо, жашынан он эки, ал эми аял болсо тогуз жыл чыгарып, канча жылдык карызы бар экенин эсептейт. **Бир күндүк алты намаз үчүн 10 кг, бир жыл үчүн 3660 кг буудай бериш керек.** Мисалы, 1 кг буудай 180 тыйын болгондо бир жылдык намаз искаты 6588, мындайча айтканда 6600 сом болот. 7 грамм 20

сантиграмм салмактагы бир алтын 120 сом болсо, **бир жылдык намаздын искаты үчүн 55 же божомол менен 60 алтын болот.** Маркумдун валиси (жакыны, өкүлү) 5 алтын карыз алса, дүнүйөгө көп берилбеген, динин билген, урматтаган бир нече (мисалы: төрт) кембагал адам табат. (Булар витр бере албаган, фытра бере албаган, садакага муктаж болгон кедей болуулары шарт. Болбосо искат кабыл болбойт). Маркумдун валиси же болбосо мураскорлордун бири же алар дайындаган бир өкүл: «Маркум баланча уулу баланчанын намаз искаты үчүн төлөө иретинде ушул 5 алтынды сага бердим», - деп, биринчи кедей адамга садака ниети менен берет. Мындан соң аны алган адам: «Алдым, кабыл алдым», - деп алат жана бираздан кийин: «Сага муну белек кылдым», - деп, муну мураскорго же мураскордун өкүлүнө белек кылат. Мураскор муну кайтарып алган болот. Анан кайра эле ошол адамга же экинчи кедей адамга берет жана белек катары андан кайрадан алат. Ошентип, бир кедейге төрт жолу же төрт кедей адамга бир жолудан берип кайра алуу менен **бир давр** кылынган (бир айлантылган) болот. Бир даврда 20 алтындык намаз кафараты искат кылынган болот. Эгер маркум эркек жана 60 жашта болсо, 48 намазы үчүн 48х60=2880 алтын бериш керек болот. Бул үчүн 2880/20=144 жолу давр кылынат. Алтындын саны 10 болсо, 72 давр, алтын саны 20 болсо, 36 давр кылынат. Кедейдин саны да, алтындын саны да 10 болсо, 48 жылдык намаз каффаратынын искаты үчүн 29 давр кылат. Себеби:

**Намаз окубаган жылдар х бир жылдык алтын саны = кедей саны х давр кылган алтын саны х давр саны.** Мисалыбызда болжол менен: 48х60=4х5х144=4х10х72=4х20х36=10х10х29.

Көрүнүп тургандай, намаз искатында давр санын табуу үчүн **бир жылдык алтын саны менен маркумдун намаз карызы болгон жылдар көбөйтүлөт. Айрыкча, давр кылынган алтын саны менен кедей саны да көбөйтүлөт. Биринчи көбөйтүү экинчи көбөйтүүгө бөлүнөт.** Мындан давр саны чыгат. Буудайдын жана алтындын акчалай наркы дайыма бирдей катышта өзгөрөт. Башкача айтканда, алтын менен буудайдын наркы дайыма чогуу төмөндөйт же жогорулайт. Бул жагынан бир жылдык буудай өлчөмү өзгөрбөгөн сыяктуу бир жылдык алтын саны дагы б.а., жогоруда эсептелген 60 алтын дагы дээрлик

бирдей болот. Ошондуктан, искат эсептөөдө ар дайым абайлап, **Бир айлык намаз искаты - беш алтын. (1 алтын = 7 гр. 20 сантиграмм) Бир айлык Рамазан орозосунун искаты - бир алтын** деп эсептелет. Давр кылына турган алтындын саны жана давр саны бул жерден табылат.

Намаз искаты бүткөндөн кийин кармалбаган казасы кармалуусу керек болгон орозонун искаты үчүн беш алтын төрт кедейге үч жолу давр кылынат. Анткени, бир жылдык орозо карызынын искаты 52,5 килограмм буудай же 5,25 грамм алтын, тактап айтканда 0,73 даана сомго барабар. Көрүнүп тургандай, Ханафиде **бир алтын бир жылдык орозо каффаратын искат кылат** жана 48 жыл үчүн 48 алтын берүү зарыл. 5 алтын менен төрт кедейге 1 давр кылынганда 20 алтын берилген болот. Казасы тутулуусу керек болгон орозолордун искаты кылынгандан кийин, зекети үчүн, кийин курбан үчүн бир нече давр кылынат.

Бир бузулган ант акысы үчүн күн сайын он кедей, ал эми себепсиз бузулуп каффараты керек болгон бир күндүк орозо каффараты үчүн бир күндө алтымыш кедей керек жана бир кедейге бир күндө жарым саъ (жарты саъ = 1750 гр) буудайдан ашык берилбейт. Башкача айтканда, бир нече ант каффараты бир күндө он кедейге берилбейт. Демек, ант менен орозо каффараты үчүн бир күндө давр кылынбайт. Ант керээзи бир болсо, бир ант үчүн бир күндө он кедейдин ар бирөөнө 2 килограммдан буудай же ун же булардын наркындагы кандайдыр бир оокат, алтын, күмүш берилет. Буларды бир эле кедейге он күн арты-артынан берүүгө болот. Же болбосо, бир кедейге кагаз акча берип: «Сени өкүл дайындадым. Бул акча менен күн сайын эки жолу эртең менен кечинде он күн курсагыңды тойгузасың!» - деп айтуусу керек. Ал айткандай он күн боюнча курсагын тойгузбай, ал акчага кофе, гезит алса туура болбойт. Ошондуктан, эң жакшысы, бир ашпозчу менен макулдашып, он күндүк акчаны ашпозчуга берип, кедейди күн сайын бул ашпозчунун жанында эртең менен жана кечинде эки жолу анын курсагын тойгузуусу керек. Ниет кылгандан кийин бузулган орозонун жана зыхар каффараттарын төлөө да дал ушундай болот. Бул экөөндө бир күндүн каффараты үчүн алтымыш кедейге бир күн же бир кедейге алтымыш күн жарым

саъ буудай же мунун наркында башка оокат берүү же күн сайын эки жолу курсагын тойгузуу керек.

Керээз кылынбаган зекет искатынын кылынуусунун зарылчылыгы жок. Мураскор зекеттин искаты үчүн өз ыктыяры менен давр кыла ала тургандыгы тууралуу фатва берилген.

Давр кылып жатканда өкүл кедейлерге ар бир алтын берүүсүндө намаз же орозо искаты үчүн деп ниет келтирүүсү керек. Кедей адам да кайра берип жатканда белек кылдым деп айтышы керек жана өкүл алдым, кабылдадым деп айтуусу зарыл. Валинин/өкүлдүн искат кылууга мүмкүнчүлүгү жок болсо, маркумдун искатын кылуу үчүн бирөөнү дайындайт жана ал дайындалган адам искат менен даврды орундайт.

Имам Биргивинин **«Васиййатнама»** аттуу китебинде жана мунун Кадызаде Ахмед жазган түшүндүрмөсүндө жазылгандай кедейлердин нисабга (зекет бере тургандай мүлк) ээ болбоолору шарт. Маркумдун туугандарынан болсо туура болот. Кедейге берип жатканда: «Баланчанын мына ушунча намаз искаты үчүн муну сага бердим», - деп айтуусу керек. Кедей «Кабыл алдым» деп, алтындарды алганда алар эми өзүнө тийиштүү экенин билүүсү керек. Билбесе, алдын ала үйрөтүлүүсү керек. Бул кедей кичипейилдик кылып, өзүнүн каалоосу менен: «Баланчанын намазынын искаты үчүн акы катары мына муну сага бердим», - деп башка кедейге берет. Ал кедей да колуна алып: «Кабыл кылдым», - деп айтуусу керек. Алганда өз мүлкү экенин билүүсү керек. Аманат же белек катары алса, давр кабыл болбойт. Бул экинчи кедей да: «Алдым, кабыл алдым», - дегенден кийин: «Ушул ниет менен сага бердим», - деп үчүнчү кедейге берет. Ошентип, намаз, орозо, зекет, курбан, фытр садакасы, адак[67] жана кул акылары, жаныбар акысы үчүн давр кылуу керек. Туура эмес фасид соода дагы кул акыларына кирет. Ант менен орозо каффараттары үчүн давр кылуу туура эсмес.

Мындан кийин алтындар эң акыркы болуп кайсы кедейде калса ал каалоосу жана макулдугу менен өкүлгө белек кылат. Өкүл алып, кабыл алдым дейт. Эгер белек кылбаса, өз мүлкү болуп эсептелгендиктен күч менен алынбайт. Өкүл белгилүү өлчөмдөгү

67 Кот. Бирөөнө арналган, багышталган.

алтын же кагаз акча же маркумдун оокатынан бул кедейлерге берип, бул садака сообун дагы маркумдун рухуна белек кылат (багыштайт). Карызы бар кедейдин жана жашы жетиле элек жаш баланын давр кылууга катышпоосу керек. Себеби, колуна тийген алтындар менен карызын төлөөсү фарз. Бул фарзды аткарбастан алтындарды маркумдун карызы үчүн башка кедейге берүүгө болбойт. Давр кабыл болсо да, өзү эч кандай соопко кирбейт, күнөөгө да кирген болот.

Оокаты жок маркум давр кылынуусун керээз кылган болсо өкүлдүн давр кылуусу важиб эмес. Маркумдун карызын искат кыла турган мүлкүнүн баарын мурасынын үчтөн бирин ашпоо шарты менен керээз кылуусу важиб болот. Ошентип, даврга зарылчылык болбостон искат орундалат. Үчтөн бири искат жетип туруп үчтөн биринен аз мүлкүн давр кылууну керээз кылса күнөөгө кирет. Ибни Абидин китебинин бешинчи томунун 273-бетинде мындай деп жазат: « Аркасында кичинекей балдары бар болгон же жарды, мураска муктаж, балагатка жеткен салих балдары бар бир оорукчан адамдын мүлкүн нафил болуп эсептелген кайрымдуулук иштерине керээздебестен мүлкүн салих балдарына таштоосу туура болот». **«Беззазиййаде»** хадяны түшүндүрүп жатып мындай дейт: «Мал-мүлкүн соопчулук үчүн коротуп, фасык болгон баласына мурас таштабоосу керек. Себеби, күнөө кылуусуна жардам берген болот. Мындай фасык баласына анын жашоосуна керектүү каражаттан тышкары акча, мал-мүлк бербеши керек».

Көптөгөн намаз, орозо, зекет, курман жана ант карыздары бар болуп, булар үчүн мурасынын үчтөн биринен аз оокатынын давр кылынышын жана калган мүлк менен Курани карим, хатм-и тахлил жана мавлид окутулушун керээз кылууга болбойт. Буларды окутуу үчүн акча берген же алган күнөөгө кирет. Курани карим үйрөтүү үчүн акча алып же берүүгө болот. Окуу үчүн акча алууга болбойт.

Маркумдун каза намаздарын, орозосун мураскорлору же башка бирөөнүн анын ордуна казаларын орундоосу жаиз эмес. Бирок, нафил намаз окуп, орозо кармап, алардын сообун маркумдун арбагына багыштаса жакшы болот.

Маркумдун карыз ажылыгын ал кимге керээз кылган болсо ошол адам казасын орундса болот. Ал маркумду карыздан куткарган болот. Себеби, ажылык дене менен да, мал менен да орундала турчу ибадат. Нафил ажылык башка бир адамдын ордуна кылууга дайым уруксат бар. Ал эми фарз болгон ажылыкты өлгөнгө чейин ажылыкка бара албай турган адамдын ордуна өкүлү тарабынан кылынат.

**«Мажмаул-анхур»** жана **«Дурр-ул-мунтака»** китептеринде мындай деп жазылган: «Маркумдун искатын аны жерге берүүдөн мурда орундоо керек». Жерге бергенден кийин да орундоого боло тургандыгы **«Кухистани»** китебинде жазылган.

Маркум үчүн намаз, орозо, зекет, курман карыздарынын искатында бир кедейге нисаб өлчөмүнөн ашык берүүгө болот. Алтындардын баарын бир эле кедейге берүүгө да болот.

Өлүм алдындагы адамдын окубаган намаздарынын фидийесин берүүгө болбойт. Орозо кармай албай тургудай картаң адамдын кармай албаган орозолору үчүн фидийе берүүгө болот. Себеби, оорулуунун намаздарын башы менен ишара кылып болсо дагы окуусу керек. Ишара менен бир күндөн ашык намаз окуй албаган оорукчан адамдын окуй албаган намаздары кечирилет. Айыкканда алардын казаларын окуусу зарыл эмес. Кармай албаган орозолорун айыкканда кармоосу керек. Жакшы боло албай көз жумган болсо, бул орозолору дагы кечирилет.

## Сегизинчи бөлүм

## ОТУЗ ЭКИ ЖАНА ЭЛҮҮ ТӨРТ ФАРЗ

Балагатка кирген бир бала жана капыр адам **(Калимаи таухид)** айтканда, б.а., **«Лаа илаха иллаллах Мухаммадун Расулуллах»** деп айтканда жана мунун маанисин билип, ишенгенде **мусулман** болот. Капырдын күнөөлөрүнүн бардыгы дароо кечирилет. Бирок, ал да ар бир мусулман сыңары мүмкүнчүлүгү болору менен ыймандын алты шартын б.а., **Амантуну** жаттап, маанисин үйрөнүп, аларга ишенүүсү, ошондой эле «Исламияттын бардыгын, б.а., Мухаммед алейхиссалам айткан буйрук жана

тыюларынын баарын Аллаху таала билдиргендигине ишендим» деп айтуусу керек.

Кийин мүмкүнчүлүктөрү болгон сайын мүнөздөрүндө жана жасаган иштеринде фарздарды, буйруктарды жана харамдарды, тыюу салынган нерселерди үйрөнүүсү да фарз. Буларды үйрөнүүнүн жана фарздарды аткарып харамдардан качуунун фарз экенин танса ыйманы кетет. Үйрөнгөн нерселеринин кайсы бирин жактырбай кабыл албаса муртад болуп эсептелет. Муртад **«Лаа илаха иллаллах»** деп айтуу жана Исламияттын кээ бир буйруктарын аткаруу менен, мисалы намаз окуу, орозо кармоо, ажыга баруу, садака берүү аркылуу мусулман боло албайт. Бул кылган жакшылыктарынын акыретте эч бир пайдасын көрө албайт. Кабыл кылбай ишенбеген нерсеси үчүн тообо кылып, буга жүрөгүнөн өкүнүүсү керек.

Ислам аалымдары ар бир мусулман адамдын үйрөнүүсү, ишенүүсү жана баш ийүүсү керек болгон фарздардан отуз эки жана элүү төрт фарзды белгилешкен.

## ОТУЗ ЭКИ ФАРЗ

Ыймандын шарты: алты (6)
Исламдын шарты: беш (5)
Намаздын фарзы: он эки (12)
Даараттын фарзы: төрт (4)
Гусулдун фарзы: үч (3)
Таяммумдун фарзы: эки (2)

Таяммумдун фарзы үч дегендер да бар. Анда бардыгы отуз үч фарз болот.

### Ыймандын шарттары (6)

1. Аллаху тааланын бар жана бир экенине ишенүү.
2. Периштелерине ишенүү.
3. Аллаху таала жиберген китептерге ишенүү.
4. Аллаху тааланын пайгамбарларына ишенүү.
5. Акырет күнүнө ишенүү.

6. Тагдырга, б.а., жамандык жана жакшылыктын баары Аллаху тааладан экендигине ишенүү.

**Исламдын шарттары (5)**

7. Калимаи шахадат келтирүү. 8. Күн сайын беш жолу маалы киргенде намаз окуу.

9. Мал-мүлкүнүн зекетин берүү.

10. Рамазан айында күн сайын орозо кармоо.

11. Колунда бар, күчү жеткен адамдын өмүрүндө бир жолу ажыга баруусу.

**Намаздын фарздары (12)**

**А. Намаздын жети тышкы фарзы бар. Булар шарттары да деп аталат.**

12. Хадастан тазалануу .
13. Нажестен тахарат.
14. Сатр-и аврат (Аврат жерлерди жабуу).
15. Истикбал-и Кыбла (Кыбыланы кароо).
16. Убакыт.
17. Ниет.
18. Ифтитах же тахрима такбири.

**Б. Намаздын беш ички фарзы бар. Алар рукун деп аталат.**

19. Кыйам.
20. Кыраат.
21. Руку.
22. Сажда.
23. Када-и ахира (соңку отуруу).

**Даараттын фарздары (4)**

24. Даарат алып жатканда бетти жуу.
25. Колдорду чыканак менен бирге жуу.
26. Баштын төрттөн бирине масх тартуу.
27. Бутту кызыл ашыктары менен бирге жуу.

## Гусулдун фарздары (3)

28. Оозду жуу. (мазмаза)
29. Мурунду жуу. (истиншак)
30. Денени толугу менен жуу.

## Таяммумдун фарздары (2)

31. Жунуптуктан же дааратсыздыктан тазалануу үчүн ниет кылуу.

32. Эки колду таза топуракка уруп, бетке масх тартуу жана кайрадан эки колду таза топуракка уруп, эки колду тең чыканактан алаканга чейин сылоо.

## ЭЛҮҮ ТӨРТ ФАРЗ

1. Аллаху тааланын бир экенине ишенүү.
2. Халал тамак-аш жеп-ичүү.
3. Даарат алуу.
4. Беш маал намаз окуу.
5. Жунуптуктан тазалануу үчүн гусул алуу.
6. Ырыскынын Аллаху тааладан экендигине ынануу.
7. Халал, таза кийим кийүү.
8. Хакка тобокел кылуу.
9. Канаат кылуу.
10. Берген ырыскылар үчүн Аллаху таалага шүгүр кылуу.
11. Тагдырга ыраазы болуу.
12. Кыйынчылыктарга сабыр кылуу.
13. Күнөөлөрдөн тообо кылып, баш тартуу.
14. Аллах ыраазычылыгы үчүн ибадат кылуу.
15. Шайтанды душман билүү.
16. Курани каримдин өкүмдөрүнө ыраазы болуу.
17. Өлүм акыйкат экенин билүү.
18. Аллахтын досторуна дос, душмандарына душман болуу.
19. Ата-энеге жакшылык кылуу.
20. Жакшыга үндөп, жамандан кайтаруу (амр-и маруф нахй-и мункар).
21. Туугандарды зыярат кылуу.

22. Аманатка кыянат кылбоо.

23. Ар дайым Аллаху тааладан коркуп, адепсиз кыймыл-аракеттерди таштоо.

24. Аллахка жана Расулуна баш ийүү.

25. Күнөөлөрдөн качып, ибадат менен алектенүү.

26. Мусулман башчыларга баш ийүү.

27. Ааламга сабак (ибрат) назары менен кароо.

28. Аллаху тааланын бар экенин ойлоо.

29. Тилин жаман сөздөрдөн коргоо.

30. Жүрөктү таза кармоо.

31. Эч кимди маскара кылбоо.

32. Харам нерсени карабоо.

33. Момундун ар дайым сөздө чынчыл, бекем болуусу.

34. Кулагын харам нерселерди тыңдоодон коргоо.

35. Илим үйрөнүү.

36. Тараза жана башка чен-өлчөм каражаттарын жалгансыз колдонуу.

37. Аллахтын азабынан коркуу.

38. Мусулман кембагалдарга зекет берип, жардам кылуу.

39. Аллахтын ырайымынан үмүт үзбөө.

40. Напсиге баш ийбөө.

41. Аллах ыраазычылыгы үчүн тамак берүү.

42. Жетиштүү өлчөмдө ырыскы табуу үчүн эмгектенүү.

43. Мал-мүлкүнүн зекетин, түшүмдүн үшүрүн берүү.

44. Хайз абалындагы жана жаңы төрөгөн жубайына жакын болбоо.

45. Жүрөгүн күнөөлөрдөн тазалоо.

46. Бой көтөрүүдөн сактануу.

47. Балагатка жете элек жетимдин мүлкүн коргоо.

48. Жаш балдар менен жыныстык катнаш кылбоо.

49. Беш маал намазды убактысында окуп, каза кылбоо.

50. Зулумдук менен эч кимдин мүлкүнө кол салбоо.

51. Аллаху таалага шерик кошпоо.

52. Зинадан качуу.

53. Шарап жана алкоголдук ичимдиктерди ичпөө.

54. Жок нерсеге ант ичпөө.

# КУФУР ТУУРАЛУУ

Жамандыктардын эң жаманы Аллаху таалага ишенбөө, атеист болуу. Ишенүү керек болгон нерселерге ишенбөө куфур болот. Мухаммед алейхиссаламга ишенбестик куфур.

Мухаммед алейхиссаламдын Аллаху таала тарабынан алып келип билдирген нерселердин бардыгына жүрөк менен ишенүү, тил менен тастыктап айтуу **ыйман** деп аталат. Сөз менен билдирүүгө тоскоол болгон учурда айтпоо кечиримдүү. Дайым туура ыйманда болуу үчүн Ислам дини эмнелерди куфурдун белгилери деп билдирген болсо, аларды айтуудан жана колдонуудан сактануу керек. Исламдын өкүмдөрүнөн б.а., буйрук жана тыюуларынан кандайдыр бирөөнө маани бербөө, Курани карим, периште, пайгамбарлардын бирин «алейхимуссалавату ваттаслимат» мазактоо куфурдун белгилери. Баш тартуу, б.а., уккандан кийин аны кабыл албоо, ишенбөө аны тастыктабагандык болот. Шек саноо да баш тартуу (инкар) болот.

## Куфурдун үч түрү бар: жахли, жухуди жана хукми.

I. Укпагандыктан, ойлонбогондуктан капыр бойдон калгандардын куфуру **«куфур-и жахли»** деп аталат. Жахлдин да эки түрү бар: Биринчиси - жөнөкөй. Мындай адам жахилдигин (сабатсыздыгын) билет. Аларда ката акыйда болбойт. Айбан сыяктуу. Себеби, адамды айбандан айырмалаган нерсе билим менен түшүнүк. Алар айбандан дагы төмөн. Себеби, айбан өз жаратылуу максатында өмүр сүргөндүктөн алар мындай адамдардан жогору турат. Экинчиси – **жахл-и мураккаб.** Туура эмес, жаңылыш акыйда (ишенич). Грек философторунун жана мусулмандардан жетимиш эки бидат топтун ачык түрдө билдирилген нерселерге ылайык болбогон ишеничтери мына ушундай. Бул жахалат биринчисинен дагы жаман. Дарысы билинбеген оору.

II. **Куфр-и жухуди** деген куфур **куфр-и инади** деп да аталат. Билип турса да моюнга албоо ушундай. Бой көтөрүү, аброюн көтөрүүнү ашыкча сүйүү же кемсинүүдөн же айыпталуудан коркуу

сыяктуу себептерден улам болот. Фараон жана жолдошторунун, Византия королу Гераклиустун куфурлары мына ушундай.

III. Куфурдун үчүнчү түрү – **куфр-и хукми.** Куфурдун белгиси деп Ислам билдирген нерселерди сүйлөгөн жана кылган адам жүрөгүндө тастык болсо жана ишенгендигин айтса да капыр болот. Ислам буттун алдында тебелөөнү буйрук кылган нерселерди урматтоо, урматтоону буйрук кылган нерселерди тебелөө куфур болот. Төмөндө Ислам désinде капырлыкка себеп боло турчу куфур сөздөр жана иштер билдирилди:

1. «Аллаху таала Арштан же асмандан бизди карап» жатат деп айтуу куфурлук болот.

2. «Сен мага зулум кылганыңдай, Аллаху таала да сага зулум кылып жатат» деп айтуу куфурлук болот.

3. «Баланча мусулман мен үчүн яхудий сыяктуу» деп айтуу куфурлук болот.

4. Жалган сөздү «Аллаху таала билет, бул туура» деп айтуу куфурлук.

5. Периштелерди кемсинткен нерселерди сүйлөө.

6. Курани каримди, жада калса анын бир тамгасын төмөнсүнтүп сүйлөө, бир тамгасына ишенбөө куфур.

7. Музыкалык аспаптын коштоосунда Курани карим окуу.

8. Чыныгы Тоорат жана Инжилге ишенбөө, аларды жамандоо. (Учурда чыныгы Тоорат жана Инжил жок).

9. Курани каримди арапчадан башка тамгалар менен окуп, «бул - Курани карим» деп айтуу куфурлук.

10. Пайгамбарларды кемсинте турчу нерселерди сүйлөө.

11. Курани каримде ысымдары билдирилген жыйырма беш пайгамбардын «алейхимуссалавату ваттаслимат» бирөөнө болсо да ишенбөө.

12. Көп жакшылык кылган бир адамды «Пайгамбардан дагы жакшы» деп айтуу куфурлук.

13. «Пайгамбарлар муктаж болушкан» деп айтуу куфурлук. Себеби, алардын кедейлиги өз каалоолору менен болгон.

14. Бир адам «Пайгамбармын» десе, ага ишенгендер да капыр болот.

15. Акыретте боло турчу нерселерди азилдөө-маскаралоо.

16. Кабырдагы жана кыяматтагы азаптарга («акылга, илимге ылайык эмес» деп айтуу) ишенбөө.

17. Жаннатта Аллаху тааланы көрүүгө ишенбөө, «мен Жаннатты каалабайм, Аллаху тааланы каалайм» деп айтуу куфурлук болот.

18. Исламга ишенбөөнүн белгиси болгон сөздөрдү, «дин үйрөнгөнчө тил же болбосо техника илимдерин үйрөнгөн оң» деп айтуу куфурлук.

19. «Намаз окусам да, окубасам да баары бир, эч нерсе өзгөрбөйт» деп айтуу куфурга себеп болот.

20. «Зекет бербейм» деп айтуу куфурлук.

21. «Пайыз (процент) халал болгондо кана!» деп айтуу куфурлук.

22. «Зулумдук халал болгондо кана!» деп айтуу куфурлук.

23. Харам жолдон келген мал-мүлктү кедей адамга берип, андан сооп күтсө, ал эми кедей адам берилген акчанын харам экенин билип туруп аны берген адамга дуба кыса.

24. «Имам Азам Абу Ханифанын кыястары (өкүмдөрү) хак эмес, туура эмес» деп айтуу куфурлук. Ваххаббилер ушул себептен улам капыр болушту.

25. Белгилүү сүннөттөрдүн бирөөнү жактырбоо.

26. «Кабырым менен минбарымдын ортосу, (Равда-и мутаххара) - Жаннат бакчаларынан бир бакча» деген хадиси шарифти укканда: «Мен минбар менен кабырдан башка эч нерсе көргөнүм жок», - деп айтуу куфурлук.

27. Ислам маалыматтарына ынанбоо, аларды жана дин аалымдарын төмөнсүнтүү куфур.

28. Капыр болууну каалаган адам буга ниет кылар замат капыр болот.

29. Башка бирөөнүн капыр болуусун каалаган адам анын куфурун жактыргандыгы үчүн каалап турган болсо капыр болот.

30. Куфурга себеп экендигин билип туруп, каалоосу менен куфур сөздөрдү сүйлөгөн адам капыр болот. Билбей айтып жатса да аалымдардын көпчүлүгүнүн оюу боюнча баары бир капыр болот.

31. Куфурга себеп боло турган бир ишти билип туруп жасаган адам капыр болот. Билбестен жасаса да капыр болот деген аалымдар көп.

32. Белине зуннар деп аталган поптордун бел боосун байлануу жана куфурга тийиштүү бир нерсе кийүү куфур. Соодагердин Ислам мыйзамдары орун албаган жерде да колдонуусу куфур. Буларды азилдешүү, башкаларды күлдүрүү, тамашалоо максатында пайдалануу да куфурга себеп болот.

33. Капырлардын майрамында ал күнгө тийиштүү нерселерин алар сыяктуу колдонуу, аларды капырларга белек кылуу куфур болот.

34. Акылдуу, билимдүү, адабиятчы экенин көрсөтүү максатында же жанындагыларды күлдүрүү, таң калтыруу, сүйүнтүү же шылдыңдоо үчүн айтылган сөздөрдө да куфр-и хукмдан коркуу керек. Ачуу, ыза же напсине катуу берилүү менен айтылган сөздөр мына ушундай.

35. Гыйбат (ушак) кылган адам: «Мен ушактаган жокмун, ал адамда болгон нерсени айттым», - десе куфур болот.

36. Бала кезинде никеси кыйылган кыз акылга жана балагатка киргенде ыйманды, Исламды билбесе жана андан сураганда түшүндүрө албаса эринен бош болот, өзү муртад болот. Эркек да ушундай.

37. Бир мусулманды (күнөөсүз жерге) өлтүргөн же өлтүрүлүүсүн буйрук кылган адамга «туура кылдың» деп айтуу куфурлук болот.

38. Өлтүрүлүүсү важиб болбогон адамды «өлтүрүлүшү керек болчу» деп айтуу куфурлук.

39. Бирөөнү адилетсиз түрдө сабаган же өлтүргөн заалим адамга «жакшы кылдың, ал ушуга ылайык эле» деп айтуу куфурлук.

40. «Аллаху таала билип турат го, сени өз баламдан да жакшы көрөм» деп жалган сүйлөө.

41. Мартабасы бар бир адам чүчкүргөндө ага «Йархамукаллах» деген адамга «чоңдорго карата минтип айткан болбойт» деп айтуу куфур.

42. Милдет экенине ишенбей, маани бербей намаз окубоо, орозо кармабоо, зекет бербөө.

43. Аллахтын ырайымынан үмүт үзүү.

44. Негизи өзү харам эмес, бирок, кийин кандайдыр бир себептен улам харам болгон мал, акча **харам-ы ли гайрихи** деп аталат. Уурдалган жана харам жол менен келген нерселер ушуга

кирет. Буларды халал деп айтуу куфур эмес. Өлүк, чочко, шарап сыяктуу, незигинде харам нерселер **харам-ы ли айнихи** деп аталат. Буларды халал деп айтуу куфур болот.

45. Харам экендиги так билинген бардык күнөөлөрдү халал деп эсептөө.

46. Азан, мечит жана фикх китептери сыяктуу Исламиятта баалуу болуп эсептелген нерселерди кемсинтүү.

47. Даарасыз экенин билгенине карабастан намаз окуу.

48. Билип туруп кыбыладан башка тарапка карап намаз окуу. «Намазды кыбылага карап окуу зарыл эмес» деп айткан адам капыр болот.

49. Бир мусулманды жамандоо үчүн капыр деп айтуу куфур болбойт. Бирок, капыр болуусун каалап айтуу куфур болот.

50. Күнөө экенине маани бербей күнөө кылуу.

51. Ибадат кылуу жана күнөөлөрдөн сактануу керек экенине ишенбөө.

52. Чогултулган салык султандын мүлкү экендигине ишенүү.

53. Капырлардын диний жөрөлгөлөрүн жактыруу, зарылчылыгы жок болгонуна карабастан зуннар байланып, куфурга киргизе турчу нерселерди пайдалануу жана аларды жактырып урмат кылуу.

54. Эгер өз каалоосу менен «баланча нерсе баланчада бар же жок, жалган айтсам капыр болуп кетейин, яхудий болуп кетейин» деп ант ичсе, ал нерсе ошол адамда болсо да болбосо да бул адам өз ыктыяры менен куфурга барган болот.

55. Зина, ливата (гомосексуализм), процент, жалган айтуу сыяктуу ар бир динде харам болуп эсептелген нерселерди «халал болсо, а мен болсо аны жасасам» деп эңсөө.

56. «Пайгамбарларга «алейхимуссалавату ваттаслимат» ишенем, бирок, Адам алейхиссалам пайгамбар беле, билбейм» деп айтуу куфулук болот.

57. Мухаммед алейхиссаламдын акыр заман Пайгамбары экендигин билбеген капыр болот.

58. Кимдир бирөө «Пайгамбарлардын айтканы туура болсо, анда биз кутулдук» десе, капыр болот. (Себеби, бул адам пайгамбарларга күмөн кылган болот.)

59. Бирөөнө «кел намаз оку» дешсе, ал болсо «окубайм» десе, капыр болот. Бирок, «сенин сөзүң менен окубайм, Аллаху тааланын буйругу менен окуйм» десе капыр болбойт.

60. Бирөөнө «сакалыңды бир тутамдан кыска кеспе же бир уучтан ашыгын кес, тырмактарыңды ал, себеби, бул Расулуллахтын “саллаллаху алейхи ва саллам” сүннөтү» деп айтышса, ал адам «кеспейм» десе капыр болот. Башка сүннөттөр да ушундай. (Сенин сөзүң менен кылбайм, бирок, Расулуллахтын сүннөтү болгондугу үчүн кылам) деп айтуу куфур болбойт. Тануу, баш тартуу максаты менен болсо куфур болот.

61. Бирөө мурутун кыскартып кессе, жанындагы адам «мына кестиң, эми бир нерсеге жарабай калды» десе, анын ыйманынан күмөн саналат. (Себеби, мурутту кыскартуу сүннөт. Сүннөткө маани бербеген болот.)

62. Кимдир бирөө баштан аяк жибектен кийим кийинсе, ал эми башка бирөө ага «Куттуу болсун» десе, мунун куфурунан коркунуч бар.

63. Кимдир бирөө кыбыланы карап бутун узатып жатуу, түкүрүү, какыруу сыяктуу макрух аракет жасаса, ага «кой, бул кылганың макрух» дешсе жана ал адам «ар күнөөбүз мынчалык болсо канттик» деп какшыктаса, макрухка маани бербегендиктен анын куфурунан коркунуч бар.

64. Бирөөнүн кызматчысы эшиктен кирип, кожоюнуна салам берсе, кожоюнунун жанындагы адам «Кожоюнга салам берилчү беле» десе, муну айткан адам капыр болот. Бирок, максаты тарбия, адеп үйрөтүү болсо, саламды ичиңен берүүң керек эле дегиси келсе куфур болбойт.

65. «Ыйман көбөйөт, азаят» деп айтуу куфур. Бирок, ыймандын көркөмдүгү (йакиин жана кемелдиги) жагынан айтылса куфур болбойт.

66. «Учурда эки кыбыла бар: бирөө Каабада, экинчиси Кудуста (Иерусалимде)» деп айтуу куфур. «Азыркы абалда эки кааба бар» деп айтуу куфур. Бирок, «Байт-и Мукаддес мурда кыбыла болгон, кийин Кааба кыбыла болду» десе куфур болбойт.

67. Кимде ким Ислам аалымына себепсиз душмандык кылса, сөксө анын куфурунан коркунуч бар.

68. Кимде ким «тамак жеп жатканда сүйлөшпөө мажусилердин68 жакшы салттарынан» десе же «хайзы келген жубайынын жанына жатпоо мажусилердин жакшы салттарынан» деп айтса капыр болот дешкен.

69. Бирөөнөн «сен мусулмансыңбы? деп сурашса, ал адам да «Иншаллах, Кудай буюрса, кааласа» дегендей жооп берип, муну түшүндүрө албаса куфур болот.

70. Баласы өлгөн адамга «Аллаху таалага уулуң керек болуптур» деп айткан адам капыр болот дешкен.

71. Бир аял белине бир кара жип байласа, андан: «Бул эмне?» - деп сурашса, ал аял: «Бул зуннар», - деп жооп берсе капыр болот.

72. Кимде ким харам тамак жегенде «Бисмиллах» деп айтса капыр болот. Харам-ы ли айнихи, б.а., өлүк, шарап сыяктуу харамдар үчүн ушундай. Өзү харам болбогон харам-ы ли гайрихи үчүн мындай эмес. Тонолуп алынган мал-мүлктү жегенде «Бисмиллах» деп айтуу куфур болбойт. Себеби, ал мүлктүн өзү эмес, аны тоноо харам.

73. Кимдир бирөөнүн куфуруна ыраазы болуу куфур. Бир адамга баддуба кылып (каргап), «Аллаху таала сенин жаныңды куфур менен алсын» десе анын капыр боло тургандыгында аалымдардын арасында пикир айырмачылыгы бар. Куфурга ыраазы болуу куфур. Бирок, зулумдугунан жана бузукулугунан улам «азабы дайым катуу болсун» деген ниет менен айткан болсо куфур эмес.

74. Кандайдыр бир ишти кылып, аны кылгандыгын билип, бирок, «Аллаху таала билет, мындай ишти кылбадым» десе капыр болот. Ар нерсени билүүчү болгон Аллаху тааланы билбөөчү деп сыпаттаган болот.

75. Кимдир бирөө күбөсүз нике кыйып, «күбөбүз Аллаху таала менен Пайгамбар» деген эркек мене аял экөө тең капыр болот. Себеби, Пайгамбарыбыз "саллаллаху алейхи ва саллам" тирүү кезинде кайыпты билчү эмес. «Кайыпты билчү деп» айтуу куфур. (Кайыпты Аллаху таала жана Ал билдиргендер билет.)

---

68 Брахманизмдин бир агымындагылар. Отко, уйга ж.б. сыйынышат.

76. «Мен уурдалган жана жоголгон нерселерди билем» деген төлгөчү жана ага ишенген адам капыр болот. «Мага жиндер кабарлайт» десе да капыр болот. Пайгамбарлар жана жиндер дагы

кайыпты билишпейт. (Кайыпты Аллаху таала жана Ал билдиргендер билет.)

77. Эгер Аллаху тааланын атына ант берүүнү каалаган адамга «мен Аллаху таалага антыңды каалабайм, ар-намысыңа ант бер» десе капыр болот дешкен.

78. Кимдир бирөө жаман көргөн адамына «сенин жүзүң мен үчүн жан алгычтын жүзүндөй десе» капыр болот дешкен. Себеби, жан алгыч periште (Азраил алейхиссалам) улук периште.

79. Кимде ким «намаз окубаган кандай жакшы» десе капыр болот. Бирөө «кел намаз оку» десе, ал адам болсо «намаз окуу мен үчүн оор» десе капыр болот дешкен.

80. Кимде ким «асмандагы Аллаху таала менин күбөм» десе капыр болот. Себеби, Аллаху тааланы белгилүү бир жерге таандык кылган болот. Аллаху таала мекандан (белгилүү бир жерден) көз карандысыз.

81. Аллаху тааланы «ата, баба» деп айткан капыр болот.

82. «Расулуллах “саллаллаху алейхи ва саллам” тамак жегенден кийин ыйык манжасын жалачу» деген адамга «бул адепсиздик» деп жооп кайтарган адам капыр болот.

83. «Пайгамбар «алейхиссалату вассалам» кара болчу» деген адам капыр болот. (Азыр кара түстөгү иттерди «араб-араб» деп чакыруу, кара түстөгү адамдарды «араб» деп маскаралоо жайылып кетти. Мындан абайлоо керек).

84. «Ырыскы Аллаху тааладан келет, а бирок, пенде дагы кыймылдаш керек деп айтуу ширк. Себеби, кулга кыймыл-аракетти берген да Аллаху таала.

85. «Яхуди болгончо христиан болуу, коммунист болгуча америкалык капыр болуу артык» деген адам капыр болот. Себеби, капырлыкты жакшы деген болбойт. Аларды бири-бири менен салыштыра турган болсо «баланча капыр баланча капырдан жаман» деп айтуу керек.

86. «Кыянаттык кылгандан көрө капыр болгон жакшы» деп айтса капыр болот.

87. «Илим чогулушунда эмне ишим бар» же болбосо, «аалымдардын айткандарын аткарууга кимдин күчү жетет» деп айтса, же болбосо фатваны жерге ыргытса, «дин адамдарынын сөздөрү эмнеге жарамак эле» деп айтса капыр болот.

88. Кимдир бирөө куфурга тийиштүү сөз айтса, башкасы ага күлсө, экөө тең капыр болот. Эгер күлүүгө мажбур болгон болсо капыр болбойт.

89. Бир адам «Олуялардын арбактары дайым хазыр, алар билишет» деген адам капыр болот. «Хазыр болот» десе куфур болбойт. (Олуялардын рухтары Аллаху таала сыяктуу хазыр жана назыр боло албайт (дайым көрүп, билип тура албайт). Алар тууралуу кеп кылынып, эскерилген жерлерде гана хазыр болушат. Эскериле электе ал жерде болгон эмес.)

90. «Исламды билбейм же каалабайм» деген адам капыр болот.

91. «Адам алейхиссалам буудай жебегенде биз шаки (Тозоктук) болбойт элек» деген адам капыр болот. Бирок, «биз дүйнөдө болбойт элек» деп айтса, аалымдарда мунун куфур боло тургандыгы тууралуу пикир айырмачылыгы болгон.

92. «Адам алейхиссалам кездеме токучу» десе, башка бир адам «демек, биз токуучунун тукуму турбайбызбы» десе капыр болот.

93. Эгер бирөө кандайдыр бир кичинекей күнөө кетирсе, ага башкасы «тообо кыл» десе, ал эми, ал «тообо кылгыдай эмне күнөө кылыпмын» десе капыр болот.

94. Бирөө экинчисине «Кел Ислам аалымына баралы же фикх, илмихал китебин окуп үйрөнөлү» десе, «мен илимди эмне кылмак элем» десе капыр болот. Себеби, илимди төмөнсүнтүүдө.

95. Тафсир жана фикх китептерине тил узатып, аларды жактырбай жамандаган адам капыр болот.

96. Бир адамдан «Кимдин урпагысың, улутуң эмне, акыйдада жана амалда мазхаб имамың ким?» деп сурашса жана ал адам муну билбесе капыр болот.

97. Белгилүү харамды халал деген адам капыр болот. (Тамекини харам деп айтуу коопту).

98. Бардык диндерде харам болуп эсептелген, халал болуусу хикматка (сыргa) каршы болгон нерсенин халал болуусун тилөө куфур. Зина, ливата (гомосексуализм), курсагы тойгондон кийин дагы

ичип-жеш, процент алып-беришүү сыяктуу. Шараптын халал болуусун тилөө куфур эмес. Себеби, бардык динде харам кылынган эмес эле.

99. Ыйык Курани каримди сүйлөшүп, тамашалашып жаткан учурда колодонуу куфур.

100. Яхйа аттуу адамга **«Йа, Яхя! Хуз-ил-китаба»** десе капыр болот. Курани каримди шылдыңдаган болот. Музыкалык аспап чертип, ойноп, ырдап жатканда Курани карим окуу дагы ушундай.

101. Азыр келдим «Бисмиллахи» десе жаман болот. Бир нерсени көп көрсө, маанисин билбей туруп «Махалакаллах» десе капыр болот.

102. «Сени азыр сөкпөйм, сөгүүнүн атын күнөө коюшуптур» деп айтуу жаман.

103. Бир адам «Жабраил музоосундай жыпжылаңач болуптурсуң» десе жаман болот. Периштени мазактаган болот.

104. Уулумдун башы үчүн, же болбосо өзүмдүн башым үчүн деген сөзгө биллахи сөзүн кошуп, мисалы, «валлахи уулумдун башы үчүн» десе куфурга кирүү коркунучу бар.

105. Курани каримди, мавлидди жана илахи ырларды музыкалык аспап чалынып жатканда окуу же алар менен окуу куфур.

106. Курани каримди, мавлидди, илахилерди жана салават-ы

шарифтерди харам иштер кылынган жайларда урмат менен окуу харам. Ойноп-күлүү, көңүл ачуу үчүн окуу куфур.

107. Сүннөткө ылайык окулган Азан-ы Мухаммедини тыңдабай, маани бербеген адам дароо капыр болот.

108. Курани каримге өз акылы менен маани берген адам капыр болот.

109. Курани каримде жана хадиси шарифтерде ачык билдирилген жана мужтахид имамдар бир добуштан билдиришкен, о.э., мусулмандардын арасына жайылган ыйман маалыматтарына ылайык ынанбаган адам капыр болот. Мындай куфур **илхад**, мындай ишенгендер **мулхид** деп аталат.

110. Капырга сый-урмат менен салам берген капыр болот.

111. Капырга сый көрсөткөн сөз айтуу. Мисалы: «устазым» деп кайрылуу куфур болот.

112. Башка бирөөнүн куфуруна ыраазы болгон капыр болот.

113. Курани карим жазылган ленталар, плакаттар жана дисктер да Курани карим мусхафы сыяктуу касиеттүү. Буларга да урматсыздык кылуу куфур.

114. Жин менен таанышкан төлгөчүлөргө, жылдызнаманы карап суралган ар нерсеге жооп бергендерге, бакшыларга барып, айткандарына, жасагандарына ишенүү кээде туура чыкса дагы куфур. Себеби, бул Аллаху тааладан башка бирөөнүн ар нерсени билгендигине жана каалаган нерсесин кыла ала тургандыгына ишенүү болгондуктан куфур болот. (Табият таануу илимдерине ишенбөө мындай эмес.)

115. Сүннөткө маани бербей, аны таштап коюу куфур болот.

116. Зуннар деп аталган поптордун бел боосун байлануу, путтарга, крест, иконаларга, эстеликтерге жана алардын сүрөттөрүнө сыйынуу, таазим кылуу жана Ислам өкүмдөрү жазылган китептердин бирөөнү кемсинтүү, Ислам аалымдарынын бирөөнү шылдыңдоо, куфурга себеп боло турган сөз айтуу жана жазуу, таазим кылуубуз буюрулган бир нерсени төмөнсүнтүү, төмөнсүнтүүбүз буюрулган бир нерсеге таазим кылуу куфур.

117. «Бир сыйкырчы сыйкыр аркылуу каалаган нерсесин албетте жасай алат, сыйкыр сөзсүз таасирин тийгизет» деген жана ушуга ишенген адам капыр болот.

118. Мусулман өзүн капыр деп айткан адамга «угуп жатам» деген сыяктуу анын айтканын кабыл алгандай жооп берсе, ал дагы капыр болот.

119. Харам экендиги белгилүү каражат менен мечит курдуруу, садака берүү же кандайдыр бир башка кайрымдуулук кылуу жана жогоруда кылган иштери үчүн сооп күтүү куфур.

120. Бирөө колундагы харам мүлктөн садака берсе, сооп аларына үмүттөнсө, анын жардамын алган кембагал өзүнө берилген каражат харам экенин билип туруп, бергенге «Аллах ыраазы болсун» десе, берген адам же башка бирөө муну угуп «Аамиин» десе баары тең капыр болот.

121. «Никеси харам болгон аял менен үйлөнүү халал» деген капыр болот.

122. Шарапканаларда, оюнканаларда, күнөө кылынган жыйындарда радио жана микрофон менен Курани карим жана мавлид тыңдап көңүл ачуу куфур.

123. Курани каримди музыкалык аспаптын коштоосунда окуу куфур.

124. Радиодон же болбосо микрофондон окулуп жаткан Курани каримге урматсыздык кылуу куфур.

125. Аллаху тааладан башка бирөөнү кандай гана максат менен болсун Жаратуучу деп атоо куфур.

126. Эгер атайы билип туруп, Абдулкадирдин ордуна Абдулкойдур деп айтуу куфур болот. Абдулазиздин ордуна Абдулузейз, Мухаммед ордуна Муха, Хасандын ордуна Хаса, Ибрахимдин ордуна Ибо деген сыяктуу төмөнсүткөн аттарды тагуу мына ушундай. Бул аттарды бут кийимдерге жазгандардын жана жазылган нерселерди тебелегендердин ыймандарынын кетүү коркунучу бар.

127. Дааратсыз экенин билип туруп намаз окуу жана сүннөт болуп эсептелген нерсени жактырбоо куфур. Сүннөткө маани бербегендик куфур.

128. «Жахилдердин (сабатсыздардын) олуяларды жаратуучу деп ойлоп, алардын капыр болуп калууларынан корккондугубуз үчүн күмбөздөрдү жыгып жатабыз» деп айтса куфур болот.

129. Башка бирөөнүн, айрыкча, өз баласынын капыр болушуна себеп болгон адам капыр болот.

130. «Зинага, ливатага динибизде уруксат берилген» деп айтуу куфур.

131. Аят жана хадистер аркылуу, ошондой эле, ижма менен билдирилген харамды көзгө илбегендик куфур.

132. Чоң күнөөлөрдү кылууну улантуу, баш тартпоо куфурга алып барат. Намазга маани бербөө куфур.

133. Үстүндө Ислам ариби жазылган кагазды, жоолукту, материалды жана жайнамазды жерге таштоо (акарат кылуу үчүн жерге жаюу же колдонуу) куфур болот.

134. «Абу Бакр Сыддык менен Умар-уль-Фаруктун «радыйаллаху таала анхум» халифа болууга акылары жок эле деп» айтуу куфур.

135. Аллаху тааладан башка өлгөн бир адамдан бир нерсе суроо куфур.

136. Аллаху тааланы «Жоомарт Ата» деп атоо абдан жаман жана куфурга себеп болот.

137. Маркумду жерге көмүү фарз болгондуктан бул фарзга маани бербей бул милдеттен качып, илим-билимди шылтоо кылып, «өлүктөрдү көмүү артта калган, будда, брахман, коммунисттер сыяктуу өлүктөрдү өрттөө көмүүгө караганда жакшы» деген адамдын ыйманы кетет, муртад болот.

138. Аллаху тааланын олуяларынан тирүү же кайтыш болгон бирине тил тийгизүү же аны жүрөгүнөн кабыл кылбоо.

139. Олуяга же илими менен амал кылгандарга душмандык кылуу куфур.

140. Олуяларда исмат (күнөөлөрдөн алыс болуу) сыпаты бар деп айтуу куфур. (Исмат сыпаты пайгамбарларда гана болот).

141. Батын (Тасаввуф, көрүнбөгөн, ички жан дүйнө, көңүл, рух) илиминен насиби болбогон адамдын ыймансыз кетүү коркунучу бар. Мындан насип алуунун эң төмөнү бул илимдин бар экендигине ишенүү.

142. Курани каримди дин аалымдары көрсөткөндөй окубоо, мааниси жана сөздөрү бузулбаса да куфур болот.

143. Поптордун жана башка дин өкүлдөрүнүн ибадаттарына тийиштүү болгон нерсени колдонуу куфур болот.

144. Кандайдыр бир кубулуштун өзүнөн өзү болгондугуна ишенүү жана жаныбарлардын бир клеткадан татаал түзүлүштөргө карай өнүгүп отуруп, бири бирине жана акырында адам баласына айланганын айтуу куфур.

145. Намазды билип туруп атайы окубаган, казасын да окууну ойлонбогон, бул себептен улам азап тартарынан коркпогон адам Ханафи мазхабында капыр.

146. Капырлардын ибадаттарын ибадат катары аткарып, мисалы: чиркөөлөрүндө кагылган орг сыяктуу аспап жана коңгуроолорду (колоколдорду) мечиттерде кагуу, Исламда капыр белгиси катары эсептелген нерселерди зарылдыгы болбостон жана бирөөлөрдүн кысымысыз колдонуу куфур.

147. Асхабы кирамды жамандаган адам **мулхид** деп аталат. Мулхиддер капыр болуп эсептелет.

148. Капырлардын сүрөттөрүн жогору жерлерге асып, аларга таазим кылуу куфур.

149. Сүрөттө, эстеликте, крестте же жылдыз, күн, уй сыяктуу кандайдыр бир нерседе улухиййат сыпаты (ага ибадат кылына турчу сыпаты) болгондугуна ынанып, мисалы, «каалаганын жаратат, каалаганын кылат, оорулууга шифаа берет» деп таазим кылуу куфур.

150. Хазрети Аишаны жамандаган жана атасынын сахаба экендигине ишенбеген адам капыр болот.

151. Иса алейхиссаламдын көктөн түшө тургандыгы да так белгилүү. Буга ишенбеген капыр болот.

152. Курани каримде жана хадиси шарифте Жаннат менен сүйүнчүлөнгөн бирин капыр деп атоо куфур.

153. Илимден, тажрыйбадан тышкары, илим менен байланышы жок аяттарды илим менен байланыштырууга аракет кылуу, Салаф-и салихиндин тафсирлерин өзгөртүү чоң күнөө. Мындай тафсир жана котормо кылгандар капыр болот.

154. Мусулман деп эсептелген кыз балагатка жеткенде мусулманчылыкты билбесе капыр болот. Эркек да ушундай.

155. Мусулман аялдын башы, колу жана буттары ачык түрдө көчөгө чыгуусу, эркектерге көрсөтүүсү харам. Маани бербей, көзгө илбесе ыйманы кетип капыр болот.

156. Пайгамбарыбыз билдирген фарздар жана харамдар да Курани каримде ачык билдирилген фарздар жана харамдар сыяктуу маанилүү. Буларга да ишенбеген, кабыл кылбаган динден чыгып капыр болот.

157. Руку таспихинде калың (Зы) менен (азиим) деп айтуу

Раббим улук деген маанини берет. Эгер ичке (Зе) менен (азим) деп айтылса (Раббим менин душманым) деген маанини берет жана намаз бузулат, маани өзгөргөндүктөн куфрга себеп болот.

158. Курани каримди таганни (музыкалаштыруу) менен окуган хафызга «кандай жакшы окудуң» деген адамдын ыйманы кетет, капыр болот. Төрт мазхабда тең харам деп белгиленген нерсени

жакшы деген капыр болот. Ал эми үнү, Курани карим окуусу жакшы деп айтуу ниети болгон адам капыр болбойт.

159. Периштелердин жана жиндердин бар экендигине ишенбеген капыр болот.

160. Курани карим аяттарына сөздөрдүн ачык, белгилүү маанилери берилет. Бул маанилерди өзгөртүп батынилерди (Исмаилилерди) жолдогон капыр болот.

161. Сыйкыр кылып жатканда куфурга себеп боло турган сөз же иш болсо куфур болот.

162. Мусулманды «Эй, капыр!» деген (же мусулманды масон, коммунист деген) адам аны капыр деп ишене турган болсо өзү капыр болот.

163. Ибадаттарын орундап, ыйманынын бузулуусунан күмөн санап, күнөөм көп, ибадаттарым мени куткарбайт деп ойлонсо, ыйманынын күчтүү экендиги билинет. Ыйманынын улануусунан шек санаган адам капыр болот.

164. Пайгамбарлардын так санын айтуу, пайгамбар эместерди пайгамбар деп эсептөө же пайгамбарларды пайгамбар катары көрбөө куфур. Себеби, пайгамбарлардын кайсы бирөөнү кабыл кылбоо эч бирин кабыл кылбагандык болот.

Эркек же аял мусулман аалымдардын бир добуш менен куфурга себеп болоорун билдиришкен кандайдыр бир сөздүн же иштин куфурга себеп болоорун билип туруп, атайы (кыстоосуз, коркутулбастан) же тамаша кылып, күлдүрүү максатында айтса, эч бир маанисин ойлонбосо да ыйманы кетет. **Муртад** болот. Бул **куфр-и инади** деп аталат. Куфр-и инади менен муртад болгон адамдын мурунку ибадаттарынын сооптору кетет. Тообо кылса да кайта берилбейт. Бай болсо, кайрадан ажыга баруусу керек болот. Муртад кезинде окуган намаз, кармаган орозо жана берген зекеттеринин казаларын орундабайт. Муртад болуудан мурдагы орундабаган казаларын орундайт. **Тообо кылуу үчүн бир гана Калимаи шахадат айтуу жетишсиз. Ал үчүн куфурга себеп болгон нерселерине да тообо кылуу керек.**

(Исламияттан кайсы эшиктен чыккан болсо, ошол эшиктен кирүүсү керек.) Эгер куфурга себеп болорун билбей айтса, жасаса же куфурга себеп болоорун аалымдар бир добуш менен билдирбеген

бир сөздү атайы айтса, ыйманынын кетип, никесинин бузуларынан күмөн саналат. Этият кылып, ыйманы менен никесин жаңылоосу туура болот. Билбестен айтуу **куфр-и жахли** деп аталат. Билбөөсү кечиримдүү эмес, чоң күнөө. Себеби, ар бир мусулмандын билүүсү зарыл болгон нерселерди үйрөнүүсү фарз. Куфурга себеп боло турган сөздү жаңылыштык менен айтып алган адамдын ыйманы да, никеси да бузулбайт. Бирок, тообо жана истигфар кылуусу, б.а., таждид-и иман (ыйманын жаңылоо) кылса жакшы болот.

Бир капыр калимаи таухид айтуу менен мусулман болгон сыяктуу эле, бир мусулман да туура эмес бир сөздөн улам капыр болот.

Бир мусулмандын бир сөзүндө же бир ишинде жүз маани болсо, б.а., айтканы жүз маанини түшүндүрсө булардан бири ал адамдын ыймандуу экендигин, токсон тогузу капыр экендигин көрсөтсө, ал адамдын мусулман экендигин айтуу керек. Б.а., куфурду көргөзгөн токсон тогуз мааниси каралбайт. Ыйманды көрсөткөн бир мааниси каралат. Бул сөздү туура эмес түшүнүп албоо керек. Ошондуктан, эки нерсеге көңүл буруу зарыл. Биринчиси: ал сөздү жана ишти айткан жана кылган адамдын мусулман болуусу шарт. Бир француз Курани каримди мактаса, бир англис Аллах бир десе, алардын мусулман экендигин айтууга болбойт. Экинчиси: бир сөздүн же бир иштин жүз мааниси болсо деп айтылды. Антпесе, жүз сөздөн же жүз иштен бирөө ыйманды көрсөтсө, токсон тогузу куфурду билдирсе бул адамды мусулман деп айтуу керек экендиги билдирилбеди.

Ар бир мусулман эртең менен жана кечинде мына бул ыйман дубасын окуусу керек:

**«АЛЛАХУММА ИННИ АУЗУ БИКА МИН АН УШРИКА БИКА ШАЙ-АН ВА АНА АЛАМУ ВА АСТАГФИРУ-КА ЛИМА ЛА-АЛАМУ ИННАКА АНТА АЛЛАМУЛ-ГУЙУБ».**

**«АЛЛАХУММА ИННИ УРУДИ АН УЖАДДИДАЛ ИМАНА ВАННИКАХА ТАЖДИДАН БИ-КАВЛИ ЛАА ИЛАХА ИЛЛАЛЛАХ МУХАММАДУН РАСУЛУЛЛАХ», -** деп да тообо, таждид-и иман жана нике кылышы керек.

# ЫЙМАНДЫН КЕТПЕШИ ҮЧҮН

1. Кайыпка ыйман келтирүү.

2. Кайыпты бир гана Аллаху таала жана ал билдирген адамдар биле тургандыгына ишенүү керек.

3. Харамды харам деп билип ишенүү керек.

4. Халалды халал деп билип ишенүү керек.

5. Аллаху тааланын азабынан дайыма коркуу керек.

6. Аллаху тааладан үмүт үзбөө керек.

